Ш. ҮМӨТАЛИЕВ

# ТУРМУШ ТУЗАГЫ



«КЫРГЫЗСТАН»
БАСМАСЫ,
ФРУНЗЕ
1979



ШАРШЕНБЕК
ҮМӨТАЛИЕВ

# ТУРМУШ ТУЗАГЫ

ПОВЕСТТЕР
ЖАНА
НОВЕЛЛА

„КЫРГЫЗСТАН" БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ 1979

С(Кирг)2 Индекс ББК 84 Ки 7
Y 56

**Үмөталиев Шаршенбек.**

Y 56 Турмуш тузагы: Повесттер жана новелла. — Ф.: Кыргызстан, 1979. — 248 бет.

Шаршенбек Үмөталиев окурмандарга белгилүү сынчы жана жазуучу. Автордун бул чыгармалар жыйнагына кирген повесттери менен новелласында кыргыздардын Октябрь революциясына чейинки турмуш-абалы реалдуу жана көркөм сүрөттөлгөн. Ошондой эле орус-кыргыз элинин достук мамилелеринин өбөлгөсү да ынандырарлык чагылдырылган.

У $\frac{70700-141}{М\ 451\ (17)-79}$ 151. 79. 4702280200

С (Кирг)2
ББК 84 Ки 7

© «Кыргызстан» басмасы, 1979-ж

## МАЗМУНУ

1. Бет ачар ордуна . . . . . . . . . . 5
2. Кандуу капкан *(повесть)* . . . . . . . 7
3. Турмуш тузагы *(повесть)* . . . . . . . 99
4. Бүтүм *(новелла)* . . . . . . . . . . 235

*Уметалиев Шаршенбек*

ПОВЕСТЬ ЖИЗНИ

Повести и новелла

На киргизском языке

Издательство «Кыргызстан».

Редактор О. Сулайманов. Художник А. Цыганок. Худ. редактор И. Бульба. Тех. редактор К. Бурганакова. Корректор Н. Борбутаева.

ИБ № 771

Терүүгө 1. 3. 1979 ж. берилди. Басууга 16. 4. 1979 ж. кол коюлду. Д—03126. Кагазы типографская № 1. Жөнөкөй жаңы арип, жөнөкөй ыкма менен басылды, форматы 84×108¹/₃₂, 7,75 физ. басма табак, 13,02 шарттуу басма табак, 14,0 учеттук табак. Тиражы 10000. Заказ № 83. Баасы 1 с.

«Кыргызстан» басмасы,
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

# БЕТ АЧАР ОРДУНА

«Турмуш тузагы» аттуу Шаршенбек Үмөталиевдин бул икаясы (повести) биздин жаш прозабызга өзүнчө өң бере турган чыгарма дегим келет.

Бул икаянын окуясы — дыйкандар менен феодал-бай-манаптардын ортосундагы каршылаша, тиреше баштаган көрүнүштөрдү даана реалисттик менен көрсөткөн.

Ушул күнгө чейин да ошол кездин окуясын көрсөткөн икая, аңгеме, повесттер жок эмес. Бирок Шаршенбектин икаясында тукум куун бийлеп келаткан феодал-бай-манаптардын кылдаттык менен кылган митаамдыктарын, карапайым чарба, букараларды, кедейлерди «менин элим», «менин букарам» деп тагдырдан берилген энчилериндей башкаргандарын чоң билгендик менен көрсөткөн. Жаңыдан ойгоно баштаган, бирок өрнөк боло турган жумушчу табына айлануунун алдында турган көчмөндөр канчалык көкөлөгүсү келсе да, бай-манаптардын куулук, шумдуктуу жазгырмалары уюлгуп учкан аарыларга суу сепкендей багындыра коюшат. Алар бийлик талаша келгенде (болуштук шайлоодо) букараларды, көпчүлүк дыйкандарды өздөрүнүн таасиринде калтырыш үчүн аларга бербеген убадасы калбайт. Максаттарына жеткенде аларга чыгым салып эзүүгө киришет. Андан кийин ошол эле болуштук талашып салгылашкан манап-байлардын бирөөнө дыйкандар, букаралар каршылаша кетсе, кечээки бийлик талашкан — элди чабыштырган манаптар дароо бириктешип кетишет.

Феодалдардын ушул жоруктарын Шаршенбек Үмөталиев аралаша жүргөндөй чебер билгичтик менен көрсөткөндүгүн белгилебеске мүмкүн эмес. Икаяда Дөкө, Чаки, Тана, Чириктөш сыяктуу терс кейпкерлердин ар кимисинин өздөрүнчө эсте каларлык элестери бар. Ошондой эле букарадан чыккан аксакалы Байтак, Доолдак, Казантүп, Карпык сыяктуулардын, айрыкча Байтактын элеси таамай берилген.

Окуянын жүрүш мезгили 1910-жылдын тегереги...

Икаяда киши ишенбей турган эпизоддор бар. Ал Чүй өрөө-

нүндөгү феодал сүткорлорду билбегендер үчүн ошондой. Мен Чүй өрөөнүндө 1925-жылдан тарта (окуп жүргөнүмдө) 1930-жылдарга дейре коллективдештирүү учурунда ага катышып иштеп калдым. Сиздер окугандай ишенбей турган Тана байдын зулумдугун, андай сүткорду мен өзүм көргөм. Маселен, бир бай (анын тукумдары эчак колхозчулар менен жуурулушуп кетишти) жүз боо камыштын сүтүнө үйүндө жүргөн малайынын келинчегин алып алган.

Икаянын окуясы тар, тайкы эмес. Окуянын жүрүшүнө карата ар бир элде, башка бир жерлерде болгон окуялар эң туура орду менен алынган. Маселен, сарбагыштан чыккан кара жемсөөлөрдүн өлтүрүлүшү сыяктуу окуяларды феодалдар эчактан билишет да, ошондой болбостун жолун издешет.

Берки чыгармалары да ушундай эле кызык жана реалдуу...

Икаянын тили — бай. Материалдары — реалдуу көп көрүнүштөрдүн орчундуу бир келкиси.

Айрыкча, эски турмушту билбеген жаш окуучулар, жаш окурмандарга бул эмгек адабий лаззат үчүн гана эмес, өткөн күндүн коомдук-социалдык турмушу менен кененирээк таанышууга да мүмкүндүк берет деп ойлоймун.

Окурмандар Шаршенбекти талanttуу сынчылардын бирөө деп билишет. Бул икая анын башка жанрга да шыгы бар экендигин көрсөтөт. Окурмандар жылуу кабыл алышын каалаçак болот.

*Аалы ТОКОМБАЕВ*
*Социалисттик Эмгектин Баатыры, академик.*

# КАНДУУ КАПКАН

*(Повесть)*

Ат небак кара тил болуп, мал киндиги катып, жайдын ыксырап күчкө кирейин деп калган маалы. Аптаптуу күндөрдөн соң шыбактар баш алып, уйлар сайгактап токтобой калды. Тоо-тоолордун этеги менен талаа-түзөңдөргө жайкы күндүн чакчайган көзү тегиз чачырай тийип, чак түштө учкан куштар суюлуп, эртели-кеч жаагы жай таппай чырылдаган чегирткелердин ызбыздарынан да дайын жок...

Салкын төрүн сагынгансып ыкшоо тарткан жылкылар ылаалап мамысын жерийт. Тетиги кой четинде жүргөн шак-шак мүйүздүү көк эркеч куулук, кескилик жагынан жедеп дасыгып бүткөнбү: теңге чөптү оттобой бетегелүү тулаң болсо дегенсип, ар оттун башын бир чалымыш болот да, анда-санда башын койкойто эки көзүн койчудан албай бир саамга тиктей калат. Ысыктан талыкшыган койчунун көзү уйкуга чалына кетсе эле, аны байкап турган куу эркеч өпкөсүн кагынган койлорду четинен бир имерип туруп, өзү алдыга түшүп жол баштап, жайкы жайытын көздөй жорголоп жөнөп калат. Мал жайытын таппай койчубу? Таягына сүйөнүп көзү илине калган койчу акең, селт ойгонуп кеткенде көк эркеч баштаган койлору тээ-тээтиги жондон ары түшүп баратканын көрө коюп, кырдан кырды кыдырып сөгүнүп-тилдеген боюнча артынан кууп жөнөйт. «Мал жайкы жайытын сагыныптыр, эртеңден калбай жайлоого көчүш керек экен» деп өзүнчө күбүрөнөт.

— Аа, жайлоосу да куруп калсынчы! — деп, бир күрсүнүп алды өзүнчө, мына ушул Алдаш деген койчу жигит. «Өзүнүн күйөөр-бышаар жакын агайын-тууганы жок кишинин көргөн күнү курусун, ушул экен да... Минтип тыякта калган алыс тууган деген байдын кол алдында он беш жылча сүйрөлдүм: он жашымдан жетим калып, ар

кимдин эшигинде сандалдым, отунун алдым, суусун куйдум, мергенчилик менен жан сактап туягым жерде калгандай болду. Чекем жылыбады. «Туугандыгына» салып, акы төлөбөдү. Курсагым тойгуза аш бербеди, текенин белдигиндей кылып самсаалатып салды. Акыры андан качып чыгып быякка келсем да, баягымдан айрылбадым. Кайра эле минтип бирөөнүн коюнун артынан сандалганым сандалган. Ырас, бу жерде сүйгөнүм Агыргайдын жанында экениме мен ыраазы. Агыргай менен анын чоң энеси — таенемдердин алдында айланып кетсем болот. Бирок, былтыркы келтеде Агыргайдын ата-энеси өлүп калганын карачы. Эми буларга мен караан болбогондо, ким болот? Агыргай минтип он алтыга толуп маалына жакындады. Эптеп тапкан акыма оокат кылып келе жатпайбызбы? Бирок, жанагы кызыл көз Нөкөн деген болуштун Агыргайга сугун артканы жаман болду. Мага кекилик, чил, улардан салык салганы жөн эле шылтоо. Тоого чыкпасам, мен аны минтип талаадан кол менен кармап бермек белем? Ал болуш ошого шылтоолоп Агыргайды алгысы бар. Мен өлсөм да бербеймин Агыргайымды, болуштун өзүн жаздана жатамын... Бирок, тыякта таенемдин катуу ооруп, жатканын көр! Арты кандай болоор экен, аа дүйнө!» деп ойлонуп отурганда, төмөнтөн байдын баласы келип эле:

— Мени сага жиберди, таенең өлүп калды! Сен бар! Койду мен өзүм көздөйм,— деп калбаспы.

Ошону менен жээрде атын минип, Алдаш төмөн карай өкүрөңдөп өкүрүп «чү» койду.

* * *

— Кой, балам! Көп ыйлачу эмес: ыйлаган менен чоң энең эми тирилип келмек беле? Ичээрин ичти, жээрин жеди, ыйманда кетти: топурагы торко болгусу бардыр!— деп Агыргайга кайрат айтымыш болуп, бир кемпир кемшең этип, этеги менен жашын сүртүндү. Анан колунун башы менен Агыргайдын маңдайын сылады. Өңгөчүн билинер-билинбес тартына коюп, анда-санда улутунуп отурган тиги кыз да, айласыздан тагдырына баш ийгенсип, ойлуу жер карайт. Керээзин айтууга дарманы келбей ээрдин күбүрөтө сүйүктүү кызын көздөй оң колун созо берип, шылк дей түшкөн чоң энесин элестетип, кээде солкулдап коёт.

— Аа, ыйлабаганда канетсин? Агыргайды бөпөлөп

чоңойткон ушу чоң энеси болсо! — деп, дагы бир кемпир коломтодон көзүн албай, бир саамга тунжурай калат.

Аңгыча эшиктеги эркектердин бири заңк этти:

— Кана, агайындар! «Өлгөндүн сазайы — көмгөн» дейт. Бир түнөттүк. Эми жуудуруп, жаназага алып чыгалык. Өлгөнгө мактанчылык барбы? Колдон келгенди кылабыз да.

— Айыл-апанын да алыстыгын карачы? Капырай, ит кууган түлкүдөй болуп, элдин баары жаңы журтка көчкөнүн кара?

— Эл болгондо энебизди тирилтип берет дейсиңби? Кара чечекейиндей коргоп Алдашы биерде го. Туугандарына жол алыстык кылып, кабар бере албадык. Топурак салыша албай калбадыбы? Кууратан куу турмуштун айы ушу да... Кана, молдоке, өзүңүз баштаңыз, тиги кемпирлерге жуудура берсеңиз болот, эми...

Молдо таягын жөлөнө обдулуп калган ченде аркы доңдон жулунган эки атчандын шаңы көрүндү.

— Кокуй, молдоке! Коё туруңуз, тиги кишилер өкүрүп түшкөндөн кийин...

Келе жаткандарга жооп кылып өкүрмөккө Алдаш жаман үйдүн капталын көздөй оңтойлонуп басып калды.

Алдаш өткүр көздүү, кызыл бет-наардуу, орто бойлуу, чапчаңыраак жигит. Көп кобуракты жактырбаган, көбүнчө бетке чаап сүйлөгөн чынчыл.

Бирок, тигилердин өкүрө турган түрлөрү көрүнбөйт. Бири кыр желиндей жүрүштүү кулагер ат минген экен: тебетейди чыкчырылта кийген калыбында үзөңгүнү кере тээп, артыла бир заматта кирип келди. Артындагысы да андан калышпайт: кашка аттын ачуу терин чыгара жулкунта келип, тизгин жыя жолдошунун жанына тура калды. Кулагер атын ойноктоткон жигитти Алдаш келээри менен тааныды: ал Нөкөн болуштун кан төк десе жин төккөн жасоолдорунун бири боло турган.

— Бу кайсы жел колтук немелер эле? — деп сураган бир киши жооп алалбады.

— Эй, Алдаш, ушуну менен эки келдим: баягы салыгың барбы? — деп кулагерчен безге сайып алгандай күтүүсүз жерден бакылдады.

Селейе караган Алдаштан мурда, ошерде тургандардын бири келгендерге жайды түшүндүрдү:

— Эй, мусулман! Сиздин салык түгүл, Алдаш кудайдын салыгынан кутула албай жатат. Кечээ кемпирибиз каза тапкан болучу. Эми, ошону жашыра албай жатабыз.

Окурбосоңор да, кудайдан коркуп, атыңардан түшүп койсоңор боло, ботом! — деди, кургаткан түлкүдөй бир катыңкы киши.

Кантсе да кудайдан коркуп, салтты эстеген немелер атынан түшүп, катарга тура калышты.

— Өлсө арты кайырлуу болсун. Өлдү деп артынан кошо кетебизби? Силер деле соп-соо турасыңар го, жан бөлөктүгүнөн жаныңарды кыя албай. Өлүк парзы кайда качмак эле, эл болгондон кийин көмүлбөй калчубу? Андан көрү, тирүүнүн карызынан кутула тургула! — деп, кашка атчандын ээси кирген буурадай зиркилдеди.

Экөөнүн киндигин түйүштүрүп койгондой немелер экен: аны беркиси коштой чапты:

— Колу жеткен жерди маладай басып турган биздин Нөкөн тирүүнүн кудайымын деген киши экенин билбейсиңерби? Сени менен кайым айтышып отура албайбыз! Апкел салыгыңды, кечээңдетпей! Кеч калаар ишке кар жаайт! Иш көп, кетебиз!

— Кемпирдин ноокастап жыгылганынан чолом тийип, тоого чыга албадым. А кишини жашыралык. Анан кекилик-чилди бир жума даярдайм. Бирок, уларыңды биле албайм, улуу тоого чыгыш кыйын, анын үстүнө тоого кар түшүптүр. Мага көп асылбагыла! Суудан тайыз, чөптөн жапыз бир бечарамын,— деп үнүн кирилдетти, көзү киртийген Алдаш.

Анын эмнени айтып жатканын түшүнө албай:

— Капырай, кайсы табышмакты айтып жатасыз? Кайдагы кекилик-чил? — деди бири киши.

— Жакында жогорку Бишкек калаасынан орустун бир улугу келет имиш, Нөкөн болуштукуна. Ошого биздин болуш «башкалардан артыкча сый көргөзөм» деп мага жүз кекилик-чил, беш улар салык салган. Айтор, мерген имиштин баарына салыптыр. Өлүп-тирилсең да табасың дейт!

— Ой, кара тумшук! Бересиңби, же жокпу? ««Келе» деген доом жок болсо, ыңк этпеген оорум жок болсо» деген кайдагы эмесиң?

— Он күндөн калтырбай берейин, уларың менен кошо,— деп кыңырылды жедеп тил уга берип, кулагы чой болгон бечара.

— Жетеге жетчү кегиңер болсо да, кемпирди жашыргандан кийин келсеңер боло!

— «Жоо жакадан алганда, бөрү этектен алат» болуп, киши өлүп жатса салык доолоп...

— Мал алганча, жан алат го! — деди, Алдаш тандапып: — Тоо башындагы уларга салык салат деген не шумдук! Алмустактан бери уккан жок элем!

— Тигини, көзү кыбыцдаган кызыл беттин айтып турганын. Бетицди кан тээп турабы? Мынабу камчы ойносо, чыйкандай бетиң бүлөөдөй көгөрүп чыга түшпөсүн! Үргөндү эмне кылат экенсиң? Же, мени таанибайсыңбы?

— Абайлап сүйлө, мырза! Учуп жүргөн кушка салык салган силер ит эмессиңерби? «Үрөт» деп мени итке теңегенин көр!

— Ой, кудайдын эрке баласындай чакчаңдайсыңар да! — деди, бир чал ачууланып. — Өлүктү көмө албай жатсак, салык доолаган кайдан чыккан немелер?

— Мунуңар деги эмнеге сыят? Жумуру баштуудагы иш эмесго! Капырай! Не деген кордук?

— Аялдагыла. Мынабу кемпирди жашыралы! Улугуңар эми бир айда келет деди го? Бу «он күндөн калтырбайм» деп жатпайбы? Кудайдан корккула, балдар! — дешип ар кимдер туш-туштан чыгышты.

— Жок, азыр алам! Болуштун буйругу ушундай. «Азыр бербесе, Агыргайды аламын!» — деп буюрган. Мен дагы адамгерчилик кылып жатам! Бирок, тетиги жээрде атын ала кетем! Жатакчынын итиндей чуулдаган кайдагы кудай аткан эмесиңер, куюшканга кыпчылганды ким коюптур силерге!

— Ой, сенин адамгерчилигиң менен куруп кал! Кишичил айгырдай азанаган шумпай, быякта адам өлүп жатса, кекилик доолап! — деди, каны ичине тартып ачуусу кирпигине чыга түшкөн Алдаш.

— Атаа, ушу кызыл беттики өттү! — деп туруп, Алдашты камчы менен чокудан ары тартып калды.

— Ий! — деп, ооруганына чыдабай отура калды. Эки колу менен башын мыжыгып, ары-бери башын чайкагылады.

Анан анын байланып турган жалгыз жээрдесин тигилер жетелеп жөнөй бермек болушту.

Сырттагы бакылдактан катындар эшикке чыга калышкан эле. Алар да бир жактан жасоолдорду каргап-шилей башташты:

— Кепин буюрбай өл! Кепиниңди жалмап кал!

Эркектер да бир жактан киришти:

— «Ыңырчагы ырдап, керегеси кердеп» турган шордуунун жалгыз чобурун таштап кеткиле!

— Керегени басып коктогондой кылбагыла! Убал-сооп деген бар!

Бироокумда Алдаш башын көтөрдү эле эшиктин алдында Агыргайдын коёндой көзү жоодурап боору ооруп, киндиги толгонуп тургандай көрүндү. Ачуусу келип, дити карайып турган Алдаш Агыргайды көргөндөн кийин ого бетер намызы козуй түштү да, жанында жаткан бакацды ала коюп, тигинин бирөөн чаап калды.

— Ме, сага!

Беркиси качып калганда жете барып бутка чапты. Шалак деп кулап кетти. Карап тургандар арачылоого үлгүрө алышпай калышты.

— Кокуй! Өлтүрүп алба! Аарынын уюгуна тийбедиңби?

— Карды ток кабылан эми каарына алаары бышык!

— Бу кайдагы жигит эле, экөөн бирдей мойсогон? «Ботом, кайдагы келе бакан, куу союл»,— деп сураган киркирек чал Алдашты карана берди.

Алдаштын колдору шадылуу, күрөө тамырлары көөп чыгып турганын карап «күч ээси экен» деп койду. Тери сиңе берип, саал көөнөрүп калган ак калпак, агала жип менен аралаштыра согулган таар чепкен жотолуу мүчөсүн жашырып тургансыйт. Алагар көзү жалжылдап, кирпигин ачып-жумганы даана байкалат.

Алдашты таанный албай жаткан кишиге анын жайын экинчиси түшүндүрүп жатты:

— Бул жигит башка айылдан. Бирөөнүн малын багат окшойт. Мергендиги да бар дешет. Өлгөн кемпирдин жээндеринен болсо керек. Агыргайдын... булар менен катташып, баласындай болуп калган неме...

— Бу го, эртең эле кете берет. Болуштун балээсине биз калбадыкпы? Кой, айланайындар, биздин да көрөлүк деген күнүбүз бар, жүр кеттик, балээден алыс болорлук!— деп, бир киши ары басты. Аны ээрчигендер да болушту.

— Ой,— деди Алдаш,— мынабу өлүктү көмүшүүгө жарабайсыңарбы? Көмүлбөй калмак беле?

Уялганынан беш-алты киши кайра келишти.

— Э, ушулардан келгенди көрдүк!

— Тетиги кесирлүү иттин кесири тийбесе болду!

Бирисинин оң мүрү сынып эси оой түшкөн. Жанатан бери онтоп жатты эле, эми эсине келип кыйкырды:

— Ай, кызыл бет, куйкаңды тилдирбесем карап тур! Сен болуштту биле элек экенсиң!

Беркиси тигинин сөзүнө чыйрала калды окшойт, те-

бетейин ала коюп сөгүндү: — Ээрдин кашын таанытармын, саа! Эми сени болуш этек-жеңиңди кестирип туруп Шыбырга айдатат. Кишениңдин шылдыры кулагыңан кетпей, Шыбырда жүрүп өлөөрсүң, дөгүрсүгөн ит!

— Атаа, өтүп кетти! Мени айдатканча, мен силерден ушу калайыктын өчүн ала турайын! — деп Алдаш жулунганда арачалап калышты.

— Айланайын коёгөр! Балээсине биз калабыз! Жыландын куйругун баспадыкпы?

Ага да болбой экөөнүн тең кол-буттарын кыл чылбыр менен таңып таштады.

— Силер да камчынын уусун татып көргүлө! Эми жата тургула, иттер!

Кемпирди жууган болуп, сөөгүн кийизге ороп алып жөнөштү. Молдо кете турган болгондо аны араң токтотушкан, тиги токол эчкини беребиз деп жатышып.

Кемпирди эптеп жашырышты. Кайтып өкүрүп келгенден кийин, чогулгандардан киши калбай тарады. Бардыгы «болуштун жигиттери таанып калып, сазайыбызды бербесин» дешип, чобурларын минип туш-туш жакка өңкөңдөп жөнөп калышты.

Кара аштын этин жешкендер кемпирлер болушту. Арткан эттин кыйласын жоолуктарына түйүп алышты. Анан алар да кетишти.

Алдаш Агыргай экөө жалгыз калышты.

— Болоору болду! Эми эмне кылабыз? — деди ал: — Булар эми бизди соо коюшпайт! Ажалдан мурун өлтүрүшөөрү бышык...

— Бу ишке — мен айыптуумун. Жаным кашайып кеткенден ушуну кылдым. Быякта кара башыл киши өлүп жатса, анан булардыкы не деген жорук? Мынча болду, бу жерге тура албай калдык. Өзүбүздүн элге кайра токтоосуз качпасак болбой калды.

Анан алар кыйлага акылдашып турушту.

— Балээден машаяк качып кутулуптур. «Тири койгондо, куру койбойм» деген экен го. Калганын көрө жатармын! Өз байларыбыздын тозогунан быякка келсем, көргөнүм бу!.. Бу жигиттер болбогон күндө да, анын кекилик-чил, уларын кайдан таап бермекмин? Ансыз деле көчө качсакпы деп жүргөмүн. Нөкөн болуштун сага сугу түшүп, алсам деп ушу айланы кылганын мурун эле туйгамын,— деди Алдаш. — Туугандардан безип ушуну көрдүм. «Кандала чакса, бүргөгө ыйлап көрүшөөрсүң» деген сөз чын экен го?

Жээрде атка эмерек-семеректерди артып жиберишти. Тыякта солдоюп онтоп жаткан эки жигиттин аттарынын бирин Агыргай, бирин өзү минди. Өз атына эмеректерин артынышты. Жүрө турган болушту.

Булардын түрүн көрүп, жигиттер кыйкырышты:

— Аттарды таштап кеткиле! Колубузду бошоткула! Жерден чукуп табабыз!

Алдаш бастырып келип:

— Муну! Аттарды берип, колуңарды бошотуп, жолуңарга салгандай мында өлөйүн деген киши бар бекен?

Кыл чылбыр өтө түшкөн бирөө сөгүнүп кирди эле, Алдаш:

— Бооруңду тилип, кесирдүү башыңды канжыгага чалайынбы! — деп шамшарын сууруп алды эле, жан кыйын белем, тиги жалынып жиберди:

— Айланайын, жан соога! Бала-чакам бар. Бир кашык каныңды кече көр!

Бир заматта өңү керсары тартып, апийимчи түспөлдөнүп, кежең болгон койдой диртилдеди.

Алдаш тигилерди кантээр экен деп, коркутмакка ошенткен.

— Тигини! Жанынын таттысын не бересиң? Ар кимдин жаны ошондой,— деп аттанды. — Эми колума түшсөңөр соо калбайсыңар!

Ошону менен жөнөп кетишти. Тээ дөңдүн үстүндө калган чоң энесин эстеп, Агыргай ыйлап баратты...

* * *

Алдаш жокто аңдып туруп, Агыргайды ала качкан Нөкөн болуштун жигиттери таң апак-шапак болуп торгой чурулдай берген кезде Чүй суусун кечип өтүшүп, Чөмүчтүн көлүнө жете келишти. Нөкөн болуш аларды ушу жерден тосуп алмак. Болуш башы менен кызды ала качкандыгынын эки себеби бар деп түшүнөт ал: биринчиси Агыргайга куда түшкөндө кимисине түшмөк, кайсы тууганы бар? Ырас, алыс туугандары табылбай калмак беле? Кызга жуучу табылар. Ал эми бөтөн туугандарга ашыкча калың малды чачуунун кереги не? Баягы кеткен эки аттын куну Алдашына жетпейби. Керек десе, дагы берет. Нөкөндө мал жок дейсиңби? Бул бир. Ала качуунун экинчи жөнү: чындап токол кылып алып, андан бала-бакыра көргүсү келип отурган болуш кийинкисин ойлоду:

«мен сага чындап ашык болгонумдан болуш башым менен ала качып кеткенмин, арзып жүрүп жеткенмин» дегендерден айта бермекчи, же «мага кыз табылбай калмак беле?» дегенди догурунмакчы.

Ырасын айтуу керек, Нөкөндүн акыркы сөзү чындык эле. Бир уруу элди маладай басып, бир камчы менен каалаган жагына айдаган Нөкөнгө замандын шартына жараша ким болсо да кыз бербей коё алмак эмес, а түгүл өздөрү да жеткирип берүүгө даяр тургандары бар эле. Бирок, алардын Агыргайдай эместигин көөдөнү ысыган болуш жакшы билет, себеби Агыргай айтылуу сулуулардан экендиги талашсыз. Чырайына жараша акылы да толук. «Үндөктөй билгенде мындай зайыптар дабанды бузат эмеспи» деп айткан жери бар Нөкөндүн.

Мына ошол Нөкөн арзыганы Агыргайын колуна түшкөнүн көрүп алып:

— Аа, Агыргай! Ак көгүчкөн элеңиз, «кимдин чамгарагына барып «чарк» этип конуп калаар экен?» деп санааркачу элем, өзүмө буюрган экенсиз! — деп жагалдана берди.

Нөкөндөрдүн айылы мындан анча деле алыс эмес, Кашык деген жерде. Кашыктын бери жагында жана аны менен тушташ Сулуу-Төр созулуп жатат. Бадал, жайылмалардан, токойлордон көз кайкыйт.

Өзөндүн жайылмаларындагы чычырканактуу бадалдарда өзгөчө таңга маал токой сулуусу кыргоолдордун үнү угулат. Сарала, күрөң түстүү, кээ жерлеринде кызгылт темгилдери бар күлгүн моюндуу семиз кыргоолдун эти кандай ширин! Анткени, кыргоолдор чычырканактын кожогат даамданган сары кызгылт мөмөлөрүн жешет эмеспи! Семиздигинен уча албай, араңдан бырпырап барып көтөрүлүшөт.

Үйүр-үйүр болгон жапайы өрдөктөр тынымсыз шуулдап, учуп-конуп жатышат. Шалбалуу талаага учуп бараткан мынабу өрдөктөр ал жактан капчыгы чыга тойгондон кийин, салкындаш үчүн кайрадан көлгө келээри шексиз.

Өрдөк-кыргоолдордон башка да, көл боюнда: ак чардак, чабакчы, көк кытан, кара куназдар быкбырдай кайнайт. А түгүл, тетиги саздактарда каркыра-турналар да бар окшойт.

Эрте күздө кайдадыр алыс жактагы жылуу жайларына кетишип, жаз чыгаар замат, бу жердеги уясына сындуу тартибин бузбай учуп келишкен узун шыйрак каркыра-турналар шалбаанын саздактуу жерлерине коно

калышат да, сүйүнгөнүнөн чыдай алышпай мойнун созуп, балбан канаттарын каккылап, бийлеп-тойлоп жаткансыйт.

Жаагын жанган куунак ак чардактар үйүр-тобу менен отоолоткон жасалгалуу кыз ойнун куруп жаткан шекилдүү аркы-терки айланып бирде жапырыла, бирде кайкып учуп асман-жердин арасында шапар тээп, өзүлөрүнчө сайрандайт. Көпкө айланып туруп, анан бир нерсе эсине түшө калган шекилдүү, айнып кеткендей кыйгачтап барып, тескерилене оңолот. Табияттын жыргалдуу бешигинде термелип, ырысына мас болуп, асман-жер ортосундагы көзгө көрүнбөс бейиш төшөгүндө үлпөт-сайранга батып, бейпилде чардайт. Кээде асмандан атырыла көл бетине бир тийип өпкүлөп алып, кайрадан кулаалы кайкы салып куушурулат.

— Ушу жерден ат чалдырып алалы! — деген Нөкөн Агыргайды аттан түшүрүп алып, көрпөчөнүн үстүнө отургузду. Бетин баскан кыз шолоктоп отурат. Жигиттерин «мен чакырмайынча келбегиле!» деп айдап жиберди да, ала келген кымыздан жутуп сөзгө кирди:

— Сиз жаштык кылып азгырма мухаббаттын күңү болгон экенсиз. Койчуман жылдыздай эрте көрүнгөн мухаббат экен сиздики, чолпон жылдыз алдыда күйүп турганын кайдан билгейсиз? Чын махаббат курсак ток болгондо гана күрүлдөп күчүнө кирээрин кайдан билгейсиз? Андан көрү менин айтканым менен боло бериңиз. Мен сизди төмөн этектүү ургаачынын алды кылам! Аны көрө жатаарсыз, дал айтканымдай болот, убада, ант урсун!— деди жүрөгү күйүп турган Нөкөн: — Эми алдагы кийимдериңизди чечип, мынабу мен өзүм ала келген кийимдерди кийип алыңыз! — деп, анын алдына бир куржун көзү толтура кийимдерди ыргытып жиберди.

— Баары бир мен сизде турбайм! Менин антташкан кишим бар! Арзыганым бар...

Нөкөн угаар эмес, ары басып кетти. Оозунан ант чыгып кеткен тиги кишинин бети кайтпас түрүн көргөн Агыргай эмне кылмакчы? Алып кетээрине көзү жетип турат, «Сиз» деп сүйлөгөнү бөтөнчө кулагына эрээн учурады. Эгер кийинбесе, зордуктап кийиндирээрин да көрүп турат. Нөкөн кайтып келип, башындагы тебетейдин ордуна кундуз тебетей кийгизди.

Көөдөнү алеп-желеп болуп ысып чыккан Нөкөн кызды уйпалап өпкүлөп кирди, жалынып-жалбарып жиберди. Кызды тырпырата басып, кайдагы шумдук сөздөрдү жаадырды:

— Адам ата, Ово энеден калган...
Мухамед пайгамбардан калган...
Азиретаалы шерден калган...
Сөметей менен Айчүрөктөн калган...
Оо, тиги алмистактан калган...

Бирок, буйтактаган кыз менен алышып жатып, Нөкөн бат эле чарчап калды. Анын үстүнө кыз бакырып, айласын кетирди.

— Сиз мени ай-далаада никесиз жар кылмак экенсиз да? — деп, кыз мындай чыга берди.

Дени сууп, эсине келе калган Нөкөн кыздын айтканын ичинен туура көрүп, жигиттерин чакырып, айлына бет бурду... Үйгө да жете келишти...

— Эй, байбиче! — деди, Нөкөн болуш күнөкөр киши кебетеленип. — Төмөн этектүү ургаачынын асты элең, мен бир ишти айтсам, айып болоор бекен, же болбос бекен?

Далай карды басып, далай капканды бузган кески күйөөсүнүн бекерден үндөктөп мактоого ала баштаганын Агеркеч да туя койгондой болду:

— Неге айып болсун! Айта бер, мырза!

— Андай болсо, мен сага бир сиңди алып келдим! — деди, Нөкөн байбичесин сылай сүйлөп. — Айып болбос бекен?

Чок басып алгандай чочуп кете жаздады Агеркеч. Денеси «дүр» деп, жүүндөрү бошой түшкөндөй болду. Бирок, сезимин акылы бийлеп кетти да, токтобой шаңк этти:

— Сенин алтындай башыңа алты катын аздык кылат эмеспи! Анын несин айтып турасың? Алып келе бер!

Агеркеч ары карап ыйлап, бери карап күлдү...

Байбичесинин эл көзүнчө берген жообуна Нөкөн катуу ыраазы болду, жагалданып сөз чүйгүндөрүн тандады:

— Ушу сени менен тең карыгым бардыр! Тиги журтта үч эле зайып бар деп айтышат. Биздин журтта болсо, сенин жалгыз экендигиңе, азыр көзүм чындап жетип отурат, эми ыраазымын, байбиче. Силердин жаныңарда калган катындар да катынбы? Анчейин бир, кемегенин башында тезек калап отурган немелер да! «Тизе жылытма» дегендер ошолор. Нечен кынына батпаган мыктылар ушу силердей катынга жетпей, далай катындардын жүгөнүн шыпырып айдап жиберген эмеспи! Оо, жоругуңан айланайын, дүнүй-өө! Камчымдан айтканына, бали!

— Оо, жоругуңан айланайын, дүнүйө! — деди, Агер-


РЕСПУБЛИКАНСКАЯ ... 296560

кеч да жанындагы сырдаш абысынына күбүрөй берип: — Мандайым кайкы, ырысым тайкы белем? Эр дегенден эчкинин жашындай жашым бар экен го? Бир мүчөл айланбай, минтип чебичтүү болдум. «Уул туу!» деди, уул туудум, «кыз туу!» деди — кыз туудум! Эмнемен жаздым? Катындын үстүнө катын алып бергендиги үчүн катынын мактаган дүнүйө-ө, кай жоругуң айтайын! — деп, наалыган бойдон үйгө кирип, жоолугунун учу менен көз жашын сүрткүлөп, акыл токтотуп туруп, кайра эшикке чыкты да, ырасми боюнча, Агыргайдын башына өз колу менен жоолук салмакчы болуп даярданып калганда, аркы ойдон мылтыкчан үч киши сорок этип чыга келишти.

— Ботом, булар ким болуп кетти? Коё тургулачы!

Агыргайдын башына жоолук салууга үлгүрбөй, Агеркечтер аны үйгө алып киргизишти. Агеркеч кайта эшикке чыккыча тигилер да жетип келишээр менен эле:

— Нөкөн деген ким болот? — деп сурап калышты.

— Менмин.

— Анда тез жөнөйсүз биз менен. Улук чакырып жатат. Сиз «ченчи төрөнү» сабаган экенсиз! Тезирээк камданыңыз!

— Кайда жана канча күн болобуз? — деди Нөкөн.

— Адегенде Пишпекке барасың. Анан алар Алматынын улугуна жиберишет. Канча болоорунузду билбейбиз.

Нөкөн бардыгын түшүндү...

Барбаска айла жок. Агыргайга нике кыйдырып ала албай калганына катуу өкүнүп, кетээринде жакын кишилерине дайындады:

— Агыргайды катуу кайтарууга алгыла!

* * *

Түн кирди. Бүгүн кечтен бери эле күн бир бүркөлүп, бир ачылып туруп алды. Азыр да ошондой. Күн бүркөлө калганда жамгыр дыбырай түшөт да, ачылаар замат саал муздаңкы сергек жел ылаалагансып кезеги менен дыр коёт. Бирок, бул жерден билинбеген шамалдын күчүн четирээк жактагы тетиги дөңдөн туруп карасаң, ачык туйгандай болосуң. Мынабу алды жакта кудум деңиз толкунундай болуп, кээде балык жон тартып түрмөктөлүп, кээде сеңселе түшкөн калың көк камыш тилкесинин үстү уламдан улам күчөй жыйрыла берди. Чексиз асманда удургуй батыш тарапты көздөй сүзгөн толукшуган ай ала

булуттардан арыла бергенде, кудум жашынмак ойноп жаткансып, нурдуу бетин чүмкөй калып, чылк күмүшкө чайына калган шекилдүү суу мончок камыш тилкесинин кээ жерлери асмандын алтын чегөөсүнүн тегиз чачыраган нурунa чагылышып көйкөлө берет. Дал ошондой кезде камыштуу тилкедеги жалгыз аяк жол менен чубашып бастырып бара жатышкан беш-алты чабендестин карааны серек-серек көрүнө калат. Өзгөчө булуттан кылтыйып чыга калганда экиленип ого бетер даана, ого бетер толукшуп көрүнгөн ай, эгер кайрадан булутка жашына калса, же кээде шамалдан жапырыла калган калың камыш үкүдөй болгон таажылуу баштарын сеңселтип боюн түзөй тура калса, тиги кишилердин карааны күмүштөй жалтыраган түнкү деңизге чөгүп кеткен сымал заматта көздөн кайым жок болот.

Атчандар Сулуу төрдүн этегине кире бергенде гана аттарынан түшүшүп, калың бадалды жамына кирипти. Аттардын ооздугун чыгарышып, отко коюшуп, өзүлөрү аттан узабай чылбырды кармай отурушту.

Агыргайдын «ушул жерге келемин» деп убадалашкан жери мындан көп деле алыс эмес эле. Ушээрдеги көлгө келмек. Калган эки жигитке аттарды табыштап, Алдаш өзү эки жигит менен ошо көлгө кетти.

Алар болжошкон убактан мурда келишти. Бирок Агыргай жок экен. Алдаш акырындап үн салып көрдү эле, эчтеменин дабышы билинбейт. Кээде гана аттардын кошкуругу угулат. Жүрөгү дүкүлдөп соккон неме эки жакты элең-элең карана берип, Агыргайды күтө-күтө учсуз-түпсүз санаага бата баштады. Барган сайын Агыргай Агыргай эмей эле, асманда калкып учкан аккуудай болуп, уламдан-улам тереңге чөгүп бара жаткандай сезилди. Кыйкырса үн жеткис, созсо кол жеткис бийиктикте, тээ алыста мунарланып жаткан Ала-Тоонун ары жагына жашынып бара жаткандай туюлду. Аны табалап, ээн талаага таштап, Нөкөн менен кыт-кыт күлүп, кол жетпес махаббатты эңсеген немени шылдыңдап жаткандай жаман ойлор да биринен сала бири удургуй түштү. Жүрөгүнүн дүкүлдөшү аттардын дүбүртүндөй угулду. «Ашыгым кайдасың» деп тизгин жайып келе жаткан Агыргайдын артынан ызы-чуу менен куугунчулар кууп, сыйыртмак сала баштагандай сезилди. Башы ысып, чыкыйлары дуулдап, кулагы чуулдай баштаганын ошондо гана бир билди. Муздак сууга жүзүн чайынып жатып:

— Буга эмне болду? — деп алды.

— Бир кырсык болбогой эле? — деди турган жигиттердин бири.

Шымаланган неменин Агыргайды көрөрү менен көптөн күткөн ак чөлмөктү ала качуучудай түрү бар.

— Кудай сактасын, ыгын таап чыга албай жаткандыр! — деди дагы бири.

«Же, айнып калдыбы?» «Таш түшкөн жеринде оор» деп, кайтып келүүнү ар көрдүбү? Чынында Нөкөн катын чана турган кишилерден эмеско? Нөкөн менен өмүр шерик болмок түгүл, этегине намаз окууга тура чуркоочу ургаачыларды жок деп ким айта алат? — деген ойлор жармашып, Алдашты тажатып жибергендей болду. «Жок! Агыргай ооз учунан сөз айтчу ургаачылардан эместир. Атайы мени издегени анык болсо, андай ишке барбас. Тил кесир болбосун! Агыргай мендик! Ал — мeники! Айласын таба албай, айланчыктап жатса керек» деген ойго келип такалды эң акырында.

* * *

Агыргайдын бүгүн анча табы жок. Анын үстүнө кечтен бери эле адаттагыдай киши үзүлбөдү. Катын-калачтар Агыргайдын баскан-турганына өзгөчө сээрин салышкандай түрү бар. Кирди-чыкты сөздөрдүн төркүнү Агыргайда. Аны-муну сурашып, сырын тартууга алдыртан тузак тартып жатышты. Кенедей сыр бербеске Агыргай да жанын үрөп, ашык сөз сүйлөбөй өзүнчө мелтирейт. Аппак үй ичиндеги титирете жыйылган дүр-дүнүйөлөр көзүнө алда немедей болсо да чоочун, дегеле сүрдүү.

Эл суюлуп, домбурасын кармаган бир жигит кайтарууда калды. Агыргай анын жымыңдай карана беришин небак байкаган. Эшикке чыгып келип, жылкынын баары жайытына айдалгандыгын көрдү. Эшик алдында жанагы кайтарчу жигиттин аты гана байланып турат.

Үйгө кирип, тиги «кермурут» менен бир топ тамашалаша баштады. «Кермурут» тамашакөй, домбурачылыгы да бар экен.

— Алдагыны черте отурбайсыңбы? Биздин айылда дагы бир жакшы чертмекчи бар эле. Көзүн таңып койсо да, черте бере турган жигиттин гүлү болучу...

— Анын эмнеси бар экен? Мына менин көзүмдү таңып коюңуз: каалаган күүңүздөн таң атканча чертип берейин!

Агыргай лып тура калып, ак жибек жоолук менен жигиттин көзүн таңды. «Кермурутту» жумшак колдору менен сылап өттү. Сулуунун ботөнчө бир жанга жагымдуу жытына делебеси козголуп, бүткөн бою ысып чыга түшкөн «кермурут»:

— Кана, кайсы күүдөн чертип берейин? — деди.

— «Сары Аркадан» башта! Кандай куюндуу күү! Ар бир күүнү экиден чертиңиз! Мага көңүл бөлбөй черте бериңиз. Мыкты болсоңуз мени күү менен уктатып көрүңүз: анда мөрөй сиздики болсун, жигит! Тиги кишилер тамак жеп келгенче чертсеңиз болоор! Мындай жамбаштай отуруп, былк этпей угайын! Өзүм токтотом, черте бериңиз!

«Кермурут» эки күү черте электе эле Агыргай эшикке чыга жөнөдү. Жигиттин атына шап мине калып, адегенде акырындап, анан тизгин чойду. Кулагында «Сары Арканын» шаңдуу күүсү жаңырат. Алдындагы карагер күүнүн ыргагы менен кошо аяк таштагансыйт: бирде жортуп, бирде арышты керип, камалган туюктан жол таап бетегелүү көк майданда эркиндик издеп, кулачын жайгансыйт... Агыргай таң агарып, күн чыкканча адашты. Жердин жайын билбегендиктен, ар кайсы жерлерде жүргөн экен. Бирок, артынан куугун келбегендигине сүйүндү. Анын үстүнө алар болжошкон жер да куугун түшсө адаштырчу ойго келбес жер эле.

Акыркы шашкеге жакындаганда санааркаган Агыргайды Алдаштардын өзүлөрү эптеп жатып таап алган. Алардан мурда Агыргайга өзүлөрү жактан атайы ушул жерге шумкар салышканы келишкен эки жигит жолугушту. Агыргайдын жөнүн уккан соң, аны менен Алдаштарды кошо издешкен эле.

Эми ушу жерге бир аз жайлашып отуруп, анан жолго чыгууга камынышты...

Тетиги булуңда өрдөк базары болуп жаткансыйт. Ошердеги аңчылар далдаа жерден шумкарын коё беришти. Кыска канаттуу шумкар өрдөктөрдү көрөөр менен суунун үстүнө жакындай учту. Көлдүн белин чукугулап, андан-мындан жем таап жүргөн өрдөктөр шумкарды туя калышып чүмкүп кетишти. Учуп өткөн жеринде өрдөк калбай, көл бети тазалана берди.

Шумкар кайра ары салды да, булуңдун ортосунда бейкапар сүзүп жүргөн өрдөктөргө жете барып, алууга оңтойлонуп уча баштады. Асманда айланып-айланып учуп туруп, кайра көлдүн бетин көздөй таштай болуп зымырады. Өрдөктөрдү суудан учуруп чыгууга аракеттенди. Ай-

ласыздан суудан ажыраган өрдөктөр өйдө көтөрүлүп, улам барган сайын жанталашып бийиктеп уча берди. Бир оокумда шумкар багытын өзгөртүп, өрдөктөрдүн үстүнөн бийикке учуп чыга калды да, анан чачырап учуп жөнөгөн өрдөктөргө зымырап келип бир тийип жатты. Сокку жеген өрдөктөр жүндөрү булактап, асманда бырпырай калып, анан далдактап жерге түшө баштады. Тыяктан-быяктан куушурулуп отуруп топ-топ бөлүнө калган өрдөктөрдү бирден терип көмөлөтө берди.

Алдаш Агыргайдын жанында ээндебирээк жатып алып, таттуу кыялдарга батты. Гүлдөп турган шалбаа чөптөрүнүн шуулдаганы, элкин турмуштун кыягын тартып сансыз чегирткенин чырылдаганы, көлгө шашкан кашка булактын шылдырашы, шуулдап келип жээкке бир урунуп, кайра тартыла берген тентек толкундун шарпылдагы, суу боюна кыркалай өскөн көпкөк бадал жалбырактарынын сөйкөдөй болуп дирилдегени, гүлдөн гүлгө конуп, бал издеп жаны тынбаган мээнеткеч аарылардын ызылдашы жана күчүнө келип толукшуп, ырыс-берекесин жайнатып төгүп турган мээримдүү жердин энесин жытындай болгон жагымдуу жыты — мына ушулардын бардыгы кошул-ташыл болуп келип, көк шибердин үстүндө оонап жаткан Алдаштын санаасын санга бөлүп, сезимин дүүлүктүрөт.

Бу өлчөмдө нелер жок?! Мына, муну караңызчы. Бадал түбүнөн куунак учуп чыга калып, кумурсканын сиркедей болгон челдүү жумурткаларын чокуп-чокуп алгандан соң, калтыраган денесин токтото албай коңгуроодой таптаза үнү менен өмүрдүн, жашоонун куунак күүсүн тереңден оштонто сууруп алып, мукам-мукам сайраган булбулдун үнү эмеспи! Ааламдагы кооз, уккулуктуу деп аталган үндөрдүн бардыгынын ширеси булбулдун таңдайына жабышып, көмөкөйүнө бүтө калгандай түрү бар. Анан кантип каткан чериң жазылбасын! Бир кайырганы экинчи бир кайырганына такыр окшобой, миң бир түрлүү безеленгенине кумарың кангандан кийин, эгерде бир кезде берешен табияттын өз макулуктарына үн бөлүштүргөнү чын болсо, анда кол башындай болгон ушу кадыресе жупуну боз чымчыктын таалайына баш энчи түшкөн экен деп ойлоно каласың...

Ал эми мынабу таажылуу боз торгой болсо, булбул менен атаандашкан өңдүү күн нуруна чагылышкан канаттарын дирилдеткен бойдон акырындап асманды көздөй көкөлөй берет да, көгөргөн көк асманда көрүнбөс жипке

асылып тургансып, бир саамга тына калып, кайрадан кайкып учуп, бара-бара чексиз асман мейкиндигине сиңип жок болот. Жогортон салмак менен боюн таштап, канатын жайып жиберип жерге жете элегинде жаркыраган жайды мактап жаткансып, сырдуу көмөкөйүн жүрөк күүсүнүн назик беренелерине кайрап-кайрап алып, тык токтой калып сырдуу каранат. Эт жүрөгүңдү элжиретип, бүткөн боюңдан кайгылуу бездериңди сыгып алып, куунак турмуштун жанга жагымдуу жактарын күнөстөткөн ырчы булбул-торгойлордун шаңдуу үндөрүн канчалык уккаьың менен: кулактын курсагы жок — тоё турган эмессиң...

Мынабу сыйда мүчө, сөөгү таза, нурлуу жүздүү колукту Алдаш караган сайын көзүнүн жашы илгирип, көңүлү төшөлүп отурду. Эндик тийбеген, анардай бетинин дал ортосу ансыз да тамылжып, жаштыктын жалындуу күчүн далилдегенсийт. Ботодой моймолжуган көздөрү ич жылытып илме кайып сырдуу караганда кандай мерез жүрөк болсо да бир болк эттирип, сезимди селт эттирбей койбосу чын. Жукараак келген мала кызыл эриндери өзүнөн өзү билинер-билинбес бүлкүлдөп, жумуру билектүү назик салаалары менен саамайларын кымтый берет. Алдашты астыртан изаат менен саал кашын кагып коюп, жалжылдай карайт. Жыпардай жыты аңкып, жыргалчылыктын, жаштыктын илеби согуп турган Агыргай тарапка Алдаш карай бергенде экөөнүн көзү бир саамга кайраша түштү. Оо, чиркин! Махаббат деп тунарган кош көздөр ааламды унутуп, жошулуп бараткансыйт...

...Сурмалуу капкара көздөрүн жашылданткан Агыргай ага ыктала берип, кечирим сурады:

— Зайыптыгым — майыптыгым. Аз айып, көп күнөөм болсо кечирегөр!

— Сенде эмненин айыбы? Айып тиги кызылкөз болушта эмеспи? — деди, жетине албай.

Ал ичинен «эми Агыргайдан айрылбайм, ал түбөлүк меники, мендик» деген таттуу кыялды алдейлеп келе жатты. Өзүн сүйүүнүн дөөлөтүнө белчесинен баткан бактылуу кипи деп эсептеди.

* * *

...Агыргай качып кеткенден көп узабай, «чеҥ төрө» менен болгон чатагын бүтүрүп, Нөкөн үйүнө келди. Болгон

иштин жайын ийне-жибине чейин толуктап укту. Бирок, намысы кеткенине ызаланып ичинен кан өтүп турганын бала-бакыра, катын-калачтарга билдирген жок. Тунжурап, сөз да сүйлөбөдү. Оо, бир топтон кийин:

— Артынан куугун түшпөгөнү бир эсептен жакшы да болуптур,— деп этек-жеңин каккылап өйдө турду. — Булардын көптөн бери туурдук-үзүгү сыйрылбай, тайы жал алып калгандай болду эле, энди калган сөздү кечинде сүйлөшөлү!..

Кечинде Нөкөн үйүнө белдүү-баштуу тукум-жууратгарынын бардыгын чакырды. «Сенде жазык жок, бизде азык жок!» деп бата кылып туруп, бир кысыр эмди тайды көтөрүп урду. Жыйналышып отурушкандан кийин өз ата уруусунун арасында Нөкөн сөз данегин чага баштады:

— Өрүшүмдөгү малымды алса, мен мынчалык кейипкепчибейт элем. Бизден мал кетпей, жан кеткенине жаным кашайып турат.

Нөкөн эзелден бери Алдаш жактагы элдин куулукшумдуктарын бирден терип, отургандарды сүттөй уютуп таштады. Аларга шыбалбаган көө, байланбаган калбыр калган жок. Чатак дегенде муштуму түйүлүп желге чапкан кээ бир алакөөдөн, тай көкүрөк жигиттер болушунун сөзүн угушкандан соң, ошо замат эле тура жөнөлүүгө даяр эле.

Нөкөн оюнун ток этер жерин кароолго ала баштады:

— Алар биздин эски жообуз. Эски жоо жоолашарга да, доолашарга да жакшы эмеспи? Ошентип, биз аларга жоолукка да, доолукка да турганбыз уруу атынан. Энди ошолор кан жолунан жолуккан Агыргайымды жулуп кетип отурат. Кана, колдогу колуктубузду сууруп кеткен элди дагы бир күнү суук колун салбайт деп ким айта алат?

Суроолуу караган Нөкөндү бир жагы каптап кетишти:

— Акыйкат сөз! Жүйөлүү сөз го...

— Булардын мал-башын талоонго алышыбыз керек.

— Жок! — деди Нөкөн. — Алар да бир уруу журт. Биз бүт бир элге талоон салып киргенде ит кууган кийиктей болуп алар да карап жатпастыр. Биз Агыргайды ала качкандардын өзүн гана көздөшүбүз керек. Эгер капысынан барып бассак, анда алар өз айлындагы жигиттери менен чыккан күндө да, бизге алы жете койбосун көрүп турам. Алар он беш чакты үй, тууган-туушкандары менен. Элүү чакты жигит барганы оңдур.

Кана, буга кандай дейсиңер? Жулдуруп жиберип карап калышыбыз уяттыр. Эркек киндик экендигибиз чын болсо, суу жүрөктүк кылбайлы!

Чогулушкандар бир ооздон Алдаштардын айлына аламан коюуга убада байлашты. «Таңдалма элүү союл менен түндөп кирип намысыбызды сууруп чыгабыз» дешти.

Ошо жерде айыл аксакалдарынын бири келгенден бери үн каткан жок эле. Аны байкап отурган кыйды Нөкөн ошону көздөй сөз чалмасын ыргытты:

— Сиз неге үндөбөй отурасыз? Бир айылдын баш кишиси боло тура. Чын-чынына келгенде бу намыс меники эмес, сиздики. Кудайдын олжосун бөктөртүп жиберип, журтта отуруп калганыбыз кандай? Карынын нускасы, намыстын туткасы сиздей болобу, жарыктык?

— Курулай желге чапкан намыстын кереги не? Алар да оңой жоо эмес. Ал сөзүңүз болбойт, ал баатырдыкка жатпайт, улуу намыс жолуна да жүрбөйт. Пери болуп кетсе да, аны өз жайына тим коюу керек. Аны эмне кыласың? Кара малың чачылып, кара көзүң талдырып арзып алган, никелеп алган жарың эмес эле го? Ал, билсең Агеркеч эмеспи? Ал кашыңда турат го? Үйүрсүз бир байтал кетти деп, эки элди жоолаштырган турасыңбы?

Карынын бу сөзү кулагына майдай жага түшкөн Агеркеч:

— Бир кезде мен да көз тийген көгүчкөн элем! — деп күбүрөй берип бир күрсүнүп алды. — Менин ич тардык, күнүлүгүм жок. Кайра сүйүнүп калдым эле. Деги өзүңөр билгиле! Бүлө болуп берсе эле болду!

— Жок! Андай аягынан азган, томугунан тозгон неме —буга бүлө болуп бере албайт. Бүлө болгону ушубу? Сен аны үрдүн кызы болсо да жайына койгонуң оң. Катын эле керек болсо, мен сага тандаган кызыңды алып берейин! «Бу дүйнөнүн богуна алданбай-ак койдум деп, өзүң айтуучу эмес белең?» — деди карыя.

— Антип айтканым ырас. Намысым кетип олтурат! Агыргайдан айрылып, эрдемсинип атка минип жүрө албаймын. Оозум дубалуу киши элем анда менин айткан сөзүм эм болобу? Сиз меникин куру намыс деп отурасыз. Билген кишиге бу куру намыс эмес; зайып деген жез буйлалуу нар тайлак болот. Эгер менин кирген буура экендигим ырас болсо, душманымды чөгөрүп, өркөчү тирсийген жез буйлалуу нар тайлагымды коштой келээрмин! Намысым кетип жатат. Мен Агыргай эмес, ошо намысыма чырылдап күйүп бара жатамын. Намыс деген — бир

уруу журт. Силер кылчактасаңар, ошо бир уруу журтту жамына барып, Агыргайымды үйүмө кайра киргиземин! Бу ишке чалынбасам болот эле, чалынгандан кийин кайра тартуу жок! Жок, барабыз десеңер, анда мен кудайга ыраазымын. Азап-тозогуңарды мен тартайын! Агыргайды кайта апкелмейинче жараткан алла-таала мага бу дүйнөнүн эшигин кайра көрсөтпөсүн! Мынабу жалган дүйнөдөн таманым тайып кеткенче артынан түшөмүн! — деди, Нөкөн чамынып.

Намыс жөнүнөн сөз козгогондо отко, чокко түшүүгө даяр турган тай көкүрөк жигиттер Нөкөндү коштой беришти:

— Нөкөн, туура айтат! Барабыз! Азап-тозогуңарды көтөрөйүн деп жатасыз!

— Кызыл уук кылып, түндүгүн сыйрабыз!

— Акесин таанытабыз...

— Ой, муздан жетелеген торпоктой болгон ит! Сенин мааниң бош го? Башыңды шылкыйтасың,— деди кабагы үтүрөйгөн бир жигитине Нөкөн.

— Жөн оокат кылсакчы? — деп келатканда эле, башына камчы шалак дей түштү:

— О, ынтымактан чыккан эшек, ме сага!

Булардын бети кайтпас түрүн көргөн баягы чал:

— А, балдарым! Алаканыңарды жайгылачы! — деди. — Барсаңар баргыла! Жаман айтпай жакшы жок! Окус бир кырсык болуп кетсе, бирөөлөр: «Карыяңар жок беле?» деп айтышабы дегенинен айта салдым! Ал эми жолуңар болсун! Жолуңарга нур жаасын! Олжолуу болуп кайткыла! Кысыралейсалем жолдосун! Чилтендер колдосун!

Бардыгы жапырт бата кылышты. Келгендер эртең бармакчы болуп тарашты.

Эртеси такымына чокмор кыстарып, найзаларын сүйрөткөн элүү жигит күн батканда Чүйдүн суусун кечип өтүп жүрүп беришти. Төрттөн бөлүнүп, дабышсыз жөнөштү...

* * *

Түн ортосунан алда качан ооп, таңга маал жакындап келатты. Алыскы тоо-тоонун башы агара баштады. Айлана мемиреп тынчтыктын бешигинде көйкөлөт. Ит-куштардын кыбыр эткен кыймылы, чың эткен дабышы угулбайт. Мурдакыдан бетер чакчая түшкөн жыбыраган жылдыз-

дар болбосо, дүнүйө бир азга тынып калгандай оор уйкунун кучагында көшүлөт.

Дал ушундай тынчтыкты капыстан чыккан чаңырык үн бир заматта чыт-бытын чыгарды...

— Аламан! Аламан!

— Аламан! Алам-ан! Ала-ман!

Дабыраган аттардын дабыш, кошкуругуна аралаш туш-туштан чыккан тиртипсиз үндөр. Кызуу уйкудан чочуп турган адамдар не болуп кеткенин биле албай саамга буула түшүштү. Көздөрүн ушалап, кийимдерин кийүүгө шаймандары келбей эшик жакка тап коюшту. Үргүлөгөн уйлар кош аяктап тура калышып, мөөрөп жиберишти. Кой-эчкилер маарап, иттер жабалактап үрүшүп, азан-казан түшүп, ыйлаган катын-баланын үндөрү бир алаамат болгондугун айгинелеп жатты.

— Жоо келди! Жоо келди!

— Жоо чапты эле, жоо чапты! — деген кишилердин үндөрү бат эле үзүлүп-жоголо берди.

— Тыгының ыргып кете электе, эшикти жайынча ач! — деп, буйруп жатышат.

Аңгыча болбой, бир үйдүн бекитилүү эшигин сырттан найза менен койгулай баштапты. Эшикти талкалап үйгө кирип келишти.

Аптапта бышкан анардай болгон колго чак кош алмасын көйнөк сыртынан эки колу менен басып, жүктүн бурчунда калтырап, кирип келгендерди жалжылдай карап турган Агыргайды көрүп, тигилер бир саамга суктана тигилишти.

— Койнуңда жатып өлгөн кишинин арманы жок го, жеңе! — деди бири тийишип.

— Колго түшкөн бөдөнөдөй калтыраган жеңекебайым, эсен-соо барсыңбы? — демиш болуп, бир сугалак жигит Агыргайды белинен имере тартып, үстүнө чапан жапты.

Агыргайга алаксыган немелердин оюна адегенде Алдаш кирбеген экен. Анан аны издей баштапты. Жүктөрдү чачып ыргытышты.

Эсине келген бирөө Агыргайдан какшыктап сурады:

— Каалап качкан каркыбарыңызды кайда каттыңыз?

— Каалаганым жылкыда! Катсам, таап алгыла!

— Агыргай мында экен! — деп, бир жигит кыйкырганда Нөкөн ошо замат ар жактан жете келди. Караса, тышка сүйрөлүп чыгарылган Агыргайды бир тултук неме камчы менен тартып жибере тургандай болуп оңдоно калган экен. Агыргай башын калкалай берди.

— Тарт колуңду, наадан! — деди Нөкөн.

Нөкөн шыңга бойлуураак келген, мурду саал үңкүгүйрөөк, баскан турганы тың, сакал-мурутчан саргыч киши. Бетиндеги майда сепкили анча көп байкалбайт. Бирок, саргыч өңү кубара түшүп, ачуусу келе калганда сепкилдери бадырайып даана көрүнө калуучу жайы бар.

Эми, Агыргайдын көзүнө жыландай түрү суук көрүндү. Алдаш болгондо өлтүрмөгү чын экен.

Карап турушчубу! Агыргайды атка мингизип, карылуу жигиттер тегеректеп жапырт аттанып кете беришти. Душманынын колунан мөрөйүн жулуп алып, өчө түшкөн намыз жылдызы кайра жанганына корстон болуп турган Нөкөндөр эзелки жоосун экинчи баш көтөргүс кылып эңкейткенден бетер дегеле шаттуу да, сүрдүү да барatышты. Артынан кууган, алдынан бууган жоо чыкпасына ишенген тай көкүрөк көпкөлөң кээ бир жигиттер чокморун бурай кармашып, Агыргайдын көзүнө көрүнүп ыкыс берип, Агыргайды жандай салып, тизгинди чирене тартып чалкалайт. Ар кайсынын башын айтып бакылдашат. Бирине-бири кыр көрсөтүмүш болушат. Олжолуу кайтканын туйган сыңары айлын көздөй бет алган аттар да, камчы салдырбай ойноктоп, андан-мындан дыр берип калат.

Чымын көрсө ээлигип чакчаңдаган чаар жоргонун тизгинин жыя тартып, бүлдүргөлүү жылан боор камчынын башы менен кээде бөйрөгүн таяна калып сүлкүлдөгөн Нөкөн ичинен тагдырына ыраазы. Ала-Тоонун арбагын колуна кондуруп келе жаткансып, терине батпай дегеле көңүлү көтөрүңкү. Кээде элдеги ырды кыңкылдап ырдап да коёт:

Копшогондой жумуру,
Колдоруңдун салаасы,
Суктантып ичти күйгүзгөн
Сурмалуу көздүн карасы.
Бейиштен чыга келгендей
Чын перизат баласы!
Берсе бир кудай сендейди
Пенденин барбы чарасы?..

Ичинен Алдашты табалап, чокко куп отургузганын ойлоп, өзүнчө жымыя берди. Алдыртан ит караш менен Агыргайдын кабагын байкап, көңүлүн билмекке тымызын бүкшүмөлдөйт.

Тагдыр каамытына моюн сунган Агыргай ичиндеги шакардай кайнап жаткан Ала-Тоодой армандуу капасын тышка чыгарган жок. Кээде аркайып-аркайып алыска

калып бара жаткан кырка тоону карап коюп, көз жашын көргөзбөй тескери бурулат. «Өмүр жолу ашалбас бийик бел белең, жалаң артыңды салчу болдуң го, кайсы күнү бетиңди салаар экенсиң» дегенсип ичинен сыздайт.

Ал эми, ашкан сулууну жандап сүлкүлдөгөн Нөкөн булкүлдөгөн жоргонун үстүндө баратып «байкоосуз учурган көгүчкөн айланып колума конду. Агыргай эми түбөлүк меники, мээнетим өттү» деп, шаттуу келатты.

* * *

Бишкек калаасынын күн чыгыш жагындагы Аламүдүн суусунун Таш-Өткөөлүндө жыйылыш болуп, бүтөйүн деп калганын Алдаш мурда эле уккан болучу.

Нөкөндөр узап кетээр менен ошо замат Таш-Өткөөлгө чу койду. «Болсо, болбосо да бир барып көрөйүн» деген эме токтоно албады. Бирок, ал издеген «жакшылардын» Бишкекке жаңы аттангандыгын айтышты. Экөөнүн ортосу үч чакырымча жер. Бишкектин базарына келип, Алдаш издегендерин аттарынан таанып, «Күнтуу чайканасына» жете келди. Салам айтып, атынан түштү.

Алдаш жайынча чай ичип отурган Мөлтөйдү көрдү. Мөлтөй чал жаңыдан байып бара жаткан оокаттуу кишилерден. Анын көөдөнүндө алдейлеген бир гана башкы максаты — кандайча жол менен болсо да малдын башын көбөйтүү. Нечен капканды бузуп, тузакты үзгөн куулардан экендиги айыл апага дайын болучу.

Мөлтөйдүн өнөрү тилинде: таман алдынан сөз таап, шашылышта иргилтпей акыл чыгарат. Ата-бабадан калган адат-салттарды курандай жатка айтып, каалаган казыгына байлайт да коёт... Кудайдын мөөрүн чөнтөгүнө салып жүргөнсүп, дегеле өкүм сүйлөп, чындыкты энчилеп алгандай бакылдайт. Эл бийлегендерге иттин жоргосундай сүлкүлдөп кошомат кылуу менен алардын айтканын сүрөп отуруу жагынан жедеп дасыккан.

Мына ошол Мөлтөй Алдаштан сурай берди:

— Ботом, үстү башыңды кир баскан, атыңды тер баскан экен, кайдан жүрөсүң энтигип?!

Чынында Алдаш Агыргайдан үмүт үзүп койгон. Нөкөн сындуу болуш менен жалгыз атчан кедейдин жол талашуусу, зайып талашуусу кайда? Акылы айран болуп, эңги-деңги болуп турган неме «эмнеси болсо да, бир айтып көрөйүнгө» жетелетип:

— Күтүүсүз бир иш болуп калды. «Башың ооруса —

бакшыга чап, жаның ооруса — жакшыга чап!» дейт. Менин жаным ооруп турат. Сизге чапканым ошол! — деди, тигини көтөрө чалып. Мөлтөй ордунан каада менен жай козголуп, мындай чыкты да болгон иштин жөнүн башынан аягына чейин толук укту. Анан ойлонуп туруп суроо салды:

— Бу Агыргайыңды ошончолук эле жактырчу белең?

— Жактырганымды ушундан билиңиз,— деди ишендире. — Өңгөнү коюңуз, тим эле итинин үргөнү да кулагыма жакшы угулчу! Аны ойлогондо жылыткан сүт тамагымдан өтпөйт...

Тиги күлүп калды. Анан тунжурап көпкө ойлонду.

— Анча жакшы көрсөң, мен ушу келинчегиңди кайра койнуңа салып берсем, мага кандай кызмат көрсөтөөр элең? — деди Мөлтөй.

Оо, жашчылыгы курусун! Алдаш уккан кулагына «чынбы, төгүнбү?» деп ишенбей:

— Эмне десеңиз, ошону өтөйм! Колумдан келгенин! — деп жиберди.

— Башка киши болсо, мен кийлигишпейт элем. Атаңды билчү элем. Мен дал ошого жетелетип, ушул ишке барайын деп, бел байлаганы турам. Нөкөн болуштун күчүн болсо, деги билесиң; кынына батпай турган кези... Андай болсо да, ушул ишке бир чапкылап көрсөмбү? Бирок, сен мага ошо келинчегиң экөөң өмүр бою малайлыкка жүрөсүң, мен ошондо гана киришем бу ишке. Кыскасы, карууңду казык кылып, башыңды токмок кылып «кың» дебей кызмат кыласың. Кана буга, кандай дейсиң? — деди кыйды бай: — Ырас, ичкен-жегениңер менден болот. Бирок, акысыз бекер иштеп бересиңер. Сен жылкычы, же койчу болоорсуң. Келинчегиң болсо, үй ишинде болоор...

Жүрөгүн махаббат менен намыс толгон Агыргай үчүн чокко түшүүгө даяр турган неме, көп ойлонбой эле макулдугун берди.

— Мына эми, куда кааласа, арзыган көгүчкөнүңдү колуңа салам! Бирок, ушуга байланыштуу мага малай жүрүү жөнүнөн бирөөгө ооз ачпайсың, чынында сен малай эмессиң да... сен инидей болуп иштеп бер. Эми калган ишти мага коё бер! Менин айтканым менен бол! Эр жигиттин убадасы бир! — деди бай.

Анан ал Алдашты ээрчитип, Чоро болушка жөнөдү. Ал ошо жердеги базарга жакын чайканада отурушканын Мөлтөй билет.

Чоро ак саргыл, бет түспөлү сыйда, пардуу, сакал мурутун сыпаа кармаган орто бойлуу, төрт чарчыраагынан келген, көгүш көздөрү ойлуу да, сүрдүү да караган келишимдүү киши. Манаптыгын баса көрсөтүү иретинде жаштайынан чирене отуруп, чирене туруп, шартына жараша боюн салмактуу тутууну үйрөнгөн. Бетин айран менен жууп, жыттуу атырлар менен чайынып, боюн сыпаа тутуучу. Каздай кайкалай басып, кээде өлчөмү менен чирене калып сөздүн майын чыгара сүйлөөгө ынтызар.

Айтор түспөлүндө айып жоктой көрүнөт. Бирок, ишинде болсо — замандын азуулу бөрүсү экендигин бардыгы билишет. «Баа» деп жерге түшөөр менен эле «батадан тапкан жалгызым өткүр болсун» деп, атасы аны кылычтын мизин аттатып ырымдаган. Өмүрү бий болуп жүрүп өткөн атасынын этегин баса отуруп жаштайынан не бир куулук-шумдуктарга жедеп дасыккан жайы бар. Не бир чечен, сөзмөрлөрдүн арасында жүрүп, бу жагынан да оңой менен камчы салдырбайт. Орто жаш курагынан өтөйүн деп калган кези. Нечен жыл катары менен болуш болуп келе жатат. Бирок, ал жөн болуш эмес — жон болуш. Өзүнө түздөн-түз караштуу эки миң түтүн эл түгүл, чындай келгенде бир чоң урууну жонунан бийлеп кетет. Карапайым эл аны ошонусуна карата «жон бөрү», «дөң бөрү» деп коюшат. Ушул азыр Чоро «Оң жагыма жыгылсам — баланча» уруум бар, сол жагыма жыгылсам — «түкүнчө» уруум бар» деп чытырап күчкө толуп турган кези. Кой момун элди серкедей болуп каалаган жагына баштагысы бар. Бирок, ошо туштагы элдин «бузула» баштаганын билет. Атасынын заманын эстейт. «Аа, кайран киши, көп чүкөнүн сакасы турбайбы? Каалаган жагына калчап жиберчү эмес беле каршыкканын» деп калат кээде.

«Эми ошондой кылып оюңдагыдай калчайын десең, кээ бир букара оңко тура калат, замана-а!» — деп тизесин мыжыгып, мүңкүрөйт.

Мына ошол Чоронун алды тар дешет. Өзү жалгыз сүйлөп отурууну жактырат. Батынып сүйлөш — оңой эмес, кээде жактырбаган кишиси сүйлөйүн деп келатса:

— Зийт! — деп ышкырык чыгарып кескин кагып таштайт.

Бирок, Чоро бу жолу негедир куунак отурган экен.

Жанында бир уруунун чоңдорунан болгон Дыйкан, Апыш, Телтай дегендер олтурушуптур. Мөлтөйлөр салам айтышаары менен эле Чоро:

— Ал, ал Нөкөнүңдүн жөнүн мынабу Мөлтөй да уга отурсун! Айтып берчи! — деп жагалданып күлө берди.

— Айтыңыз, айтыңыз, биз да угалык! — демиш болуп, Мөлтөй да кошоматка күлкү жөнөттү.

— Аа, аны кудай алсын! — деди, Телтай деген семиз мурун жанжөкөрү: — Бая күнү анын үйүнө бир киши түшкөн экен. Бир аз отургандан кийин эле Нөкөн меймандын кайсы уруудан экенин сураптыр. Тиги уруусун айтканда эле Нөкөндүн куйкасы курушуптур. Мейманынын уруусу менен кырды бычак экени маалым эмеспи? Башка жөн-жайын сурабай эле, мейманды «батыраак кетсе» дегенсип: «Атаа, эми эмне кылабыз мейманга, жакын жерде мал бар беле соёрго?» деп байбичесин караганда эле, тиги түшүнө коюп: «Конок койдон жоош, май берсе жей берет» деп жылдырып жамбаштай кеткен экен. «Эмесе, мына муну же» — деп, эшиктен бир чака эчкинин тоңгон майын алдырып алдына койдуруптур. Тиги жебей койсо «Сен менин койгон насибимди чанат экенсиң го» деп, жигиттерине сабатып туруп коё бериптир. Көрсө тиги «мейман» жөн киши эмес, «чен төрө» экен дейт. Бул окуяга бир жума болуптур. Эми, ошо «чен төрө» Нөкөндүн үстүнөн арызданып жатыптыр. Аны тиги кайдан билсин? Аңырандап жүрө турсун, капкандын жаагы чабылганда бир билет да!

Нөкөнгө табасы канган Чоро дагы эле ыкшып жаткан. Мөлтөй «кудай мындай бербеспи» деп сөздү кошоматка салып чукулунан кайырды:

— Ой, ал эчтеңке эмес! Ал көөдөк Нөкөн бизге да кол салыптыр! Мен ошого келдим, ажы, сиздин алдыңызга — деди Чорого.

Бардыгы элейе карап калышты Мөлтөйдү.

— Ажы! — деди Чорого. — Ушул элдин айланта салган коргону болуп турасыз. Сиздин коргонго ошол Нөкөн деген бөрү тийиптир. Агайын-тууганга коргон болуп турган сизге айтпаганда, муну кимге айтамын? Ошо болуш, мынабу жигиттин Агыргай деген никелүү зайыбын тартып кетиптир. Түндө элүү жигит менен келип, чамгарактарын талкалап, катын-балдарды сабап алып кетиптир. Буга тийиштик кылганы — сизге тийиштик кылганы эмеспи? Бу жигит өз букараңыз эмеспи? Деги, бу үчүн болбосо да, намыс үчүн чапкылай турган жумуш болуп калыптыр. Сизди жумурай-журт «Ат качырбас боз айгыр»деп атай тургандыгы маалим. Андай болгон соң, ошо

үйүрүңүзгө азанап келип бир тийген аңги айгырга чалма салаар кезек келген бейм? Кудайга да кул керек го?!

Мөлтөйдүн сала-сал кылып чалганына Чоро болуш бир аз кыйыла түшкөндөй болуп туруп, кайра «коргон» дегенине жеңдирип, «айтса-айтпаса мунуку төгүнбү» деген ойго жетелетип, жибий түшкөнүн байкап отуруп кыраакы Мөлтөй таскак ура берди...

Чоро менен Нөкөн экөө эки урууну бийлеп, бир чыбык менен каалаган жагына айдап тургандыктан, бирин-биринен кем санабай башынан ataандаша жүрүүчү ылаңдары бар. Бири-бирине алдыртан тузак салып, чалып уруу — буларда илгертен келе жаткан адат экендигин баары билишет. Андыктан, Чоро эң мурда өз намысын ойлоду. Агыргайды кайрып ала албаса, элге сөз кетээрин түшүндү. Беделине чаң жугаарын билди. Эл арасында сөзү өтүмдүү болуп бараткан Нөкөндү бир чалып жыгууга мурунтан тишин кайрап, оңтоюн келтире албай жүргөн. Эми бул иш ошого шылтоо болду да калды. Анын үстүнө эл көзүнө эки үзөңгүнү тең тепкен кара букарачыл болуп көрүнө коюу да жаман эмес. Замандын түрү башка. Нөкөндү жыкса, айып малы да келет. Чоро ушуларды ой таразасынан өткөрдү...

Мындан башка Чоронун Нөкөнгө кекенип калган жекече өчү бар эле. Анткени, ал жалаң «бир» деген атка минер, болуш, бий менен байлар отурган топто, Чоронун жоктугунан пайдаланып, эл алдында анын бир калпын кармап алып, бардыгына угуза:

— «Оо, бу өлчөмдө Чородой калпычы жоктур! Анын калпы чын сөздүн чылбырына сүйрөлүп жүрөт» — деп бакылдаптыр.

Бу сөз эл арасында «дуу» дей түшкөндүгүн Чоро жакшы билет.

Ошондон тартып анын кыябын келтире албай жүргөн эле. Бир жолу бастырып бара жатып, жанындагыларга мындай деген болучу:

— Аа, Нөкөн! Сага маш тийип турган экен! Шашпай тур, көсүр менен баскандай кылаармын, сени!..

* * *

...Эми, мына ошол Нөкөн үчүн издеп тапкыс шылтоо өзү келип бербедиби?!

Мөлтөй Чоронун алдына келээрде «Алдаштын ишинин» бүтөөрүнө көзү толук жетпегендиги да чын. Андай

болсо да, кайырмакка илинчү жумуш: үмүтү бар. Бирок, жанатан бери Чоро унчукпайт. Алды-артын байкап жатат.

Төрт чүкөнү «дарттикем» деп калчап, келсе келбесе да доо койгон акчаны көздөй умсунуп калган кумарчылардай болгон Мөлтөй Чорого акыркы жолу өтүнө берди:

— Кана, ажы! Сиздин дубалуу оозуңуздун жылуу илебине...

Бирок, ал сөзүн бүткүчөктү эле, Чоро болуш жулуп кетти.

— Агыргайдын кандай келгендигин, жаки, Алдаш кандай ала качкандыгын уккан жерим бар... Бу Нөкөн мурунтуксуз букачар болоюн деген экен. «Мурунтан чыр эле, ит капканы биротоло кокуй болду» дегендей, Агыргайды ага калтырып койсок, энди Нөкөңө булут минсек жетпейбиз! Көп сөздүн кереги не? Нөкөн желдин кырындай көп тийиштик жасайтун болду! Мунусу тийиштик тургай зордук. Аңгини чидерге сийгизип, үч буттап коёр кезек келген экен го. Кана! Не дейсиздер?

— Менин да оюм ушул. «Бир келтекке — бир токмок». Жигит-жалаң менен бир чамынып койсок, буларды тим эле ат менен тепсетип кетпейбизби? Жабыла барып, күлгө оонатуу керек! — деди Телтай деген атка минер. Узун-туурасы бирдей, семиз мурун, көкүрөктүү ыңгыранган неме экен.

— Бир уруулуу журттун атадан энчилеш, бабадан тамгалаш бир капталынын учаар канаты, коноор куйругу болсом деген талапкер бийденсиң, кана, кандай акылың бар, ортого сал! — деди Чоро, Апышка карай берип тамагын жасанып.

Болушунун сөзүн какшыгыбы, чыныбы деп туруп, көп көңүлдөнбөй кыскача:

— Бу Нөкөн дүнүйөгө да, сөзгө да мүдүрүлбөйм — деген неме эле. Мүдүрүлчү кезеги чындап келген бейм! «Житкен окту — аткан ок табат» деген. Сурап барганда бермек беле? Кара күчтөн башка айла калбаптыр. Тизеге басып, башына жаңгак чакчу жумуш экен! — деп «бурк» этип маасысын черткиледи.

— Биз Нөкөн дей турган сасык ооздун былыгына энди чыдабайбыз. Бүлөбүздү кайтарып алуубуз керек. Нөкөндүн өз төрүнө өзүнө кудук каздыруу керек,— деди Чоро.

— Бул үчүн болбосо да, намыс үчүн, журту үчүн чапкылаарыбыз бышык. «Улуу атанын баласынан улуу сөз чыгат» дегендей, болуш бу жерде бизге чоң сөз айтты.

Ал айткандай, биз намыстын изин кууп, кырдын кызылына жүгүргөн бөрүнү ийнинен сууруп, чыбыгын жулуп таштообуз керек! — деп күүлөндү Апыш.

— Узун сөздүн кыскасы: ал элүү жигит менен келсе, биз жүз жигит менен барабыз! Бүгүндөн калтырбай Агыргайды апкелсек кантет? Мындан башка чара кароолума илинбей турат,— деди Телтай.

Чоронун жанында отурган баарынан жашы улуу Дыйкан деген атка минер эле. Өңү-башы капкара болсо да, көзүнүн тарапырандай көпкөктүгү, жайкалган узун сакалы менен бүркүт мурууну бир топ сүрдүү көрсөтөт. Эмки кезек ушу Дыйканга келди.

— Биз аларга күч менен барганда алар карап турчу беле? Бир келин деп кур намыска чапкылаганда өрт чыгып кетеби деп корком. Деги, ушу катындан кечип койсок кантет? «Катындын кесири — кырк эшекке жүк» деп, никелеп алган эрин чанып-безип жүргөн неменин кесири тийбесин? Арзыбас ишке ат коюп, тап коюп кулач уруп, не пайда,— деди Дыйкан эки жактагыларды карана берип.

Башынан Мөлтөйгө каршы Дыйкан анын эмнеликтен Алдашка күйүп жатканын билиш үчүн кара күчкө айтымыш болду. Анын үстүнө жалгыз баласы жаңжалга жакын болгондуктан,окус жаңжал чыкса ошо бала — «бирдеме болуп кетпегей эле» деп ойлонду.

Жанараак күүлөнүп отурган Чоро Дыйкандын сөзүнөн кийин ойлонгонсуп калды.

«Карап отурганча Алдаштын тамырын тартып көрөйүнчү» деп Апыш андан суроо сала отурду эле, кайтчу түрү көрүнбөйт:

— Мен аны ала албасам, Нөкөндү жастана жатып, босогосунда өлөм! Ноктолуу башка — бир өлүм! Жарагым колдо, жан уяда турганда Агыргайга жетпей тынбаймын!

Чоро жанатан бери ичинен «ушу бир катындын айынан кутулбас куяга калбайын» деп санааркагансып отурган. Алдаштын сөзүнөн жана тигилердин «барып алабыз» дегенинен чочуңкурай баштаган. Өзүнчө жарга такалып, чыгаар жылчык издеп жатты. Эл барып, жаңжал чыгып, окус киши өлүп кетсе, Чорого сөз тиердиги чын. Барбайын десе, бедели бөксөрүп, намысы колдон чыкмакчы. Анын үстүнө Алдаштын мүнөзү жаман. Ичи күйгөн неме Нөкөндү жастым кылып койсо, «Чоро жумшады» болгон турат. Бирок, өзүнүн Нөкөндө өчү да бар...

— Өнбөс доого чөк таштап, не кажаты бар? Катын

менен отун табылбай коймок беле? Денең ысып, жүрөгүң алоолосо, эртең эле бир катынды кучактачы! Агыргайды ошо замат унутасың. Мен сага ысылаган денеңди суу сээп баса турган дары таптым: кечикпей зайып алгын! Жаштыкты жаштык менен бас. Агыргайга ак урбай, башканы тап! Анчалык ашыктыктын барбанасы болуп, жүрөгүң күйүп баратса... Ургаачыга да эр жигиттин ошончолук мээри түшчү беле? — деди, Дыйкан.

Чоро «тобокелге» салдыбы, ким билет:

— Эй, аксакал! — деди Дыйканга,— бу не дегениңиз? Бу жерде катындын кеби жок! Бу жерде намыстын кеби жүрүп жатат. Биз ошого айланчыктап жатабыз. Намыс алсак, айып малы кошо келбейби аны ээрчип! Же ашык дүйнө баш жарчу беле?

— Аа, кокуй! Баса, айып малы бар эмеспи? «Никелүү келинибизди тартып алды» деп айыпка жыгат эмеспизби? Кокуй, анда мен койдум! — деди эле Дыйкан, бардыгы күлүп калышты.

— Калыстык кылам дейсиз да, анан мал десе тура чабасыз да, жарыктык! — деген Чоро тигини биротоло жүйөөсүнө салып шилилеп алды.

Антсе да, ичинен Дыйкандын сөздөрүн териштирип жатты. «Чын эле бир болбогон ишке асылып, бийлик тизгинин колумдан жылбыштырып албайын» деп кооптонду. Антейин десе, жанараак Мөлтөй ургур «Ат качырбас боз айгыр» деп таштаган жүйөөгө салып. Анын оозун ким тыят? «Чорону алтын тутка», «айланта салган коргон» деп жүрсөм, бу да бир пенде белем?» деп, эртең эле элди аралай чабаары бышык.

Айтор, акылы айран болду. Бирок, неси болсо да, Агыргайды апкелүү керек деп ойлонуп отурду. Анткени менен кандайча алып келүүнүн жолун билбеди.

Чоро «адеп сүйлөгөн адам ташка тиет, башкаларды угуп, терген-тескеп алып сүйлөгөн адамдын сөзү гана каароолго илинет» дегенди биротоло башынан эреже кылып алган. Чоң иштерди чечүүдө ушу эрежеге баш урчу. Болбосо, кадыресе иштерде жалгыз сүйлөп, башкалардын алдын бууп капталдан кирүүчү.

Чоронун мурдакы сөздөрүнүн балбандыгын баамдап отурган Телтай өкүмдүк кылды:

— Кана! Бу жерде баарыбыз баш кошуп калган экенбиз, баланын таалайына жараша. Бешөөбүз жыйырмадан жигит чыгарсак, туура жүз жигит болот экен. Бүгүндөн калбай аттануубуз керек!

— Жо-ок! — деди Апыш. — Алар бизди келип калат деп, азырынча жигит-жаланы менен камдуу турушкандыгы шексиз. Бир аз изин суутуп, он чакты күндөн кийин унуткарып барып басалык!

— Азыр аттануубуз керек! Бизди токтото турган кана ким бар? — деди Телтай.

Мөлтөй баятан бери тигилерди сынамакка унчукпай отурган эле:

— Мырза деген баатыр чалыш манап мактанчу экен: «Көл толкуса — тоо токтотот! Мен толкусам ким токтотот!» деп. Ошондо анын башын Адыл баатыр кесип алганын билесиң, мунун кыйындыгын кара деп. Аярлап, акыл менен иш кылган жакшы. Сенин бул сөзүң кароолго илинчү сөз эмес! — деди аны жактырбай: — «Айласыз баатыр каманга чабат» болбойлук.

— Андай болсо, айлалуу акыл таппайсызбы? Анчалык ашып-ташып баратса! — деп, тиги чычалай түштү.

— Улуу киши менен тебишип сүйлөгөнүңүз болбойт, зыйт! Анын да өз акылы бардыр,— деди Чоро.

Апан эңкее калып, Мөлтөйгө бирдеме деп шыбырады. (Бир ооз шыбыры менен ушул чатышкан окуянын түйүнүн Чоро ошондо чечип таштагандыгын бир-эки кишиден башкасы көп жыл кийин гана барып билишти).

Бир топко унчукпай калган Мөлтөй тигилерден кайта сурады:

— Башка айлаңар барбы?

— Эмненин айласы?

— Жок, мында эмненин айласы болсун!

— Болгонун айтпадыкпы?

Чоро гана унчуккан жок.

— Эмесе менде бир акыл бар. Ушу ишти мага бергиле, мен бүтүрөйүн! Намыс жумушу экен. Минтип калжайып жалгыз азуу тишим калды эле, ошол азууга Нөкөндү бир салып көрөйүн! — деди Мөлтөй.

Бардыгы: — Болсун! Болсун! Бердик! — дешти, бир ооздон.

Эмне акыл тапканын «биле албай» турган Чоро сактанып сурады:

— Кандай акылыңыз бар?

Бирок, Мөлтөй тунжурап унчукпады. Ага болобу, отургандар кыстап киришти:

— Ал эмне сыр сандык?

Дагы үн катпады.

— Сызгырып ичсеңиз да айтсаңызчы! — демиш болду

Чоро акылды өзү үйрөтүп коюп, калп эле билмексен болуп.

— Айтыңыз! Данеги барбы, же жокпу, көрөлүк!

— Айтпайын дедим эле. Такып калдыңар. Энди болбостур — деген Мөлтөй үнүн көтөрүңкү чыгарып, капыстан суроо салды:

— Бу жакын арада өлгөн киши барбы?

Ойдо жок ишти сураганына бардыгы таңдана калышып, аны карап делдейишти.

— Кечээ эле тиги манаптардын бир жигити өлбөдүбү? Аны бүгүн коюшту. Ии, эмне экен?

— Ой, жарыктык! Сиз аны эмне кылат элеңиз?

— Мен анын көрүн ачып, Нөкөндөр өлтүрдү кылам! — деди, Мөлтөй.

Элеңдешкен немелер чочуп кетишти.

— Зыйт! Сиз Баатырдын жигитинин көрүн ачат имишсиз! Ал энди Баатырдын да, менин да Түлөбек тукумунан экендигибизди билбейсизби? Биздин тукумга ак кызматы өткөн кишинин көрүн ачууга кантип батып барган турасыз? — деп, Чоро аны акырая карады. Кимдин көрүн ачууну мурда ага айткан эмес эле Чоро болуш.

— Кокуй! Анда мен койдум. Жаңылыптырмын! Жазыптырмын! — деп, күйпөлөктөдү Мөлтөй.

— Андан башка жакында өлгөн киши барбы? — деди Мөлтөй.

— Ой, баса! Мурдаагы күнү тиги кул уруусундагы Кенжетай деген өлбөдү беле? — деди Телтай.

— Оуу, анда ошол карасакалды качырыңыз! — деп сөздү Чоро чирене.

Алдаш ошол карасакал уруусунан боло турган.

«Оо, замана! — деп отурду ичинен Алдаш. — «Бу адамзат өлгөндө гана бири-бирине теңелет» дешчү эле. Көрсө, бекер турбайбы? Кечээ өлгөн тигинин көрүн ачпай, мурдагы күнү өлгөн Кенжетайдын көрүн «кул эле» деп ачканы жатканын карачы!».

Ичи уйгу-туйгу отурган Алдаштын айласы кетти. «Бечара Кенжетайды көрүнөн козгоп, өлүгүн бетке кармап элге шылдың болуп, Агыргайды албай эле койсом, кантет?» деп ойлонот. Бир туруп «анын көрүн мен ачтырган жокмун, мына булар ачтырып отурат, а балким анын көрүнүн ачылгандыгын айтпастырбыз, буларга уят болбогон мага уят болчу беле?» дейт. Кайра туруп «булар уятты билеби, өз жолунда жаман менен жакшыны ылгабайт эмеспи?» деп ойлонот. Макул болбосо, Агыргайдан

түбөлүк айрылган турат... Айтор, акылы айран болду. Акыры «Нөкөндү өлтүрүп, Агыргайды көз көргүс жакка ала качайын, баары бир кармашаар, өлтүрүшөөр — андан коркуу жок. Бирок, ага эмне болот? Жаңжал чыгарган шуркуя» деп туруп, Агыргайдын өзүн өлтүрүшөөрүндө шек жок. Башы маң болуп турган Алдаш бир маалда:

— Бир бечаранын көрүн ачып, катын албай-ак койдум! — деп жибергенин өзү да сезбей калгансыды...

Тигилер айраң-таң калышты.

— Ой, коодок! — деди Чоро тикирейип. — Эмне башты оорутуп отурасың! Куурчак оротуп алып, биз менен ойногону келдиң беле? Жанаа эле «ал үчүн жанымды кыюуга даярмын» дебедиң беле? Катын жандуусун не бересиң, буургандын!

Чоро бир четинен жашы жагынан улуу, каяша кылбоо керек. Манаптыгы бар: каяша кылганды гана эмес, кыйыгына тийгенди өлтүрөм десе да, анын айласын табат. Алдаш «кың» деп унчуга албады.

Ал анан Мөлтөй отоп кирди:

— Кара жаныңды бага албай жүрүп, катынды ким коюптур, сага! Дагы жөн катын эмес, жылбырындуу-жылдыздуу немеге качырганын кара! Оо, таз жорудай шоңшойгон урган! Жанагы сөзүң кана? Убада кана? Көрсө, сен аны жактырганың жалган турбайбы? Оо, насили жаман ит! Ой, тобо, карасаң! Дал ушундай ургандардын багына жанагыдай жылбырындуу катындар туш келет экен го, чиркин! А да бир урган көрүнөт. Эркекти эңсеп акылы айныган немего. Жамынаар төшөгү жок ушу урганга Нөкөндүн башын аттап качып келген бир жел таман неме да!

Ал да улуу, сөз кайтара албады. А түгүл, мунуку чындыктай сезилди.

— Бу сен, деги ошону жактырганың чын беле? — деп сурады Мөлтөй.

— Чын.

— Чын болсо, эмне кылчактайсың? Сыйкы, сен жанагы көрдү ойлоп тарткынчыктап тургандайсың? Анда сенин эмне жумушуң бар? Же, мынабу Чокемден да даараттуу киши белең? Намыз жумушу үчүн жана арзыган ашыктык жолунда мындай иш кечимдүү боло тургандыгын билип, ушуну айтып жатпайбызбы? Пендеси биз түгүл, Обо энеге Адам ата ашык болуп, бейиштен куулгандыгын билбейсиң го, сен урган. Анда сенин колуңа ыйман шарып беш баракты карматып, келмеге тилиң келбесе,

тилиңен чоюп бетке уруп, мусулмандын жолуна салуу керек экен го! «Бир чети өзүбүздүн кулунубуз экен деп, экинчи чети намыс жумушу экен» деп, тиги Нөкөн болуш менен текөөрлөшкөн отурбайбы, мынабу Чокем?!— деген Мөлтөй Алдашты жарга такады.

— Деги айта салдым да! — деп кутулду Алдаш.

— Жок, сиз жаңыласыз, Мөлтөй! — деди Чоро: — Бул иш окус чатакка айланса, «көрдү ачкан ушу» деп, Алдашты кармата бергиле!

Ошону менен үзүлгөн сөз кайта мурдакы өзөгүн тапты. Анан өлүктү кандай ачуу, ким ачып... ушулар жөнүндө кыскача сөз болду.

— Бирок, Кенжетай карасакалдын өлгөнүнө үч күн болуп калды, бузулуп кетпегей эле? — деп, Мөлтөй кыйыла түштү да, кайра эсине бирдеме түштүбү: — Кайыр, анда анын айласын да табаармын! — деп өйдө обдулду.

— Ээ, анын бузулган бузулбаганын көрканачы болбогондон кийин ким билиптир! — деди эле Алдаш, аны Мөлтөй бир чаап эшикке айдап жиберди.

Бирок, ошондо Алдаш буларды чын эле «намыс» үчүн жана «мени малай кылмакка чапкылап жатат ко» деп ойлогон. Отургандардын башка максаты да бар экендигин анда билген эмес. Аны кийин билди.

— Байкоосуз иш кылып алып, таза уят болуп алып жүрбөйлүк! — деп эскертти Чоро: — Окус бу иш жарыя болуп калса, мындай чөп-чар менен мени аралаштырбагыла!

— Ушундан жаңылсам, жалгыз азуу тишимди өз колуңуз менен каңтарып салыңыз. Силер бу ишти көргөн да, билген да эмессиңер. Баарына өзүм жооп берем. Мени кармата бергиле, бирдеменин чети чыкса. Бирок, бу жагынан кооптоно бербегиле? Мынабу азуу бекер саргайган эместир. Биз Нөкөндөргө өзүнүн салган кашыгын салган жатабыз. Баягы жылы биздин жерден көчүп баратканда бир кемпири төөдөн жыгылып өлсө, бизди өлтүрдү деп топко салып айып албады беле? Биз да ошонун өчүн алып, бекер кеткен малдын шилекейин кайтарабыз. Энди Нөкөн менен кырчылдашып, чайнашып жүрүп өтөм! Айтканым айткан! Бир өлүккө алым жетпей, не болуптурмун! Аткара албасам, кошо көмгүлө! Калганын көрө жатаарсыңар. Букара карасакалымды көрүнөн тургузуп бир тамашадан чыгаармын. Бирок, акырына чейин менин акылым менен болгула. Азыр тетиги арабаны айдаттырып, үч-төрт киши менен жөнөймүн. Силер чогууңар ме-

деп Алдаштын айлында болгула, мен келгенче. Калганын көрө жатаарбыз! — деди, Мөлтөй күүлөнө...

— Төмөнөнин көзүнөн өткөн эпчилдигин көр!

— Капырай! Бу бөдөнө сакал чал бизди кызылдай шерменде кылбасын! — деп, тигилердин шыбырашып калганын Мөлтөй байкай калган белем:

— Чал! Чалдын жүргөн жери — мал! Чалдын мурдун, аарчы, айтканын ээрчи!.. Тыгылган арабаңарды кыяга тартаар коңур өгүзүңөр эмесминби? Менин айтканым менен боло берсеңерчи! — деген Мөлтөй кайрыла берип, дагы кыйкырды:

— Же, атым чыксын! Же, жытым чыксын! Чү, жаныбар!

* * *

Мөлтөй баштаган беш-алты адам ат-арабачан болушуп, тоо этегиндеги дөбөчөгө ыкчамдай жете келишти. Бу дөбөчө турган жер Сары-Коюн аталат. Андан калса, жердин шартына жараша аты да абдан таамай коюлган экен. Өткөн-кеткендер бата кылышып өтүшсүн деген ниет менен Сары-Коюндун дөңүндөгү көрүстөн кара жолдун таманына жакыныраак, мал-сал тебелеп, булгабай турган ыңгайлуу жерге жайгашкан. Эрте жазда балапандап чыккан чөптөр бу жерге туш тарабынан кашкайып тийген күндүн илебинен бат эле сап-сары болуп куурап калгандыктан, Сары-Коюн деп аташса керек.

Арбактарга арнап куран окушуп бүтүшкөндөн соң, тегерегине таш калаган дөбөнүн так чокусундагы жерди Мөлтөй «Баланчанын сөөгү коюлган жер» деп көрсөттү. Качан, кайсы заманда коюлгандыгын мүрзө жер менен жер болуп калгандыктан, болжоп билүү кыйын.

— Мына! — деди, Мөлтөй: — Биздин ата-бабаларыбыз жаткан жер ушу. «Жерге сиңип кеткен жети атаң», «Жерди жемире баскан чал буура» деп биз ушуну айтабыз. Мынабу таштагы арабча жазууну көрүп турасыңар...

Көгүш түстүү жалпак, сүйрү ташты көрсөттү. Жазуунун кээ бир жери өчөйүн деп калган экен.

— Бул таш жанагы баатырдын мүрзөсүнө коюлган таш деп да айтышат. Бу таш Ысык-Ата Арашанындагы калмак таштагы оюудан көп кичүү деп айтышаар эле.

— Мында эмне деп жазылганын окуп чыккан молдо барбы? — деди бирөө, ар жакка барып ошо жерге коюл-

ган өзүнүн туугандарынын бирине бата кылып келгенден соң.

— Бар! — деди Мөлтөй. — Муну баягы жылы Күзөй дубана окуп чыккан. Мен ошондон үйрөнүп жатка алып алгам. Бул таштагы жазуунун жөнү мындай экен:

Мен келдим бу дүйнөнүн несин билип?
Эр жеттим, дүйнө жыйдым акыл кирип...
Жалгандан алып кайткан жалгыз олжом:
Жайыма жеңсиз көйнөк жаттым кийип...

— А, чиркин! Анысы төгүнбү?

Көрдү ачышып, өлүктү алып чыгышты.

Өлүктүн башына суусар тебетей, үстүнө жакшы чепкен кийгизип коюшту. Бирок, башын жара чабууга киши чыкпады.

Акыры эч кимдин кол булгагысы келбегенин билген Мөлтөй жеңин түрүнө кетти да:

— Мындай намыс ишке атанын баласы жарайт! Өлүктөн да киши коркчу беле? Уясы сасык силерден бирдеме чыгат деп ойлогон мен да кем экенмин. Чоң кудай өзү кечирээр! — деп туруп, өлүктү суусар бөркү менен кошо баштан ары балта менен тартып калды. Бирок көзүнө бир нерсе келип «былч» дей түштү.

Мөлтөй өлүктү чабаарда тескери бурулуп кеткендер бери карашса, ал өлүктү бир көзүн басып алып үңүлүп карап жатыптыр. Ойдогудай чабылыптыр. Бети-башын адам таанып эмес. Бирок, кан аккан жок.

— «Кан чыкпаган кандай өлүк» дешип, балээ кылышаары бышык. Аркы музоону мууздап жибергиле! Карасакалымдын жолуна атап, мууздагыла! — деди Мөлтөй жууна берип, көзүн сүрткүлөп.

— Кишинин каны менен жаш музоонун каны түстөш болот. Айрып тааный албайсың. Ушинтип укчу элем,— деди ал: — Кана, эми калп дегенин көрөйүн!

Музоону мууздашты. Канын тосо коюп, өлүктүн башына куюшту. Кан ката баштады. Суусар бөрк, чепкен кан болуп, киши колдуу болгондой кебетеге келди.

— Көзүм оңбой калды. Сокур болбогой элем! — деди Мөлтөй.

Анан кашка бедении үстүнө арчанын жалбырактарын жалбыз аралаштыра төшөп туруп, өлүктү жаткырышты. Өлүккө атайы кийгизилген көйнөк-дамбалдын бардыгы кызыл ала кан болду. Көөп турган ичине суу түбүнөн алынган муздак ташты бастырып коюшту. Алдаштын ай-

лы Бишкек калаасына жакын боло турган. Бат эле жете келишти. Бу жерде он чакты боз үйдөн бөлөк-бөтөн эл жок боло турган. Бу жер жаздоосу болуп, чоң жайлоолорго кетишкен. Мөлтөйлөр жакындап калганда боз үйдөн чыга калышкан эл келаткан жакты делдейе карап калышты.

— Кана, баштай бергиле! — деди Мөлтөй, көзүн сүрткүлөп.

Келаткандар өкүрүмүш болуп түшүштү.

— Эмне балекет болуп кетти? Ким болду экен? — деп, селдейе калган үй жанындагылар да чууга түшүп калышты.

Өлүктү бир үйдүн каптал жагындагы чий тосмонун ары жагына сасып кетпесин деп аманат чуңкур казышып ошого жаткырышты.

Өлгөндүн ким экендигин беш-алты кишиден башка эч ким биле элек. «Атаны коку-уй», «Эсил кайдан көрөйүнүп!» дегенден башка жарытымдуу нерсени өкүрүк арасынан кулак түргөндөр угуша албады.

Ушул окуя болоордон үч күн мурда Алдаштардын айлына таластык күйөө баласы келинчеги менен келген. Ал Алдаштар менен жанагы «чоңдорго» бирге барган. «Өлгөн киши ошо» деп тигилер акыл курушуп, күйөөнү Бишкектен эле «сен азырынча бара тур» деп, ошоякка жиберген болучу Мөлтөй.

Тургандар бир сыйрадан өкүрүшүп, желин чыгарышып алышкандан соң, Мөлтөй бир чулдурду чакырып алып, табыштап айтты:

— Эй, баатыр! Сен тетиги байбичеге барып, «өлгөн күйөө бала көрүнөт, түндөгү аламанда жоо артынан кубалап узап кеткен экен, тигилер кайрыла калып, башын балта менен жара чабышыптыр» деп угуз. Атайы айтпасаң деле, бирдемеге шылтоолоп жакындап барсаң, ал өзү сурайт. Ошондо ушуну айтып күңк-мыңк этимиш бол! Кийин жообун өзүм берем. «Өлүктүн башка экенин кийин билип калышса, мени жакалашат» деп коркпо! Антип сурашса: «Мөлтөй ушинтип айт деп жумшаган» дебей жаның жокпу?

Муздан жетелеген торпоктой бир аз кыйыктангансып туруп, кемпирге жөнөдү. Эшиктин алдындагы талпакты сүйрөмүш болуп, берки эркектер турган жактагы сөзгө кулагын түргөн кемпир тиги келээр менен эңкейе берип айткандай эле, өзү сурады:

— Ыя, ботом! Кимиси болуп кетти?

— Аныгын ким билиптир. Тиги Мөлтөй «күйөө балабыз» деди го...

— Көтөк! Көчкү алгырдыкы! «Күйөө балабыз» дейт турбайбы? — деген бойдон үйгө жүгүрүп кирип, «Кашайгыр! Кашайып калыптыр! Күйөө балабыз экен!» деген бойдон «өлгөндүн» аялын баса жыгылды.

Бу белимчи кемпир эле. Оозун ачып, көзүн чакчайтып, кулагын делдейтип, эмне сөз укса да таң калып, ойтоонун башын айтып чочуп, бирөөнүн сөзүн он мертебе кайталай бере турган адаты бар.

Суук кабардан селт чочуган келин бир паста эсин жоготкондой селдейе калып, анан анардай кыпкызыл бетине уу тырмагын батырып-батырып алып, талып жыгылгандай болду. Бетин аябай тырмаган экен, салаа-салаа кан тамчылады. Катындар туш-туштан жарыша кошуп киришти...

Жер чукумуш болуп отурушкан эркектердин ичинен Чоро (ал ошоерде эле) менен Мөлтөй өйдө турушуп, боз үйгө киришти. Капшыттагы чийди ачып жиберип, өлүктү карап туруп, Чоро айтты:

— Кайран, Мөлтөй, жарайсың! Энди калганын бышыкта! Мен бастырып кеткендей болоюн. Сен башка камыңды тезирээк жайлагын да, үч-төрт киши менен калаага чап: «күйөө балабызды өлтүрүп, үй-жайыбызды талкалап, катыныбызды тартып кетти» —деп уезачандикке кабарла! Параны мыктап бер! Догдурун баштап, салдат апкелсин! Ошо ченде мен да акмалап туруп, ушээрде боломун! Калганын көрө жатарбыз! Карасакалдан аксакалдарга бирдеме өндүрбөсөң, сен Мөлтөй болосуңбу? Тездет! «Кишибизди өлтүрүп кетишти!» деп, туш-тушка кабар бер! Алар келип, өкүрүп турушкандай болсун. Калган сөздү Телтайга айтамын! Анын кылаар иши өзүнчө!

Чоро Мөлтөй, Телтай, Дыйкан, Апышты ээрчитип чыгып, өзүлөрүнчө кеңеш куруп жатышты. Анан Мөлтөй калаага аттанды. Апыш калаага үч-төрт жигит менен аларды өзү баштап бармай болду. Болгон ишти Телтайга дайындаган соң, Чоро менен Дыйкан да эки-үч жигитин ээрчитип, калаа жакка бастырымыш болду.

Тигилер кеткенден соң, Телтай бир катар эркектерди чакырып алды да, кеңеш курду:

— Минтип күйөө баладан айрылып отурабыз. Келинибизди тарттырып жибердик. Нөкөндүн зордугу өттү! Көп сөздүн кереги жок! Өлтүргөнүн өлтүрүп отурат. Калаага кабар кетти. Уездин өзү келет. Бирок, орустун тө-

ролору тергоого келгенде «үйлөрү аман-эсен экен» деп, күмөндөр болушу ыктымал. Андыктан, үйлөрдүн керегебосоголорун талкалап, үзүк-туурдуктарын кылычтап, найзалап жибергиле! Казан-аякты бүлүнтүп, жүктөрдү чачкылап, кызыл уук кылгыла! Бир канча жигиттерибиз кызыл ала кан болуп төмпөш жегендей болсун! Андан эч нерсе болбойсуңар! Ыгым-чыгымыңар менин мойнумда болсун! Намысты сууруп алгандан соң, ак батамды беремин! Жок эле дегенде мурдуңарды канатып, кан чыгарууга жарабасаңар, мал-башыңар талоонго түшөөрүн эскертип коёюн. Эгерде бирөөңөр ант-шертти бузсаңар, тетиги музоодой мууздалып калгыла! «Ала болсоң — алдыраарсың» дегендей, бирде-бирөөң алалык кылбай, орус төрөлөрү келгенде жабыла өкүрүп, даттанып тургула!

«Ай!» деп чырлашпай туруп, «таяк жейт экенбиз го» дешип Телтайдын сөзүнө таң калгандар «кимибиз таяк жээр экенбиз» дешип, бири-бирин караштьг.

Айла жок. Макул болбоско, чара кайда? Бийдин балээсине калгандан көрө, мурунду былч дедире бир муштап алып, кутулган оң.

— Кана, макул дегениңер, алаканыңарды жайгыла!— деди Телтай.

Тургандардын бири калбай, алакандарын жайышты.

— Ант-шертти бузгандарды ак батабыз урсун!— деди. Бардыгы бата кылышты.

Мөлтөйлөр жакын турган Бишкекке сабап жүрүп кетишкенден соң, он чакты үйлүү айыл ого бетер чууга түшүштү. Үзүк-туурдуктар сыйрылып, кийиздер найзага алынды. Керегe-босоголорду балта менен жара-жара чабышты. Чамгарактардын чыт-быты чыгып талкаланды.

— Өлүгүңө ит чочоюп калгырлар! Бу эмне деген шумдугуңар? — деп баягы белимчи кемпир сабоону алып, ар кимди чапкылап жулунуп жүрөт. Тигинин кебетесине күлүшкөн жигиттер, аны тамашага алып, ого бетер каткырышып, кемпир жете келгенде жалт беришет. Жигиттердин бул кылыгына ого бетер жинденген кемпир, сабоо менен жаза-буза серпип калып жете албай шайманы ооп, күшүлдөп-бышылдап келип улам бир жерге отура калып, жер сабайт:

— Өзүңөрдүн түндүгүңөр түшкүсү бардыр! Соолуп кал эле, соолуп кал! Артыңдан куулуп, алдыңдан буулуп кал! Кара калмак түндүгүңдү найза менен ачкысы бардыр!

— Ой, өксүгөн дүйнө! Бири кемчил түбү жыртык дүнүйө, бизге эмне мынча асылдың?

— Маңдайым кайкы, ырысым тайкы бейбак белем?— деген үндөр ар тараптан кулак тундура баштады.

Тетиги эшиктин алдындагы бир жигит үйдөн бир чоң казанды сүйрөп чыгып, таш менен ургулап сындыра албай жатат. Аны көргөн бир катын жулунду:

— Ээн жердин бөрүсүндөй күрсүйгөн өлүгүңдү көрөйүн! Кайдагы казаны жок жайдак, катыны жок бойдок эле? Кашкардан келген жез казан эмеспи! Тарт колуңду куттуу казанымдан, өлүгүңө ит чычкыр! Кайдасы-ың, Кашкарбек! Кашкарбек болбой, катып кал! Көк түйнөктөн жатып кал! Казанды жардырып карап тургуча, катын болуп калсаңчы.

Уу тилге намыстана түшкөн Кашкарбеги далдая басып келип колундагы жыландай сойлогон шапалак менен «зып» дедире тигини имерип туруп тартканда, чалкасынан кеткендей болду. Бетине дал тийген экен, бүлөөдөй болуп, көгөрүп чыга түштү.

Серүүндөп бастырып кеткен Чоро, о бир эт бышым чеңде келди. Жаңжал чырды кан буугандай токтотту:

— Жарайды! Жарайды! — деди чоюлуп. Анан жигиттерине буюрду:

— Бардыгын ыгы менен жайлаган экенсиңер. Бир кул таяк жесе андан эч нерсе болбойт. Ээси кулун уруп эле коюучу! Андан көрү, тээ айыл жактан беш-алты киши бастырып келатканын көрдүм. Болду болбоду, алар кул тукумунун кишилери. Ушундайда тийбеген кулдун пайдасы, анан качан тиет? Энди өңгөнү коюп, силер ошолорду көздөгүлө! Өкүрүп түшөөр менен кызыл камчыга алгыла! Жообун мен беремин!

Айткандай эле, бир чай кайнамда жогортон өкүрүк угулуп калды.

— Тигини! Өкүрөңдөтүмүш болуп, тегеле калптан өкүргөнүн карагыла! Түшкөндөн кийин чындап өкүрөөрсүңөр! — деди Чоро: — Кычуусун тырмап койбосо, кашына бере турган көрүнөт. Энди койдой жоошурсуң. Тетиги жулунган кимиси, ботом?

— Ал баягы таз мыкчегери эмеспи!

— Ха! Башыңан төөмөтөк алдырганы келаткан экенсиң, кургурум!

Өкүрүп түшкөндөр алты киши экен. Бирок, тиги таз мыкчегерди аттан ооп түшөөр менен эле, жигиттер Чоро тарапка алып кетишти. Калгандары эки-үч кайрып өкүргөндөн соң, тып басылышты. Колдорун чайый баштаганда аркы туштан чаңырык угулду;

— Кайдасың, букара! Жеди эле, жеди! Сойду эле, сойду! Эмне карап турасыңар?

Бирөө өкүрүп бүтө элек болучу. Тигинин тааныш чаңырган үнүн укканда селдейе калып караса, баягы таяк жеген неме жээни экенин көрдү. Ошо замат чуркап жетип барды:

— Ким? Ким урду сени?

— Кашкарбек! Кашкарбек урду!

— Атаңдын оозун урайын, карайган ит! — деп туруп, ал жүгүрүп келип, Кашкарбекке камчы дабыратты.

— Сойгула! Ит кулдарды! — деген Кашкарбек башын калкалап, отура кетти.

Чоро жигиттерин букараларга жаңсады. Манаптын жигиттери тигилерди камчыга алышып, мөндүрдөй сабап киришти. Чыдай албай, баягы таз мыкчегер да барып калган эле. Бирок, андан жазганып, эч ким камчы салбай турган. Чоро бир жигитин чакырып алып айтты:

— Тетиги таздын малакайын ыргытып, жакшылап ийлеп жиберчи! Таздын башы назик болот, кычууң кансын! Бирок, анча катуулаба!

Жигит аны көздөй басканда, баягы жөн турбай бир кишини чаап калды. Шылтоо өзү табылды. Жигит жете барып, аны кемегенин жанындагы күлгө күп эттире бир урду да, басып алып, көздөн ары бир койду. Тура берээрде куйрук жакка эки тепти.

— Болду! — деди болуш.

Баягы таяк жеген киши көргө кошо барган. Сырды билет эле, чыдай албай ошо кыйкырып жатат.

— Өлбөй кал, карасакал өлбөй кал!

— Тетиги эмне дөөдүрөп жатат! Барып оозун басып келгиле, ой окус өлтүрүп албагыла! — деди Чоро.

Жалаңдаган жигиттерди көрүп, тиги жалбарып жиберди:

— Айланайындар! Жан соога! Айтсам эле, өлүгүмдү сүйрөп салгыла!

Бирөө союл менен чапмак болгондо, аны экинчи жигит кармап токтотту:

— Болду! Тарт колуңду! Муну да кудай жараткандыр! Ансыз да жакшы-ак болуптур!

Бир аздан соң сабашкандарды болуш тыйды. Бирок, таяк жеп калган букаралар анын алдына келишти:

— Өлүгүнүн үстүнө бизди кызылдай сабай турган кандай жөнү бар? Өкүрүп келгенибиз үчүн сабаганы — не деген наадандык! Өкүрүп келген кишини сабаганды

алмустактан бери уккан эмеспиз! Азыр бүт букараны түп көтөрө келип, сабатамын! Өлбөгөн жерде калышабыз. Ыя, ботом, бу эмне деген иттиги! Көңүл айтып, өкүрүп келген кишини сабатып! — деп жулунду баягы таз.

— Ой, жаман чирик! — деди, Чоро созо берип: — Аны мен көрбөй турат дейсиңби?

Бирок, оюнда тигилердин аттарга камынып калганын көрүп, «булардын түрү жаман, чын эле айлы жакын немелер бүт букараны чакырып, аламандап жиберсе, айлабыз не болот» деген ди ойлоно калып, жалпак сөзгө өттү:

— Тигилер тентектик кылып коюшкандай болду. Бирок, баш күнөө силерден кеттиби дейм. Мына, өзүң менин жанымда эле олтуруп, чыдай албай тура калып, аралаша кетип, төмпөш жеп алдың. Ушу да эл кармаймын деген кишинин жумушубу? Кайра көкүтпөй, өзүң баштап, камчы салбай, тентектерди тыя турган жөнүң бар эмес беле? Бала-бакыралардын тебишкенине сакалдуу башың менен жулунганың уят эмеспи? Анан өзүң камчы жумшасаң, каны кызуу жаш балдар карап турабы? Анын үстүнө өкүрүп түшөөрүңөр менен эле, ураандаша кеттиңер. Бир баланын мурду канаптыр деп, өлүктүн үстүндө сабаш чыгарганыңар уят эмеспи? Андан өлүп кетпейт эле го? Өлүп кеткен киши башка тепсең былк этпей жатат го? Кур чапчаң, тай көкүрөктүктүн эмне кереги бар? Андай баатыр болсоң, тууганга асылбай, кишиңди өлтүргөн Нөкөндү чаап келбейсиңби, элиңди ээрчитип алып, «Жаман айгыр үйрүн кажайт» болуп, күйөө баласын жоодон өлтүрүп алып, ичи күйүп турган немелерге бир баланын мурду канаптыр деп камчы салбай, кайра көзүн аарчыбайсыңбы? Кагышпаган казан-аяк, тебишпеген бала-бакыра да болобу? Кайра басып коюунун ордуна жоо көргөнсүп айкайлап, кайра кейип турган өз тууганыңа асыласың? Тигилер келгенде эмне жооп беремин?» — «Өлүгүн чыгара албай жатсак камчы салып, ураан таштаганыңыз эмне?» — деп айтса, кандай жооп беремин? О, жолуңар болсун! Же, айып тартып кутуласыңарбы? Бийлердин бүтүмүнө койдурайынбы? Анда тогуз айып тартып калаарыңар бышык. Буга макулсуңбу?

Баягы атка минер таз такыр үндөбөдү. Иштин мындай болуп кетээрин ойлогон эмес. «Бирок, бир себептен Чоронуку да туура. Анда айлабыз не болот? Капырай, ушундай да шумдук болот экен, ээ? Эми таяк жегенибиз аз келгенсип, айып тартат экенбиз го» деп ойлоно калды.

— Үндөбөй калдың. Иштин жайы ушундай. Эсиң бар-

да, этегиң жап! Өкүнүп калып жүрбө! Андан көрү тетиги жулунган немелериңди ары жакка чакырып алып өзүңчө кеңеш. Бул ишти ушуну менен бүтүрүү жагын мен да ойлоштурайын,— деди Чоро.

Таз ойлонгонсуп туруп, ары басты. Туугандарын чакырып, өзүлөрүнчө кеңеш куруп жатты. Кыжы-кужу болуп отурушуп, акыры баары бир нерсеге токтогонсуп, үндөбөй калышканда кайра Чорого келди.

— Кана! Кеңештиңерби?

— Кеңештик. Ойлоп териштире келсек, сиздин айтканыңыз чын болуп чыкты. Андан көрү ушу балээден куткарыңыз! — деди аткаминер таз.

Болуш тигилерди аяп жаткандай бечаралардын көз жашы кабыргасына катуу батканеып, тунжурап ойлопо калды.

— Атаң көрү! Кандай кылсам?.. Өзүңөр билесиңер. Жанагы Мөлтөй кынына батпаган чоң болсом деген эме. Анын үстүнө азыр эр-азаматын өлтүрүп алып, намысын тарттырып жиберип, ичи күйүп турган кези. Муну укса, ал силерди соо койбосу чын. Карагылачы! Мынабу Алдашты! Жарынып өлүүдөн кайра тартпай жулунуп араң эле турбайбы, көзүн кызартып. Мунун кынжысын алып агытып коё берейинчи! Силерди эмне кылаар экен. Бактыңар болуп, менин ушээрге келип калганым абийир болбодубу? Жулунгандарын болсо ооздуктап, чидерлеп араң тыйдым. Андан көрү Мөлтөйдөн кутулуунун бир жакшы айласы бар. Мына, көрүп турасыңар: ушунун баары Нөкөндүн азабынан болуп отурбайбы? Ал кол курап келип, келинибизди тартып, эрибизди өлтүрүп кетпегенде эч нерсе жок эле го? Баса, дейм да. Көзүң оңбой калган көрүпөт — ача албай калыпсың. «Мени урган дал Нөкөндүн өзү» деп тургун! «Биз кол көтөрбөсөк да, казан-аякты талкалап, үйдү астын-үстүн кылып, кызыл уук кылып кетишти!» деп, улукка чуркурап ыйлап арыздангыла! Бир калыпка чапкандай тургула! Муну көргөн тукумдары да, өзү баштап силерге ыраазы болот. «Сизге намыс алып бериш үчүн туугандарың бирин-бири сабашты» деп, мен ага айтамын. «Мен уруп койдум эле» деп, булардан кайсы жигит чыга калсын! Ошондо Мөлтөй силерге каарын төкмөк түгүл, кайра батасын берээр. Ал бирдеме десе, мен биерде боломун го. Жок, ал эч нерсе дебейт, ыракматтан башка сөз оозунан чыга койбостур. Мен турамын го. Андан көрү Нөкөндөр кун төлөгөн учурда, бир ат олжолуу болдум дей бер. Өзүңө жана жалпы бу жердеги жигитте-

рице бир жылкы карматып берип, казы-карта чайнаттырам! — деди Чоро тигини жайгарып: — Буга кандай дейсиң?

— Сиздин айткан сөзүңүздүн эки болгонун көрө да, уга да элекмин. Сиздин жүргөн жериңиз кай жерде болсо да той эмеспи, Чоке! Мен куруюн! Мен эмне демек элем! Макул деймин да! — деп, тиги аткаминер таз башын сылагылады, тебетейин ала коюп.

* * *

Агыргайдын окуясы бу аймакта адаттан тыш жорук деп билишкендиги айдан ачык. Кылоосу түшө элек ата-бабадан бери келе жаткан көнүмүштөр биротоло эне сүтү менен кошо канга сиңип калган өңдүү мезгилдин этегине жармаша берет. Арзыган теңине жетпей ата-энесинин айдоосу менен күйөөгө барып муздаган төшөк үстүндө уйпаланып, түрсүлдөп кагып кала берген сансыз асыл жүрөктөрдүн назик беренелери алда качанкы адат-салттардын уюган чаңынан күүгө келбей алсырайт. Кыздын аты — кырк жылкы аталып, каймагы бузулбаган адаттын тушунда каалаган жарын издеп качып чыккан Агыргайдын жоругу, тек, өзүнчө бир калың айыңга калчу жумуш эмеспи?

Мына, бүгүн да ушундай болуп отурат.

Адаттан тыш Агыргайдын жоругуна таң калган сыңары үнсүз-сөзсүз ийин аңдыган мышыкчасынан изин жашыра жүйүртө басып кирип келээр замат, Агыргайдан окчунураак делдейишип сыңар тизелей калган ак жоолуктар арбый берди. Төр четинде кундуз кыргакталуу белдемче тартынып, үстүнө жалтылдаган лампук чепкенди желбегей жамынган салабаттуу байбиче Агеркеч, болочок күнүлөшүн алдыртан ит карашка салып, арбай баштады. Байбичени жандаган ак элечек зайыптар ич ара күңкүлдөшмөй адатына салышты. Агеркечтин жанындагы ээгин шалпайткан бир чүкөдөй кемпир ар кимдердин шыбышына дилгирлене оозун ачып, күңк-маңк сөздөрдү кулагы чалбаса да, ээгинен илип ала койгонсуйт. Сөздүн бөйөнчаяндары ичине толуп кеткендей, анда-санда «шуу» үшкүрүктү жиберет. Агыргай жакты карана-карана тамшанып коёт.

Алда немени күткөнсүп бардыгы ушунда. Бирде жуушап, бирде жытташа кетишет. «Азообуз ушул эле» деген-

сип, алдыртан Агеркечти ээк алдынан күүлөшөт. Текөөрлүү абысыны Агеркеч эртеңки күнүлөшү Агыргай менен төбишө кетсе, мойноп чыга бергилери келишет. Абысын-ажындарынын мындай кезде табасы канаарын Агеркеч да алдыртан айттырбай туюп турат. Ичинен тузак тартып отургандарды тек өзүнчө арбап, кыя бастырбай сөз чалмасын жылдырат.

Сол капшыт жакта жаагын таянып, башын салаңдаткан Агыргай жасалгалуу үй ичин кайгы-капа илебине чулгап жибергендей түрү бар. Ар тамырда армандары сызылып, жүрөгүнүн башынан түтүн чыккансыйт. Аптапта бышкан анардай толукшуган наары капилеттен ызгардуу аяз мизине чалыккан сыңары, кадимкидей суйдаң тартып соолуй түшүптүр. Сурмалуу капкара бадырайган көздөрүнүн узун кирпиктери мөндүр сокон жоогазындын өзөгүндөй батташат. Жолду катар ат үстүнөн эт-бетинен кулап, кудум торго түшкөн куш сыңарында далбас урганын эстей берди. Мээримсиз ачуу колдор андан-мындан мыжыгып бүткөн боюн биротоло эзип таштаптыр. Алда кайда калган тээ-тетиги күңгөйлүү тоонун боорунда балбылдап жанып турган куунак турмушту көздөй бой салып баратып, орто жолдон жолуккан жолбун кузгундун уулуу тырмагына туш келип, канаты кайрылып калгандыгына кайгырат. Саңоор жүнү тытылып, чалгыны чачылгансыйт. Ызылдаган ысыктан качып чыгып, көк жалтаң моңгулуу чокуга бир тийип ала салган канаттуудай баш балдак атып жаткансыйт. Өмүр менен өлүмдүн жиги билинбей, күн менен түн бирге жуурулуша күүгүм тартып, кандайдыр бир мойну узун белгисиздик куюндай учуруп, самандай сапырып үңүрөйгөн караңгы көрдүн оозуна «күр-шар» уруп жибергендей далбастайт. Көрчүл аюудай үксөйгөн нөмө араандай оозун ачып, айбаалыдай кулачын арбайтып сүбөөсүн мыжыга берээрде:

— Беш көкүл кыздан бетер кылыктанган кайдагы шуркуя эле? Эрден эрди тандап, эрдин башын аттап, жерден жерди тандап жердин башын аттап Каабаны карап бейшеп кылган мындай карабеттердин сайда саны, кумда изи жок. Беделдин ашуусундай ач бел, куу жолдо өлгүсү бардыр! — деп, заары сыртына чыгып турган Агеркеч мурдунун суусун ыргытты «ушунуман айлан» дегенсип.

Жашоосу менен өмүрү күүгүм тартып турган Агыргайга болочок күнүлөшүнүн заардуу сөздөрү аны беттен ары «чуу» дедире тартып жибергендей туюлду. Көзүн сүзүп жиберип, Агеркеч жакка тикирейе караган калы-

бында сөөктөн өтүп, жүлүнгө жетчү илеп менен шилей баштады:

— Ошо Беделдин ашуусунда хан күйөөң менен көк эшек минип сүйрөлүп бараткаңыңарды көрүмдөн башымды чыгарып көрүп туруп: «Аа, акыры ушуну көрмөк белеңер?» — деп, көрүмө кайра жатсам, эки дүйнөдө арманым болбос эле!

— Ий, карабет, эмне де-ейт? — деп жылан басып алгандай чочуп кетти Агеркеч. Жанындагы катындын колундагы ийикти жулуп алып, Агыргайды көздөй шилтеп калды эле, сорок этип керегенин көзүнө илине берди. Тура калган Агеркеч Агыргайдын бетин тытып, чачтарын жулууга обдулду. Жок, тигинин да аянчу түрү көрүнбөйт, айбат кылып чапчып алганда Агеркечтин башындагы казандай элечеги кежигесине түшө бергенде бир аз буйдала калды. Башын карманып кайсалаган Агеркечти беркилер араң токтотушту.

— Алдагы экиге өрүлгөн чачың чач эмей эле, эки кара жылан экен! Ошо жыландай чачыңдан керегеге таңдырып туруп, боорунду чокко кактатпасам, Агеркеч атым өчсү-үн!

Чаңырыктан эки-үч жигит кирип келе калышты эле:

— Неге делдейесиңер! Сазайын бергиле! — деп атырылды Агеркеч.

Жигит жүткүнө бергенде алдынан бир зайып тосо калды:

— Сазайын өзүбүз беребиз! Катындын ишине кийлигишпегиле? Эмне кылса да чоң кожоюн өзү билет!

Чыгарып жиберишти. Күүлөнгөн Агеркечти араң дегенде басышты. Агыргайдын колундагы ийик карышып калыптыр, араң чыгарышты.

— Алып кеткиле, ар жакка көзүмө көргөзбөй!

Агыргайды жетелеп, башка жаманыраак үйгө киргизишти. Зайыптардын көбү Агеркеч менен калыптыр. Агыргайдын жанында беш-алтоо айланчыктайт. Бир аз тим отурушту. Бирок, тиги экөө «тебишкенде» Агыргайдын да, башкаларынын да буулуккан черлери басаңдап, тырышкан тарамыштары жазыла түшкөн окшобойбу: бат эле шыбыр-күбүргө киришти.

— А, балам,— деди жашабыраак калган сымбаты кете элек бир зайып. — Бардыгыбыздын башыбыздагы иш. Мөңкүп кайда бармак элең? Орун тапканың жакшы, көлөкөм!

Агыргай үндөбөдү.

— Эрге барбаганда жерге бармак белең! Кучагына каалаган катыны өзү келип жыгылчу мырза эмеспи, Нөкөн! — деди ойкушунан жазбай шыпылдаган бир сулууча аял, тамагын жасана берип, бир нерсени эстеген сыңарында: — Көп кесир кылба! Эркектин кусуруна каласың!

— «Он сан жаткан ордону Олоң Байыр кыз бузду!» дегендей, эки элди чабыштырганың катындан чыккан кер сойлоктун иши эмеспи? Нөкөн деген Нөкөн куюшкандуу бир элдин алтындан кылган чегээси эмеспи? Ордолуу журттун сакасы эмеспи, ботом! Кой, антпе! — деди, баягы ээрди шалпайган чүкөдөй кемпир эңкейип шырдактын үстүн алаканы менен сыйпай берип.

Далай сөздөрдүн кезеги келди Агыргайга. Антсе да жанатан бери үн каткан жок. Ачуу-ызасын бүркүп ийип жоошуй түшкөн немедей кереге жакка ыктай берип башын жерден албайт.

Адегенде сүйлөгөн баягы сымбаттуу зайып кайтадан Агыргай жакка эңкейе түшүп, аны аяп жатканын билгизип, жылуу илеп менен көңүлүнөн жалбарды:

— Көлөкөм! Бу сени апкелген киши чүкө менен сакадан оң талашкан, жол талашкан киши... Бир уруу журтту белине таңып жүргөн киши! Бет алган жагын өрттөй турган учкун эмеспи, а киши... Биз шордуунун алы канча? Төрт аяктууну куткарбас тулпар эмеспи, ал өзү! Канаттууну качырбас шумкар эмеспи, а киши. Канат байлап асманга учсаң да, а кишиден кутулбайсың, көлөкөм! Ирегеңден сүттүү булак агат, хандай болгон күйөөңдү кадырлап ал, көлөкөм!

Агыргайдын маңдайынан сылап, көзүн сүрттү. Ушу зайыпты негедир жакшы көрүп кетти Агыргай. Анда эмненин жазыгы? Бир жактан чочулап, бир жактан аяп отурганын көрүп турат анын. Эми ошого чын сырын айтты.

— Менин өзүмдүн каалаганым бар эле! Бу киши эркиме койбой ушундай иш болуп отурат. Мейли, эмне кылса, ошо кылсын! Бирок, мен бу кишиге орун-очок болуп бере албайм! Меники башка. Сиздерге менин эч таарынчылыгым жок айтканыңыздар үчүн. Бирок, менин да өз жолум бар. Көнбөгөн бейиштен, көнгөн тозогум артык!

Бардыгы унчукпай калышты. Баштатан келаткан адат-салтты «бузган» Агыргайга кээси таң калышты. Кээси аяп кеттиби, же өз баштарындагы кайгылуу күндөрүн эстештиби, айтор көздөрүн сүрткүлөп үшкүрүнүшкөндөй түрлөрү бар.

— Өз жолун талашкан ургаачынын берени экен! — деди бири.

— Замбирек менен атса былк эткис кылып, ушу менин кайним жалаң сулуу катындардан коргон салайын деп жүрсө керек! — деди, баягы шыпылдаган ак саргыл. Карыса да бир чагым куусу калган катындардай тамагын жасана коёт. Нөкөндүн ысмын тээ төмөнтөн сызылып чыккан кандайдыр бир жылуу илеп менен оозанат...

— Ооба, ошо бир кышы алтындан, бир кышы күмүштөн согулган сулуу коргондун арасында сен да бар эмессиңби? — деди эле тигини бирөө, бардыгы бырс күлүп калышты...

Оо, бир аздан соң, тынчтыкты баягы чүкөдөй кемпир бузду:

— Аа, катүгүн! Мойнунан байлаган ит да ууга жарачу беле?

...Эл жатууга камынып калды. Нөкөндүн там үйү да бар эле. Бүгүн кечте ошол там үйгө жатууга келген. Башты бийиктетип, асыл жууркан, төшөктөрдөн калыңдатып Агеркеч төшөк салып койгон. Аркы жыйылуу төшөктөрдүн үстүнө Нөкөндүн тебетейи, чепкен, кемселдерин этияттап коюп койду. Анан төшөк четинде отурган күйөөсүнүн маасысын тартып, ным шамды башка алып келип оңтойлоп күйгүздү. Такыр башын ушалай берген байбичесине айтты:

— Агыргайды бул үйгө алдырып келип, тетиги тушка төшөк салдырып бер! Эртең молдо чакыртып, нике кыйдырам! Бир синди алып келип бердим. Көп тыраалабай жакшылап үндөктөп алуу, эми өзүңөн, байбиче.

Күйөөсү менен айтышып, кагышып отуруу салтта жок: Агеркеч унчуга албады. Жаагын таянып, төшөк үстүндө бир аз отуруп:

— Бир айтып калаар арзым бар, кожоюн. Күнүлөш катындын алды тар болот. Күнүлөш катын намазын унутса унутаар, бирок эринин жатаар күнүн унутпайт эмеспи! Мына ушу жагын көздөй жүрүңүз...

Нөкөн «бырс» күлүп алып, ары оонап кетти.

* * *

Мөлтөй калаага барып, «арызын» айтты. «Кызматыңыз» деп тойгуза пара да берди.

...Уездной начальник солдаттары менен Алдаштарды

ээрчитип алып, Нөкөндөрдүн айлы Кашыкка түн ортосунан ооп калганда жете келишти. Бирок, алар жок болуп чыгып, журтун сыйпалап калышты.

— Кайда кетишти экен? — деп, аң-таң.

— Агыргайдын артынан келээрди билип, алар Илеге түшүп кетпесин деди бири.

— Кайсы коңулга кирип кеткенин кайдан билебиз? — деп, дагы бир даары кейишти.

— Суурдун ийнине кирип кетсе да, сууруп чыгабыз! Алар алыс кете алышкан жок. Элин таштап кайда бармак эле? — деди, Чоро. — Бул мөөрдөй белгилүү иш...

Мөлтөй аттан түшө калып, кемегедеги күлгө колун салып, кайра тартып алды:

— Күл муздай элек экен. Кечинде көчүшүптүр. Мынабу бадалдардын жапырылганына караганда күн чыгыш тарапка кетишкен экен. Болду-болбоду, мен билген төлгөдө кыштоосуна кетишиптир. Ошо жердеги калың элди имерчиктеп, окус кол келип калса жапырт туралы дешкен экен.

Мөлтөйдүн айтканы менен болуп, бардыгы кыштоого жүрүп кетти.

Көрсө, билип айтыптыр. Таңга маал жете келишкенде, Нөкөндүн тамы жактан байлануу аттар көрүнө баштады.

— Ботом, тим эле ичине кирип чыккандай айткан экенсиң...

Аңгыча там жактан Нөкөндүн баягы жигиттери орундарынан шапа-шупа тура калышып, кыйкырык-чуу менен союлдарын сүйрөшүп, аттарына умтула беришти.

Начальник солдаттарына буйрук берди:

— Залп менен үстүнөн аткыла!

Он чакты солдаттын мылтыктары удаасы менен тарсылдаганда жигиттердин ыйманы учуп кеткендей болду.

— Бардыгыңар былк этпей жаткыла! Кылт этсеңер атамын! — деди, начальник каардана берип.

Жигиттер баштарын катып, жерге сулашты. Солдаттар курчап кайтарууга алышты.

Үч-төрт жигит үйгө кирип кеткенде начальник, Чоро, дагы башкалары аттарынан түшүшүп, эшиктин алдына келишти.

— Адырасты, таксыр! — деп, Нөкөн көйнөк-дамбалдын үстүнөн ичигин эки колу менен кымтый берип жүгүнду.

Жаннат ичик жамынган Агыргай анын артынан чыга келди.

— Сиз быякка өтүңүз! — деди, начальник Агыргайга.

— Силер мындай катарлаша отургула! — деп буюрду начальник Нөкөн менен Алдашка, Агыргайдын бет алдын көрсөтө берип.

Өзү сокуга минип, ортого отурду. Канжасын бир-эки соруп алып, Агыргайга суроо салды.

— Ушул экөөнүн кимиси күйөөң болот? — Агыргай бир саамга буула калды. Уятынан жерге батпагандай түрү бар.

— Алдаштын атын унуттуңбу? — деди Мөлтөй күйпөлөктөп.

Тилмеч которуп турду.

— Менин күйөөм — Алдаш,— деди Агыргай.

— Болду!

Ыраазы болгонсуп, начальник ордунан козголду. Нөкөнгө дүйнө ала салгансып кетти. Өңү кубарып, таноолору кысылды.

— Сен кечээ кечинде элүү жигит менен Алдашка барганың жана Агыргайды алып кеткениң чын беле? — деди, начальник Нөкөнгө.

— Чын.

— Киши өлтүргөнүң чын беле?

— Жок! Кайдагы киши? — деп, чочуп кетти.

— Кайдагы киши экенин тыякка барганда көрөсүң.

Доктор аялга Нөкөндүн жигиттери менен барып, Агыргайды алып кеткенине жана күйөөсү Алдаш экендигинин чындыгына акты жаздырып, баарына кол койдурду. Коё албагандардын бармагын бастырды.

Заманасы куурулуп турган Нөкөн Агыргайга карап, суурдун айгырындай корсулдады:

— Ой, менин босогомду эки аттап, анан ошентесиңби?

— Мени зордуктап алып келгениң, калп беле?

Ошондо гана Агыргайдан түңүлдү. Эки жүздүүлүк кылды деп, ичи түтөп, муундары калчылдайт.

— Карабет! Карабет ай, карабет! Кайсы көрдөн чыга калган карабет элең! Оо, чоң кудай! Оозум дубалуу киши элем: атын адам таппаган, онтобос ооруга жолук! — деп айкайлап, эки колун жайып тескери батасын берип жиберди.

Алаканын тескери жайганда колдору калтырап, сакал-муруттары эрбеңдегенсиди. Чындап ачуусу келгенде баштары калтырап кетчү жайы бар эле. Титиреген башын кулак түптөн эки колу менен кармана калып, чыдай албай карбаластап олтура кетти. Тургандардын кээсине ти-

гинин кебете-кепшири аянычтуу көрүнсө, кээ бирөөнө, өзгөчө табасы канып отургандарга күлкүдөй туюлду.

— Борүнүн өзү карыса да, сөзү карыбайт экен го? Сөзүнүн уусун кантесиң, сынган кернейдей болгон иттин! Жаш кан чокугусу келген сендей бөрүнүн көрөрү ушу болучу! Бөрүчү түлкү — өлүүчү! Эми өлбөгөндө эмнең калды? — деди Мөлтөй Нөкөндү табалай берип.

— Отоолотуп кыз алгансып, оюна келгенин оттогонун кара, жаман чириктин!

«Карабет» деген катуу сөздү угуп бир бозоруп, бир кызарып турган Агыргайга тигилердин сөзү дем боло түштү окшойт, бир маалда сурмалуу капкара жайнаган көздөрүн сүзүп жиберип, бөйрөгүн таяна, уламдан улам алдыга жүткүнө берип:

— Каргышың журтта калган как башыңа жетсин! Аккан суугa кетсин! Кызарып баткан күнгө кетсин! Караңгы туман түнгө кетсин! Как башыңа жетсин! Агыргайдан айланып кетсин! — деди да, Нөкөн жакка түкүрүнүп-түкүрүнүп алды.

Анан бошой түшкөн жоолугун оңдоп салынды да:

— Мени «карабет» дейт турбайбы? Карабетти көрө элек экенсиң, көрүп ал. Карабет белсенсе, кара жер теңселет! — деди Агыргай чаңырып. — Белсенсе — теңселе-ет!

Нөкөндүн ыйманы учуп кеткендей болду.

Жалгыз ал эмес, угуп тургандардын бардыгынын жүрөктөрү болк-болк эткенсиди. Агыргайдын «жетсин», «кетсин!» деген сөздөрдү бөтөнчө бир күч менен чукул кайрып, ачуу илеп менен таштагандыгынан Нөкөндүн башына жер астын-үстүн болуп, чагылган тийип жаткандай сезилди. Эмнеге каргадым экен дегенсип, ичинен өкүнгөнсүп да алды.

— Мынабу эмне деп турат? Катындан чыккан анык берендин өзү экен го! — деп жиберди чыдай албай бир карыя.

Агыргайды ушундай экен деп эч ким ойлогон эмес эле. Сөзү да сыйда, өзү да сыйда сымбаттуу келинчекти ушунчалык сөздөрдү нөшөрлөтөт деп ким ойлосун?

— Ботом, мунун сөзүнөн жалын чыгат ко! — деди, бирөө.— Чындап карайган экен! Чындап күйгөн экен...

— Доңуздун түгүндөй көрөт турбайбы Нөкөндү...

Агыргайдын жообунан кийин теребел сел каптап, мөндүр согуп өткөндөй бир азга тунжурай калды. Калтыра-

ган башын мыжыгып, нес болуп турган Нөкөндү Алдаштын бакылдагы селт эттирди:

— Катындын каргышына калган чирик! Сага, дале боло элек. Дөдөй напсиге жетелетип, чокко түшкөн барбайган барбана! Сен ушуну көрмөксүң. Көргөндөн көрө элегиң көп! Таба эмес, тобо! — деп, жакасын карманды.

Каргыш түгүл, өмүрүндө бирөөгө өйдө карап, суук илебин тийгизбеген Агыргай, Нөкөндүн каргышына наалат айтуу менен таза сөөгүнө жугушкан бардык ыплас нерселерди эл көзүнчө биротоло күбүп таштагандай болду. Таскак уруп бара жаткан мээримсиз турмуш даңканында калып, жарык дүйнөнү ачык көрө албай көзү түнарган бечара, бир жолу аскалуу тоонун мөңгүсүнө чайынгандай сергий түштү. Күрөө тамырлары көөп, алыс жолдон чарчап-чаалыгып отуруп, мурага азыр жеткен сыңары өпкөсү кагып, жүрөгү дүпүлдөгөн Агыргай Нөкөндүн арам ойлорун өз босогосунда биротоло адалдап кетейин деген ниет менен:

— Адалдасаң адалда, арык! Адалдабасаң да, жүзүм жарык! — деп, элге угуза айтып туруп, эшик алдындагы арыкты аркы-терки эки жолу аттады да, анан Алдашка колун сунду. Арыкты эки аттаганы «Нөкөнгө эки жолу келип, босогосун эки аттадым эле, ошону адалдайын» деп ырымдагандай болду. Алдаш Агыргайдын колун кош колдоп алып, өзү жакка ыктай берди. Дал ошо учурда анын үстүндөгү жаннат ичиги шыпырылып жерге түштү. Нөкөн бу ичикти атайы Агыргайга арнап, жүз соолук койго сатып алып, белек кылган болучу. Ичик шыпырылып кеткенде Агыргайдын күлгүн жибек көйнөгү аппак балтыры менен жумуру билектерин ого бетер көркүнө чыгарып, коштогонсуп, таңкы серүүн желге желбирей берди. Алдаштын колун кош колдоп кармап ыкыс берген Агыргай Нөкөндүн көзүнө бир саамга нур кызындай көрүнүп кетти. Бирок, бир аздан соң, жанараак эле эч нерседен капарсыз ысык илебин балкытып, жаштык мээрин төгүп бир үйдө жаткан Агыргайдын, эми минтип Алдаштын ийнине башын жөлөп табалагансып күлүңдөп турганын көрө коюп, заары сыртына чыга түштү. Эмне кылып, эмне айтаарын билбей кең дүйнөсү бир паста тарый түшкөндөй болду. Кандайдыр бир заардуу күч жүрөк толтосун бурап алгансыды. Ичи түз куйгандай ачышып, чагылган урган сындуу көөдөнү зыр-зыр этип турган Нөкөн Агыргайдын ичикти жакасынан кармап, ийнине сала бергенин көрө коюп, ачуу аралаштыра кескин бурк этти:

— Ташта! Таштап кет, алдагы ичикти! Ичик-тон эркектин томогосундай жумуш эмеспи!

Нөкөндүн ичигин ала кетейин деген ниет Агыргайдын оюна да келген эмес. Жанараак солдаттар капысынан келип калганда, төшөктөн тура калып, үстүнө жамына калган болучу. Эми ошонусун эстей калып, тигинин бир кезде жалбарып жатып белек кылган ичигин эми ыраа көрбөй турганын билип:

— Ал, ичигиңди! Сенин ичигиң түгүл, башыңды аттап бара жатканымды билбейсиңби? Ичик дейт, турбайбы? Алагой, итиңдин терисин! Итиңдин терисине күнүм түшкөн жерим жок! Кийим кийбей жылаңач жүргөн киши бар бекен? Ошо томогоңдун ичинде томсоруп жүрүп өт! — деди да, ичигин сыйрып, Нөкөндүн үстүнө ыргытты.

Башына жабылган ичикти алалбай бир азга буйдала түшкөн Нөкөн жамынган чапаны менен кошо ыргытып жиберип көйнөк, дамбалчан калыбында кара кунастай тарбалаңдап Агыргайды качырды:

— Тилиңе тибиртке, карабет! Тилиңе тибиртке! Тилиңди жылан соруп алсын! Онтобогон ооруга жолук! Атын адам таппасын!

Нөкөндүн көрүнүшү өтө коркунучтуу эле. Көздөрү алачакмактанып аңтарыла-аңтарыла түшүп, өңү жууган чүпүрөктөй кумсарып, сепкилдери көбөйө түшүп сары кылкан муруттары сербейип, колуна тийсе тигини жутуп жиберчү түрү бар. Бирок, аны Агыргайга жеткирбей эки солдат эки жагынан кармап калды. Колдорун шап артына бураганда ооруп кеткенине чыдабай Нөкөн:

— Үх! — деп алды да, башын салаңдатып жиберди.

Тигинин абалын көргөн байбичеси Агеркеч чыңырды:

— Өлтүрөсүңөрбү! Коё бергиле! Коё бергиле!

Тигилер коё бергенде колдорун ушалап олтура калды. Катыны жанына барып, башынан сылагылап:

— Аягынан азып, томугунан тозуп, тентип жүргөн бир шуркуянын айынан Нөкөн атыңды кирдеттиң го, жарыгым!.. Тамыры кыркылып, ыргайдай куурап калгысы бардыр, карабеттин! Тентиген шуркуя алтындай башыңдан садага! Көтөр башыңды, Нөкө! Сенин мокой турган жөнүң жок! Жолдо жүргөн жолбунду бооруңа кыскан сеники — билсең эрдик эмеспи! Боорго тепкен андай жолбунду алтын башыңан аластап жибер! Эр менен жер кагынан кеткиси бардыр!

— Айда! — деди начальник, буйрук берип: — Агыргай менен доктор экөө арабага түшүшсүн! Нөкөндү ара-

банын артына байлап... жөө айдагыла! Калганын тыяктан текшеребиз!

— Тиги жигиттерин кошо айдообуз керек. Балким, кишибизди өлтүргөндөр ошолордун арасында чыгаар. Болбосо, булар азыр эле карматпай кетишет! — деди Чоро.

Жерде боортоктоп, көздөрүн кылыйткан жигиттердин бардыгын команда берип тургузду. «Аттары барыңар, ат мингиле! Аты жогуңар жөө жүргүлө» деп буюрду начальник. Бирок, баарынын тең аттары байлануу немелер батбат шапа-шуп атка миништи.

Агыргай менен доктор экөө арабага олтурушту. Нөкөндү арабага байлап, жөө айдашты.

— Но! — деп, арабакеч жүрүп кетти. Агеркеч жер муштагылап, күйөөсүнүн артынан келе жатты. Агеркечтин жанагы айткан сөзүнө Агыргай катуу капа болуп, ызаланып калган эле, эми элдин көзүнчө Агеркечти күйөөсү менен кошо табалады:

— Мурунтугу жок көпкөн «букачаларыңды» мурунтуктап, кишендеп алдым! Мен Агыргай болсом, сен Агеркеч экенсиң го! Сенин эркечтигиң чын болсо, койдой жоошуган немеңди артыңан ээрчитип албайсыңбы? Сен эркеч эмей эле, кочкордун белдигине сыйынган котур кара чебичсиң! Мындай чирик өлөөрүңдө да мендей Ыргайды ээрчип өлөт эмеспи? Мына алтын баштуу эриң менин артымда сүйрөлүп келе жатат!

Агеркеч орундуу сөз таба албай, Агыргайды каргаган бойдон кала берди.

...Бир топ жол басып, Мыканга жете берген кезде Нөкөн жүрбөй калды.

— Ии, сиз дагы бизчилеп жыңайлак басканды үйрөнүп көрүңүз! — деди Нөкөнгө Алдаш.

— Алаар Агыргайды алдыңар! Табаңар канып, өчүңөр өчкөндөй болду. Эми минтип шалдайып жүрбөй калдым, бутума чөңөр кирип. Атаңарды өлтүрсөм да, эми жетишээр, кудайдан корккула! Алдыма мингич берип, үстү-башыма бирдеме жапкыла! — деди Нөкөн кара терге түшүп шалактап, Мөлтөйгө.

Тигилер бир аз акылдаша калгансышты.

Мөлтөй Нөкөндү арабадан чечип, анан бир котур байталды алып келди да:

— Ме! Аккуланы мин! — деди какшыктап.

Нандан башканын баары жамалган бир карала тытык чепкенди үстүнө ыргыта берди:

— Ме! Ак олпокту кий!

— Оо, чолок дүйнө, бу кайсы бокочоң эле! — деп Молтой кыткылыктады.

Солдаттардын артынан Нөкөн сүйрөлүп келаткандай болду.

* * *

...Уездной начальниктин буйругу менен өлүктү эшикке алып чыгышты. Тегеректе эл толду. Суусар тебетейи менен кошо башын жара чапкан экен. Үстүндөгү кийимкечеси бүт кан болгон. Ким экендигин айрып таануу кыйын.

Өлүктү солдаттар курчап турду. Нөкөндү начальник алдыга чыгарды.

— Кимиңер өлтүрдүңөр? — деп, алая карады начальник Нөкөнгө. Нөкөн өзү баштап, кишилери менен айран таң болушту. «Ким өлтүрдү болду экен?» деп шыпшына өлүктү карашат. Эмне деп жооп берээрди билбей, Нөкөндөр бир топко буулуп турушту. Башын чайкап аркы начальникке жанын берүүчү кишидей чебеленип жиберди:

— Муну биз өлтүргөн эмеспиз! Бирөөнүн мурдун канаткан эмеспиз! Ырас, элүү жигит келип, Агыргайды алып кеткенбиз! Бирок, бирөөнү чекеге черткен эмеспиз!

— Чындыгына касам ичебиз!

— Жан берүүдөн кайра тартпайбыз! — деп, бир нечеси чурулдашты.

— Тигини! — деп, Молтой анткоруланды: — Бөрү тойгончо жейт, өлгөнчө карганат! Чекеге чертпеген имиш!

— Таксыр! Мынабу кишилерди караңызчы! Муну да мен уруптурмунбу? — деп, Молтой таяк жегендерди көрсөтө берди: — Мына, кандуу булоон деген ушул!

«Таяк жегендерди» көрүп, начальник чындап ишенди. Бир жак көзү муштумдай болуп чыга түшүп, башы кызыл ала кан болгон баягы тазды көргөндө начальник айласыздан күлүп жиберди. Таз башын тырмалап, начальникке көрсөтө берип:

— Ушуну булар жасады! — деп кыйкырды.

— Жарайсың, тазым! Жарайсың! Башканыкы бир тете, сеники бир тете болду! — деди Чоро күбүрөй берип.

Ал да эч нерсе эмес эле. Аңгыча башында бир кезче кара жоолук салынган, кара чачы жайылуу, кандуу бети тытылуу «жесирди» эки катын эки жагынан сүйөп алып келишти. Тиги көздү жуумп, шолоктоп ыйлайт. «Эркек

түгүл, катындын бетин тытып алган экен» деп, догдур орус аял таң калып бажын чайкагылады. Начальникке бирдеме деп айтып жатат.

— Койчо мууздап, коончо жарып кетти-и!

Бу «тамашага» Нөкөн аң-таң болду. Адегенде «өлгөн эмени балким бирөө байкатпай жайлаган экен» деп ойлоп турган. Эми кызыл-ала кишилерди көргөндө иштин үстүндө өзү болгон Нөкөн анын бардыгы тигилердин амалы экендигине көзү жетти.

— Бул — болбогон жалаа! Биз эч кимди урган да, өлтүргөн да эмеспиз! — деди.

— А бул эмне! — деди начальник өлүктү көрсөтүп.

— Бу өз ажалынан өлгөн киши болсо керек!

— Андай болууга мүмкүн эмес! Ушуга ишенгидей бизди бала деп турасыңбы? — деди начальник.

— Бу өз ажалынан өлгөн киши! Өңү карайып, жыттанып кетиптир! Актыгыма кулдугум бар! — деп кыйкырды Нөкөн.

— Өңү карайбаганда жайкы ысыкта, сен анын өңүнө кызыл кирет деди белең? — деп, Мөлтөй бир жактан чыкты.

Нөкөндүн мойнуна ала турган түрү жок. Начальниктин айласы кетти. Аңгыча начальник менен доктор аялды Мөлтөй, Чоро экөө четке чыгарып алып бирдеме айткансыды...

— Эй, Нөкөн! Сен өз ажалынан өлгөн киши дейсиң, булар болсо, силерди өлтүрдү дейт. Мен азыр чындыгына жетемин! Сен өзүң баштап, үч киши бери өлүктүн жанына келгиле! Быяктан да калыс үч киши чыгат. Азыр мынабу доктор аялга өлүктүн ичин жаргызам! Силер өлүктүн ичегисин үзбөй сууруп чыгып, тазалайсыңар мынабу чылапчынга. Биз карап турабыз. Эгерде өз ажалынан өлгөн болсо ичегисиндеги заты суюк чыгат. Анда булар жооп берет. Эгерде киши колдуу болуп өлсө, анда коюу чыгат.

— Анда силер жооп бересиңер! — деди начальник, Мөлтөйдүн үйрөтүүсү боюнча.

Мөлтөй үч киши менен калыстыкка чыкты.

— Кана! Нөкө! Өлүктүн ичегисин тазалап, быякка алып чыга кал! «Баягы болуш Нөкөнгө өлүгүбүздүн ичегисин тазалаткан быз» деп, жар салайын! — деп, Мөлтөй бакылдады.

Нөкөндөр кажы-кужу болуп, көпкө буйдалышты.

— Силерге күнөө коюлуп жатат! Андыктан, силер та-

валайсыңар! Өлтүрбөгөнүңөр анык болсо, актанып чыккыла, тигини тазалап! Мага факты керек! — деп айкырды начальник.

Мөлтөй жарга такап турат. Болуш башы менен ушул ишке кантип барсын? Мындан Мөлтөйдүн шеги жок.

Нөкөндүн айласы кетти:

— Эй, Чоке, журт кишиси эмессиңби? Бизди бу кордуктан алып чык!

— Өлгөндүн заңын бетке кармагандан көрө өлгөнүң артык эмеспи? — деп, Мөлтөй бир жактан жеп баратат.

— Чоке, кулдугум бар! Биз жыгылдык! Айыбын тартып, алдыңарга баш уралык! Мал туягы деп, ушул ишке кантип баралык! — деди, жели чыга түшкөн Нөкөн мүңкүрөп.

Нөкөндөр киши өлтүргөн болуп, акты жазылды. Доктор аял актыга бардыгына кол койдуруп чыкты. Нөкөн биринчи кол койгон.

Бирок, ушуну менен бошоном деп турган Нөкөндү солдаттар айдап жөнөдү.

Нөкөндүн жанынан атчан өтүп баратып, аны Мөлтөй табалай баштады:

— Минтип кыр Шибер айдала турган болдуңуз! Кишениңиздин шылдыры кулагыңыздан кетпей! Чабылбай байге алган күлүк элең, аңдоосуздан бир жалгыз казык кез болду!

— Сиз да жыңайлак жүрүүнү үйрөнүңүз!

— Чын-чын! — деди начальник да. — Сени эми Сибирге айдайбыз! Сибирдин эмне экендигин билесиңби?

Нөкөн унчукпады.

— Билбесең, сен аны эми өз көзүң менен көрөсүң. Прокурор — медведь, закон — тайга! Сибирде ушундай!

Бу сөздүн маанисин сураштырып түшүнгөн Нөкөндө жан жок.

...Нөкөн набактыда жападан жалгыз он күн жатты. Эркиндик дегендин эмне экендигин ошондо бир билди. «Булут минип жүргөн турбаймынбы» деп, өзүнөн өзү күңгүрөндү. Уктаса, турса көз алдынан начальник айткан күржүйгөн аюу менен жылчыксыз түнт токой кетпеди...

* * *

...Адам атын таппастай, дегеле башкача бир керемет жыгачтар бой тирешип шуулдаган калың жана караңгы токой күн батууга кыңкайганда коркунучка толгондой

элеңдетет. Бетегеси белден буралган не түркүн чөптөрдүн кээ жерлериндеги чырмоокторго жүгүрүп бара жатып, чалына калып эт-бетинен сулаган жылаңач кишиге, аны жанатан бери артынан сая түшүп кууган дагы бир качкын ырсалаңдап жетейин деп калды. Эптеп тырмалап алдыга жүткүнө берээрде куугунчунун:

— Эмки кезек сеники! Эми сени мууздап туруп, этиңди шишкебек кылып, тоёмун! — деген айбаалы түрүндөгү киши кийиктин айбаттуу үнү чыкты!

Алка-шалка түшүп, демин тарта албай алдыга эмгектеп калды. Жан дегенди оозуна тиштеп эртеңден бери тамтаңдап качып келатып, дүйнөнү чарк айланып чыккандай болсо да, баягынын кууганы кууган. Дагы бир жолу катуу обдулуп алдыга жүткүнө берээрде дал астынан өгүздөй күрсүйгөн күрөң аюу чыга калды да, кудум кишиче эки буттап тура калып качыра берди: — Ба-аа!

Түрмөнүн бурчунда жаткан Нөкөн чочуп ойгонду. Бир бөлмөдө он чакты киши жаткан эле — бардыгы ойгонушту. Терин аачынып, тырык киши корс этти:

— Эй, чочко, эмне болду?

— Баягыда айтпадыңыз беле, Комлев деген киши жегич жөнүндө. Ошол түшүмө кириптир, оо кудай! Адаттагысындай, ал бизди «качалык» деп алдаптыр. Мен дагы бир киши болуп үчөөбүз качып чыгабыз. Ошол Комлев мени жегени келатканда алдымдан аюу чыгып баса калды. Ух-х!

— Жегичти жегич жейт да! Хи-хи-хи! «Прокурор — медведь, закон — тайга» деген ошол. А бирок да, сен уйкумду буздуң. Алдагы киймиң менен аппак колуңа караганда сен эл жегичтен окшойсуң! Мен азыр сенин көзүңдү соолтомун!

Жай турду да, кудум букача көз караш менен Нөкөндү көздөй, оо кудай, анын эки көзүн көздөй эки сөөмөйүн матырып жиберүүгө даярданып келатканда, көзүң жамандыкты көрбөсүн — Нөкөн бир бакырды дейсиң, тим эле көчүгү түшкөн аюуга окшоду... Башын басып жата калды. Күрс, күрс тепкилеп калды. Кудай жалгап, ошол учурда эшиктеги кайтаргыч кире калып ажыраткан го, эсинде жок, о көзүн ачса жападан жалгыз кичинекей сыз бөлмөчөдө жаткан экен.

Боору эзилип калганбы, ботодой боздоп мүңкүрөп жатып нечен күндөрдөн соң айыкты. Жан далбас кылып, ар кимдерге шолоктоп отуруп кат жазды. Намыз дегенди шыпырып таштады. Каттардан жооп жок, же жетпей жа-

табы? Акылы айран. Ичкени атала, жатканы сыз, өзүнүкүн өзү мыжыгууда. Сыз жерде ары, бери оодарылып, көнөк болду да калды. Тээ кол жетпес жерде гана алакандай жарык бар, ошондон асман булбулдөйт. Ошону карайт да жатат. «Тим эле булут минип жүргөн турбаймынбы» деп күңгүрөндү. Эрмектешээр киши жок, кырк бир ташты төлгө кылып өзүнчө сүйлөнө баштады, «жиндиден соомунбу?» деп дес болду. Чорого жазган каттан бир жооп келээр, канча кылганы менен бөрү танаптап экендигибиз калппы? Ал дагы алды-кийнин ойлогон шумдардан эмеспи?» деген жалгыз ойду алдейледи.

Нөкөн түрмөнүн ачандигине жалынып жатып, үстүнө ошо жерде камакта жаткан бир ырчы чалыш кишини кийиртип алганда эл-жерди көргөндөй болду. Эбиреп-жебиреген сөзмөр жана да ырчылыгы бар неме экен — оңуп калды. Убак кенен-кесир эмеспи, анын ырларын укса кудум өзүнүкүндөй экен, көкүрөккө бек түйүп жаттап алды. Кээде армандуу, муңдуу обону менен үн чыгарып ырдачу болду, ошондо гана күйүтү бир аз жеңилдене түшкөнсүйт.

Айткандай, жаңылбаптыр: Нөкөндүн жазган катын алган соң, көп аялдабай Чоро болуш келиптир. Бир жаман жери түрмөнүн эшигине келген соң, кайтаргычтан «Сиздин Нөкөн курдашыңыз ырчы болду» дегенди угуп ал түз эле кирип келбей, атайы Нөкөндүн ырын укмакка аны сак-сак кайтарыптыр. Анда Нөкөндүн эмне иши бар, эрмек кылып созолонтуп жаткан:

— Айранга талкан чалгандан,
Ардыккансып уялган.
Ачкыл суу таппай түрмөдөн
Азабын тарттым курган жан!

Кымызга талкан чалгандан,
Кылыксынып уялган.
Кычкыл суу таппай түрмөдөн
Кыйноону тарттым курган жан!..

Эшиктеги күбүр-шыбырды анда Нөкөн элес алган эмес.

— Аа, тамагы жаман соргок ит, ырдап турганын карачы,— деген эле анда Чоро менен бир келген Мөлтөй.— Көрмөксүң сен!

— Чүшш! Табалабаңыз,— деп кескин какты Чоро.— Ар жагын угалы...

— Отуна күйдүм түрмөнүн,
Оолуккандан сүйлөдүм.

Болжолсуз бакыт турбайбы,
Бoштондук күндө жүргөнүм.
Токтонуп санаа туралбай,
Толкундап отко күйгөнүм.
Калкымда эркин жүргөндө
Кадырын билбей дүйнөнүн!
Катарлап кулпу салынган
Караңгы көрдөй үйдөмүн.
Кандайча болуп жатканым,
Кабарын билбейт үйдөгүм!
Катуу кылмыш мен үчүн
Камакта катуу күлгөнүм!

— Оу, булбул болгон турбайбы,— Мөлтөй сүйлөнө берди эле, Чоро дагы какты:

— Э, жарыктык, не болуп кеткенсиз, башына түшсө... Чүшш, угалычы...

Карагер жорго ат минип,
Катуулата жол жүрүп,
Кадимки жүргөн күн кайда?
Кадырды билбей көп теңтуш,
Карабай кетти мындайда!..

Тизгинге колду жедирип,
Ойногон-күлгөн жер кайда?
Ооган соң жүгүң кыйшайып,
Оңолбойт экен мындайда!

Ошону менен тып басылды эле, аңгыча жанындагы бири ага көңүл айткан болду:

— Башынан түшсө дөөлөтү,
Падыша түшөт тагынан.
Каарына алса жараткан
Капканга түшөт кабылан!

— Оо, тим эле олуяго! — деп, чыдабаган Мөлтөй бакылдап жибергенде, түрмөнүн ичиндеги үн тып басылып, күбүр-шыбыр чыккансыды.

— Кудайдын кенже уулундай алчактаган элеңиз, пенде болгон экенсиз, досум! Таманың тайып, заманың тарып минги болгон экенсиз, досум! Ие, ошондой... «Айбалтаны моккоткон кайыңдын катуу безиби» деген ошол... Акын болупсуз!

— Өзүнүн ырыбы?

— Кимдики болсо ошонукудур, несин териштиресиз, түрмөчүлөрдүн ыры да...

— Ыя, айланайын, болуш! Ботом, бу Нөкөнгө деген капканыңыздын жаагы бат ачылганына жол болсун... Жибербес кылып чап кармагандай болдуңуз эле? Мен

түшүнбодүм, эми эшик алдынан сурайын. Бу кандай, сурай албай айбыккан элем?

— Ээ, жарыктык! Сиз тил чечен болсоңуз, биз дил чечен дегенден болобуз! Анын несин сурайсыз? Же, «Аргымактын кулагы эрек-серек, бүгүнкү дос — эртеңки күнү көрөк!» дегенди билбейсизби? Мына ушундай...

Чоро эшикти ачууга жаңсады. Чоң кара кулпу шалдырап, отургандар тура калышкандай болушту. Экөө тең кетенчиктей беришти. Тигилерди эшикке чыгууга надзиратель буйруп калды. Көзү үйүр тартканда гана тааный койгон Нөкөн «Баа-аа!» деп бакырып жиберип, Чорону кучактай калды. Надзиратель ырчыны кайра кууп киргизээрде ал Нөкөнгө жалына баштады: — Айланайын, караңгы көргө таштап кетесиңби? Баягы убаданы унута көрбө!!!

...Өз айласы менен бушайман болуп жаткан Нөкөн бир ооз «кош» дегенге жарабай, кыдыңдап мындай узай берди. Кеңсаларга келишти. Көп кишилер турушкан экен, ошолор менен амандашкандан соң, Чоро Нөкөнгө бир кагаз карматты да, эл көзүнчө жылдызын биротоло таманга басайын деген ниетте болду:

— Нөкүш! Бул — бая күнкү мага жазган катыңыз. Мынабу ак көз, кара көз агайын-туугандардын көзүнчө, жаки булар да угушсун, ушуну өз оозуңуз менен үн чыгара окуп бериңиз!

Кутулганына кубанган Нөкөн ар-намысты мындай таштап коюп, өзү жазган катты өзү окуп берди:

— «Чоке, айланайын! Мал-жан аманбы? Менин күнүм курусун! Эй, Чоке! Ийне артынан ээрчиген шоонаң болуп берейин! Пенде артынан ээрчиген баанаң болуп берейин! Шумкар жүнүн оордобойт — учаар канат болоюн! Султан сөөгүн кордобойт — коноор куйрук болоюн! Аюунун кучагынан, Сибирдин тузагынан куткара көр, айланайын! Чапсаң кылыч, атсаң мылтык болоюн! Болоюн, болоюн! Кат жазгучи Нөкөн курдашың, Тамам».

Бардыгы жер карап, тым-тырс. Анткорлонуп Мөлтөй гана суроо салды:

— Жанагы «Аюунун кучагынан, Сибирдин тузагынан» дегениңиз эмне? Ошерин түшүнбөй турабыз.

Аптыккан Нөкөн не деп түшүндүрөөрүн билбей, катуу терге түшүп, тиги түшүнөн бери түшүндүрө баштаганда, кээ бири «Кайран киши, айнып калганбы?» — дегенче болбой, оёзной ачандиктин өкүм сөзү чыкты:

— Кимде ким тартипти бузса, ошонун эмне экенин өз

көзү менен көрөт! Мен көргөзөм! Түшүнбөсөң мен айтып берейин, кыскача. Сибирдин аюусу көп токоюна бөтөнчө сокур кишилер кирсе жаман болот. Жок, баса, жаңылыптырмын! Корkконунан сокур кишилер соодой көрөт! Мына ушуну билип алгыла!

Нөкөн менен Мөлтөйдөн башкасынын бардыгы күлүп калышты. «Кудай таала кайдан айта салды элем» деген Мөлтөй оң көзүн баса калып ушалап жиберди. Анткени, ал баягы Кенжетайдын өлүгүн балта менен жара чапкандан кийин, бир нерсе көзүнө тийип бир аз сокур болуп калганы чын эле.

Көңүлү жайдарылана түшсө да, начандик балбан сөздөрдү жаадырды:

— Мына ушундай! Бу жолу кечирдим. «Эки жак жарашкандыгы үчүн» деп, бул ишти биротоло чүмкөп салдым. Экинчи бул иш боюнча мага да башкаларга да кайрылбагыла! Кимде-ким кайрылып, бу ишти козгой турган болсо, ошо кишини даражасына карабай туруп жазалаймын! Ачуум келсе законду силердин буйлалаган төөңөрдөй жетелеймин. Резинкадай чоёмун! Каалаган жагыма жеткирип, каалаган жагыма чөгөрөм! Ал, тарагыла!

* * *

...Көк-Жардын күн чыгыш жагындагы секичеде он чакты боз үй дүпүйөт. Андан обочороок жерде жатакчылардын карала сайма алачыктарынын башы кылтыят. Теребелде мал-сал дегенден деле эч нерсе байкалбагандай. Жакшы байкап караган кишинин көзүнө гана тээтиги жумуру жонду аша берген он чакты жылкы менен түштүк күн чыгыш тараптагы бетте оттоп бара жаткан койлор илине калат. Айлананын ушундай көрүнүшү малжандардын Суусамыр жайлап кеткендигин күбөлөйт.

Дөңдө бир катар кишилер кымыз ичип отурушат. Булардын көпчүлүгү бир чоң уруунун чоң кырда жүргөн болуш, бийлери менен атка минер мыкчегерлери эле. Алардын арасынан кээ бир Суусамырга чыгып кеткендери гана көрүнбөйт. Мынабу жерде жетеге аттай жулкунуп, буту бутуна тийбеген, кайкы мурун, өзүнөн өзү ыржаңдаган жотолуу жигит чоң серкенин терисинен жасалган капчыктуу чаначты көлкүлдөтүп, чоңдордун алдын көздөй сүйрөп келе жатат.

Мына! Келатышат окшойт. Чоң Төрткүлдүн жонунан чаң уюлгуп калды! — деди, төмөнкү Бишкек калаасы жак-

тагы эңкейиш тарапты колу менен серепчилей карай берген Мөлтөй көзүн сүрткүлөп.

Бардыгы орундарынан турушуп, төмөнкү талаа жакка көз чаптырышты. Эңкейиш түздүктө жаткан Бишкек калаасына көз жүгүрткөндө айлана-чөйрө алаканга салгандай текши көрүндү. Калаанын ичи камыш жабылган боз ала тамдарга ныкалган. Кээ бир жерлеринде гана кызыл, көк тунукелүү аппак тамдар көрүнө калат. Калаанын күн батыш тарабындагы кызыл тунукелүү узун тамдын солдаттар туруучу казарман экендигин таанышты. Андан берки көк тунуке — уездной начальниктин контору. Ага ыктай салынган жумурткадай чакан үй — өзүнүкү. Андан саал ылдыйраак турган эки катар ак там Терентьев деген бай орустуку эле. Өзү ары бай, ары билимдүү киши. Начальниктин катчысы болуп иштейт. Кыргыз тилин да билет.

Калаанын күн чыгыш тарабындагы мелтиреп аккан суу — Аламүдүндүн суусу. Анын ары жагындагы аянт — базар болуучу жер.

Суунун күн чыгыш тарабында эч нерсе жок: кагыл таштар менен көгөргөн талаалар созулуп жатат. Анын этегине удаалаш жаткан калың бадал менен жайкалган камыштардын учу бара-бара Кордойдон аркы боз мунарыкка барып жоголот. Чычкандын мурду жөргөлөгүс калың камыштуу жыш бадалдарга төө кирип кетсе көрүнбөйт.

Анын бери жагындагы дөңсөө Чоң-Төрткүл деп аталат. Дөңдөгү кишилер төмөнкү тарапты серепчилей карай беришкенде, мына ошол Чоң-Төрткүлдүн желкесиндеги кара жолдон чыккан коюу чаң буртулдап көтөрүлүп калды. Бирок, алардын атчан кишилер экенин, же айдалган мал экенин азырынча болжоп билүү кыйын.

— Тээ, берегги кырга көтөрүлө беришкен он беш чакты кишилер, болду болбоду Нөкөндөр. Артындагы коюу чаң: алдыбызга түшүүгө айдап келаткан жылкылары болсо керек,— деди тургандардын бири.

— Эт бышымга жетпей, жете келишээри бышык. Эй, жигит! Үйгө орун салдыргыла! Алдынан утурлап, ушуларды эле күтүп олтургандай болбойлук. Сын-сыпатыбызды бузбайлык. Тигилер келгенде баарыбыз эшикке жабыла чуркабай, орду-ордубузга олтуралык. Аттарын тиги жигиттер алышаар — деди Мөлтөй: — Кымызды чебердегиле! Киши чаптырып, кымыз алдырбасаңар болбой калды. Бир-экөөңөр үч-төрт ат алып, кымызга жөнөгүлө!

Агыргай деп жүрүп, ыргайдай катып, санаага алдырып, бүлүндү болгон немелердин көңүлүнө тамак чаппай өзөгүн өрт алып, жүрөгү карайгандыр...

— Союшуң камдуубу? — деди Телтай.

— Баягы чабдарды кечээ Жыламыштан алдыргам. Суунун жээгине чидерлеп коюшкан,— деди Мөлтөй.

— Аа, ырас кылыпсың. Жарыктык, жылкынын байгесине келген жылкы эле. Эми бу мөрөйүбүзгө да ырым болуп бергиси бардыр.

Келди-кетти сөздөрдүн этегин түрүшкөн соң, бешим намазын окуп алышып, чоң үйгө жапырт кирищти.

Көп узабай Нөкөндөр да келип калышкандай болду.

— Жылкыларды аркы суунун жээгиндеги коңулга айдап, бирөөңөр көздөп тургула! — деди, келгендердин бири шаңкылдап, эзелки таанышыныкына келгенден бетер.

— Ой, жигиттер! Барып атын алгыла! — деди Мөлтөй.

Жетеге аттай жараган жигиттер аттарын кермеге шарт байлашып, келгендерге эшик ачышып, үйгө киргизишти. Оң колун бооруна ала коюп, саал ийиле таасим кыла, үй босогосун Нөкөн биринчи аттады. Нөкөнгө орун беришти. Нөкөндүн оң жагында уруунун баш манабы Чоро, анан Дыйкан, Апыш, Телтай, Мөлтөйлөр отурушту.

Муштапып басылган адамдардай бардыгы мостоюшуп, бирин-бири алдыртан ууру карашат. Нөкөндөр чаңдуу жол менен келишсе да, өңү-баштары таза экен. Жолдон сууга түшүшүп, намаз окушуп алгандай көрүндү. «Күйөөлөп келгендей болуп, зымпыйганын кара!» деп отурду ичинен Мөлтөй. Кээде гана бири-бири менен ооз учунан сөз алышкан болушат. Оң жак капшыттын аяк жагындагы ушул жердик атка минер жанатан бери көзүн тостойтуп, кээде бир жерди тиктей калма адатын карматты. Ошентип отуруп байкабай көнгөн көнүмүш боюнча, бироокумда бөйрөгүн таяна калганы.

— Зыйт! Атаңыз качан өлгөн?

Чоронун кескин кекээри тигини баштан ары зың дедире тартып жибергендей кылды. Селт этип чочуп кетип, жер карады. Бирок, болуш аны дагы эле жемеге ала берди:

— Чак түштө көзүн тостойтуп уктаган жапалак үкүдөй болгон түгөнгүр!

Көк түйнөк боло калгансып какап, жооп таба албай тил-ооздон калгансыды баягы атка минер.

Чоро ушуну менен «бир четинен чоңдугумду көрсөтөйүн, бир четинен күнөөлү болуп, алдыга келип отур-

гап Нөкөндөрдү сыйлаганымды билдирейин» деген ниетке жетелетти. Шыгыраган жалаң «жакшылар» олтурган жерде алардан озунуп, меймандарга кыр көрсөткөнсүп, бөйрөгүн таяна калышын осол көрдү.

Чоронун жакшы жышаанасын оозундагы жылуу илебинен илип ала койгон Нөкөн опо замат теринен арылгандай боло түштү. «Анан, ырас кылат да. Карга-карганын көзүн чукуйбу? Чородон менин эмнем кем? Ал бир сууну бийлесе, мен да элдин бир капталын чойгонум төгүнбү? Агыргайдын азабынан гана бир аз кирдеп турганым болбосо» деп санааркай түшүп барып кайра чыйрала калды.

Экөө эл баш кошкон жерде бири-биринен жол талашып, бирине-бири чалма ыргытышчу. Кээде биринин башын бири аттап, кээде ит жыгылыш болушчу. Ушул азыр Нөкөндү Чоронун жылдызы басып турган кези. «Адатынча алдымдан туура чабуучу Нөкөндү кудаа жар болуп, мындан ары экинчи баш көтөргүс кылып, жапма үзөңгүгө бастым го» деп, Чоро да өз кезегинде жымыя берди. «Чалгыны кайрылып, текөөрү майтарылганы ушу эмеспи! Антсе да, сыпайгерчилигимди көрсөтөйүн» деп ойлоно отурду.

Аңгыча Агыргай чыга келди. Чоро астыртан Нөкөнгө көз салды. Бир жигит шыпылдап кымыз куюп, идишти элге катары менен кыдыракейлетип, Агыргайдын өзү суна баштады.

Агыргайды көргөн Нөкөндүн ичи муздай түштү. Сакалдуу-көкүлдүүлөр отурган жерде кымызды жигиттер куюшуп, жигиттер сунушаар эле. Бирок, «атайы Агыргайга кымыз сундуруп, Нөкөндүн ичин дагы бир күйгүзөйүн» деген ойду Чоро чыгаргандыгын Нөкөн айттырбай түшүндү. «Бу кебетеси менен Агыргай экөөбүзгө бир табак тартып, шылдыңга алабы?» деп да санааркай калды. Агыргайдын Нөкөндү көрөйүн деген көзү жок. Кебетесин көргөндө эле жылан басып алгандай денеси заарканып, анда-санда кобурай калганын кулагы чала түшсө сезими селт этет. Бирок «абийирдүү» деген кишилер кыстап турса, айла барбы? Намысына күйүп бара жатса да, алардын айтканы менен болуп, жетелегенине көнбөскө чарасы калбай, өз колу менен кымыз сунууга мажбур болуп отурат.

Болоору болгондон кийин Агыргай капкара көздөрүн балбылдатып атайы аппак жумуру билектерин көрсөтүү максатында жеңи кыскараак мала күлгүн үлпүлдөгөн

жаңы жибек көйнөк кийген экен. Кара баркытка жибек жип менен саймаланып, кыркаларына эки элидей кундуз кармалган белдемчеси бар. Көйнөгүнүн үстүнөн кийген тегереги саймалуу чыптама, сыйда мүчөсүнө кынап койгондой жарашыктуу. Бирок, ушул кийимди тигилер кеткенден кийин сыйрып алаарын жакшы билет.

Бироокумда кымыз куйган аяк өзүнө жакындап келатканын туя койгон Нөкөндүн бүткөн бою чымырап, муундары майда калтырай баштады. Бу да болсо, Агыргайдын сүрү эле.

Оо, сулуунун сүрү! Сунулган пайзага солк этпеген эр жүрөк да, арзыган сулууну көргөндө бир болк этпей койбойт. Жашчылык жагынан сезимталыраак жаны бар Нөкөндү чындап сүр басты. «Кудай жазаңды бергирлердин кылганын кара! Баарынан да ушунусу өтпөдүбү, чокко түртүп жибергендей болдум, ээ!».

...Нөкөн сөз баштады:

— Кудаанын кудурети экен. Эр өмүрү — камчы таштаганча. Ажал кайырмагын салса, ким качып кутулат? Өзгө — жалган, өлүм — ак. Тирүү жан болгондон кийин бардыгыбыз өлөт экенбиз «Туумак — сүннөт, өлмөк — парыз» деген сөз чын. Бирөөнүн колу жетиптир, бирөөнүн ажалы жетиптир. Тириликте кагышып-тебишпеген адам болбойт тура. Кечээ жакындагы жаңжалда бир азаматыңардын куюшканы чарт этип үзүлүп, мынабу жалган дүйнөдөн таманы тайып кеткен экен. Биз колдуу болуп калыптыр. Айыбын тарталык, кунун төлөйлүк. Жок, кун албай, кан алабыз десеңер да биз качпайбыз. «Алыщсаң атаңды жык, аясаң акырын жык» деген. Бирок, мени өлтүргөнүңөрдө мендей уулду кайсы катын тууп берээр дейсиң? Жок, «сендей уул бар катындын боюна бүтүп калаар» десеңер да, өзүңөр билгиле! Кессең — мына башым! Кечсең — ада башым! Мына — малым! Мына — жаным! — деп бир паска буула түштү да, андан ары кайра таскактатты:

— Адам баласы көзүн жылтыраткандан тартып, тилден калганча чайнап жүрүп өтөт турбайбы? Бирок, өлгөнчө чайнаса да, адам дүйнөгө тоёбу? Ооба, бар — барынча, жок — алынча! Аз да болсо, көптөй көрүп, эрдин куну деп айдап келген үч тогуз жылкыны алыңыздар. Айыбына бир тогуз жылкы. Бардыгы отуз алты жылкы. Мына ушуга ыраазы болуңуздар. Чунаңдаган чолок дүйнөнү кууган менен жетебизби? Келмек — бизден, кечирмек — сизден! Көңүл кирибизди жуушалы. Кечирим сурайбыз!

...Эки колун бооруна алып, Чоронун алдына ийиле барып тизесин кучактоого жүткүнүп калды эле, аны Чоро ишараттап токтотту:

— Болду! Жетишет, мырза! Ажалы жеткенди арачалап ким калат? Ажал огу тандабайт эмеспи? Бирөөнүн ажалы бирөөнүн алаканында эмес го! Алар жан алгыч ар кимдин жанын өзү алаар. Болду! Кечтик!

Андан соң отургандардан да үн чыгарып жатты:

— Кечтик!

— Башыңыз алдаяр! Кекти сууга салыпалы!

— Кечпегенде кайда бармак элек? Атанын баласы эмессизби? Өзүңүзгө да, сөзүңүзгө да ыраазыбыз.

— Бээдей кадырымды төөдөй көтөргөнүңүздөргө рахмат! Жаманга эшик менен төрдүн айырмасы не? Мынабу Чоро эшикке чыга жаздаган башымды төрүнө чыгарды. Мунусуна рахмат! Мына бул биздин кол айланып келип эле ичин көздөй ийрисине тартат экен. Ийрисине имерилет экен. А Чокемдин колу болсо, сыртына да ийилет турбайбы!

Бирдемени эстей калгансып, Нөкөн чөнтөгүнө кол салды. Алдына акчалар койду. Кээси чычкан көргөн кулаалыча жымырыла баштады «орток болобузбу» дегенсип. Бирок, Нөкөн:

— Чоке! Мынабу — миң сом. Чай ичип коюңуз! Жанагы балакет... эмне эле?.. Сибирдин тузагынан, аюунун кучагынан алып калбадыңызбы? Ыраазымын! — деди.

Ичинен жымыңдаган Чоро да:

— Сулуу кимди жарга түртпөгөн? Сиз арзуунун дөдөй макулугу, мухаббаттын көзү тунарган барбанасы болгон экенсиз... Сизге бербеген кызды, кимге бермек элек? Ала-Тоону аңтарып, кыздын кызылын таап берүүдөн да тартынбайбыз,— деди ашкан сыпайгерчилигин, адамгерчилигин баса көрсөткүсү келип.

Эч кимиси унчуккан жок, тек болушка макул болгонсуп, баштарын ийкегилей беришти.

— Бу сөзүңөргө мен жетине албай турам. Аныңызга ыракмат. Силердин кыздар сулуу чыгат турбайбы? Айла канча? Алакөөдөн жанымдын ала салганы ушу эмеспи, Чоке! — деди Нөкөн түтүнсүз жалынга куйкаланып бара жаткан кишидей паанайы басаңдагансып, үнү каргылдана түшүп. Бирок, кайра оңдоно отура калып, ишендире сүйлөдү:

— «Ар ким кошконго эмес, сүйгөнгө үйүр» деген сөз чын экен. Акыры бу болду. «Сүйүүнүн көзү — тунарың-

кы» дегендей, мен тумандын арасында жүргөн экемин. Сулууга ким суктанбаган? Ким кол сунбаган? Ага да жеткен жетээр... Пенде пенделигин кылбай койбойт экен го? Пенделигин кылбаса, пайгамбар болбойбу?

* * *

Нөкөндөр кеткенден соң, эртеси Чоролор «кунду» бөлүүгө киришти. А деген жерден эле Чоро, Телтай, Дыйкан үчөө окчун бөлүнүп, дөбөчөгө жайланышты. Даражасы төмөн Апыш, Мөлтөй башка дөбөгө жөнөштү.

Үч «лөк» дегеле узакка сүйлөштү. Биринен-бири сөз ала качып, кыйлага кабышып, тебишкендей болушту. Малдашын жазбай сол бөйрөгүн таянып, Чоро гана андасанда сөөмөйүн чочойто сүйлөйт. Берки экөө бири-биринен мансап талашып жүрүшкөндүктөн, колун тескери шилтешип, кээде этек-жеңин каккылашып бирде бутун сунуп, бирде бүгүп, көпкө арбаша беришти. Телтайдын катуу чамынгандай түрү бар.

...«Баягыда насип чапкылап айдап барган экен, жылдырып жылкы айдамак болдум. Алдаш, Агыргай экөө эми колумда: кандай өкчөсөм да өзүм билет эмесминби?» — деп, Мөлтөй жанатан бери дегеле бажылдап отурган, ар нерсенин башын бир айтып саймедиреп.

Бир маалда тигилердин түрүнөн чочулаган Мөлтөй купшуңдай берди:

— Болоруна келгенде тиги үчөө даяр жемдин үстүнөн чыккан түлкүчө бүлкүлдөшүп калуучу, болбосуна келгенде Телтайды журтта калган дөбөтчө арсылдатып коюшчу эле, чырганы баса алышпай арам тер болуп жатышкан экен...

— Ой, айыл сеники го! «Кулжанын куулугу түшөт деп, түлкү ачкаҷан өлүптүр» болбойлук! Ботом, кымыз чакыртсаң боло!.. — деп калды Апыш бирөөгө.

Оо, бир топто гана барып, тигилер чын эле далыларын күйшөп, керилип-чоюлуп калышты.

— А-а, бөдөнөнү эми чындап басышкан экен! — деди Мөлтөй.

...Чоро баштап, бардыгы үйгө киришти.

Ар ким өз даражасына карата тегерете отурушту. Бирин-эки этеги чолоктор тышта калышты. «Мыктылар» менен тизелеш, табакташ болуу кайда?

Бир аяктан кымыз ичишкенден кийин, Чоро терин аарчып жатып сөз чалмасын таамайлап ыргытты:

— Чын-чынына келгенде, мынабу келген үч тогуз жылкы көп да эмес, ал анын менин алдыма келген «бир кыз бергин» деген «сөйкө салаар» малы эмеспи? Өлгөн киши өз ажалынан өлгөндүгүн билесиңер! Андыктан бул жерде көп жөнүндө кеп салбагыла, анда өзүбүздү өзүбүз алдаган болобуз. Мөлтөй карыя, сиз тигилерди алдасаңыз да, бизди алдаганыңызды койсоңуз экен. Кунду оозанбагыла! Чын-чынына келгенде Мөлтөй тигилерди алдайт экен десе, мени алдаган турбайбы?

«Мунусу эмне деген шумдук» деп, делдее калгандардын ичиндеги Мөлтөйдүн жаны чыгып кете жаздады:

— Мен сизди Нөкөнгө кыз бергин деп кыстадымбы? Мал баарыбызга...

— Зийт! «Чечен алжыса «төө» деп алжыйт» болбой тек отуруңуз! Мени алдаганыңыз ошо — карап туруп орто жерден бир кыз чыгарып бермек болбодумбу, жок жерден торго чалынып. Бул менин мойнума түшпөдүбү! Же, Нөкөнгө катынды сен алып бермек белеӊ? «Силердин кыздарга ашык болдум» деп отурбайбы. Мунун жүйөөсүн билбейсизби, жарыктык? Айланып келип мен кармалып отурам, билген кишиге... Бул ишти мойнума жүктөп алганым үчүн мага жыйырма жылкы бөлүнсүн. Мында таарынгансып отурат жана баарыңардан да, ырасында көбүрөөк чапкылап жанакыдай амалды да таалтыр: Мөлтөйгө беш жылкы... Дыйкан менен Апыштардын ар кимисине үчтөн жылкы болсун. Конокторго бир жылкы союлду, ошого чегергиле. Жигит-жалаңдарга бир жылкы бергиле, оозуман чыгып кетти эле... Эки жылкыны жанагы үзүгү сыйрылгандарга бергиле. Калган бир жылкыны бүгүн сойгула да, ошону менен эт жеп тарагыла. Ал эми Алдаштын арманы жоктур, арзыган Агыргайын амал менен алаканына салып бердим! — деп күлдү болуш.

— Эми улуктарга эки жүз сом акча, кошумча бир алтын жамбы берген экенсиңер. Албетте, бул алыш-бериш силердин өз ара ишиңер. Ага менин киришип отурушум сыпайгерчиликке жатпастыр. Аны өзүңөр чогултуп, ыражалашып төлөйсүңөрбү, же башкабы, аны мен биле албайт экемин. Бу жерде отургандардын ичинен менден башкаңар өз ара сөөк экенсиңер, ал жагын өзүңөр билгиле. Башкамын деп Дыйкан аксакал да мындай чыга бербестир. Чындап келгенде бу киши менден көрү силерге жакын. Алар башынан эле, мага караганда ынтымагы силер менен болуп келген. Айлыңар аралаш, аштыгыңар

ороолош, коюңар короолош, жигитиңер жоролош болучу! — деп барып басылды, бетаачысы менен жүзүн аарчына.

Бардыгы делдейип унчукпай калышты. «Бизди сөөксүңөр деп бир көгөнгө тизип туруп гана өзүнүн бөлүнүп чыга бергенин карасаң, суу жукпаган көзүрдүн» деп Мөлтөй ойлоно калды эле:

— Же меники төгүнбү? — деп, Чоро андан сурай калганы.

— Жо-жок! Абдан туура! — деп шашып калды Мөлтөй: — Келин алып жаткан биз болгондон кийин жок дегенде чачыла чачпай калмак белек? Жайдак калмак белек?

Бүтүм бүткөндүгүн билдиргендей Чоро жайланып кырынан жата кетти.

Босого тарапта карасакал уруусундагы кадимки Алдаш да отурган эле. Алдаш ордунан козголуп, сыңар тизелей калды да, тебетейин ала коюп, ата салтындагы тийиштүү энчисинен сөз сала берди:

— Ыя, айланайын, эл-журт! Бу эмне кылганыңар? Өз ажалынан өлгөн кишибизди көрүнө тим жаткырбай, көрүнөн сууруп чыгып, башын жардыңар! Ал аз келгенсип, чийнеге салып сүйрөдүңөр! Ичe-кардын чубап коё таштадыңар! Өлгөн кишибизди жазалап туруп, минтип кун алып отурасыңар! Аныбыз көмүлбөй тыякта солдоюп жатат. Бу эмне деген шылдыңыңар! «Жетимдин акысы — жоголгон тай» деген ушу да. Жок эле дегенде бир жетим улактын акысын ыроолоп койсоңор болбойбу? Кудайга сыйбаган иш го?! Жетим улактын акысынча жокпузбу? Бул жерде биздин да аксакалдар олтурат. Же, киши санынан чыгаргансыңарбы? Мен малга эмес, ошого карап кыргыз наркын айтып жатам. Биз да кош аяктуу адамбыз го? Биз да кудаанын пендесибиз го?..

Эмне болсоң, ошо бол деп көздү жуумп жиберип өз акысын айтпаганда да, көз акысын талашкан Алдашка отургандар үңүлө карашты. Анан астыртан болушка тигилишти.

Чоро болуш бир нерсе эсине түшө калгандай жымыйып алып, какшык, кекээр аралаштыра таскак урду:

— Сен, Алдаш, биздин аксакал табакка шыбагалаш болуп, «мага да кезек берип, кашык салсаңар болбойбу» деп атаандашкың бар экен го? Мен азыр сага кашык сала-а-мын! — деп туруп, кара аяктагы мелт-калт кымызды шимип жиберип:

— Ме, сага салган кашыгым! — деди да, бош аякты Алдаштын алдына тегеретип жиберди.

Отургандар кыраан каткы түшүп жатып калышты. Анан Чоро мостоё калып:

— Сөз төркүнүн билбеген киши, сөздү өзүнө келтирет. Ээ, Алдаш, сизди ким: «Кудаанын пендеси эмессиң!» — деди? Ырас, сиз да кудаанын пендесисиз! Бир-аак, сиз кудаанын Карасакал пендесисиз! Ушуну биле-е, туя-а, эсте-ей жүрүңүз! Карасакал пендеси Аксака-ал пендесинен шыбага талашканды ким коюптур, саа? «Бакыр деген баана, сокур деген шоона» экендигин биле-е, туя-а, эсте-ей жүрүңүз! Биз — шумкар, сиз — кара карга Карасак-аал! — деди.

Күйбөгөн жери күл болуп, ызасы сыртына чыгып, дес боло калган Алдаш көзүн ушалай берип, эмне дээрин билбей жер чукулады.

— Ээ, Карасакал, пендем! — деди, Чоро чоюлуп: — Жаман эмессиңер го? Изаатсыз өлгөнүңөрдү изааттап, башына суусар бөрк кийгизиптир. Үстүнө чапан жааптыр. «Башын жара чаап» дегенин кара! Сен андай күйгүч тууган болсоң, үңкүр-наңкир periштелер Карасакалыңдын карасакалынан кармап туруп: «Раабиң кимдер?» деп, чоң күрсү менен баштан ары салганда эмне арачалап калбадың? Өз ажалынан өлгөн Карасакалыңды Ала-Тоодой абийирдүү Аксакалдарга таңуулайсың, биз өлтүргөнсүп! Өлбөгөн темир өзөк адам барбы? Өзүңө кезек келсе кантээр элең?..

«Кенжетай менен копо көөмп жүрбөсүн!» деген Алдаш этегин кагынып эшикке чыкты. Босогодон аттап баратып, өзүнчө күңгүрөндү:

— «Ач иттин артын, сук ит жалайт» болбоюн! Акыры элде сөз калаар... Арамдан албай-ак койдум! Намыс үчүн айттым эле...

Эшикке чыккан Алдаштын кулагына, болуштун жакшы көрүп айта калуучу бир ыры шак эте түштү:

Карчыга алсыз болсо каз алмайды,
Эр жигит малсыз кулач жаза алмайды!
Бу дүйнө—журтту алдаган бейне базар,
Ар адам оз алдынча базарлайды!..

— Иншалла! Кесир ооз болбосун биз да кудаанын пендесиби-из! — деди карт кекире чечекейи чеч болуп турган Чоро Алдашка келтире, артынан какшык жөнөтүп.

— Жок, биз — кудаанын пендесибиз. Сиз — кудаанын желдетисиз! — деп чаңырды үй сыртынан Алдаш, эмне кылсаң ошо кыл дегенсип.

Бирөө капилеттен жаакка чуу дедире чаап жибергендей кызарды Чоро.

Мындай учурда айдактатпай баса калуучу жигиттери Алдашка тап коюшуп, эшикти көздөй жутунушту.

— Жайына койгула! — деди болуш буулугуп: — Чегирткеге кылыч суурбайлык! Тим койгула! Кайда качмак эле, жоорунан өтүн аларбыз. Жайсыз жерде жазалоого ашыкпа! Жаны күйгөн ит эл аралай чаап, Кенжетайдын өлүгүн бетке кармабасын!

... Боз үйдөн обочороок жерде Алдашты күтүп турган Карасакалдын үч-төрт кишиси тигини көрүп, алдынан утурлай басышты.

— Сабырыңыз суз! И-и, эмне болду? — деди бири такый берип.

— Ээ, эмне болгону курусун! «Кузгундуку куу жыгачтын башында, бөрүнүкү тең орток» дечү эле. Буларды бөрү деп жүрсөм, кузгундан жаман турбайбы? Өлгөндү көрүнөн сууруп чыгып, тойлогону ушу эмеспи! — деди кейиген Алдаш: — Алда, Кенжеш өлбөй кал! Көр азабын сен тартсаң, жер азабын мен тарттым! Өөхх!

Тургандар селдээ калышты.

— Булардын напсиси ажыдаардыкындай экенин биле элексизби? Төөнү жүгү менен, аюуну түгү менен соргон көсөлдөрдөн жетим акы талашкан сиз да бир кызык киши экенсиз. Ажыдаар жемине какачу беле? — деп, тургандардын бири жаман шапалагы менен этегин каккылады.

— Опосу жок дүнүйө, оттон ысык болорбу деп айта салганым... Карачы! Былк эткис болуп кандуу кара капканга чабылдык го? Чын эле бизге кармана турган тал калбаганбы? Башы жок балапан, көзү жок көгөн болдукпу? Качанга чейин булардын таманынын алдында тытылган жүн болуп жүрөөр экенбиз? Же, өмүр бою ушулардын отун үйлөп, өз отубузду жакпай өтүп кетебизби? — деп Алдаш наалыгандай болсо, тим эле замана куурулуп, сөөктөн жалын чыгып кеткендей болот.

Алдаш узай берээрде бир жакыр жете келип, болбой жатып бир жылкысын жетелетти.

— Рахмат! «Жоор жайын жакыр билет» деген ушул экен го. Бизди шылтоо кылып, бир тоюнушту. Бу ордолуу жыландын ордосу сыйпалаар күнү туур! — деди Алдаш...

* * *

Кыш чилдеси өкүм сүрүп чамынып турган кез. Чилде менен мелдешке чыккандай падышанын жазалоочу жел-

деттери да жергиликтүү бай-манаптар менен бириктешип алышып, карапайым калкты кылычтын мизи, найзанын учуна алып кырчылдашып турганына жарым жыл болгон. Өлгөн өлүп, калган калып дей турган мезгил эмес; айтор айыгышкан күрөш мурдакысынан бир аз тартылайын деп калса да, кээ жерлерде тутанып, алоолоп, өчө калып жатат.

Бөтөн жерге качпай, үркпөй калган элди айтпаганда да, байыртан берки жерин мекендеп кала бергендерге да падышачылык уу чеңгелин батыра берди. А турмак, жок жерден кыйкым таап, болор-болбос иш үчүн бүтүндөй бир айылды жүндөй сабап, кызыл уук кылып жиберет. «Кың» дегендерин бута коюп атат.

Падышага каршы көтөрүлүш чыгаргандарга атайын жазалоочу отряддар түзүлгөн. Ар кайсы жерде топтошуп, тынч жаткан элди качкан-безгенине карабай артынан сүрөөнгө салып кылычтап, мылтыктап жүргөндөр сурдан-ган тоо-тоонун ар кайсы бурчунда бар. Кайдан-жайдан келгени белгисиз, кээде өзөгүн өрт каптап ач арбак, куу сүрөт болуп турган элди капысынан басып, малдан бетер күргүштөп айдап айылдан окчун чыгарып туруп, карыш-кыр жазасы менен жазалап кете беришет.

«Өлөр ит кайышчыл» деген чынбы, айтор эмнеси болсо да алды жактан үмүт үзүп койгон, үмүтүн үзбөсө да, акыр түбү ойрон болоорун айласыздан сезип турган, тыштан да, ичтен да катар сокку жеп калың журттан биротоло ажырап калмак гана түгүл, аны менен жоо болуп калган падышачылык жана анын ар кай жердеги бийликтери барган сайын жаалданып каарын төгүп, заарын чачып жатты.

Падышачылыктын суканы качып калганы карапайым адамдарга чейин келип жетти. Айтор ар кандай шумдуктуу сөздөр чыгып жатты. Биринен-бири балбан сөздөр, биринен-бири аяр, же сүрдүү да, сырдуу да, купуялуу да сөздөр...
Эмнени айтса да сөздүн сөдөрү жоктой көрүнүп жатты... Узун кулактын таманы жерге тийбей жел менен копо жарышып турган чагы... «Баланча деген жерде чоң өрт чыгыптыр, ал өрт дегени — элдин түп көтөрүлө падышага каршы чыкканы экен, анан ошол өрттү падышанын жазалоочу аскерлери баса албай, чоң кармаш болуп жатыптыр», «Балчабек деген бар экен, ошо киши мына ушу биздей бей-бечаралардын таламы үчүн падышага жекеме-жекеге чыгыптыр», «Падыша менен кара таман калк от менен суудай каршы деп ошо Балчабек айтыптыр» деген

сындуу сөздөрдүн аягы «айтор, эмнеси болсо да, бир алаамат болуп кетчүдөй» менен барып аяктайт.

Канткен менен кара жанды калкалап бага туруунун өзү да мындай татаал жылдарда чоң олжодой туюлду.

Агыргай да мына ушунун камында калган. Ачарчылык алкымдан алып кыстап турган кезде жашоонун да суканы качат окшобойбу; кечээ күнкү эле таттуу кыялдардын эч нерсеси калбай күбүлүп түшүп, жашоонун өзү да анча кызыгы жок эптеп «өлбө, жаным, өлбөлөп» күн көрүүчү кунарсыз бир нерсеге айланды. Чөйчөгүнөн сапырылып ашып-ташып турган жашчылыктын кумары оюнан да, боюнан да небак оолактап булдурап артта калган таттуу түш сындуу унутулуп калганы да чын болуу керек, не болсо да кара курсактын айы — бардыгын бийлеп алган.

— «Чыныгы мухаббат курсак ток болгондо гана күрүлдөп, күркүрөп күчүнө кирет эмеспи, байлыгың болуп бардыгы жарашканда гана мухаббатың ашып-ташыйт, курсагың ток болбосо эмненин мухаббаты болсун, мага чык, колуңан жылуу суу, алдыңан дасторкон кетирбейм; ырыс-кешиктүү кылам, сага чырайды жараткан алла ырыстуу болсун деп берген, андыктан сен өз ырысыңды өзүң тебишиң болбойт» деп Нөкөндүн уламдан улам айта берген сөздөрү Агыргайдын кулагына кадимкидей дапдаана угулуп тургансыды.

Чабдар атты минип, бош куржун бөктөрүнүп жол тартып келе жаткан Агыргай ушуларды эсине алды... Санаасы санга бөлүндү...

Эртең менен дайыма бир ууч буудай менен кымыран чай ичишет да, ошону менен кечке дейре кынжыйып ээрди кеберсип кара жармага өзөгү үзүлө жаздаарда араң илинишет. Ошону менен түн кирет. Кыштын түнү ансыз да мойну узун эмеспи, ачкалык ага кошул-ташыл болуп жарытымдуу уктатпай, кыйноо менен таң атат.

Акыркы талкан түгөнөөрүнө аз эле калган. Эптеп бир үй-бүлөнү асырап туруу керек. Ары кетип, бери кетип эмне кылаар айласын таппай, чоң тоонун аркы бетине көчүп кеткен Мөлтөйдүкүнө бир аз эгин сурап кетиш үчүн бара жатат. А берээр-бербеси да али күнөм. Байга ишенип болбойт. Баарынан да бербей койсо кантем деген Агыргайда жан жок. Эмнеси болсо да жалынып-жалбарып жатып, быяктагылардын курсагына кырынды боло турган бирдеме таап келсем деген ойго жетелетет.

Ырас, Алдаш менен баш кошкондон кийин Агыргай

экөө тең мурдакы шерт боюнча Мөлтөйдүн кол алдында баш көтөрбөй кызмат кылып жүрүшөт. Бирок, көп узабай ошол эле жылдын эрте күзүндө дүр эткен көтөрүлүш чыгып кетти. Көтөрүлүштүн алдында Агыргай Алдашты солдаттыкка жөнөткөн болучу. Кара жумушка деп эл менен кошо кеткен. Ошондон бери кат-кабар жок. Кайда экени дайынсыз. Антсе да уккан кабарларга караганда күздө кеткендердин кээси азыртан эле келе баштады. Көрсө аларды ичкерки Россиянын ар түрлүү жерлериндеги согушка жакын талааларга алпарып акоп дегенин каздырып туруп, анан кайта бошотуп жиберген имиш. Келгендердин өзүлөрү ушинтип айтып жүрүштү. Кара жумуштагылар түгүл, падыша согуштагыларга да тамак таппай жаткан имиш. Ашык ооздун эмне кереги бар деп, анан тараткан дешет.

А түгүл Алдаш кеткен соң Мөлтөй да замандын түрүн көрүп чочулап Агыргайды төркүн жагына кууп жиберген. Анын үй тиричилигиндеги жумушунун пайдасы кимге? Мөлтөй тиги Нөкөп дале болсо «Агыргайдан өчүмдү албай тынбайм» деген имишти угуп да кооптонгон. Бир балээси жукпасын деп, бу жагынан да сактанып кууду.

Үмүт деген кыйын тура. «Адам үмүт менен жансактайбы?» деп койду ичинен Агыргай. Ал кандай кыйын жолдун алдында турса да, алдыдан үмүт кылды. Анын көөдөнүн жылыткан, аны жетелеген ошол үмүтү. Ошол эң сонун, эң асыл үмүтү. Алдаш аман-эсен келип, эл ичинде тынчтык, бейпилдик болуп, өзүбүз бала-чакалуу болуп кол кармашып жашасак деген үмүт! Ага андан артыктын кереги жок, андан артык бакыт жок! А бирок, мынабу жолдон аман-эсен өтүп кете аламбы? Мына ошону ойлой берди, теребелге көз чаптырды.

Ал эми теребел суук көрдөй ызылдап турган. Бурганактап түндөтөн бери кар жаап жатат. Тизеден түштү. Антсе да жаңкыга караганда китирейген күндүн көзү ачылып келатат. Айлананы басып турган бозомук туман тартыла берип, акыры тээ алда кайда гана кылаң болуп көрүнүп калды. Кар сээлдей берип, аягы тып басылды. Күндүн көзү айланага тегиз чачырай тийип, тоо-тоонун башындагы ак моңгүлүү жалтыраган тайпаңдар көбөйө берди. Бирок, чокусу гана ошондой — кар канча калың түшсө да, зоолорго токтобой төмөн агылып келет. Мына ошо чендe тоо куюну оюн салып жаткан болуш керек; кар тозоңу аяз аралаш кадимкидей жылтылдап асманга көтөрүлөт.

Түш жакындап келе жатты. Агыргайдын бирөөдөн сурап минген чабдар аты күчтүү аттардан болуш керек, мойнун сунуп карды жирей алдыга жүткүнөт. Кечээ эле Агыргай өзү чөп салып, жакшылап тоюндурууга аракет кылганы бекер кетпегендей.

Агыргайдын алды жагында түтүктөй созулган капчыгай жатат. Капчыгайдын эки жагы кууш, кээ жери тикече апай бет, а турмак аскалуу, шагылдуу бет. Мына ошондуктан кыштын кээ күндөрүндө башка убактагыдай, ушул капчыгайдын дал ортосун жарып өткөн суунун жээгиндеги жол менен жүрүү опурталдуу — көчкү жүрүп кетиши ыктымал. Ошондуктан, тоонун сырын алып, тамырын тарта билгендер мындай күндөрдө ошол капчыгайдын таманы менен жүрбөстөн, көбүнчө тоонун жону менен өтүшөт. Ырас, ал да абдан машакаттуу, тоонун ары жагындагы айылга ага караганда капчыгайдын оюндагы жол алда канча жакын. Анткени менен тоонун жону менен баргандар көчкү коркунучунан кутулушат.

Агыргай да муну жакшы билет. Ал көчкүдөн коркуп, ошол тоонун жону менен жүрүүгө бел байлады. Кар жакшы-ок түшкөн экен. Чабдар дагы эле тың. Антсе да бир жакшы жери — тиги тоого чыгуучу жон тик эмес, ал балык жон тартып акырындап барып бийиктей бере тургандыктан, атынан анча кам санаган жок. Шайбырлат бастырса да атты анча кыйнабай келе жатат.

Ат кулагы тикчийе түштү. Агыргай чочуп кетти. Дал алды жагындагы ойдон сорок этишип, бир топ солдаттар чыга калышты. Агыргай аттын башын кайра тартып качууга мүмкүн болбой калды. Бардыгы кылыч, мылтыкчан. Балдырап сүйлөгөн сөздөрү даана угулду. Он үч киши экен. Санап жиберди. Эмнеси болсо да баягы жазалоочу аскерлер экен деп билди. «Мен бара жаткан айылга бара жатышкан экен, аа бечаралар, эми ушул солдаттардан көргүлүктү көрөөрсүңөр!» деп кейий кетти.

Солдаттардын аттары семиз, жүндөрү жылтылдап, ойноктоп турат. Агыргайды тегеректей калышты.

— Хорошо, маржа! — деди бири. Агыргайга сугу түшүп. Жеринде сулуу Агыргайдын аппак бетиндеги наары кете элек. Келишкен мүчөсү менен капкара узун кирпиктери жоодураган көздөрүнө куп жарашып солдаттардын делебесин козгогондугу да чын.

Бирдеме деп жатышты. Агыргай түшүнгөн жок. Өзүлөрүнчө күлүп калышат.

Агыргайды ортого алып жөнөп кетишти.

Жолката кыргызча чала-була билген бироонон алардын жонун түкшүмөлдөп билди. Жанагы жазалоочулардан экен. Тиги Агыргай бара жаткан айылды салык төлөй албай койгондугу үчүн катуу жазага тартабыз, күнөөлүүлөрдү айдап кетебиз, же атабыз дегендерин туюнду. Кайталап сурап, аныгына да жетип алды. Бардыгынан жакшысы — тиги жолдун жөнүн сурады. «Жол жакшы, мен бара жатпайымбы, жүрө бергиле» деди. Алардын бири мурда ушул жол менен жүргөн экен, ал дагы бирдемелерди айтып жатты. Калганы бу жерден биринчи жолу өтүп жаткандыгын түшүнгөндөн кийин, Агыргай негедир терең ойлорго чөккөндөй тигилердин сөздөрүнө да кулак какпай бастыра берди. Бир кезде токтой калышып, ат үстүндө туруп турушуп, бөтөлкөдөн кыдырата арак жутушту. Анан тамекилерин тартышып, бакылдап коңулдуу келе жатышты. Агыргайга кээде тийише калышат. Бирок, катуу сөз айтпай, сырдуу жылмайып, жылуу изаатын корсоткондой пейил күттү. Антсе да анын ичинде не түркүн ойлор үйөрдөй жүрүп жатты:

«Кантип жан алгычтарды өзүм алып барамын айылга? Кары-картаң ата-энелерге, наристе чүрпөлөргө, кырчындай жаш өспүрүм менен тели-теңтуштарымды жан алгычтардын кандуу чеңгээлине кайсы бетим менен салып беремин? Анан кантип жер бетинде басып жүрөм? Антип жашаганым курусун! Жок, анте албайм! Андан көрө — мага өлүм артык! Аа, жасаган кудурет! Ажалым ушул жерден экен го? Мейли, мейли...».

Агыргай тоонун жону менен жүргөн жок. Андай жол менен жүрүш керек экендигин тоонун сырын билбеген немелер кайдан элес алсын? Баягы жол баштаган кишисинин артынан келе жатышат, анын үстүнө Агыргай да алар менен эмеспи? Агыргай да тигилердей эле капчыгайды жарып өткөн суунун жээгиндеги эски жол менен келе жатат. Ырас, жол көрүнбөйт, антсе да анын нугу башка жердин карына караганда бир аз бөксөрүп билинип турат. Баарынан да жолду ат туягы жакшы сезет эмеспи? Шартылдап келатышты.

Өзүнчө калганда жашын сыгып, арманын, машакаттуу өмүрүн көз алдынан чубатат: «Аа, көзү тунарган мухаббат? Кайдан жаралган эмесиң? Адам ата Обо энеге ашык болуп бейиштен куулганы чын белем? Сен деп кандай жүрөк эрип түшпөдү? Күндүн ысык илебинен бүткөн белең, мухаббат! Сен деп жүрүп октон өлдү, сен деп жүрүп чоктон өлдү... Алсызга ал берген, күчсүзгө күч бер-

геп сыйкырдуу белең, мухаббат?» деп бир кезде Алдаш менен сырдашканын күбүрөндү. «Алдашжан! Бу дүйнөдө арманда кеттик, а дүйнө болсо табышаарбыз» деп күбүрөндү.

Айласын таап артта калууга тырышты. Бир катар алыстай түштү.

Мына, типтик капчыгайга да туш келишти. «Ушу желмогуздарды кантип өзүмдүн туугандарыма ээрчитип барам, өлүмдү кантип ээрчитип барам» деген Агыргай көчкү жүрүп кетсин деген ниет менен:

— Аа-аайт! Кош! Кош! Алдаш! — деп бүт үнү менен кыйкырганда алдыдагы солдаттар эмне болуп кыйкырып жатканын түшүнүшпөй, аттарынын оозун тартышып, Агыргай жакка делдейишти.

Агыргай атынын бардык күчүнө салып артын көздөй өңкөңдөтүп качып бара жатып кыйкыра берди.

— А, көр заман! Көр замаан! Капчыгай гүүлдөп, андан-мындан «а-аа-а» деп аскалар жаңырып кетти.

Арак ичип кызып калган командир мылтыгын жулуп алды да, жолдошу колун кагып жибере электе чабдарды үстөккө-босток теминип тыякка салпактап бара жаткан Агыргайды көздөй жакшы мээлебей туруп «тарс» койду. Ошо замат аска-зоо жаңырып, капчыгайдын эки жагынан тең көчкү жүрүп кетти! Жаңы кар али басыла элек болуучу, капталда араң эле илинип турган.

Көчкүнүн эпкининен калпактай учуп кеткен Агыргай бир оокумда тырмышып жатып обдулуп өйдө тура берип, солдаттар жакты караса, алар түгүл капчыгай билинбей тоодой үйүлүп калган аппак карды көрдү. Көчкү окко удаалаш жүргөндүктөн, ок жеп кала таштаганын элес алган да жок. Жан-жагын карап эптеп атына минип жолго чыкты. Жүрөгү түшүп калганбы, көпкө эсин жыя албай өзүнчө сүйлөнүп делөөрүй берди.

* * *

Үй тегерегинде мал-жан көрүнбөйт. Эшик алдындагы сарайда байланып турган кара жорго, анын ээси Нөкөндүн үйдө экендигин күбөлөйт. Ооба, ал үйдө. Тетиги бурчта Адей молдо менен күбүрөшүп сүйлөшүп жатат. Кандайдыр бир купуя сырлары бардай. Көзүн кыбындаткан Адей молдо кез-кез башын ийкеңдетип, колундагы теспесин бачым-бачым тарта коюп, кээде кулагын түрө купшуңдап жатты.

— Молдоке! Бу Агыргайды унута ала турган көрүнбойм. Баарыдан да намызым кетпедиби? Мына баягы айтканыңыз! — деди да, өзүнө өзү ыраазы болгон түр менен колунда кармап отурган кызыл капчыктын ичинен алакандай ак кагазды сууруп чыгып Адейдин алдына койду: Мына ошол! «Агыргайдын бир тал чачын таап келсеңиз, аны алаканыма салам» деген элеңиз. Ушу бир тал чачына бир тай берем» деп жатып, ишеничтүү кишиден чачын алдырып отурам. Эми, калган иш өз мойнуңузда.

Адей алдындагы ак кагаздын үстүндө жаткан капкара болгон бир тал чачты тыягынан-быягынан карамыш болуп туруп:

— Агыргайдын өз чачы болсо, болду. Мен эми буга дуба окуйм. Андан соң Агыргайдын өзү келип мойнуңан кучактайт. Бирок, мен өзүм ооруп калуум да ыктымал, дубанын күчү ошондой — деп оңдоно отура калды да, эсине бирдеме түшө калгандай:

— Ой, кокус бу чач башка бир катындыкы болуп калып, бироонун убалына калып жүрбөйлүк, бөөдө? — деп Нөкөнгө суроолуу карады эле, тиги секирип кетти:

— Жок, жок! Дал өзүнүкү! Уктап жатканда башыма коюп сактадым сиз келгенче. Кудайга коюңуз, өзүнүкү.

— Эмесе, бу үйгө жан кирбесин! Сиз менин жанымда болосуз. Бу сырды сиз экөөбүздөн башка жан туйбасын!

Ошону менен даарат алган соң, Адей дуба окууга киришти. Оо, көпкө окуду. Нөкөн угуп отурат, бирде удургуп, күтүүсүздөн пайда болгон майда куюн сындуу андан-мындан «дыр» коюп, кайра өчө калат. Бара-бара демденет, жинденет. Асман-жердин чаң тозоңун, быт-чытын чыгаргансыйт. Бирок, күүлөнүп, теминип канчалык чымырканса да чегинен ары чыга албай тоо ортосунда буулугуп, шарпылдап кала берген көл сыңарында арманын айтып озондойт, онтойт. Адейдин дубасы Нөкөнгө уялуу кумурскадай жабалактап үй ичине толуп кеткендей туюлду. Нөкөн тажап бараткандай. Уйкуга алдырбас үчүн жакшы эле диңкилдөөн кийинген неме, болбой эле көөлгүй баштады, каалгый баштады. Акыры кулак учунда алдас урган кашка чымындын дыңылдаганындай гана бирдеме араң илинип турду. Кыраат менен куп келиштире Адей дагы эле чоюп жатат, чоюп жатат. Кыраатка уюп бараткан Нөкөндүн сезими андан-мындан жылт берип, Агыргайды тээтетиги булуттардын үстүндө алыска-алыска жетелеп бараткандай өчүп, өчүп...

Нөкөн коңурук тарта баштады. Түн ортосунан алда

качан ооп кеткен экен. Адей акырын эшикке чыкты. Мурда даярдап койгон жембаштыкты койнунан суурул акырда байланып турган кара жоргонун башына иле салды. Кайра келди. Нөкөндүн көчүккө тепсе ойгончу түрү жок. Акырындап окуй берди. Окуй берди. Бир кезде жылып эшикке чыкты. Кара жоргонун башындагы жембаштыкты алып, колун салып көрдү. Баары жайында. Үйгө кирди. Окуй берди. Бир маалда үнүн катуу чыгарып карсылдап, түрсүлдөп көрдү эле, Нөкөн ойгонуп кетти. Ошону менен кайра уктаган жок. Тиги окуй берди. Аңгыча таң апак-шапак болду. Дубаны окуп бүтүп, Адей — «Эми, бир аз чырым этип алалы, окуп бүттүм!» деди. Кыйшая кетишти.

«Тарс-түрс» деген дабыштан экөө тең ыргып турушту. Дабыш тиги тыштагы акыр тараптан чыгып жаткан экен. Жетип барышты. Кара жоргону кудай уруптур: өзүнөн өзү жулунуп, ар нерсени тепкилеп, көздөрү кыпкызыл... Оозунан ак көбүк буртулдайт.

— Аа, кокуй! Жанагы чач Агыргайдын чачы эмей эле, кара жоргонун жалынан үзүлгөн турбайбы? — деп, Адей алаканын шак коюп, жерге отура калды: — Кокуй, эл чакыр! Тетиги терекке мыктап таңып таштасын.

Агыргай деп аңкаңдаган Нөкөн эми кара жоргонун күйүтүн тарта баштады:

— Айланайын, молдоке! Кара жорго мал болобу, же жокпу? Өзүм менен кошо аты чыккан жаныбар эмес беле? Бир айла табыңыз?

Адей башын жерге салып унчукпады.

— Молдоке! Тандаган атыңызды миниңиз! Кара жоргону мал кылып бере көр!

— Болуптур. Он мертебе дубаны жандыра окуймун. Мал кылам! Коркпоңуз! Бир мингичтен жүдөп жүрөм.

— Мингич курусун. Тандаганыңызды...

Эл келди. Кара жоргону тыягынан-быягынан чалып туруп, үй алдындагы терекке таңып салышты.

Адей күпүлдөп окуй берди, окуй берди. Акыры «бүттү» деди да, жыга чапкандай алп уйкуга кирди...

Бир маалда Адейди ойготушту.

— Молдоке! Жанараак «ат окуранып калганда ойгот» дедиңиз эле, эми айткандай эле окуранып калды. Даарат алган Адей кайра бир сыйра окуду.

— Эми чечип туруп жөн эле байлап койгула! Дубасы жанды! — деди Адей.

Ошондой кылышты. Ат калчылдап, жоошуй түштү.

— Мине бериңиз! Кара жорго айыкты! — деди Адей.

Бирок, Адей ийленген меңдубананын түбүн кара жоргого жем менен кошо жегизгенин ким билсин? Аны жеген соң ат «жинденип» барып, кийин өз олчөмү келгенде өзүнөн өзү айыгаарын да ким билсин?

Адейдин «сыйкырдуу күчүнө» баары ишеништи да калышты. Алдынан кыя өтпөс болушту.

Бул окуядан соң, Нөкөн менен Агеркеч катуу чырдашты. «Сен күнүлөштүк кылып, мен уктап жатканда капчыгымды аңтарып, Агыргайдын чачынын ордуна кара жоргонун кылынан кесип туруп салган экенсиң» деп Нөкөн Агеркечти жекире берчү болду. Айтор Нөкөндүн жаны жай албады. «Бу сырды айтпасам, Агеркеч аны кайдан билип алды? А балким, тиги молдоке менен жыңайлак байланышы болбосун» деп да күдүктөндү.

«Өзүнүн гана чачы керек» деп, тыякта молдоке чүйгүндөрдү жеп тырайып жатат.

«Башкалар барганда баары бир алдайт көрүнөт, а балким жанагы чачты Агеркеч эмей эле, тай алган неме алдап алып жүрбөсүн» деп, быягын да ойлойт Нөкөн. Эми, өзү барып Агыргайдын чачын өз колу менен жулуп келбесе, башкалардан эч нерсе чыкчу көрүнбөйт. Өзү кантип барсын?

Агеркечтин молдокени көрөйүн деген көзү жок. Мунусун билген молдоке бир күнү Агеркеч менен сүйлөшүп, актана баштады. Бир топ сүйлөшүп калышты. Булардын көпкө сүйлөшүп калганын Нөкөнгө бирөө айтып келди. «Агеркеч зайыптык кылып, менин башымды айлантып лбасын» деген Нөкөн ары ойлоп, бери ойлоп отуруп, акыры мындай деди:

— Агыргайдын айлына барыңыз да, айласын таап, алаканыма салыңыз. Бок дүйнөнү мен аябайм. «Атын адам таппаган, онтобогон ооруга жолук» деп каргаган жерим бар эле. Оозум дубалуу киши элем, жок эле дегенде Агыргайды дал ушундай ооруга чалдыктырып бериңиз. «Тобо, баягы Нөкөндүн каргышы тийди белем, а да төгүн киши эмес белем?» дегендей болсун эл.

* * *

Дал күүгүм ченде эки жигити менен шайдоот бастырып келе жаткан Чоро болуш өз айлына кетип баратып, жол таманына жакын шоңшоюп турган жаман боз үйгө кайрылды. Үй ичинде бирөөнүн дуба окуп жинденип жаткан үнү боз үйдүн тышына даана угулуп турду.

Чоролор аттарынан шап-шуп түшө калышып, үйгө кирип барышты. Бүлбүлдөп ным шам күйүп турган экен. Агыргай төшөктө жатат. Анын баш жагына жакын Адей молдо жай отуруп алып, жанагы дубасын күпүлдөтүп жатыптыр. Колунда узун чыбыгы бар. Кээде ошонусу менен чыпылдата жууркан үстүнөн чапкылап жатканын билишти.

Чоро болуш Адейди бир жолу көргөн эле. Тааныган соң Нөкөн жибергенин ой жоруп биле койду.

Улага жакта бир кемпир отурган экен. Чоро ошондон сурап билип жатты. Баштан аяк жамаачылуу жаман чапан кийген, бутундагы тамтыгы кеткен шырыма чокоюнун арткы апкытынан чөптөн жасаган батеги булайып чыгып турган бечара, журтта калган жорудай шоңшоюп, улам мурдунун суусун сыгып мындай таштап, анда-санда коломтого тикенден сала берип сүйлөп жатты:

— Агыргай бая күнү көчкү жүргөн ченде тиги айылдагы Мөлтөйдүкүнө талкандык бирдеме сурап барып келген эле. Ошондо суугуна биротоло тегеренип калган болуу керек, келээр менен төшөк тартып жыгылды. Кээде «көчкү, солдат» деп жөөлүүчү болду. Анан молдоке келип калды да, боз үйдү ээн тиктирип «бу келин байлатма жинди болооруна аз калыптыр, карабайсыңарбы, ар неменин башын бир айтып жөөлүп жатат, алдын алалык» деп, анан «ичилик» деген бир дарысын берди, «ысытма-суутма болот» деп. Бир аз жакшы болуп калды. Анан кайра чын эле жин тийгендей оозунан ак көбүк кетип, көзү аңтарылып, жер чапкылап, айтор жинди болду. Анан кайра эс алып калды. «Бу келинди сабап айыктыруу керек, эгер муну айыктырбаса колу тийген киши жинди болот» дегенинен эл чочулап бу үйдү тигип берип, мени от жагып берүүгө койду...

Кемпир шуу үшкүрүп соксоюп отура берди. Агыргай «чындап жинди болгондо» Адей ага баягы меңдубананын күлүн тамакка кошуп ичиргенин кайдан билсин? Анан ал күчү кеткенде аны ичкен киши өзүнөн-өзү эс алаарын да кайдан билсин, жакасын кармап таң калды:

— Чоң молдо экен, олуя... Күндүз жинди болгондо, жалаң дуба окуп отуруп элдин көзүнчө айыктырып салды...

Чоро болуштун кыйдылыгы жанда жок эмеспи, ошо Адей молдокеден тиги Нөкөндүн аман-эсендигин чекмелеп сурай кетти. Далай тузакты бузган дасыккан куу молдоке куйругун карматпай калсын:

— Ошо Нөкөндү көрбөгөнүмө бир жыл болду,— деп анын аман-эсендигин, жөн-жайын кайра Чоронун өзүнөн сурай кетти: — Мен тиги Олуя-Ата, Кара-Тоо, Мерки тараптан ошол Нөкөнгө эми баратам, жолдон бу айылга кайрылып, анан...

Ары жагын Чоро болуш айттырбай колун жаңсап токтотту:

— Ай, апа! Сиз бара бериңиз! Эртең келиңиз. Молдоке жалгыз окубаса дуба түшпөй калат да...

— Мен да ошону айтып отурам! — деп молдоке жымыңдады.

Кемпир кетти. Эсине келип турган Агыргай Чорого:

— Айланайын, аке! Мени тим эле жинди деп сабаганы жатат, мен жинди эмесмин, куландан соомун. Бая күнү гана катуу суук тийип калган эле. Жакшы болуп кетким бардыр. Мени бу кишиден бошотуп алыңыз деп ыйлап жиберди. Анан суранып жатып, Чоронун кулагына шыбырады:

— Бу киши баягы Нөкөн жиберген киши экенин билдим. Ошол эски өчүн алмакка атайы жиберген экен. Мени бу кишинин уу тырмагынан ажыратып алыңыз, акебай...

Молдокенин кандай максат менен келгендигин Чоро келээр менен эле билген болучу. Бирок, Чоронун келиш максаты башкада.

— Келин, сен «көчкү», «солдаттар» дегенди оозуңан түшүрбөй айтыпсың. Ошо солдаттарды көчкү алганын сен көргөн экенсиң го? Ошондон бирдеме айтчы?

Чекмелеп бир катар тузак салып көрдү.

— Эч нерсе билбейм! Жөөлүгөндө оорукчал киши эмне дебейт? — деди Агыргай.

Сөз ушуну менен бүттү.

— Бу келинди жакшылап кара, айыктыр! Жакшы келин эле, чоң талаштан алып калган көгүчкөн эле, бечара күйөөсү да жакшы неме эле... Сабабай айыктыр!

Ошону менен Чоро атганып кетти. Ээндеп чыкканда жигиттерине буюрду:

— Жанагы келин соо эмес, «көчкү», «солдат» деп тантыраганы жаман. Эгер мунун чети эле билинсе, падышанын төрөлөрү бизден көрүүгө мүмкүн, көчкүнүн жүрүп кетишин. Ананыраак барып, Агыргайды да, тиги молдокени да жайлагыла! Мурду-башына жууркан басып муунтуп, кан чыгарбай жайлагыла, тагы билинбесин!

— Кам санабаңыз! — деди бу жагынан маш жигити.

Ат туягында кычыраган кар жигиттерге демөөр берип жаткандай туюлду. Бөжүгөн жорго үстүндө сүлкүлдөгөн Чоро алыстай берди.

...Эртеси Агыргай менен Адей молдонуп селейип тоңуп калганын көрүштү...

Бу кабарды эл арасында отурган Чорого бирөө айтып келгенде, бир аз тунжурагандай болуп, сакалын ууччап туруп бир күрсүндү:

— Аа, кайран келин! Сен деп чапкылап жүрүп туягыбыз жерде калгандай болду эле... Ашуу-ашуу таш кыяны көп басчы элең, акыры минтип куюшканың чарт деп үзүлүп, жаның жай алган экен... а, бечара! Узун этек ургаачынын алды эмес белең, кайран келин! Боз кыроодогу сумбула жылдыздай жоодурап кете бердиңби?..

* * *

Айылдын оозундагы жайылманы көздөй үч чабандес келе жатты. Алардын үчөө беркиден ат куюшканчылык артта экендигине караганда алдыдагыдан даражалары пас экендиги байкалат. Суурула чыгып темгилдүү карала жоргону алчактата минген кишинин көрүнүшү бир башка. Сүлүктөй жараган жал-куйруктуу, бармак басымдай ак ала темгили бар кара жоргонун буура көкүлү сыдырым желге дыр берип серпиле калат. Көк нооту менен тышталган кайырма жакалуу ичикти бармагы кайкач уздарга илбирстин терилеринен кыя кестирип туруп кеңдей бычтырып жарашыктуу тиктирген. Суусар тебетейди оң чыкыйга саал кыйшайта кийиптир. Чыкыраган аязга тебетейдин берметтери тирилип, кыйгач тийген күн нуруна ого бетер кулпунгандай түрү бар. Көл-шалдай күлгүн жибек жоолукту үч бурап туруп илбирс ичиктин тышынан белине дыңкыйта курчап таштаган. Оймолуу тердик үстүндөгү ак каңгы ээрге көгүлжүм баркыт көрпөчөнү таралга, уткундан өткөрө жая салыптыр. Күмүш бастырылган куюшкандуу, жибек жип аралаштырыла согулган кызыл ала ат жабуусу желбирейт. Илбирс ичиктин эки этегин такымына кысып ат тизгинин кээде жыя тартып, кээде эрки менен коё берип, чапма жорго менен чайпалып келе жатат. Бетегедей түпөктүү буура көкүлүн ыргытып сүмбөдөй созулган карала жорго менен чабандестин оозу-мурдунан чыккан көк буу эки ийинден аша берип жоголуп жатты...

Бул киши Чоро болучу. Жакынкы шайлоодо ар кандай айла-амал, куулук-шумдуктары менен каршылашкан жагын басып, кайрадан болуштукка шайланган. Азыр кыныпа батпай толуп да, болуп да турган кези. Коймаарек жоош элди басып жеп, баш көтөргөндөрүн кайра чүмкөп, атаандаша чыккандарын тизеге кагып чөгөрүп, чоң кырга чыкты да калды. Эми, бир уруунун чоң манабы катарында элди жонунан бийлейт...

Бирок ушул азыр жакшылап байкаган кишиге анын сакал-муруттары түктүйгөнсүп, жүзү саал кубарыңкы. Жакшы уктабагандан болууга керек; көздөрү канталагансып, чарасы бөксөрө түшкөндөй түрү бар. Жүрөгү алепжелеп согуп, ою бир жерге токтобой, куюндай сапырылып уйгу-туйгу. Эртеңден бери бир ооз «лам» дебей, болбогон нерсеге итатайы тутулуп, өзүнөн өзү кыжырданып келатат. Тек, эртең менен эрте жанында келатышкан Дыйкан, Телтай, Апыштарды чакыртып алды да, аттарын токутуп алып, ишаарат менен калаа жакты бир жаңсап ошону менен жүрүп кетти...

Чоро бир оокумда тизгин тартып:

— Оо, жараткан парпардигер! Кимдин оюна келиптир? — деп, бир күрсүнүп алды.

Болуштун эмнени айтып жатканына түшүнүшө алышпай, тигилер аңкайып кулагын түрүштү. Эмнеси болсо да, жакшылык эмес экендигин туюп турушат. Бирок, бирөө да айбыгып, суроо сала албады.

— Алдыбыздан бир өрт чыгыптыр...— Тиги Петербургдогу чоң падыша тактысынан кулаптыр имиш... Жанагы өңчөй кара батырак-букаралар жыйылып алышып, тактан кулаткан имиш... төңкөрүш жасап жиберип...

Дел болуп мостоё калышты.

— Анан ким падыша болгон имиш?

— Анысы так эмес дешет. Падышанын иниси баш тартыптыр. Ошону менен эки анжы дейт. Антсе да, жанагы кара букаралар басымдуу дешет. Кечээ муну мага оёзной ачандыктин[1] өзү оозмо-ооз айтты. Ырас, ылжыган мас экен. «Падыша кулагандан кийин, анын заң-закүнү да кошо кулайт, сен да, мен да бийликтен кеттик» деди. Бүгүн ошо соо болсо, чын-төгүнүн билейин деп силерди кошо ээрчитип бара жатпаймынбы... Бирок, муну эч кимге оозуңардан чыгарбагыла!

---

[1] Уездной начальник дегени

Ар персенин башын бир айтышып, ар ким өз-өзүнүн мал-жанын ойлоп бара жатышты...

Мынабу жол бир аздан соң кууш кашатчанын ортосун жарып өтөт. Андан ары созулган жайылманын чеги жоктой жүрө-жүрө асман менен сиңишип, тээ төмөндө жаткан казак талааларына барган соң, кыланга айланып кетет. Жанагы кашатка кире берген жерде аркан боюнчалык типтик жарча бар. Дал ошо жарчанын кылда башында кудум бирөө атайлап тигип койгон сыңарында шыңга бойлуу жалгыз түп арча турат. Жөн арча эмес, жибек арча. Бутагы, бүрлөрү өзүнчө бир назик жана жумшак болгондуктан, мындай арчаларды эл жибек арча деп коюшат. Кыштыр-жаздыр жол боюндагы жарчанын үстүндө бүрүн түшүрбөй дүпүйүп асманды карай созулган жапжашыл бу арчаны жолоочулардын бардыгы билише турган. Ар бир жердин өзүнчө эн-тамгасы бар окшобойбу? Мындай болсо, бу аймактагы жалгыз түп мазардай болуп созолонуп турган бул арчаны кандайдыр ысык көрүшүп, алыста жүргөндөр куса болоордугун айтышчу.

Мына ошо жапжашыл жибек арча бүрүн аппак кардан бубак жамынып бутактары кудум жомоктогудай саймаланып да, кайкалап да, ийилип да, салаңдап да, айтор — бир керемет. Ошонун түбүндө чоктой болгон бирдеме кызаргансыйт. Эки бала томпоңдоп жатышат.

Жанатан бери капалуу келаткан Чоро кардын үстүндө чоктой болуп кыпкызыл мыя чачылып жатыптыр, ошону көрдү:

— Эй, не кылып жатасыңар?!

— Кечээ ушээрде отун жыйнап тыштап кеткенбиз. Ошону...

Жүнү булайган эски тебетейди баса кийип, чоң чокоюн сүйрөгөн бала мурдун шуу тартты. Делдең кулак беркиси коркуп турду.

— Түшкүлө аттан! Мынабу мыяны арчанын бутактарына таңып туруп өрт койгула! Тигилер өрт койгон экен, биз да коёлук! — деди камчысы менен жаңсай берип жанындагыларга. Аты ойноктоп турат.

Тандап оргон кыпкызыл мыясына ичи оордубу, же тиги ак бубак жамынган жибек арчаны аяп кеттиби, эмнеси болсо да балдар бышактап киришти. Бири отунун баса калды эле, карылуу колдор мындай алып ыргытты. Чоң чокой атасыныкы окшобойбу, бутунан суурулду. Ичиндеги жумшак, уяң чөптөн жасалган чоң бетеге булайып чыгып турат.

— Тетиги батек кургак көрүнөт, уяң чөп эмеспи, ошону тамызгы кылгыла? Оо, куу тумшук акыр замандын балдары! Бизди жутканы төрөлгөнсүңөр да...

Бардыгын айткандай кылышты. Чакмактын оту кебезге, кебездин оту уяң чөпкө жабышып соймоңдогон көк ала жалын чыкты. Шагырап как куураган кызыл мыяны бир заматта чатыратып жиберди. Арчанын бүрлөрү кандайдыр бир майлуу болот эмеспи: чатырагандан чатырай берди. Кыпкызыл тилин андан-мындан соймоңдотуп долудай жинденген күчтүү жалындар жанын сабап бутактан бутакты аймап жатты. Бачырап күйгөн арчанын бүрлөрү бат эле сөңгөктүн тегерегине көлдөлөң боло баштады. Капыстан туруп денесин өрткө алдырган жибек арчанын сөңгөктөрү карала-торала болуп мулжуюп жалынга чыдабай кадимкидей кычырап онтоп тургансыды.

Алыстан караган кишиге кар күйүп жаткан шекилдүү. Чынында эле кар үстүнөн жалын атырылды. Кычырап, кыйналып, ыйлап жаткансыды.

Күйө берип көп жери мулжуюп калды. Жанараак эле ак бубактуу кымкап жамынып кулпунган шөкүлөлүү жибек арчадан бир заматта кара сойлоктор гана калды. Сүт үстүндөгү кара коңуздун тарбайган буттарындай болуп дегеле комсоо көрүнөт...

— Оо, бу арчанын эми күнү бүттү! Эми гүлдөбөйт! Биздин душмандарыбыз да дал ушу арчадай өрткө чалдыгып, күлү калгысы бардыр!

Катуу теминип алган болуштун чери жазылып, үзөңгүнү кере тээп шартылдап жүрүп кетти.

— Өйттүн ичине өзүң кал! — деди жанагы делдең кулак бала тантык тили менен тигинде түтүндөй созолонуп кетип бара жаткандардын артынан каргыш жаадырып, балдырап...

* * *

Жадыраган жай келип, жаңы турмуштун шааниси кирип калган кез. Падыша тактан кулагандан соң, букаралардын үнү бийиктеп, эки тизгин бир чылбырды колуна ала баштаган чендe айылдагы кедей тобунун башчысы Алдаш жолдоштору менен калаадагы жыйналыштан кайтып келе жатышкан.

Мына, өрдөш жерге келишти. Өрдөштүн эки жагы кууш. Ошол өрдөштүн кыр белинде жарча, жарчанын так төбөсүндө баягыда бир кезде Чоро болуш өрттөгөн

жибек арча бар. Бир кезде так ошол жондо бейиттер дүпүйчү. Азыр анын жулдары гана калгандыктан, көзгө урунбай жер менен жер болуп баратат. Ата бабалары ушул жерге коюлган кээ бир өткөн-кеткен жолоочулар дал кырга чыга калган жерге токтошуп арбактарга, туугандарына багыштап куран окуй кете турушкан. Алдаштын бабасы да ушу жерге коюлган, дешчү. Алдаш ошону эстеп кыр жонго чыкканда:

— Кыбырай бергиле! Мен бабамдын мүрзөсүнө кайрыла кетейин — деп тигилерден бөлүнүп атынан түштү. Атын мындайраак тушап койду. Өзү тиги жарчанын баш жагындагы жонго чыкмакчы болуп өр тарапка, өңкөңдөп жөнөп калды. Чоң атасынын тааныш мүрзөсү көрүнө бергенде эле арт жагында бирөө кыңкыстап жаткансыды. Чоочуп кетти. Үн мына бу жардын башындагы арчанын түбүнөн чыккандай болду. Кулагын түрүп, тыңшай калды. Бирөө онтоп жаткансыйт. Элеңдеген неме жаман шапалагын бүктөй кармап, аярдай басып барып караса... оо, шумдук, памыркен маасылуу жакшы кийинген бир киши арчанын түбүндө байлануу жатыптыр. Кийимдери негедир тааныш өңдөнөт. Колун аркасына байлаштырып туруп, анан белинен арчага бекемдеп таңган экен. Баарынан кызыгы куржундун эки көзүн тең башына кийиштирип, ооз жагын тиги кишинин мойнуна далдап туруп канжыга менен бекем таңып таштаптыр. Аз эле болсо жантаслим болчудайбы?

— Ой, сен кимсиң?

— Айланайын, тезирээк чече көр!

Үнү чыңылдап чыкты. Не кылаарын билбей, бир аз кайсалай түшкөн Алдаш жанынан учу сынык жаман кыңырагын сууруп чыгып, адегенде мойнундагы канжыга кайышты кесип жиберип куржунду сууруп алды. Оо, шумдук! Кадимки Чоро манаптын өзү экен! Көргөн көзүнө ишенбей:

— Не болду? — деген Алдаш үңүлө калды.

— Не болгону курусун! Анан айтам! Чечип жибер! Тездет!

Бар күчүн үрөп жатып чече албай, бир топко күйшөлдү. Жаман кыңырагы менен кыйчылдатты. Бек өрүлгөн жапжаңы чылбырга жаман кыңырак өтпөй мазени кетирди. Басмайыл менен да арчындай кошо таңыптыр.

— Ой, аны коё тур, анда! Адегенде бир суу берчи! Тамагым кургап өлгөнү турам...

Атына барып канжыгага байланган кол чаначты

алып келди. Кербаланын итиндей тилин салаңдатып, опкосун кагынып араң турат.

Арпа ачкылды дембе-дем жутту. Сүйлөөгө чолосу тийбеди. Тим эле өмүрү тамак көрбөгөн немедей кулкулдатып жатат. Тиги таң калып карап турду. Демейде кембагалдар ооз тийиңиз деп бере калса, колуна алымыш болуп оозун аяктын кырына тиээр-тиймексен кылып туруп кайра сунчу ушу айтылуу манап эмес беле?

Эми болсо, жаман кол чаначтагы кылканы тескейленип турган арпа суусунду түбүнө чейин көңтөрүп жиберип шалдая калды... Ооба, манаптын азырынча желе-желе бээси бар. Турмуштун, жыргалчылыктын каймагын калпып жүргөндөй болду эле! Байтал бээнин бал кымызы сабаадан үзүлбөй күркүрөп, сары каймактап алдынан кетпеди! Жалаң жылкысы миңге чамалайт. Чатыраган жайлоодо аппак кылдаган, бордогон боз үйдүн тушун түрдүрүп коюп, бутун сунган калыбында көмөкөйүн бүлкүлдөтүп, ошо байтал бээнин бал кошкон кызыл кымызынан сүбөөсү кайкалаганча жутуп жүргөн эмеспи? Ошондо суусуну канган эмес! Отурган-турган жери той болуп, өмүрдүн бүгүнкү айтынан эртеңки айты кызык көрүнчү эмес беле, ага? Жашоонун жалаң күңгөйлүү жактарында өмүр өткөзгөн манап эттин чүйгүнүн жеди, сорпону тескейлете калпытып ичти, кымыздын тундурмасын жутту! Ошондо тойгон эмес, Чоро болуш! Өмүрүндө мынчалык ширин тамак таткан эмес, ал! О, чиркин! Чүйгүндөп ичкен тамактар мынчалык не ширин болгон жок? Мындай ширин тамакты, мындай маңыздуу суусунду ал эстей албай койду... «Насбай атып, оозумду кымыз менен чайкачу элем кээде, мына ошонун кесири тийдиби?» деп ойлоно калганча:

— Не болду? — дей берди тиги.

Ушундай тамакты берип турган Алдашка бир аз мээри түшкөнсүп кетти. Бирок, анын башы менен жата турган мүнөзү бар эмеспи? Дал ошонусу кармады. Табалагандай сурай турган кандай акысы бар? Ал суроого акысы жок! Дал ушундай абалда тигинин алдында жатканына ыза боло түштү. Жиндери алкымына келип кептеле калган манап тигини кагып таштайын деп барып, кайра акылына келип жоошуй калды.

— Бир топ болду. Чоң атам ушээрге коюлган эмеспи? Куран окуюн деп жол четине түшө калдым. Артыман шыбыш чыккандай болду. Кылчайып кароого болбойт: куран бузулат. Аңгыча эле бирөө чапанын башыма каптап баса

калды. Эки киши өңдөндү. Ныгыра басып турду. Бири атымдагы куржунду канжыгасы менен чечип апкелип башыма каптаган турбайбы. Өмүрү чылбыр тагынып, куржун салынган киши эмес элем,[1] «картайып баратам» деп ошончо күндөн дал ушу күнү атыма чылбыр тактырганымды кара? Ошо чылбыр, кудаанын кудурети, эми дал өзүмө чырмалганын көр! Калганын көрүп турасың. Анан биякка экөөлөп көтөрүп келип ушу арчага таңып салышты. Ким экенин билбей калдым. Айтор, жотолуу, жиликтүү балбан немелер көрүндү. Дагы аман калганыма шүгүрчүлүк! — деп шылкыя берди. Баягы каздай кайкалай басып каада менен ыңгыранган манап жок: анык мусапыр!

— Бол эми, чечип жибер!

Кайрат айтымыш болгон Алдаш жаман кыңырагы менен чылбырды дагы кыйчылдатып кирди. Тиги жулунган көрүнөт — чиеленип таштай катып калыптыр. Алдаш убара болду. «Баса, муну чечип жатам! Бу бойдон тирүү калса, байлагандарды таап алып сазайын берээри бышык, же өлтүрсөмбү» деп коёт. Бирок, анте албасына көзү жетти.

— Ой, ит! Болбойсуңбу? Жаның жокпу? Көкөйүңдү көк талкан баскан ит, ошого да алың келбейби? — деди, ызага батып турган манап жинденип.

Алдаштын жаны кашайып кетти. Мындай сөздү мурун угуп жүрсө да, кандайдыр бир көнүмүш болуп калгансып элес алчу эмес. Манаптардан мындай сөздөрдү четтен угуп жүрүп жедеп кулагы чор болгон, биротоло бышы кулак кылып таштаган. Эми, дал ушундай абалда туруп сөгүп жатканы ага камчы менен басып алгандай туюлду. Денеси «дүр» дей түштү.

— Анча катуулабаңыз! Мен итчилигимден ошо көк талканга көкүрөгүмдү алдырып, күйүттүү болуп жүргөн Алдаш эмесминби? Сени мен байлады белем! Ит эмес кишини таап ал! Мен ит экенмин го?

Бирок, өзүнүн нагыз киши экендигин Алдаш негедир өмүрүндө дал ушу жолу биринчи ирет туйгандай болду. Анык ит алдында жатпайбы? Дагы дөгүрсүнүп коёт. Кишичилик намызы козуй түшкөн бечара негедир беделдүү, белдүү киши сыңарында шашпай жай гана кыңыракты ала-

---

[1] Чоң манаптардын сөөлөттөрүнүн бири ушундай болгон. Алар түшкөн жерде аттарын байлабай жөө киши тизгиндеп кармап турган.

капына эки-үч жанып алды. Тиги чочуп кетип, төө куйрук чайнаган төө оздонуп:

— Ой, баатыр! Тамашаны билбейсиңби? — дегенсип, дагы бирдемелерди күңкүлдөп калды. Кудайдын эркесиндей талтаңдаган, алчаңдаган манап алдында жатканына сыймыктана түштү да, кыңырагын кынына салды. Жердеги чаначты алып:

— Ал эми, кишичилигиң менен жата бер!

Атын туура тартып туруп шарт минип аттана берди. Артын караган жок.

— Куп болду, сага! — деп алды өзүнчө күңкүлдөп. Тиги да бирдеме деп жатат. Кулак каккан жок.

Жолду көздөй бет алды.

— Оой, Алдаш! Ой, баатыр! Чындап эле таштап кеттиңби жол боюна! Ой, Алдаш! Жолуң болгур! Сен биздин Түлөбектин жээни эмес беле-ең? — деп манап кыйкырып калды.

Алдаш эмне кылаарын билбей, бир аз буйдала түштү. Тизгин тартып токтоду. Чоң атасы бир кезде «биздин түп таякелерибиз ушу Чоро манап чыккан Түлөбек тукуму болот экен» деп айтканын эстей берди. «Чечип коёюнчу, мен болбосом дагы башка бирөөлөр бошотот да» дегенди ойлоно калып, кайта бастырды салаңдап. Антсе да, баягыда чоң чыр менен Агыргайды алганда төмөн жактан Нөкөндөр келгенин ойлоп тарткынчыктады. Алар ушу Алдаштын тууганы Карасакал Кенжетайга кун бергенин эстеди. Ошондо ушу Чоро манап кун бөлүштүргөнүн эстеди. Ошондо өзүнүн чычкак улакка жете албай арманда калганын эстеди. Тигилердин, күтүрөгөн көп жылкыны бөлүшүп алып, өз ара бүлкүлдөшкөнүн эстеди. «Ой, Чоке! Биз да кудаанын пендесибиз го?! Жок дегенде бир чычкак улактын акысын ыроолоп койсоңор болбойбу?» дегенин эстеди Алдаш.

Ошондо ушул азыр тиги арчада байланып жаткан манап чакчаңдап «Ой, Алдаш! Ырас, сен да кудаанын пендесиң! Бирок, сен кудаанын Карасакал пендесисиң!» деп шылдыңдаганын эстеди. Аны «Карасакал букара» деп киши ордуна көрбөгөнүн эстеди. Эми, «сен биздин жээн эмес белең?» дегенин кара! Жок! Жок! Ал шылдыңдар эсинен кетпестир! Анын кылганы көкөйүнө көк таштай тийген. Ал унутпай калсын! Ал аны гана эмес, далайды эстеди. Салыгын эстеди. Калың журтту камчыга алып, маладай былк эткис кылып басып турганын эстеди. Эстей берди... Эстей берди... Дегеле баарын эстеди...

Өмүр менен өлүмдүн жигин ажырата албай байлануу жаткан манап айласыздан жалынгандай:

— Ой, Алдаш! Сен Түлөбектин жээни эмес белең? Ушинтесиңби? — деп дагы бир жолу кыйкырды

— Оо! Менин Түлөбектин жээни экеним ыра-ас! Бирок, мен Түлөбектин Карасакал жээнимин! — деп, жер жаңырта кыйкырды да, атынын мойнуна жаман шапалагын басып алды! Кайра тартып жүрүп кетти! Манаптын бир кездеги өз сөзү менен өзүнө жооп бергенине мооку канды! Бастырып баратып бир нерсе эсине түшкөндөй артына кылчайып, жанагы манап байлануу жаткан арчаны тиктеди.

— Оо, шумдук! Оо, айланайын эл-журт! Баягыда манап өрттөгөн арча кадимкидей гүлдөп калыптыр! Оо, караанындан айланайын дүпүйгөн! Манаптын өртүнө туруштук берип, кайра бүрдөгөнүн кара! Жарабыз айыгып, биз да ушундай бүрдөгүбүз бардыр! — деп, Алдаш атын теминип өңкөңдөй берди...

Манап ушу жибек арчаны өрттөгөндө «мындан кийин ал такыр бүрдөбөй соолуп жок болот. Акырындап дүмүрү да чирип тыйпыл болот» деп ойлогон. Эми, ошо жибек арчанын кайтадан бат эле бүчүр байлап дүр этип бүрдөй баштаганына таң калды. Ырас, көп жеринде тактар бар. Дагы эле болсо карала. Бирок, мындайраак туруп караган кишиге баягы жарасы анча билинбейт. Карала жерлерин көгала кабыктар акырындап жоготуп бараткандын көргөн манап, таң калып жакасын кармана берейин десе, дал ошо арчага колдору таңылуу турганын көрүп шуу үшкүрдү. Жер айлан көчөк болуп чыкыйы шуулдады, кең дүйнөсү алакандан тар болуп куучуюп турду...

...Бет алды озондоп кыйкыра берип, тамагы кургап, тили саландады. Өңөргөн койдой болуп, көздөрү аңтарылып бара жатканында асманда айланып учуп турган жоруларды баамдады. Анан бир чиренип алган соң, уюган башы мөндүр соккон аткулактай «шылк» дей түштү...

# ТУРМУШ ТУЗАГЫ

*(Повесть)*

Түндө кар калың жаап таштаган экен. Алыстан караганында Ала-Тоонун ой-тоосу анча билинбей, муздак төшөк койнунда томсоруп сыртын салып тургансыйт. Тоң моюн кышкы күндүн жалкоо шооласына чалдыккан кырка тоонун күнгөй-тескейлери бири-биринин илебине чайынып жаткандай бозоро берди. Турмуштун, жашоонун, өмүрдүн зордугуна айгак болгонсуп, асман тиреген тоо чокусундагы менменсинген мөңгүлөр демейде чакчайып сүрдүү да, сөөлөттүү да көрүнчү. Мына ошо каада менен кыркаар тарткан керме тоонун маанайы, азыр басаңдай түшкөнсүп, ың-жыңсыз бопбоз мунарык ичинде бук болуп көңүлсүз каалгып тургансыйт.

Тиги тоо тарабы гана ошондой. Ал эми бу жерде токумдай булут жок: асман бети тарапырандай көпкөк. Тоо канчалык алыстаган сайын, боз мунарык да ошончолук суйдаңкы тартып жүрүп отуруп, акырындап көгөргөн көккө сиңишет. Тээ төмөнкү мелтиреген талаадан туруп, түштүк күн жүрүш тараптагы тоо кыркасынын кылда чокуларына көз жүгүртүп чыга турган болсоң, ар кай жерде күнгө чагылышып көз жоосун алган тайпаңдарды көрөсүң. Бөтөнчө түш чендерде нурга экиленип, тоо күзгүсүндөй бир маал жалтырай коюп анан бара-бара жок болот.

Күн көтөрүлгөн сайын анын илебине туруштук бере албай теребел чакчайгансып, күнгөй-тескейлердин жиктери дааналанып аяз, дагы эле болсо сараң тийген күн нурунан өз укугун талашып жаткан сыңары чымыркануудa.

Тоонун ичиндеги Жыламыш суусунун боюн өрдөй конгон боз үйлөр бири-биринен окчун жайгашкан. Ушундай кар калың түшкөн учурда бу айылды алыстан караганыңда адегенде боз үйлөр көрүнбөй эле, анын тегерегиндеги бирин-серин малдар гана көзгө чалдыгат. Боз үйлөр ку-

дум карга чөмүлгөн чоң таштардай дүкүйөт. Азыр да ошондой. Айылдын чок ортосундагы карга жамынып дөмпөйгөн боз үйлөрдөн түтүн булап жатканы болбосо, чоң таштардан анча ажыратып болбойт эле. Мына ошол үйдү көздөй ар кайсы тараптан бирден, экиден атчан адамдар келе баштаганына караганда, сыйкы бирдеме болчудай...

Айылдын аттуу-баштуу деген он бешке жакын адамы чогулгандан кийин үй эси Байтик бир койду карматтырып алып, бата сурады:

— Силерди чакырткан себебим — ынтымактын иши. «Ырыс алды ынтымак—ынтымагың болбосо алдыңан кетер алтынт так!» — деген экен бир даанышман. Так турмак таш балакет жок бизде. Антсе да ынтымак деп чакырдым. Кимде ким ынтымактан каччу болсо, дал ушул койдой мууздалып калсын, кана, оомийин! — деп жиберди.

Эмненин ынтымагы экенин туя алышпай, тургандар бири-бирине элейе калышты эле, аңгыча узун жаактуу Доолдак:

— Бу эмне, түлөөбү, же?.. Деги түшүнбөй турам,— дей берди делдейип.

— Азыр түшүнөсүң,— деген Байтак бутундагы кепичин жулуп алып, Доолдакты жаза-буза беттен ары берип калды.

Бардыгы күлүштү. Доолдактын өзү да күлдү. Анткени, бу аймактагыларга Байтактын сыры белгилүү.

Орто бойлуу, алтымыштарга барып калган быжыгыр сакалдуу Байтак көңүлүндө эч кири жок, кошомот дегенди билбеген, бетке чаап сүйлөгөн, ары намыскөй, ары чапчаң да киши боло турган. Сүйлөгөндө чар учургандай бакылдап, шашмалыгы менен кээде эч кимге ээ-жаа бербей кете турган. Эгерде бирөө тескери сүйлөй турган болсо, жаман кепичи менен шалп дедире берип кала турган өнөкөтү бар. Өзүнчө бир албан кызык киши эмеспи: «Сыртка барсам — «кел, Байтак», үйгө келсем — «кем Байтак!»» деген лакапты өзү жөнүндө өзү чыгарган. Күйүп кеткенипен болуш керек: чынында эле тышка барганда бул айылдын баштуу кишиси катары чаркына жараша сөзгө алып сыйлашчу. Аны эч ким шайлабаса деле өз айылынын доосун доолап, ошонун таламын талашып, жүйөлүү сөздөр менен кошо, кээде кепичин кошо узатуучу. Ошентип жүрүп аты чыккан соң, анын жоругу менен кепичин эч кимиси эрээн кылбай, керек дегенде «Кап, жанагы Байтактын кепичи болсочу» дегендер да бар.

— Оо, караңгы калк! Нени айтайын, силер деп жү-

рүп, далай кепичти жырттым го! — деп, бакылдап калмайы бар. Бирок, айылдагылар сыртка чыгып, сырттын ишин билбеген соң, Байтакты тапазар алышпай, «баягы Байтак» деп коюшкандыгы ага да, башкаларга да маалым. Ошого күйгөн Байтак, тиги лакапты кандай чыгаргандыгын өзү да билбейт. Эми, ушу Байтак сөзүн чукул буруп, тиричиликтен кеп урду:

— Менин бир таң калган жерим бар. Биз, бу байларың менен өмүрү келише албай турганыма көзүм жетти. Качан болсо, булар өзүнчө бир дөбө болот экен го, чиркин. Мына, бая күнкү бай өлгөндө ушу айылдан отуз чакты киши бир аттандык. Өкүрүп түшөөр менен эл экиге бөлүнө калды. Бирөө бөлгөп жок: өзүлөрү бөлүндү. Атка минерлер бир башка, букаралар бир башка болдук. Үйгө да ошондой кирдик. Бизди бир жаман алачыкка киргизип, жаман чайдоостон чай берди. Кыскасы, улагадан атказышты. Тигилердики бир башка... Силерди чакырган себебим ушу: мына жаркыраган жаз да алыс эмес. Ар кимдин өз оокаты бар. Бу байлардан жакшылык күтпө! Менин айтайын дегеним: бардыгыбыз бир баш кошуп оокат кылалы. Бирибизге-бирибиз арка-өбөк бололу. Өзүбүзчө бир дөбө бололу. Арабызда байларга айланчыктап жүргөндөр да бар. Буларды тууганчылыкка салып, ушуну менен чүмбөттөп жеп келатат. Ошого кылчактабай, азыртан бөлүнсө деймин! Өзүбүзчө конуш конуп, өзүбүзчө жер айдап, өзүбүзчө тырмалайлы! Байларды караганча жерди карап, жер эмчегин эмели!

Көңүлүнө терең батканбы: дегеле кызып сүйлөдү. Букара кандай, бай кандай? Ушунун жөн-жайынан козгоду.

Байтактын акылына бардыгы макул болушту. Турмуш тепкиси ушундайга апкелди. Ар кимдер өз ойлорун айтышып, жашырып-жаппай ортого салышты. Кеңеш менен бир акылга токтошту.

Булар ар кандай уруудан баш кошушкан букаралар эле. Эми бардыгыбыздын көңүлүбүз бир жерден чыкты, ошондуктан мындан ары «Көңүл» деген айыл бололук! Өзүбүз ушунтип атасак, бара-бара эл да ушундай атап кетет дешип, бир жерге сөз байлашты. «Өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө бололу» дешип, баталашып туруп тарап кетишти.

Айткандай эле, ошондон тарта башка элдер бу айылды «Көңүл айлы» дешчү болду. Кээси «Көңүл топ», кээси «Көңүл букарасы» дешти. Анын жайын угушуп, андан-мындан бирдеп-жарымдап запкы көрүп, куугунтук же-

гендер да ушуларга кошула башташты. Көр турмуштун жайган тузагынан ойт берип, жайлуураак жай издегендер толук элдин четинен чыгат. Мурда бу айылдын ордонун түзгөн алтымышка жакын бир атанын балдары бар эле. Атына кадимки Бишкек калаасы коюлган Бишкектин тукумдары да ушу айылда. Ошону менен бардыгы кошулуп отуруп, жүзгө жакын түтүн болду.

* * *

Аюу талпактын үстүндө чыканактай жаткан Чаки чытырман токойдой чатышкан күлүк ойлордун изин кууп, койгон максатына жетүү жолунда каршы коюлган каргашалуу капканды бузуп чыгуу менен убара болуп жатты.

Убаранын себеби бар. Мынабу жанында үргүлөп турган Дөкө көп жылдан бери болуш. Чаки да андан кем эмес: болуш болгонуна быйыл туура жыйырма беш жыл болуптур. Бирок, жакында «улуктар» бардык болуштарды чакыртып алып жаңылык угузган: болуштардын аймагы кеңейтилет. Мурда Сокулук эли эки болуш болсо, мындан ары бир гана болуш болмок.

Ушундай күтүүсүз окуя экөөн да жай жаткырган жок. Экөө тең болуштуктан түшмөкчү. Бирок, экөө тең өз балдарын болуштукка көргөзүшкөн. Эл көбүрөөк кимисин жактаса, ошол болуш болмок. Мындай кезде «эл» деген сөз анчейин кеп. Алар адегенде шайлоочуларды «шайлашат». Анан алар болуштарды «шайлашат». Ар бир элүү түтүндөн бир шайлоочу чыгат. Буларды көбүнчө «элүү башы» дешет. Анан алар чогулуп турушуп, болуш үчүн бир ящикке «таш салышып» — «шарик» ким жагында экендигин билдиришет. Кимисинин ташы оордук болсо, ошо болуш болот. Эреже ушундай.

Дөкөнү кантип аксатуу керек? Аймактагы элди кандайча жол менен бери өкчөп колго алуу керек? Кандайча түтүн жыруу керек? Өз баласын канткенде болуштукка жеткирсе болот? Жүрөк оюткан ойлор — ушул.

Дөкө чайга карады. Ичеги-кардына чейин сырдашкандай болушту.

Чаки бир сонун ойду көптөн бери кадамак кылганы жүргөн. «Анан ошону кадамак кылып атып туруп, ичке түшүп, ордодогу чүкөлөрдү бүт айдап чыкмакчы. Чүкөдөн кийин канга кезек келет эмеспи? Чүкөдөн ажыраган канды чертип чыгаруу жагын дагы көрө жатаар».

«Чүкө» дегени — эл, кара букара журт. Ордонун каны

болсо, мынабу отурган Дөкө. Чаки эми ордо бузуусу керек. Анан көп чүкөдөн бири кадамак түшпөй эмне болуптур? Чаки сөз кызый келгенде тигини тооруй баштады:

— Аксакал! сырт элдеринин бир деген мыктылары мечит салдырышты, салдырышып да жатышат. Мечит — элдин мазарлары эмеспи? Мечити жок эл — айгыры жок үйүрдөй. Пайгамбар жашынан ооп кеттиңиз. Мынабу кыбыласын таппай карайлаган элге бир мечит салдырып берсеңиз, пенденин да, кудайдын да ишин аткарган болоор элеңиз. Эл этегиңизге үйрүлүп батасын берсе, кудай кулум деп назарын салаар. Ушул ой көптөн бери жүрөгүмдү өйүп жүрөт. Өзүм салдырайын десем, сиздин жолуңузду туура чаап чыккандай болгону турам. Ага турганда ини сүйлөйбү? Мына ошондой, бир мечит салдырыңыз. Чыгымы элден: алдыңызда миң түтүн эл бар экен, мына ошонун ар түтүнүнө бир сомдон салык салсаңыз, мечит өзү салынбайбы? Копом десеңиз, мен да кошулайын, айтор өзүңүз билиңиз. Сыртка барганда мечит жайын сураша, киши уялат экен. Өзүңүз баштап берсеңиз, калганын балаңыз бүтүртөт да, буга кандайсыз? Мечит салдырсаңыз аты өзүңүзгө калбайбы, кийинкилердин айта жүргөнүнө жакшы эмеспи? — деп кошумачалаган Чаки, бийлик намысынын талуу жеринен кармады.

Дөкө көп ойлонуп олтурган жок: көпкөк көздөрүн кыбыңдата берип жайкалган узун сакалын сылай, чын оюн айтты:

— Сен мага сокурга таяк карматкандай, уккан кишинин кулагы сүйүнө турган жакшы кеп айттың. Мен да ошону ойлоп жүрдү элем...

Бирок, «жардам бер» деген сөздү айтпады. «Аты өзүмө калсын» деген ойго жетелетти. ««Дөкөнүн мечити» деген сөз калаар, динге ишенген элге кадырым артпайбы» дегенге жетелетти.

Чакинин ойлогону да ушу эле. «Сен сооп издесең, мен да карап жатпасмын» деп, ал да алакандарын ушалай берди кымыңдап.

* * *

— Дөкө мечит салдырмак болуптур! Бүгүн ар айылдын жакшыларын чакырып кеңеш курган экен: бардыгы бир оздон макул табышыптыр, айтор, ар балаасы туштуштан күчөп келатат! — деген Байтак үйгө капалуу кирди:

— Ии, жакшы болгон турбайбы? Анын эмнеси жаман... — дей берди аялы Батыш.

— Эмнеси жаман! Мечитти өз пулуна салдырып жатыптырбы? Ар түтүнгө бир сомдон салык салды. Эртең тиги эки койду базарга апарбасам болбой калды. Беш койдон экөө кетти дей бер! Үч күндүн ичинде төлөп кутулушубуз керек.

Аялы унчукпай жер карады.

— Күтүрөгөн малы турат, өзү салдырбайбы? Андай мыкты экен...

— Малы чыкканча жаны чыкпайбы? «Элдин иши, журттун иши» деп жатпайбы?.

Эртеси Байтак базарга барганда мал кыйла арзандай түшкөн экен. Эки жигит менен тууғандарынын кошкон койлорун чогуу айдап барган эле: бардыгы отуз кой. Өзүнүн эки коюнан арткан тыйынга майда-чүйдө тиричилик оокат кылмакчы. Кой арзандай түшкөн себептен араң сатты. Туш-туштан эле «журтчулуктан кутулабыз» деп түрүлө келген эл базар баасын түшүрүп жибериптир. Мечит салдыруу деген журттун иши болгондуктан, соодага жок эл айдап келген малдарын касапчыларга арзан баа менен кармата беришти.

Элеттик элдин соода дегенден көзү туюк экендигин Байтак ушу жолу өз көзү менен даана көрдү. Мынабу жерде бир дунган аял лагман сатып отурат. Малын сатып курсагы ачкан Байтак ошол зайыпка келип бир кесе лагмандын баасын сурай калды. Аңгыча ошонун жанында отурган бир кыргыз абышка аны этектен тартты:

— Ой, айланайын, мынабу эттен алсаңчы, өз балабыз көрүнөсүң!

Жакшы бышкан бир койдун этин жаңы эле апкелген көрүнөт: каптын үстүндө булоолонуп жатыптыр.

— Болуптур, анда мынабу жото жилик менен кабырганы алайын, канча тыйынга бересиз, аксакал?

— Алагой, отуз тыйын берсең жетишээр.

«Кантээр экен» дегендей чочугансып койду:

— Кымбат го, үстүнө дагы бирдеме кошпойсузбу?

— Ээ, болуптур, балам! Анда мына муну кошоюн,— деди да баягы бөлүп койгон жото жилик менен кабырганын үстүнө далыны таштады.

Күлгөн Байтак баягы чалга туюндурду:

— Оо, жарыктык! Мынабу зайып бир табак кесмесин он тыйындан сатып жатса, сиз тигинин үстүнө далыны кошконуңуз кандай? Мындай сатсаңыз, сизге эмне пайда

түшөт? Сиз малды сойдуңуз, бышырдыңыз, анан быякка алып келдиңиз, сатып убара да болуп жатасыз...

— Ээ, көзү туюк киши курусун! Кээде койдун баасынан ашып да кетет, кээде кемип да түшөт, бу базар дегениң өйдө-төмөн боло берет турбайбы?

Ал кандай соода кылуу керек экендигин өз билишинче түюндурумуш болду. Анткени, ал базардын жөнүн Байтак малын сатып жүрүп бир аз түшүнүп алган. Аны үйрөткөн да ошо боло турган.

Байтак бир сом салыгын төлөп кутулду. Жалаң ал эмес, жалпы жүз түтүн Көңүл букарасы эки жүз сом бериштн Дөкөгө. Малдуураактары малына жараша бериштн. Мечиттен байлар да аяшкан жок. «Эң бери дегендери бир сом, калгандары кудайдын үйү экен, өзүлөрү билип беришсин, ким канчалык көп беришсе, кудайым аларды ошончолук күнөөсүнөн көбүрөөк тазалайт» дегенинен колунда барлар түгүл, кээ бир зыкым байлар да бир аз жибий түшүшкөн.

Таасын билген киши жок: элден чогулган акчанын саны эки жарым миңге жетиптир деп кеп кылышты. Анан анын баасын койго айландырышып жатышты. Албетте, акча кымбат болсо, акчаны табуу да ошончолук кымбат...

Бирок, Чаки да карап жатпады.

Ал кезде Сокулуктун алдында «Пикет» салынып, орус кыштагы түшүп калган. Кыргыздар аны «Бекет» деп коёт. Ошол Бекеттин бери жагында ушул Көңүл букарасынын жана айрым бир майда уруулар эгин эге коё турган бир ээн жер бар. Жолдун жээги болгондуктан, кыргыздар ага анча деле үйүр эмес. Көңүлдүн жарымы гана жатакта калып, эгин айдайт. Чаки дал ушу жерди көздөдү.

Бир күнү ал Бишкек шаарына келди. Бул жерде «переселенческий пункт» деген орногон. Ошондогу узун баракта котолоп жаткан келгин орустар бар. Мурда аларды көрө калчу. Булар ичкери Россиянын Троицк деген шаарынан биротоло кыргыз жеринде жашамак болуп келишкен орустар эле. Мына ошол орустар менен Чаки келишим түздү да, баягы жерди арендага сатып жиберди. Жерди өз атынан сатпай, жалпы уруунун атынан сатты, мөөрүн басып бекитип таштады. Тийиштүү орус улуктары да күбөлөндүрдү. Ырас, башы менен саткан жок, беш жылга аренда кылып сатты. Жердин көлөмү 370 теше болучу. Мөөнөтү беш жыл. Ушул шарт менен эки миң сомду чөнтөккө түшүрдү. Анан ошол эле жерди бир айдан кийин дагы он беш жылдык мөөнөт менен узартышты.

Ошону менен алты миң сомду уучтады. Миң сомун кол койгон улуктарга берди. Антсе да, беш миң сом акча накта калды.

Бирок, кыштоосунда отурган Көңүл букарасы илгертен бери эле жарым-жартылай жатакта калып, эгин-аштык айдап жүргөн жеринин сатылып кеткенин билишкен жок. Билишкенде да эмне кылышмакчы? Ал жер чынында жонунан Дөкөгө эмес, Чакиге «тийиштүү жер» боло турган. Манаптын өзү андай жерди эмне кылсын? Бир кезде Көңүл букарасы кол алдында турганда ошолорго берген эле.

Эми, минтип Чаки ал жерди сатып жибергенден кийин, киши экепине карабай орустар арендага алган жерди өлчөп, жаздан тарта там салууну ойлошту. Ал жерге «Ново-Троицк» деген ат коюп алышты.

Жерди сатканын Дөкөлөргө эч ким айтышкан жок.

Дал ошо кезде «ашык жерди» алуу жөнүндө жогорку улуктан буйрук келгенин уккан Чаки баягы өзү арендага берген Көңүлдүн жеринин жанындагы Дөкө болушка тийиштүү Шалталардын жерин «ашык жер» деп, ченчи төрөлөргө көрсөтө берди. Дөкө болушту чакыртып, жерди ченеп орустарга берди. Анын «тамашасы» кийин билинди... «Жерди кадамак кылып, эми Дөкөнүн ордосунун ичине түштүм, чүкөнү чертип чыгаруу калды» деп Чаки кымыңдады.

Мечит салдырам деген Дөкө он беш орус апкелди. Баасын миң сомго сүйлөштү. Жарак-жабдык, ат арабасы бар орустар койсунбу: ылайын ийлешип, кирпичин куюп, дал Саз-Булактын оозундагы ыңгайлуу жерге мечит сала башташты.

Байтак мечит салганы келген Федор деген орус менен абдан жакшы ынак болуп кетти. Эртели-кеч Байтактыкына келип, айран-сүт ичип турушат. Федор абдан ишкер киши. Жыгач усталыгы да, темир усталыгы да бар. Ушул там салган орустардын башчысы. Кыргыз жерине келгенине он жыл болуптур. Далай кыйынчылыктарды көргөн. Аялы жана Маруся деген бир секелек кызы бар. Байтактын айтуусу боюнча алар биротоло көчүп келишти. Аны менен коңшу. Мал дегенден эч нерсеси жок экен. Байтак ага «тамыр бололук» деп, бир кунаажынын берди.

— Бу быйыл күздө букадан качат, анан жазында тууп берет — деди Байтак: — Сеники кыз бар, сүт керек.

Федор кыргызча бир топ жакшы сүйлөгөн адам. Баскан турган жеринде кыргызды мактайт да, жүрөт.

— Кыргыз кедейи абдан жакшы эл, кой момун, ишенчээк эл — дегенди дайыма айтат. — Бирок, алар түбүнөн көчмөн болгон себептүү тиричиликтин жайын анча билишпейт. Дыйканчылыкты элес алышпайт. Жатакка калып азыраак болсо да эгинге тырмалагандан көрө, малы жогу да бекер тамакка кызыгып, байдын артынан салпактап тиги тор жайлоого чыгышат. Ушу да оокатпы?

Бир күнү экөө абдан сырдашты. Байтак көргөндөрүн калтырбай айтты. Манаптардан көргөн кордуктарын бирден чубап тизди.

— Мен аны абдан жакшы билем! — деди Федор. — Мындай кишилер бардык элде бар: мына сен кээде орустарды мактайсың, жок андай эмес, байы да бар, кедейи да бар. Булар дайыма каршы болуп келген...

Ал анан Федор көп сөздөрдү айтты. Байтак кээ бир жерлерин түшүнө албай жатты. Бирок, маанисин туйду.

Федор турмуштун тепкисинде жүрүп бышкан адам. Кыргыз жерине алгач келген орустардан. Билим дегенден да жайдак эмес. Ички Российде болуп жаткан жумушчу кыймылдарына көп кызыгат.

Ал койнунан бир газет сууруп чыгып, досуна кыйла сөздөрдү түшүндүрүүгө аракеттенди. Бирок, алардын баарын түшүнбөсө да көкүрөгү менен туйду — ичкерки Россияда падышага: байларга каршы көтөрүлүштөр, наразылыктар болуп жаткандыгын билди.

— Байлардын баары жаман: бирөөнүн кызматы менен байыйт, алар караңгы элди жеп жатат! — деди Федор. Ушул сөздөрдү Байтак өз оюнда кыргыз турмушу менен салыштырып көрсө, чын эле маңызы бирдей экен. «Мунун баарын билип алган Федордун көзү ачык экен» деп таң калды.

Мечитти салдырууну көздөгөн Дөкө тынбай жүрдү. Анын мечитине кыш куюп, анан аларды как кургасын үчүн жыйып коюшкан. Эми, имараттын алдына таштарды мыктап тизип, анан фундаментин көтөрүштү. Баягы жалданган орустардын адаты окшойт: дал ошо кезде алар арак ичишти. Дубалын көтөрүп бүтүрүшкөндө да ошентишти.

Бир күнү Дөкөнүкүнө куранын көтөргөн Аден жетип келди. Ал казакча, кыргызча, өзбекче таза сүйлөй турган аргындашкан тукумдан чыккан молдо. Кийинки күндөрдө ал Чакинин молдосу болуп жүргөндүгү маалым. Аден келгендигин угуп, тегеректеги чала молдолор да баш кошуп калышты.

— Балам, дин жолуна кызмат кылганың жакшы. Кудай таалам маңдайыңан сылап, көкүрөгүңө нур киргизген экен. Бирок, мусулмандардын мечитин капырларга салдырганың болбойт, дин да, шарият да көтөрбөйт!

Адендин сөзү жүйөлүү, кимге барса да ушуну айткан турат.

Ушуну менен Дөкө жалдаган орустардын арасында калууга көңүлдөнүп турган Федорду Байтак жибербей койду.

Мечит көпкө салынбай туруп калды.

Күз аягы. Жайлоодон баягы мечит үчүн салык төлөбөгөн Шалталар төмөнкү күздөөсүн көздөй көчүп калышты. Алдынан тостуруп Дөкө болуш киши чаптырды:

— Болуш силердин күздөөңөрдү орус ченчилерине өткөрүп бериптир. Каалаган башка жагыңарга барып күздөгүлө!

Көч үстүндө шаңдуу келаткан эл карап турсунбу, чатак чыгарып жиберишти. Болуштун жигитин уруп туруп коё беришти.

Болгон ишти айтып, жигит ыйлап түштү.

— Чогууңар менен барып туруп, Шалтанын көчүн талап алгыла! Үзүк-туурдугунан бери койбогула! Жообун өзүм берем! — деп бурк этти Дөкө.

Ошону менен анын айтканынан да ашыра, көчтү талашты. Жууркан, төшөк, шырдактарына чейин койбоду. Үзүк-туурдуктарын Жыламыштын суусуна агызып, алганын алып, быт-чытын чыгарышты. Далай кишилерди уруп-сабап, малдарын союп алышты.

Ашыр деген болуш Чакинин тукуруусу менен Дөкөнү орус сотуна берди. Анткени, таланган Шалта Ашырдын карамагында эле.

«Жобону бузуп эски метод менен элди чаап алгандыгы үчүн өзү шайланууга укуксуз болсун, бирок айрым ишенимдүү, даражалуу кишилердин суроосу эске алынып, дароо камактан бошотулсун» деп өкүм чыгарды сот.

Аман чыкканына сүйүнүп Дөкө айлына барып, түлөө өткөрдү. Агайын-туугандары түрүлө келишти. Чаки гана келбеди.

Күндөр өтө берди. Акыры Дөкө Чакиге жигитин чаптырды. Бирдеме сураар бекен деп, батына албай жигит көпкө отурду. Бирок, Чаки билбеген киши болду. Дөкөнүн абалын да сураган жок. Акыры жанында отурганы айтты:

— Бу жигит келип калыптыр, сөзгө алыңыз...

«Сөзүң болсо айт» дегендей оң тизесин кагып койду.

— Дөкө сизге салам айтты. Өткөндө бирин-экин таарынычтар болсо, кектебейм дейт, элдин жайлоо-кыштоосу жөнүндө акылдашсак деп жатат, сизди чакырат.

Үтүрөйө карап туруп кескин бурк этти:

— Ал алаар энчисин албады беле? Элден калбады беле? Анын элде эмне жумушу бар? Элдин жумушун энди мындан ары мына биз бүтүрөбүз!

Чаки ачыкка чыгууну ылайык көрдү.

— Мени менен жашынмак ойномокчу экен, таап алып, кайра чүмкөп салдым суурдун ийнине, ал энди жата турсун! — деди Чаки.

Бир күнү амал менен Чаки Аден молдосун Дөкөнүн айлына жиберди. Аден теспесин тартып атам замандан берки пайгамбар-сабалардын сөзүнөн козгоп отуруп, акырында:

— Дөкө мырза чочко жеп, арак ичкен капырдын салган үйүн мечит кылганы чээнден чыккан жумуш. Ал мечитке кирген кишинин өзү түгүл, тукуму менен арам: күйөйүн пил көтөрө алгыс болуп тозок отунда чырылдайт! — дейт.

Олтургандардын азат бою тик турду. Эгер бүтүп калса, ал мечитке бармак түгүл, жанынан басып өтө турган кишинин түрү көрүнбөйт.

Дөкөнүн айласы кетти. Башка бир чоң молдого барды эле.

— Адендин сөзүндө калет жок, калет болсо мынабу ээгимдеги сакалым менен башымдагы селдем өрттөнсүн! — деди.

Айланып отуруп, кайра Аденге келди.

— Молдоке, дубалы туруп калды эле, эми эмне кылам! Бузайынбы? — деди.

— Сенин ниетиң дурус болучу, дин деген тилде эмес, дилде болот. Сен мечит салдырайын деген дилиң бар эле, бирок кылган ишиң билбестиктен ушундай болуп калды. Ал мечит болбойт. Ортосунан бир дубалды алып жиберип, мусулман усталарга үй салдырып алсаң, боло берет! Мынабу Стамбулдагы ая-Суфия мечитин адегенде капырлар салган экен, анан кудум ушул сеникиндей болуп чатак чыгып кеткенде, халиф султан анын калганын мусулмандарга салдырып туруп үй кылган экен, анан жети жыл жашагандан кийин гана адалданганын китептер сүйлөйт. Ошо жети жыл өткөндөн кийин мечиттикке берсең болот!

Дал ошондой кылды. Жети-сегиз уйгур чакырып, тамдын калганын бүтүрүп кирип алды. Уйгурлар адегенде эле коргон салат экен. Коргондон эмне көрүнсүн? Мечит деп жүргөн эл келип караса эле, мечит эмей эле там салыптыр. Ошондо Дөкөдөн бир суушту.

Тамына киргенден кийин чоң той өткөрдү. Бирок жарытымдуу киши келген жок.

Чаки да чапкылады, баягы арендага берген жердин тең акысына Сокулукка орус-кыргыз балдары окуй турган мектеп салдырды.

«Дөкө элден мечит салдырам деп акча жыйнап, элди алдап туруп өзү кирип алды, наразылык туудурду, мен болсом өз каражатымдан орус-тузем мектебими салдым» деп туруп улуктарга рапорт жазып алпарып берди. Улуктар аны «жаңычыл» деп далыга чаап макташты. Даражасы ашып, аты газеттерге илинди.

Эл Дөкөнүн кылганына чын эле катуу наразы болушту. «Көз көрүнөө алдады» дешип, мечиттен ажыраган молдолор да айтып жүрүштү. Бул окуя чатактын башы болуп, барган сайын ырбай берди.

Элдин наразылыгы күчөп, там салдырткан болуштун журт алдында бедели бөксөрдү. Чаки да элдин дал ушул наразылыгынан пайдаланып, элди Дөкөдөн оолактатып, өзү жакка түтүн жырып кетүүнүн камында болду.

— Көңүл тукумун айдоосунан ажыраттым! Эми, кайсы ийинге кирип кетишээр экен? Жадыраган жаз келет. Эл өз-өз айдоосуна түшөт. Ошондо айдоосунун жарымынан ажыраган жүз түтүн Көңүл айдоо түгүл, көчүгүн коюуга жер таппай темселээр... Ал эми тиги Дөкөнүн жериндеги айдоосу болсо, жүз түтүнгө аздык кылат. Ошо жердеги айдоосуна жаз чыгаары менен тыгылышып киргенде анын батыра албастыгы маалым. Бере коё турган ашык жери да жок! Айланып өзүмө келет! — деп, балдарына айтып отурган болуштун айтканы айткандай келди.

Көңүлдөн Байтак менен Баракбай экөө Чакиникине бир күнү чакыртпай келишти.

— Аа, тууган керек болуп калган турбайбы? Туугандан тукулжураган экенсиздер? Ан-овго ишенген киши суудa калмайма? — деди Чаки кекээрдеп, кээ адатынча казакча чалып.

— Бир жаза баскан экенбиз, бу жолу ошо суудан алып чыгыңыз! — деди Байтак.

— Байтак, сизди сокур шайтан жетелеп жүргөнүн эңди билдим! Сиз бул түрүңүз менен менден эмес, кудаа-

пын ишинен баш тартып, күнөкөр болдуңуз! — деп, анан сынагандай түр менен унчукпай калды.

Динден корккон Байтак үндөбөдү.

Көнүмүшү боюнча Байтак Чакинин жанатан берки сөзүнө ыза боло түшүп, адатынча кепичин кармалай калды. Бирок, тигиге кол салмак кайда?

— Эй, Байтак! Алдагы кепичиңиз жердин бетине тийбей эле, кишинин бетине тийип жүрүп жыртылыптыр. Бирок, бир кишинин бетине жарарлык жулдары калган экен. Ал беттин ээсин айтсам он-ав Дөкө деген узун сакал эмеспи? — деди Чаки.

— Сиздин сөзүңүзгө түшүндүм,— деди Байтак. — Макул, бул шайлоодо жүз түтүн Көңүл болуп андан чыгып, сиздин жагыңызда бололук түтүн жырып. Бирок, сиз дагы азыртан курчалышаар жөнүңүздү айтыңыз!

— Сиз менен бизди чоң кудаа өзү курчалыштырып койгон: кудаа деп курчалышкан кишиге бири-бирине арка-өбөк болуп чиркелише калуу да кеппи?

Так сүйлөп көнгөн Байтак ачыкка чакырды.

— Жердин айласы не болот? Айдообуздан ажыраппыз...

— Ушу да кеппи? Мен ан-ов өз жеримди силер Дөкөгө караштуу болуп жүргөнүңүздөрдө да берип жүрдүм, кызматымды өтөдүм. Болбосо неге алып койбодум? Курчалышкан жөнүмдөн ошенттим. Эми кантейин? Орустун төрөлөрү «ашык жер экен» деп алып койду. Бирок, мен силерди жайдак жерге калтырбаймын. Иш оңуна агып кетсе, агып кетет деп да ойлоймун, мен силерге төмөнкү талаадан айдоого канча кааласаңар, ошончо жер беремин. Орус төрөлөрүнө жоопту мен берем! А турмак, дал ушу Дөкөнүн жогорку «Түз» жайлоосун тартып алып беремин. Жок, каалабасаңар, мейли. Анда кийин мага таарынбагыла! — деди болуш.

Ошону менен иш бүттү. Байтак менен Баракбай, болуштук талашууда Чакини жактап чыгабыз дешти. Бирок, Байтактын жүрөгүн бир нерсе өйүп туруп алды.

— Сиз баягыда Дөкө сотко берилгенде: «ал менин агам эмеспи, аны өзүм чыгарып алам» деген элеңиз. Анан мындай иш болуп кетти. Аны менен катуу каршылашып калыпсыз. Чынымды айтсам, мен түшүнө албай турам,— деди Байтак.

— Элди алдап, элден алган акчага там салып алган неме бизге ага боло албайт экен! — деп кесе айтып гана тим болду болуш анткорлонуп: — Мен «эл» деп, «журт»

деп чырылдап күйүп бараткан киши болгонумдан кийин, элди алдаган ит мага тууган боло албайт! — деп калп жерден док урунду.

Эми, Бешкөрүк менен Мааке айлын былк эттирбей колго алуу гана калды.

* * *

Чаки Жакан, Такан деген балдарын чакырып алып, маселени кабыргасынан койду:

— Ачыгын айтыңыздар: бу шайлоодо кимиңерди болуштукка ыйгардыңар?

Балдары шар жооп айтыша албай камалышкандай болду. Жакан ичинен «мен эле болом го» деп жүргөн. Такандын үмүтү бар. Атасы кимисин болуш коёрду өзү мурда эле чечип койгон.

Балдарынын түрүн байкаган неме өкүнүмүш болду:

— Иштин башын элебегениңиздер жаман болгон экен! Бир оозго түшүргөндөй болуп ынтымакташып, зымпыйып турбайсыздарбы?

— Жок, ата! Аны сиз билиңиз. Сизди аттап кантип өзүбүздү өзүбүз көрсөтөлүк.

— Дурус, дурус,— деп, мурутунан жылмая берди. — Андай болсо мен силерди качанга чейин жетелеп жүрөр экенмин?

Балдарынан дым үн чыккан жок. Тунжурай түштү. «Мындай иште биздин колдон эмне келмек эле, биз сиздин колуңуздагы бир шапалакпыз да» деген түр бар.

Ушу балдарына купулу толбой жүргөн жайы бар. Бир күнү андан бирөө: — «Ээ, тууган! Нече балаң бар?» деп сураганда ал «Менде бала жок!» деген эле. «Мунуңуз кандай?» десе, «Ошондой: менде бала жок, тукум гана бар. Бала деп ата жолун кууганды айтат эмеспи?» дегенде ошердегилердин бардыгы таң калышкан.

Балдарын саал жемеге ала койгон манап мурдакыдан үнүн басаңдатып, жумшагыраак сөзгө өтүп, сылай таштады:

— Сакал жерге жеткенче атам бар эле деп көк канат балапандай оозду ачып туруш болбостур. Элдин башын мыкчыган киши чала жуурулган камырдай ылжырабай, чечкиндүү болушу жөндүр. Келечек ишти баамдап, бир иштин артынан кубалап жерине жеткизмейинче тизгин тартпоого тийиш. Ылаачын арыш, кыргый көз болууга

тийиштир. Бириң-бириңерге жал-куйрук болууңар керек. Бири-бириңерди сүрөп канатташ учууңар керек. Ошондо гана көздөгөнүңөргө жетесиңер. Болбосо, бири-бириңерден чылбыр, тизгин талаша баштасаңар, атыңар канча күлүк болсо да, куу канжыга болордугу шексиз. Байгеден куру каларыңар шексиз. Байгеге илинбей калуу деп мансап, бийлигиңерди айтып жатам. Ал энди кеткен бийлик — качкан туйгун менен тең: ал колуңдан бир чыкса, кайра кайтып тууруна конбостур... Ошону күтүп өмүрүң отоор.

Папиросунун жаңысын алып балдарына күйгүздүрүп алды да, оозун чормойткон Чаки сөзүн улады:

— Ал энди өмүр деген не? Өмүр деген — бу дүйнөнүн бейишинин бир эшигидир. Колдон келсе, анын босогосунан өтүп, ошо эшиктин туткасын бекем кармоо керек. Ага жетпеген өмүр да, өмүрбү? Ошондой өмүрдөн көрө — уктап көргөн түш артык эмеспи!

Өмүр жөнүнөн кандайча кеп баштаганын өзү да билбей калгандай болду. Кийинки күндөрдө өмүр жөнүндө ойлоно баштаган эле, ошо кезде алтымышка чаап калган болуш:

— Иншалла! Капырай! Бу жашың кыңкайганда өмүр жөнүнөн ойлоно баштайт экенсиң,— деп күрсүнүп алды да, чыйрала түшкөнсүп мурдакы сөзүнө өттү.

— Аа, жарайт. Коош, энди азыркы болуштукту Жаканга ыйгарсак кантет?

— Туура, туура. Мен да ошону ойлогом,— деди Таканы.

— Балдарынын тилин таап, дилин билбесе ата болобу? Ко-ош! Бу ишти ушуну менен бүттү деп туралы. Ал энди, иштин жүйөөсүнө өтөйүн.

«Бөрү баласына баш томолотуп үйрөтөт» дегендей, эми маселени чечмелөөгө өттү.

— Анда, ушу болуштуктун орунбасарлыгын кимге берген турасыңар? Катчылыгын дегеним. Катчы болгон киши анын орунбасары эмеспи?..

— Эч кимге бербейбиз,— деди Таканы.

— Такан эле болот,— деди Жакан.

— Жок, орунбасарлыкты мынабу Танага берсекпи дейм.

— Ага катчылык түгүл, орунбасарлык түгүл, он башчылыкты да бербейбиз,— деди экөө биринен соң бири жарыша.

— Аа, ошондойбу? Бийлик деген зоокалуу асканын

башындагы көк мелтең муздай опурталдуу болот. Жаза басып, жыгылып албагыла! — деди да көзүн сүзүп, ар бир сөзүн тактап кыраат менен сүйлөдү атасы.

— Мен бир ишти кыйладан бери качырткы салып, иликтеп жүргөн жайым бар. Адамды билиш оңой эмес. «Жылкы аласы тышында, киши аласы ичинде» дейт. Ушу Тананын сырын билиш үчүн аны нечен тузактан өткөрдүм. Нечен качырткынын билинбес-көрүнбөс торун салдым. Акыры анын сасык оюн билдим...

Атасынын чычканга кебек алдырбас ашкан куу экендиги балдарына башынан белгилүү. «Деги буга даба жок» дегенсишип, атасынын сөздөрүнүн бирин калтырбай жатка алууга тырышып жатышты.

— Бу Тана тыңдыгы менен оозго алына баштады. Бешкөрүк, Мааке элинин атка минерлери менен астыртан сүйлөшүп, бизге кылтак салып жүргөн жайы бар экен. Чын-чындап келсе, бу бизге оңой душман эмес. Элдин бир жагын бөлүп кетүүгө жарай ала турган күчү бар. Бу шайлоодо өзү бирдемеге илинбей кала тургандыгына көзү жетсе, жок эле дегенде бизден чыгып, Дөкөгө кошулуп кетүүсү ыктымал. Андыктан, буга «орунбасарлыкты беребиз» деп суу кечкенче алдап туруу керек. Бу Тана качаган чыккан ат менен тең болду. Ал энди качаганды куулап отуруп кармай аласызбы? Жок, кармай албайсыз. Сиз качаганды куулай берсеңиз, ал качып отуруп анов тоонун башына чыгып кетет. Бу Тана да ошо качаган жылкы болду. Үйүрдү кайырсаң качаган өзү бөлүнүп чыгат. Ошонун сыңары азыр «биз жак эл мындай чыккыла!» деп түтүн жарып көргүлөчү, анда ымалабыздан шар бөлүнүп ойт берээрдиги шексиз. Ошо качаганды кармаш үчүн не кылуу керек? — деп суроо бере сүйлөп кайра ага өзү жооп бергенди жактырчу манап жообун өзү айтты.

— Аны колго түшүрүш үчүн,— деди да колундагы тамекисин ыргытып жиберип, колу менен улам бир жерди сайып көрсөтүп, сөзүн жасап сүйлөндү.

— Мынабу жерге жем коюу керек, ал энди мынабу жерге туз коюу керек, а мынабу жерге болсо, суу коюу керек. Ал энди булардын ортосуна не коюу керек? Булардын ортосуна таман тузак тартуу керек. Аларды койгондон кийин качаган быякка өзү имерилет. Жемди-сууну көрүп турган качаган чыдамак беле? Жок, чыдабайт. Жем жеп, туз жалап, суусуну кана баштаган качаган алдында жаткан таман тузакты байкабайт. Дал ошондо аргамжынын бир учун силкип тартып койсоң, качаганың ты-

рак этип жыгылып, колго өзү түшүп берет. Мына, балдар! Тапа качаганды дал ушундай кылуу керек. Иштин маңызын билбей жоон өпкөлүккө салып, жел менен жарышып, көлөкөңдү кууба! Ишиң сая кетип, анда максатың карып болот. Ошентип, ээр качкы аттай качаган болгон немени жем чачып, жем салды кылып туруп, таман тузакка илиш керек. Бир тоокко да жем керек турбайбы? Бу ала качкы Танага ит жеминдей олжону бөлүп койгонуңар дурус. Ал энди, бу басыгы бузук немении биз суу кечип алгандан кийин бакылдагандыгын көрө жатаарбыз. Ээринин кашын таанытаарбыз. Анын айласын мага койгула! Ошентип, азырынча жем чача туруу керек. Кана, буга кандай дейсиздер?

Сөз ушуну менен бүттү...

...Бешкөрүк, Мааке айлында аздыр-көптүр баркы бар Тананын макулдугун алды. Элди үгүттөп Чаки тарапта турду. Түтүнү жырылып Чаки жакка оой баштаган элдин түрүн көрүп Дөкөнүн айласы кетти.

* * *

Баласын болуш кылган Чаки элин чакырып алды. Далай керкакшыкты жөнөткөн соң, оюнун ток этер жерин айтты.

— Мына, болушуңар отурат! — деп ал жанындагы баласы Жаканды жаңдап көрсөттү.

— Бу мырза шайлоодо кыйла чыгым болгон экен. Бу мырзага беш жүз түтүн каршы чыккан экен силер жактан. Эми ошо беш жүз түтүн элдин ар түтүнү болушка үч күндүк мөөнөт ичинде эки койдон берет. Жылкылай берсе, ар жылкы төрт койго эсеп. Бардыгы миң кой. Жок, акчалай берсеңиздер, ар түтүн бир сомдон, ушу менен сөзүм бүттү. Бу малдар салык эмес, журтчулук болот. Калганын өзүңөр түтүнүңөргө жараша кандай ынтымакташсаңар, ошондой ынтымакташып төлөгүлө. Мен дагы аяп жатам. Ан-ов Дөкөн мечит салдырам деп бир сомдон кыйлаңардан алып койгон энди, аягы мындай болду. Жукара түштүбү деп жатам. Ал энди Доолдак, Байтактар да түтүн башына бир сомдон чыгарсын.

Аңгыча чапчаң Байтак:

— Эй, ажы! — деди Чакиге,— мурда да төлөп берген элек! Эми кайдан табаар экенбиз? Айла кетти го? Тырмагыңызды абайлап батырсаңыз боло! Кабыргабыз ка-

йышты го! Шайлоодо сиз тарапта турбадык беле? Анан бир сомдон салганыңыз кандай?

Байтак үнүн каргылдантып, өтө муңайыңкы түр менен өтүндү. Бир айла болоор бекен дегенсип жалооруйт. Бирок, ага манап кулак кагып койбогондой түр көрсөтөйүн деп отурду эле, кайра бирдемени эстей калдыбы:

— Супаханалла! Мынабу кемпайдын айтып турганын кара! Мен тырнагымды салган турбаймынбы? Кудая тобо!

Жакасын кармана таң калгансып бир аз буйдала түштү да, анан Байтакты житире карап зил таштап жиберди.

— Ооба, тырнагымды салыптырмын! Энди мен чеңгелимди салсам кантесиң? Алдагы сүбөөңө беш бармагымды каруума чейин батырсам кантесиң? Мени ким токтотот? Мени нысап токтотот! Мен дагы эле болсо нысап кылып жатырмын!

Бир тобу кошомат кылып калышты. Беш-алты бай бар эле, алардын да унчукпай жер карап отурушуна манаптын итатайы тутулуп, куйкасы тырыша түштү.

— Ал, энди силерге,— деди манап байларга карап.— Мен эмес, ак пашаанын өзү ишенет! Силерди калкалап жүрүп карыдым! Мурдаагы жылы тиги Петербордо бир чоң өрт чыкты дешет. Мына ошо өрткө кабылган сендердей бок курсак байларды ак падыша карлыгач болуп канаты менен суу сээп туруптур. Мына, ошону биле жүргүлө! Сендер журтчулук дегенди унутуп баратасыңар. Журтчулукту садага катары көрүп колуңардан келишинче берип жүргөнүңөр да бар. Жок, сендерден мен мындан ары журтчулукту мал башына өндүрөм. Башка элдерде ушундай! «Мал эңкейсе, чөп үрпөйөт!» Мен эңкейип көрөйүнчү! Үрпөйбөгөнүңөрдү көрөйүн! Бирок, мен оттоп жибербейм силерди, андан-мындан от башылап кана чаламын!

Манаптын жаасы катуу экендигин көрүп-билип турушкан байлардын бири да батына албай мелтирей калышты. Ошол арада Тана тиги менен тең тууган экенин билгизе какшыгын кошоматка чүмбөттөп манапка кайрылды:

— Аа, ажы, аныңыз да туура. Жайытты бир күндө түгөтүүгө болбойт да.

Чаки экөөнүн тең манап тукумунан экендиги белгилүү. Бирок Тана манаптардын никесиз катынынан. Кээде аны «арам сийдик» аташаары да маалым. Антсе да, ыгы келе калганда «канча» кылганы менен манап чалыш

аты бар эмеспи» дегенсип, Чаки ага боор толгоолук кыла коюучу. Бу жолу да Тана жөнүндө жаман ою жок эле, бирок тигинин сөзүнө иренжий түшүп:

— Алда, Тана, а-ай! Танам тана эле бойдон турбайсыңбы! Качан тай чыгаар экенсиң? — деди.

Отургандардын бир тобу бырс күлүштү. Сөздү таап айтканына Чаки да семире түшкөндөй бетаачысын алып чыгып терин сүртүндү. Көпкө күлүп жатты. Бир кезде мостоё калды да:

— Эй, Тана! Бүгүн сеникинен тай жейбиз. Бу жерде очойбой үйүңө барып, камыңды кыл! Бир семиз тай сойгун! Оозуңан өзүң мүдүрүлдүң. Бу жерде отургандардын бардыгы болуп барабыз! Тур! — деди.

Капыстан кабылган Тана эмне кылаар айласын таба албай мойнунан бирөө төмөн карай ныгыра басып тургансып, араң эле башын көтөрдү.

Ошону менен отургандар бир аз жеңилдене түшкөнсүштү. Чакинин көңүлү куштар болуп, жанындагы бий менен бир топко өзүнчө аңгемелешип калды. Тигилер да жанданышып, ич ара ооз учунан күбүрөшө башташты. Ошо жерде дагы бир Байдөбөт дей турган атка минер манап сөзүн бүткөнсүп отуруп калганын көрө коюп:

— Ажы! Жана өзүңүз айткандай, Дөкө бизден бир сомдон салык жыйнап өзүнө там салдырып албадыбы? Эми эки тизгин, бир чылбыр колуңузда турган экен, ошол сомду андан кайта өндүрүп бербейсизби! — деп калды.

Чаки Байдөбөттү акырая карап жекирди.

— Ийй-ээ! Ал акчаны чын дилиңер менен садага катары бергенсиздер! Садаганы кайтарып алууга болобу?..

Каары сыртына чыга түшүп, ар бир сөзүн таптап баса-баса жасакерленип зиркилдей баштады.

— Эй, урган! Сиздин чын атыңыз Байдөбөт эди, бул ат сиздей кишиге жарашпайт экен деп, ак боз бээни союп атыңызды өзгөртүп «Кудайберген» коюп эдик. Көрсө бу ат сиздей май башка жарашпайт экен. Сиз мындан ары кайрадан атаңыз азан чакыртып койгон Байдөбөт атка кондуңуз.

Мойнун койкойтуп ыржая түштү да, тигини карата таамайлап зил таштады.

— Ак дөбөт! Карала дөбөт! Байдөбөт! Алыңа карап үр дөбөт! Атаңдын оозун урайын, эшикке чык дөбөт!..

Элдин башы жерге кире түштү. Заманасы ала салып кеткен Байдөбөт кың дей албай эшикке чыга жөнөдү. Кээси күлүп калышты.

Байдөбөт чынында «Чаки эми Дөкө менен биротоло карайып калды, бир жактан кошомат болсун, экинчи жактан бир сомдон жыйнаган салыкты кайтартып берсе, ошону кайта Чакиге берип тогоштурсакпы» деп ойлогон.

Байдөбөт атына кандай минип, бет алды кандай бастырып кеткенин өзү да туйбай калды...

Байдөбөттүн абалын көргөндөр «Журтчулук» берүүгө макулдашты.

Чаки да көңүлү жайланып аттанды. Жолдо кетип баратып уулу сурады:

— Ыя, ата! Мынча элди кантип башкарам? Көз караштары жаман. Бу кейиптери менен ээ-жаа беришпейби деймˀ?

— Аа, балам! Алдыңызда бийлигиңиз болсун! Бийлигиңиз турса күйкөдөй алсыз болсоңуз да, асманда айланып жүргөн зумурук куш алдыңызга «топ» этип өзү түшүп берет эмеспи? Канат-бутун тарта албай алдыңызда жаткан зумуруктун көзүн чокуп, чалгынын кайырбай жаныңыз жокпу? Ха, ха!.. Ушуну биле жүр. Бардыгы бийликтен. Ал эми бийлик кайда болот? Тээ кызыл зоонун башында, көз учкан бийик белде болот, балам! Ага да жеткен жетээр. Уча-уча кыраан жетээр да, жыла-жыла жылан жетээр! Пашаанын заманы ушундай, балам! Бөрүнүн заманы эмеспи! Бөрүчө тытышпаса болобу?

* * *

Айтор, эмнеси болсо да, быйыл эсепчилердин айтканы туура болуп чыкты. Өткөн күздө эле бир эсепчи: «Быйыл кеч күздө бээлер көбүрөөк кулун салып койду, арты кандай болоор экен, жут болбогой эле» деп эскертти эле, анын сыңарындай:

«Куйругу жок, жалы жок,
Кумда туулуп, чөлдө өскөн,
Кулан байкуш кантти экен?
Чымчып алар жүнү жок,
Чыңырарга үнү жок,
Чырымталдай түгү жок,
Жылан байкуш кантти экен?»—

деп Асанкайгынын кейиген жылдарынын бири — дал ушу жылдын кышына туура келди.

Чилде чыгаар менен үксөйгөн бабыргандар да кыйкыра баштады. Суук катуу болуп, белден кар түштү. Мунун

аягы жутка айланды. «Бай мактанса — бир жуттук» деген создун калети жок корунот. Күзүндө эле күтүрөтүп мал айдап, дөөлөтүнө чиренген байлар жуттун айынан тартыла түшүштү. «Кысырак жалдуу калды, кыз эмчектүү калды, боз улан богоктуу калды, боз токту куйруктуу калды, тоо комдуу калды, кой жондуу калды» деп, адаттагыдай кышты камырабай узаткандар сейрек кезикти. Мал өлүмдүү болду, суук ушунчалык эле — башкасын коё калганда да, таштардын түбүндө кекилик-чилдер турганы турган жеринде селейип тоңуп калышты.

Ушундай жылды эл «жыл кулун салды» деп коёт. Бүжүрөгөн карыялар мындай жуттун кайсы жылы болгондугун таягы менен жер чукуп олтурушуп эсептеп жатышты. Антипсе да, алдыңкы күндөрдү жакшылыкка жорушту. Мунун да себеби бар эле. Анткени, жыл катаал болуп, жаздын толгоосу далай мен-менсинген күч ээлерин алдан тайдырса да, суук боюнан ажыраган жаз жайдарыланып келди. Бир-эки жуманын ичинде эле күн ойдогудай тийип туруп элди да, жерди да жандандырды.

Эр төшөктөн, бала бешиктен толгонуп дегендей, журт жапырт тиричилигине киришти.

Көк чымырап, жан-жаныбар ойгонду. Түзгө тегиз тийген күн илеби барган сайын жерди тоборсутуп, мал-жанды чөпкө тоюндура баштады...

— Куй, кемпир, жармаңан! — деди аркандын эски жулдары менен белин курчап жатып Байтак. — Кудай буюрса, бүгүн жерге соко салабыз, жалпы букара топто үч соко бар экен. Бул оңой эмес, бул соколорду Бекеттеги орустардан өгүздөргө сатып алганбыз. Үч соко катары менен жүрсө, бир күндө канча жерди айдайбыз! Кудай буюрса быйыл курсак тоюнаар.

— Ушу бал тилиңди мага жөнү жок эмизесиң да турасың, деги бай болгур, мындан кийин ушу ач курсакты сөз менен тойгузганыңды коюп жүрчү, ме жарманды ич да, сокоңо жөнөгүн, талкандын да мааниси болбой бара-тат, каптын түбүн кагаарыма аз эле күн калды, кара өзөк маал болуп турбайбы...— деп Батыш чилбаш кылып жармага талкан чалып жатып наалый баштады эле:

— Ой, кемпир, мага талкан чалбай эле койчу! Өзүңөрдүн курсагыңарга кырынды болсун! — деди да, аны соорото баштады.

— Эй, сары убайымга бата бербесеңчи! Кудай бөөдө кайгыдан сактасын да! Ар кимдин өзүнө жазган ырыскысы бардыр... Ушу быйылкы кыштын кээрин ким тартпа-

ды дейсиң?.. Кимдин курсагы ачпады дейсиң?.. Баса, мен жаңылып жатам. Семиз арыктап, арыктын жилиги үзүлгөн ушундай ойго келбес үзүмчүлүк учурунда да казыкарта, жал, жаяны сугунуп, салаасынан май шорголоткондор да бар экен.

— Кайдагы бир, түшкө кирбей унут болгонду айтып олтурасың, койчу бай болгур, шилекейди чубуртпай!

— Болуптур, мен кеттим, эмненин деми экенин билбеймин, сокону тим эле өзүм сүйрөп кетчүдөй болуп турамын! — деди да, жарманын калганын жутуп жиберди. Аялы ага күлүмсүрөп, жалооруй карап, тамашага чалып күйөөсүн сүрөй берди.

— Ооба, көрүп турам. Дегеле кербен тарткан көлүктөй болуп!

Бүгүн күлүктөй жарай түшкөн экенсиң, түгөнгүр!

Байтак эшикке чыгып күндү карады эле, улуу шашке болуп калган экен. «Мен барганча эл да кошунун алып келип калаар» деген үмүт менен бастырмадагы кызыл өгүздү жетелеп алып жолго түштү. Шашпай илкип четке чыга бергенде теребелге көз чаптырды эле, бүгүнкү күн эмнегедир шаңдуу туюлду.

Айыл арасы жанданып калган. Кээ бир үйлөрдөн созулуп түтүн чыгат. Кыштан аман калган бирин-экин малдарын көктү көздөй чубата берген катын-балдар көрүнөт. Сокулуктагы Саз-Булактын күн чыгыш жагындагы дөңсөөнүн кыры менен төмөн түшүп келатып, алды жакта тоодон төмөн карай созулуп жаткан түздү караса, кээ бир адамдын былтыркы айдоолоруна жетип калгандыгын жана ошол жерлерде шаймандапып жаткандыгын көрдү. Анан ал андан ылдыйкы түздүктөргө көз чаптырды. Бул жерден караганда түп-түз суналып жаткан талаа улам барган сайын ылдыйлап келе берет, анын учу акыры көзгө илээшпей кылаң болуп кетет. Дал ошол көзгө илээшпей кылаңга айланган жер тээ алда кайда төмөн жаткан Чүй суусунун аралары. Андан ары боордош казак жери. Бүгүн күн чайыттай ачык тийип тургандыктан, теребел бардык тарабынан алаканга салгандай түгөлү менен көрүндү. Бул тегеректе жалгыз Дөкөнүн тунукелеген аппак тамынан башка жакын жерде эч кандай быдырек жок. Ал эми там болсо, дал ушу Саз-Булактын оозундагы өтө ыңгайлуу жерге салынган. Андан ылдый бир ат чабым жерде Сокулуктун Бекети жатат. Анда жалаң гана орустар жайгашкан. Орустардын келгенине отуз жылдан ашык болуп калды. Алардын өнөрү кыйын болот экен, ар кимисинде ат-ара-

басы бар. Чөптү да маңгел менен орбой, чалгы менен чабышат экен. Орустардын учпас тоогу, көчпөс тамы болот экен деп делдейишет элеттегилер.

Байтак ойлуу келе жатып, манаптын короосуна жакындап калгандыгын эми гана бир билгендей болду. Тамдын тегерегинин бардыгына мурда эле алма тиктирген. Алмалары жыл сайын ыксырап мөмөлөйт.

— Элди алдап туруп там салдырганын карачы чиркиндин! — деп өзүнчө кобурай берип, өзүнүн абалын эсине түшүрдү, «Соп», «сопаалап» көк өгүз менен жолдош болуп баратканын ойлой калды да, өзүн-өзү аяп жиберди: «тагдыр каамыты мойнума ушул жазмыштарды илип койду ээ» деп зээни кейий түштү да, кайра өлбөй тирүү жүргөнүнө тобо кылып, эл арасындагы бир ырды эсине алды:

Тулпар минип туу кармап,
Сен да өтөөрсүң дүйнөдөн!
Эшек минип, күл ташып,
Мен да өтөөрмүн дүйнөдөн!
Булут минип, муз бүркүп,
Сен да өтөөрсүң дүйнөдөн!
Илкий-илкий жөө жүрүп,
Мен да өтөөрмүн дүйнөдөн!
Сен, кер жорго минип дууладың,
Мен, кер эшек минип куурадым...

— Аа, армандуу дүйнө! — деп бир күрсүнүп алды. — Мындан менин абалымдын айырмасы аз эле эмеспи?

Дөкөнүн үйүнүн жанында бүгүн эмнегедир таң эртеңден эле токулуу турган аттар котолоп калгандыгын көрүп баратты. «Же, бүгүн базар эмес, куюшканы көтөрүлүп калыптыр, булар кайда камынышты экен? Балким, Бишкекке аттанышканы жатышкандыр» деп ойлоду ичинен. Бул убакта туш-тушка чапкылап, же чарбалык менен кетүүчү жигиттеринин аттарынын бардыгы тең, бүгүн ушу кезге чейин шайдооттонуп кермеге кыркаар тартып байланып калгандыгын түшүнө албады. Аттардан обочо мамыда Дөкөнүн иниси Төрөштүн айтылуу койторусу жер чапчып, негедир кошкуруп турган экен.

Аңгыча болбой Байтак кош айдоочуларга жете келип кошулду. Көңүл букарасындагы колдо бар үч соко небак эле барсканга салынып миздери жөндөлүп коюлган. Муну Федор жасаган эле.

Күн мээримдүү шооласын чачып, теребелди мемирете баштады. Курт-кумурскалар муздак ийиндеринен чыгып, өз тиричиликтерине киришкендей. Улам бир жерге секи-

ре конуп, көңүлдүү сайраган канаттуулар да, айлананы шаңга бөлөй баштады. Жаздын тунук абасында алардын үндөрү шаңкылдап кулактын кужурун кандыргансыйт. Тэ-этиги жарча жактан жалгыз күүсүн улам токтой калып, маалката үндөгөн күкүктүн үнү угулат. Ал да жазды өзүнчө тойлогондугун билдиргендей, жаркыраган жаздын күүсүн кубаттап, уламдан улам, алыс-жакындан жар салгансыйт. Чыйрыйттаган чымчыктар канаттарын каккылап бейжайланышып тиричилик шыбагасын талашат. Ымдуураак келген жердин жыты көк менен аралаша мурунду өрдөйт.

Сокочулар соколорун өгүз, аттарга ары-бери чегип жиберишти. Кээси соко кармоого, кээси өгүз, ат жетелөөгө чектелди. Карылуулары соко кармоого чыга турган болду. Аттар кошкуруп, өгүз бышылдап, кечээ эле ээн жаткан жер, бүгүн тиричиликтин кызуусуна бөлөндү.

Сокочулар айдоонун башына жалпы чогулушту да: «түшүм мол болсун», «Баба Дыйкан башка чычсын!» деп бата кылып турушуп, өгүздөрүн айдашып жерге соко сала башташты. Курч соконун тилинен каңтарылган жер кыртышы балык жон-балык жон болуп сулай берди... Кээси эскиче жол менен буурусунду мылгытып жүрүшөт. Булар көбүрөөк.

Мына ошол кезде Дөкөнүн үйүндө манап тукумунун баш кишилери менен алардын жигиттери чогулушуп, кеңеш куруп жатышкан эле.

Мынабу төрдүн төбөсүндө отурган жайкалган сакал, көк көз, мурду ийрирээк келген киши кадимки Дөкө. Ал кызып калган бейм сөздүн оозун алыстан коё берет. Манаптардын ким экендигин бирден терип чечмелей берди... Бардыгын өз уруусу менен таламдарына ыйгарып жатты.

...Оо, чиркин! Заман нелерди көрүп, нелерди баштан кечирбеди? Керилген Сары өзөн Чүйдү жердеген элди Дөкө айткан «лөктөрдүн» ар кимиси өз доорунда каалаган жагына бир чыбык менен айдаган күндөрү болду. Коймаарек жоош элди бири-бирине кагыштырып, эки ортодон чакмак алышты. Кээде эки үзөңгүнү тең тээп калыстык айткан болуп, куулук-шумдукту таман алдынан ойлоп таап, ээн жердин бөрүсүндөй эркин жойлоду. Артынан куугандарга аң казып, алдынан буугандарга таман тузак салып бурбай жыкты. Үйүрдөн адашкан андай «үзөнөөктөрдү» үзөңгү боолукка алды. Карышкыр соту менен жазалап, касап да өздөрү, бычак да өздөрү болду. Дөң бөрүлөрдүн алдынан туура чаап чыккандардын тагдырын

көрүп, «карышкырдын кудайы касын тигип, чечекейди ойбосун» деп эл калтаарышты. «Кандын каарынан сакта!» дешип, жакасын муунбагандай кармашып, өмүр сапарын карыткышты.

Доко баса көрсөткөн өз заманынын жаңагы «мыктылары» бир атадан тараган. Дөкө да, Чаки да ошондой. Өзүлөрүн алтын жатын атап, калгандарды насили жаман букара катары басып жешке чамынышты.

Үйүрү көп айгыр, Чүйдүн ар өзөнүн ээлешип, өкүмдүгүн жүргүздү. Кезеги келгенде бири-биринен түтүн жырышып, ич ара тебишмей адат буларда баштатан бери тукум кууп келе жатат. Мына ушул азыр да Дөкө менен Чаки үйүр баса элек балдарын манапка жеткирмек болуп, бири-биринен тизгин талашып турган кези...

...Дагы бир топко туңжурай калган Дөкө тамагын жасап алып, алдындагы даамдан бир аз татып туруп сөзүн улантты.

— Азыркы эки тизгин, бир чылбыр Чакинин колунда калды. Аны тизгинге жеткирген мынабу көңүл букарасы болду. Булар ага кошулбаганда шайлоодо биздин жеңип чыгарыбыз аттын кашкасындай белгилүү болучу. Антке- ни, алар бабабыздан тартып эле бизге тиешелүү, биздин ымалабыздагы эл болучу. Биздин колдо келе жаткан. Биздин айдаганыбыз менен болгон. Эми минтип шайтан жетелеп, Чакиге кошулуп кетип олтурат. Жүз түтүн көңүл букарасы баш кошуп, өз билгенин иштеди. Дагы жалгыз кетпей «силер баарыбызга бирдейсиңер» деп, жыйырма түтүн Чайышты бузуп кеткенин көрбөйсүңбү? Анысы аз келгенсип, эми Чакиге кошулганына карабай, эски айдоосуна түшүп, аны мына бүгүндөн тартып айдап жатышат. Буга кандай дейсиңер?

— Бу жер илгертен эле бизге таандык жер болучу. Жыламыш өрөөнү бүтүнү менен биздики эмегенде, анан кимдики эле?

— Булар Чакиге кошулуп, анын карамагына өткөндөн кийин бул Жыламыш өрөөнүн таштап, ошол Чаки жердеген Сокулуктун ичине кетишсин! Бу жер — биздики...

— Буларга Жыламыштын тунук суусунан таттырбайбыз!

— Кетишсин, бул жерден! Мейли Коптоюпабы, мейли Кызыл чабына, мейли Күдүрүнө түшүп кетеби, аны менен биздин ишибиз жок, деги бул жерден жоголушса болгону!

— Бирок, мен аларды жөн айдап чыкпаймын,— деди жигит башчысы Чириктөш. — Мен аларды кызыл жаян кылып акесин таанытып «кокуйлатып» туруп, Күдүргө түшүрө кууймун!

Ушуну айткан жигит башы, жылан боор кылып өргөн табылгы сап камчысын бүктөй кармап туруп, сол колу менен алдында турган чыныдагы аракты көз ирмебей тартып жиберип, муруттарын чыйратып-чыйратып алды да дасторконго кол салды.

— Эсирген букаранын демин дал ушул жол менен басуу керек. Камчыбыздын боштугунан кулду кутуртуп, башка чыгардык. Мындан кийин булардын сары изине чөп салып жүрүп, бытыратуу керек.

Жанатан берки айтылган кептердеги окуяларга өзү аралашып, өзүн жоого каршы союл чабышып жүргөн азаматтардай сезип кеткен Чириктөш «өзүм баатыр болгон соң кимди аяйынга» кирет.

— Биерде мушташып басылган балдардай болуп, сумсая тартып олтуруш болбойт,— деди ал кесе сүйлөп. — «Урушта туруш жок» деген макал бар. Акебиз айткандай, азыр баарыбыз атанып барып жапырт ат коюп, көңүл букарасын баса көктөп кирели!

Өлчөмүнөн ашыгыраак куюлган арактар Чириктөштүн ичегисинде чурулдап, күрөө тамырларын көптүрүп ичин ысытып, андан ары жогорулап олтуруп, жүрөктү алкымдап кирген буурадай зиркилдеп калган чагы эле. Ала-Тоону ала салдырчудай кейиптенип, көзү коюуланып кызара түшкөн Чириктөш сөздүн аягын чукул бурду:

— Кана, тургула! Жапырт ат коёлу!

Ушундан кийин өзү тура баштады эле, төрдөгү Челпек бий аларды колу менен ишарат кылып токтотту.

— Эй, бакылдаган, аңги! Азыр соконун үстүндө көңүл букарасынын кырк-элүүгө жакын жараган азаматтары жүрөт. Кардың жарылып, соко менен копо алдагы ысып турган ичегиң чубалып калып жүрбөсүн! Качырсаң жонун тосуп бергидей, букара сага торпок эмес. Бир камчы жесең, ысыган демиң басыла түшпөсүн! Атыңан ажырап, айдоонун башында «айхайлап» калып жүрбө! Куру бакылдап, желге чаппай, акыл токтоткон жакшы. Желиң чыгып калып жүрбөсүн! Көңүлдүн көңүлү оосо алдагы умай энең ушалаган аппак көчүгүңө... так салып койбосун! «Айласыз баатыр каманга чабат» болбой, шук отур!

Челпектин ушул кекээринен кийин Чириктөштүн аракка сугарылган денеси «дүр» дей түшүп, ачуу менен ар-

башты. Бирок, аныcын билгизбеске тырышты. Муруттарын жанып-жанып алып, жөтөлүмүш болду.

Эки жакты кылдат байкап олтурган Дөкө сөзгө кирди:

— Эртеңден бери букара бир топ жерди айдап таштады. Дагы айдай түшүшсүн. Эртең да кеч эмес. Балким, эгинин сепкенден кийин да киришсек болот. Кууп чыккандан кийин өзүбүзгө калат да. Окус букара көңүлдөн бирин-экөө жаздым болуп кетсе, кийинкисине жакшы. Чириктөш сен эртең беш-алты жигит менен жөн бурулуп: «Айдоону бошоткула! Болуш шайлагансыңар, ошого кеткиле! Контойго кеткиле!» деп камчыга албай жайынча айткыла. Кетебиз дешсе, анда жакшы. Жок, болушпаса, кайра келип, жообун айткыла. Ана ошондо жалпы ат коюп, көңүл букарасын тепсейбиз! Соколорун тартып алып, өзүлөрүн кууп чыгабыз. Жерден сүрүлгөн иттер кайсы өзөнгө барып тыгылышаар экен! Бу кара тамандарды басып келгенбиз, дагы эле болсо басабыз! Буларга убал жок, бир өлмөктөн үч өлсүн! Ит өлүмү кылабыз! — деди.

Өктөм сүйлөп өкүмдүк кылып коңгон Дөкөнүн сөзүн бардыгы демин ичине тартып угушту. Салкын тарткан кандары кызып, бошоп турган муундары чыйрала түшкөндөй болушту.

* * *

Соконун курч тишине турушттук бере албай ала салган бир ыңгай дың жерлерге жан киргенсип бир жагына жапырылып, кээ бир суурак жерлери күндүн жаркырап тийген нуру менен чагылышып жатты. Жаңы айдалып кеткен жердин тилкелеринде бармактай болгон агала курттар жыйрыла-жыйрыла калып тоголонуп жанталашат. Сокочуларды чукулуктап ээрчий конгон канаттуулар ала курттарды иле качышып, бирөөдөн кызгангансып далбактап, нараак болуп тойлошот. Жемди көргөндө көзү агала боло түшкөн сук карга, таандардын кээси тумшугу жерге тиер менен эле курттарды лып илип ала коюшуп, мойнун созуп, көзүн сүзүп жутууга киришет.

Теребел көшүлүп, күндүн мээримдүү шооласын өз боюна сүйгүнчүк менен сиңирип жаткандай түрү бар. Айдоо үстүндөгү эңкейиш келген нымдуураак жерлерден күн нурунун табынан көшүлгөнсүп, көйкөлүп билинербилинбес болуп чыккан жердин буусу, кудум түзсүз өрттөй созула-созула берип абага сиңип жатты.

Буга улай анда-санда чыккан сокочулардын үндөрү айлананы жандандырып, кандайдыр бир тиричилик барсканын согуп жаткандай өзүнчө шаң киргизет.

— Ой, келесоо, алдагынын шамыяны түшүп баратат!

— Ай, жаман кемпайга айла жок да! Сайрап жатып тилим тешилди. Аркы көк өгүздү «сопаалабай», «соп» деп айда! Карачы, тескери кеткенин!

— Атаң көрү, ушу тайкашканыкы өтүп кетти! Катуу баратып эле, бир убакта тык токтой калат!

— Ой, алдагы атың жаталак болгонбу?

— Таң атканча кыздын кылыгынан чыккан немедей болуп эле үлдүрөйсүң, сокону катуураак карма деп канча айтам сага!

Байтак да көк өгүзүн кошуп алып, жалпы эл менен бирге жанатан бери кош айдоодо. Сокону кармап жүрүп олтуруп, улам айдоонун башына чыкканда өгүздөрүн дем алдырып, айдап кеткен жерлерине суктангандай көз чаптырат. Барган сайын көбөйө берген жерди кылчактай карап, жердин берекеси артып бара жатканына өзүнчө кубанат. Кыялында ошо жерлерге дүр эткизе көйкөлгөн буудайды өстүрө коёт. «Оо, бу жерге нечен ат кап буудай ыксырап бышаар... Быйыл данга да, этке да курсак кампаяр... Улак кап, кой кап, ат кап деп туруп, ашык дандын баарын малга айырбаштап, калганын мыктап саман төшөп туруп, ороого куюп таштаармын. Үйдөгү бир чара тукум буудай далай жерге жетет. Ал эми, эки тулуп таруунун үрөнү, чымчыкка жедирбей жакшылап коруп алсам, ат жалындай үймөк тaруу болоор. Мына ошондо таруу бозого «карт» кекирип коюп жылуу тондун ичинде ымшып жүрө бер. Анын үстүнө Бакишимдин салган бозосунан бир кесе ичкен киши жыгылып турарында шек жок... Кудай буюрса, мээнет бекер кетпес...»

Балык жон болуп каңтарылган жер, мурда андайга үйүр албаган адамдарга кандайдыр бир башкача көрүнүп да, сезилип да жатты. Өмүрү айдалбай атамзамандан күр болгон жердин жыты айдалган соң, дегеле бир сонун башкача жагымдуу болот экен. Мурда жатакта жүрүп, бир аз жер айдап көнүп калгандар:

— Аа, айланайын, жердин жытындай жыт барбы, буруксуп берекесин белден ашырганы турат, жарыктык,— деп тобо кылат. Антсе да көчмөн турмуштун арасында жүрүп, жер жайын жакшы туя билбегендерге айдалган жер кандайдыр бир өөн көрүнөт. Алар жанараак келген Аден молдонун сөзүндө адылдык барбы деп да кылчакта-

шат. «Жердин бетин тырмалап, жерди көркүнөн ажыраттыңар, жалпылап биригип алып кудаага сыйбас иш кылып жатасыңар, тоо-таш, талаа-түздүн да ээси бар эмеспи, ата-бабабыз мындайды көргөн эмес, жер ыйлап жатат, жер боздоп жатат, тиги дүйнөдө териңер тескери союлат» деп далайдын башын кайсап өткөн болучу.

«Жер болбосо, токочту кайдан табасың? Ата-баба илгертен эле жер тырмалап келбеди беле, же токоч издеп ак уруп жүргөнүң калппы?» деген эле Байтак Аденге.

«Алына жараша анткени да чын. Бирок алар арпа менен таруу айдашкан, бирин-экин буудай да айдашкан, бирок силердей жабыла бириктешип алышып, бир каамытты моюнга асынып алышып, мынчалык жерди айдашкан эмес. Мындай болгондо силер элден кетесиңер, чогууңар менен жатакта каласыңар чымын-чиркейге талатып. Мындан көрү азыноолак гана жер айдап бирин-серининңерди жатакка калтырып, калганыңар чатыраган жайлоонун кымызын шимирип, салкын жерде жатканыңар жакшы эмеспи?» дегенде айрымдары «баса, мунуку ырас го» деп да калышкан жайы бар эле. «Иншалла! Айдооңор көр жыттанып турат» деп кошумчалаган.

Федор Адендин куулугун айдан ачык түшүндүрүп өттү.

«Сен ошону менен мынабу тургандарды кайрадан байдын алаканына салып бергиң бар экен го? Жайлоого чыккандай булардын кайсы күтүрөгөн малы бар эле? Алар жайлоого чыкканда байдын малын багат, жылкысын кайтарат, айланкөчөк болуп ошонун табында калат, ошонун ирегесин сагалайт, ага көз каранды болот. Ити менен бирге жатат эшикте, ошол ит менен энчилеш болот. Байдын малынын артынан сандалып жүрүп, биротоло ага башы байланат эмеспи? Андан көрү бардыгыбыз бириктешип жер айдайбыз, болгонун чогуу көрөбүз, байлардын этегине илээшкенди коёбуз, сенин ишиң болбосун», деген Федордун сөзү олку-солку болуп тургандарды уютуп таштагандай болду.

Көчмөн турмуш байларга кудум көк мээ болгон төрпоктой айланчыктатып коё тургандыгын мурда баамдаса да ачык түшүнө албай жүргөн Байтак, Аденди жаман кепичи менен «шалп» дедире башындагы селдесине бир салып жыйындан кууп чыккан.

— Сен кыйтыңдап алып, бизди биротоло байларга көгөөндөп бергиң бар экен го, кысталак! Алдагы селдеңдей

болуп, ичегиң чубалып кала элегинде бу жерден жогол! Тапкан экенсиң май башты!

Анан элге кайрылып бакылдаган:

— Айран, кымызыңарды самап кайра көчкөнүңөрдү койгула! Кессең кан чыкпаган бай качан бизди марытты эле? Баягы батаны унутпагыла! Ырас, бирин-серин малы барлар тоону карашаар, салкынды самашаар! Аныңарды койгула! Жалаң мал эмчегин эмбей, жер эмчегин эмген жакшы! Берекенин баары жерде эмеспи, баса «Элди бай кылганча — жерди бай кыл!» деген ата-бабабыздан калган макал бар го?

— Казактын макалы кайда? «Көшмөли элдин зоры болганша, отырыкшынын коры бол!» дейт эмеспи! — деп кыйкырган эле Доолдак!

— Баракелде, ак сөз эмеспи!

— Бай көзүн карабай, жер көзүн карайлы!

Ар кимдер алкап да, жактап да жиберишкен. Ой жүгүртүп, Байтак баштаган бир катарлары акыл курушту.

— Мына, быйыл кыш катуу болуп, бир катарыңардын үрпүн тартып турган малыңар өлүп кетти. Мингичтериңерден айрылганыңар да бар. Мына, жаркыраган жай келет. Ошондо силер кайда бармаксыңар? Тээ жайлоону көздөй мойнуңарды созо бергенден пайда жок. Андан көрү малсыз-көлүксүз калганыңар айдоодо болгула. Чөп-чардан тазарткыла эгинди. Арык казып, кулак байлап, сугатка кам ургула!

— Мунун жөнүн билбегендерибиз кантебиз?

— Бу жагын мен үйрөтөм, мага койгула! — деди Федор.

— Ырас да. Качанга чейин билбейбиз деп жүрөбүз.

— Ал эми малга бышык жигит-жалаңдар тандалып, тиги бөксө жайлоолорго мал отуна чыгабыз, калганыбыз быякта шай турбасак болбойт: таруу айдаган турабыз. Ал эми таранчы деген душман бар экенин унутпагыла. Күндүн бетин көргөзбөй учуп келип күбүп кетип жүрбөсүн.

— Ага кыргый таптайбыз да. Таранчынын кыргый деген «досу» бар.

Федор мунун жайын билбейт эле, сурап жатып билгенден кийин боору катканча ыкшыды.

— Ар бир элдин өз кесиби бар. Мына, мисалы мен мал бакканды билбеймин. Жаштайымдан ата-бабанын жолун кууп жалаң дыйканчылык, устачылык менен келатам. Бу жагын мен үйрөтөйүн. Мал жагын силер мага үйрөткүлө,— деди эле, аны жаалап кетишти:

— Жок, сен жанакы дыйканчылык жагында боло бер. Малды бизге кой. Сен малды үйрөнгөндө эмне бүтүрөт элең, ага бардыгыбыз машпыз. Андан көрө өз өнөрүңдү башкаларга үйрөтө бергениң дурус,— деп коюшту.

— Менин оюм чоң,— деди Федор,— быйыл кеч болуп калды. Эмдиги жылдан тартып, ал турмак быйылтан тартып, мен силерге там салганды үйрөтөм. Кыргыз деген малды ээрчип көчүп жүрө берет экен. Бирок, чынында отурук турмуш жакшы эмеспи, бир жерге үйүр алып, кыштын күнүбү, жайындабы, боз үйдөн көрө там жакшы. Ары жылуу да болот, ымшып жата бересиң. Ал эми жапма тамды салыш анча да кыйын эмес. Аны мен силерге оңой эле үйрөтөм.

— Жерден кол менен жар салган, акыр замандын шумдугу деп жүрбөйбү жанагы Аден.

— Былжырaптыр,— деди шашма Байтак кепичин ала коюп, өзүнчө оолугуп.

— Ай, аксакал, бу жерде алдагы кепичиңиз башына ойноп турган Аден жок! — дегенде байкабай калган Байтактын өзү да күлүп, жамбаштай берди.

— Анан там салгандан кийин, анын тегерегине алмаөрүк тигебиз!

Ошондон соң, өткөн жайда базарга барып атасына учкашып келе жаткан бала балалыгын кылып, бышып турган алманы ат үстүнөн үзүп алганда көпкөн орус байы атынан жыгып, экөөн аябай сабагандыгы жөнүндө сөз кылып калышты.

— Адегенде там салсак, анан калганы оңой эле болот,— деди Федор. — Мен быйыл дагы башка орус мужиктерин табамын. Ошолор менен кошулуп иштесек, анан силер жардам берсеңер, акырындап бардыгыбыз отурук турмушка өтөбүз. Байларга көз каранды болбой, өзүбүзчө жашайбыз. Көз каранды болгон күндө да мурункудай болбойт. Ар кимдин өз чарбасы, чарбагы болот. Эгин, мөмө-чөмө болсо, мал да болот. Эгинге сатып алууга болот.

Эртеси Федор айдоочуларды карап туруп, башын чайкады. Аларга жүгүрө жетип барды:

— Жердин бардыгы бирдей болбойт. Аны да тандап айдоо керек. Мына, сен мынабу дөңсөө жерди айдай баштапсың. Бул болбойт. Себеби, дөңсөө жерге ар кандай чөпчарлар көп чыгат да, анан бат кургап калат, кургабаса да ал эгинге зыян эмеспи! Бу жерге суу да жетмеги кыйын. Ал эми, тигил болсо ойдуңдуу жерде жүрөт. Ал эми уруkту ойдуңдуу жерлерге сепкенде ал жер суулу болгондук-

тан, күн тийгенде кургап кетет жана эгин бүрүшүп чыкпай да калат: андыктан бир аз жампайма жерлерди айдап, ошондой жерлерге сепкен жакшы. Ал сугарганга да оңой болот.

Тигилер Федордун айтканындай кылышты.

Федор себилүүчү эгиндин уруктарын карап жатып, дагы башын чайкап калды.

— Жакшы жери жаңыдан себе баштаганда көргөнүм ырас болуптур. Мынабу урук жарабайт. Ишенбесеңер азыр көрсөтөм.

Анан себүү үчүн тандалган тукум буудайларды сууга салып көрдү. Ошондо суунун үстүнө жыбыраган ыйлаактар чыга баштады көз жашындай болгон, кыйласы калкып чыга келди.

— Бул жарабайт, тукум буудай мындай болбойт, мунун кээси гана чыкпаса, көбү чыкпай калат. Кодура буудай оңдонүп калат. Мунун даны толук эмес, ошондуктан тигиндей каканактар чыгып жатат быжыраган. Мен бардыгына орус буудайын себелик деген кеңеш берем. Орустун буудайынын даны майдараак болгону менен бир жакшы жери батыраак бышат, арпа бышаары менен сүткө узабай айлана баштайт. Орус буудайы кара көсөөгө да оңой менен алдырбайт.

— Тукумду кайдан табабыз?

— Мен болгондун бардыгын берем. Калпак менен өлчөгөндө да жарым кап буудайым далайга жетет. Калганын эртең орус кыштагына барып алып келем.

Бардыгы ыраазы болушту.

— Жашасын община! — деп кыйкырды Федор: — андан көрү мунун маласын кайталап тартуу керек.

Ошону менен узун четинди өгүзгө сүйрөтүп, маласын кайрадан тарта баштушты.

— Эртең мени менен эки-үч киши кошо жүргүлө. Өгүздөрдү ала барабыз. Ылайыгы келсе, бошогон темир соколордун күчүн албай жаныбыз жокпу?

Темир соконун кандай боло тургандыгын Федор түшүндүрүп жатты.

— Мен аны эмитен жасоого киришем. Эмдиги жылга даяр болгондой кылам. Андан көрү орус кыштагына барып калганыңар темир-тесек таап калсаңар алып келе бергиле. Темир бардыгына жарайт!

Федор ары басып кетип, кайра келатканда мурун эл көрбөгөн бир жыгач саптуу тарбайган немесин көтөрө келди.

— Капырай, бу эмнеси? — дешип жатышты. Көрсө, ал кадимки эле чалгы экен.

— Мен ушуну атайы силерге көрсөтүү үчүн алып келдим. Мунун пайдасын чөп чыкканда көрөсүңөр. Кыргыздар чөптү орок менен орушат, антип жарыта да алышпайт. Ал эми муну билген киши чөптү кыргыздар устара менен чач алгандай кырат!

Анан чалгыны кайрап туруп, саргарган чөпкө салып, кулачын кере бир таштады дейсиң, көргөндөрдүн көзү кубанды. Кудум жыйып койгондой тартип менен эле сулаган чөптөр.

— Мунун өзү кумарлуу эмгек. Үйрөнгөн кишиге жеңил, ыгын гана таап, көбүрөөк машыгуу керек. Мына муну менен чөп чаап алганда эч кандай жуттун коркунучу жок. Ал эми кыргыздар мунун жөнүн билбей: «Кыйкырып келген жоодон сакта да, ышкырып келген кыштан сакта!» дешип жакаларын кармашат. Мындан соң, мен силерге тамдын жанына бастырма салууну үйрөтөм, анан малды ошол бастырмага, же короого кармоо керек. Жок эле дегенде жер там салабыз малга.

Федор кыргызча жакшы билбесе да, анын ушуларды айтып жатканын уккандар жакшы туюнушту жана ошентип жатканын түшүнүштү. Тил келбеген жерлерин жаңдап түшүндүрдү.

— Капырай, не шумдук айтып жатышат! — деген Доолдакты Байтак баягы кепичи менен бир берип калайын деп, баткактан сууруп ала албай элди бир күлдүрдү. Сууруп алганча ачуусу да тарап кетти.

— Мындай чалгыны бир сомдон алууга болот. Бирок кыргыздар аны билбей баягы жаман маңгелдери менен эле жүрүшөт, көбүнүн анысы да жок!

Федор башын чайкап:

— Аа, караңгы кыргызым! Жериңер кандай сонун! Бу жерге адам менен малдан башканын баары өнөт эмеспи! Ушул азыр мынабу чалгыны ушул жерге таштап кетейин. Ошону эки күндөн кийин таба албай каласыңар, кайсы жерге койгонуңарды билбей. Чөптүн өсүшү ушунчалык, «дүр» эле дей түшөт го, жаныбар! — дегенди айтып жатып эптеп түшүндүрдү.

Анан бир чоң боо талды көтөрүп келип, аны эки-үч карыштап кесе баштады. Жоондугу ар кандай, эң эле кичинеси бармактай.

— Буларды учтап туруп, тетиги арыктын жээгине тигемин. Ал анан акырындап өсө баштайт, бүр байлап бу-

тактайт. Күзгө чейин баланын билегиндей болуп солкулдап калат. Анан бара-бара жыл өткөн сайын жоонoёт. Аны жанагы тамга жыгач катары пайдаланабыз.

Андан соң ноо байлап арыкка суу жүргүзүүнүн жолун айтып жатты. Түшүнбөгөн бир топоруна жайбаракаттык менен уламдан-улам айтып жатып, эптеп ынандырды.

«Чыныбы, же калпыбы, бу азыртан эле кайдагы бир шумдуктарды айтып, айтор жыргатып жатат, акыры кандай болоор экен», дегендер да болбой койгон жок.

— Ишенбесеңер, бардыгын өз убагында көрөсүңөр! — деди Федор. Айтор, былк этпеген турмушка жаңылык киргендей түрү бар, элдин бардыгы жапырт жайдары.

Бардыгы бата тилешти, Федорго алкышын айтышты.

— Жерди гүлдөттүң!

— Жерди жашарттың!

— Жерге көрк берип тоюнттуң!

— «Жакшы тилек-жарым ырыс» дегендей, жышаанасы жакшы. Четин көрүп да калдык!

— Соолгон булактын көзүн ачкандай, биздин көзүбүздү ачтың! — деп Байтак аны кучактап өөп да жиберди.

Эртеси Байтак айдоонун башына баарынан мурда келди. Нымдуу топуракты кармалап, жыттагылап да коёт. Бирден-экиден келе беришти.

— Ой, сенин өңүң бүгүн жылтырап калыптыр, соо эмессиң го? — деди тамашалай бирине.

— Бу курусун! Кечээ Федор тукумду мен табамын дегенден кийин, өзүнүн бир чөйчөк тукум буудайын куурту жептир, ошондон дындыйып турбайбы!

Ангыча Федор да көрүндү. Бир жигитке өгүздү жетелетип алыптыр, өгүзгө кап жүктөлгөн. Бу кечээки айткан тукумдук буудайы эле.

— Мына, ушу да көп жерге жетет, калганын тыяктан апкелем. Күзүндө ушул тукумдан түшкөн түшүмдөн сатып туруп, Байтакка бир жаңы кепич сатып берем!

Бардыгы күлүп калышты. Эмне кылаарын билбей калпагын кармана берген Байтак да:

— Сатсаң сатып берчи. «Сыртка барсам — кел, Байтак, үйгө келсем — кем Байтак» деген мен элем, эми жаңы кепичтүү болсом, «Эки жакка — тең Байтак» болуп калгым бардыр! — дегенде андан бетер күлүштү.

Тукум буудайды кармалап көргөндөр:

— Капырай, бу элден айланса болот. «Орус келди —

ырыс келди» деген жаңы макалды абдан туура чыгарган турбайбы,— деп калышты.

— Ырас да. «Калк айтпайт, калк айтса, калп айтпайт» деген ошо!

— Ай, тамыр! Сенин алдагы уучуңдагы буудай сен аны чача электе эле чууруп жатат. Тегиз да чачырабай, бир жагы коюу, бир жагы суюк түшүп жатат. Мунуң болбойт! — деди да, Федор тиги жигитти мындай алып чыкты. Жолдун таманына келип, бир ууч кумду берди, «кана чачып көргүн» деп. Чынында эле тегиз түшкөн жок.

— Бул буудай алтын менен барабар эмеспи. Аны себүүдөн мурун сен ушул кумду сээп үйрөнгүн! — деди Федор.

Анан Байтак бажылдап кирди. Ошону менен үрөн чачкычтарга такшалгандарды гана тандап чыгарышты.

Анан жаңы жер айдап жатышкан сокочуларга келишти. Кээси соко кармаганды билишпейт экен. Ойдогудай болбой жатканын көрүштү.

— Дың жерлерде соконун билегин саал кыйшайта кармаса тамыры жакшы алынат. Ал сен болсоң, бардык жерде бирдей эле сокону ныгыра кармайт экенсиң. Алдагы өгүз өпкөсүн кагынып турбайбы, чарчап. Минтип жүрсөң соконун тишин сындыраарыңда шек жок! — деди эле Федор, аңгыча Байтак:

— Анын тиши сынганча, алдагы арсайган сенин тишиң сынганы жакшы! — деп күпүлдөдү сокочуга.

Ал анан көңүлү көтөрүлгөн неме ырдап да жиберди:

Кар төшөнүп, таш баспай,
Тоо таянып, муз баспай,
Белине саадак байлабай,
Түн уйкусун төрт бөлбөй,
Эрендерге мал кайда?
Шамыянын шайлабай,
Кош өгүзүн байлабай,
Буурусунун буктурбай,
Кара жерге суктурбай,
Дыйкандарга дан кайда?

— Жаша, община! — деп кыйкырды Федор. Анан дарылдата бир ырдады дейсиң, эч кимиси түшүнгөн жок, антсе да ал дагы дыйкандын ырын ырдап жатканын туюп турушту. Көңүлү менен, көкүрөктөрү менен туюп турушту.

— Бар бол, букара тол!

— Букара, мындай чыккыла!

Айдалуучу жердин ыңгайын карап жүрүшкөндө:

— Мен көргөндү көргөн жоксуң, Байтак дос! Бу байлардын куулук-шумдугуна айла жок экен,— деди өзүнчө кейиген Федор,— мына, мен түндө уктум. Мынабу Дөкө мурдатан эле ээси жок тим жаткан жердин ар тешесин 2 сомдон сатат экен орус дыйкандарына. Бул бир. Ал эми кээси болсо, «мен баланчадай жерди айдап бергениң үчүн баланчадай жерди беремин» деп келишим кылат экен. Бул да эчтеке эмес, анан айдап берген жерди сеппей туруп эле, ар чейрек жерди 8 сомдон сатат экен. Мына, колун жерге тийгизбей туруп, ар чейрек жерден жок эле дегенде 6 сомдон пайда табышат экен! Бу не деген шумдук?!

— Бул алардын кесиби эмеспи!

Анан экөө кыштак салып, бай-манаптардан кутулуунун жолун тактап кыйлага акылдашты. Акырында Федор жанагы сокочуларга кетти. Байтак кош айдашып жүрүп айланага көз жүгүртүп өзүнчө алкай берди. Күркүрөгөн күз келип ак төөнүн карды жарылган кезде кандай болоорун элестетти. «Нандан капек чыгып калган заман болот», «Мал башын бура албас заман болот» дечү эле, ошо заман келээр бекен, ай, ким билет, мынабу азылуу арстандар турганда кандай болоор экен деп ойлоно калат. Антсе да улам жакшылыкты тиленип, алдыдан үмүт күтөт...

Ушундай таттуу кыялдын кучагында эрип бара жаткан Байтак аңгыча тиги тушка көз чаптырды эле, Дөкөнүн тамы жактан бир топ киши ушу жердеги кош айдоочуларды көздөй аттарын ыкыс берип жөнөп калышканын көрдү. Өгүзүн токтото коюп, ошо жакты делдейип карап калды. Келе жаткандар Дөкө манаптын жигиттери экендигин тааныды. Тигине, алдыда чабдар атты катуулатып Чириктөш балбан келатат. Буларга эмне болуп кетти? Катуулап бастырышканында бир кеп бардай...

— Ой, эл-журт, мынабу келаткандарың соо эмес го! — деди Байтак бир немеден кооп санагандыгын жашыра албай.

— Катуулашы жаман!

— Жок, мынабу туштагы айылда бирөөнүн кырк ашы бар деди эле, ошо жакка өтө чаап кетишээр дейм?

— Ай, ким билет? Кемпирдин ашында жигиттердин не жумушу болсун...

— Айтса, айтпаса да бизге келатышат.

Аңгыча кош айдоочуларга Чириктөш баштаган жети-

сегиз жигит катуулап кирип келишти. Түгү бетине чыгып каардантан Чириктөш жыйыла калышкан сокочулардын теке маңдайына келип, ат тизгинин жыя тартты да, ачуу үнү менен чаңкылдап кирди:

— Эй, букаралар! Тарткыла, сокоңордун башын! Кеткиле, бул жерден! Бул жер эмес, дегеле ушул Жыламыштан кочуп кеткиле!

— Ой, деги, сенин дени-кардың сообу? Эмне деп былжырап турасың,— деп жинденди, бер жакта жамаачылуу ак көйнөгү менен бети-башынын терин сүртүп бүткөн Байтак капысынан айтылган буйрукка чыдабай.

— Эмненин башын оттоп турасың? Кайдан чыккан Кошойсуң? Сени кайсы жин айдап келди бул жакка? Жаагыңды басып, жолуңа түш!

— Бок жебе! Тамырың өндүрбөй курутамын!

— Бокту сен жепсиң! Ме сага...— деп Байтак колундагы таягы менен аттын үстүндөгү Чириктөштү уруп калды эле, ал эңкейе бергенде таяк тийбей, жонунан зуулдап өттү. Чабдар аты менен темине берип, Чириктөш качыра бергенде, бир топ кишилер анын алдын тосуп туруп калышты.

— Жоого келгенсип теминбей туруп, сен адегенде жоңуңду айтчы!

— Ооба, мен жоого келдим! Силер мындан ары биз менен кайнаса каны кошулбас жоосуңар. Бизге жоо болгондуктан, силер Чакиге кошулгансыңар. Ошого болушуп, баласын болуш шайлап алгансыңар! Муну биле элексиңерби? Эмесе, мен билгизейин! Кеткиле, ошонун артынан! Бул жер — бизге тиешелүү жер! Айдоодо акыңар жок! Кет дегенде, жайыңар менен кеткиле! Болбосо көргүлүктү көрөсүнөр!

Атынын тизгинин әлден ала качып мындай чыга берген Чириктөштүн жанында турган жигиттер бир добуштан, алмак-салмак кыйкырып турушту:

— Жайыңарга кеткиле!

— Өлөөр ит кайышчыл болот!

— Бечелге жөтөлдүн кереги эмне?

— Эй, шордуулар, бирди көргөн турасыңар! Жаныңар тирүүдө көздөн далдоо болуп, бул жерден жоголсоңорчу!

— Булар менен сылап-сыйпап сүйлөшкөнүңдү токтот! Жай сөз жарашпайт буларга! Кетесиңерби, же жокпу?

Ар жактан бирөө жаман чарыгын сүйрөп, таягы менен качырып калды.

— Атаңдын башы! Сени жайлап туруп кетебиз!

— Калактай санынды арац сүйрөп жүрүп, сага жоону ким коюптур?

Калгандары да бир оοздон катуу качырышып, бер жакты көздөй жабыла беришти:

— Токтот! Ормон опузаңдын оозун урайындар!

— Качанга чейин чөгүп жүрүп өтөбүз! «Чөк!» десе чөгө берчү айбан болдук ко!

Булардын түрүнүн жаман экенин кызуусу бир аз тарай түшкөн Чириктөш түшүнө баштады. Жерге жукпай ойноктоп турган жараган аттардын тизгинин кетенчиктете башташты.

— Кой, булар көнө турган көрүнбөйт!

Чириктөш ушуну айтып, атынын мойнун бурду. Калган жигиттер да тизгиндерди шарт буруп, элге ат соорусун сала беришти.

— Көрөбүз, силердин күчүңөрдү!

Ошол жердеги элдин ары четиндеги коктуда Доолдак турган эле. Чириктөш атын ойдолотуп, аны өмгөккө сала баштаганда Доолдак уламдан улам кетенчиктей берди. Чириктөш эңкейип аны камчыга ала бере турган болгондо чочуган Доолдак кача баштады. Эл көрбөгөн коктудагы Доолдакты Чириктөш дагы бир эки жигит менен жете барып ортого алышты. Эки жигит аттарынын чылбырларын чечип жиберишти да, Доолдакты белинен өйдөрөөк, колтугунун алдынан кошоктолгон чылбырдын бир жак учу менен шапа-шуп байлашып чылбырдын бир жак учун Чириктөш өзү жапма үзөңгүгө салып туруп, атын бастыра берип Доолдакка кылчайды:

— Кана Доолдагым, эмне дейсиң?

— Менин да көрөйүн деген күнүм бардыр. Бала-чакам бар. Менде жазык жок. Коё бергиле, баатырлар...

— Тигини, коё бергиле, жазыгым жок дейт турбайбы? Келмеңди келтир. Азыр сенин аялуу жаныңды сууруп алып туруп, тиги дүйнөдөгү атаңа жеткизебиз! — деп күпүлдөгөн Чириктөш кудум Айтымкул баатырды байлап алгансып кекирейип катуулата бастыра берип, анан бөрү желишке өттү.

— Эгер ат менен кошо жүрбөсөң, мойнуң сыйыртмакка түшүп, талпагың ташка жайылаарын көрүп турасың... Кутурган ит, мен сенин желиңди бир чыгарайын.

Айткандай эле Чириктөш коктуга салып, барган сайын катуулап баратат. Атка сүйрөлүп өлүп калбайын деген Доолдак жанталашып дегеңдеп, эптеп жатып аттын куйругун кармап чуркоого өттү. Көздөрү алаңдап, таноо-

су дердейип, өпкөсү көбө баштады. Мээсин кан тээп, бети-башы ысып чыкты. Бир аз болгондо жантаслим болчу кейпи бар. Дөкөнүн короосуна кирип келгенде оозунан ак көбүк агып күйүккөн Доолдак көзү караңгылап боюн токтото албай, башы айланып кулап түштү.

Доолдак оо бир топтон кийин барып гана эсине келди. Эки жигит эки колтугунан сүйөп дегдеңдетип үйдөгү Дөкөлөрдүн үстүнө алып киришти. Муундары калтырап, эмне болуп кетээр экенмин деп Доолдак санааркай берди.

— Ии-и, жол болсун, келдиңби? — деди Дөкө, Доолдакты жеп ийчүдөй жекире карап кекээрдеп.

Тамагы кургап, коркконунан жана элден сүрдөгөнүнөн мукактанган Доолдак каргылданып, араң үн чыгарууга жарады.

— Келгени курусун, аксакал! Абалым ушу. Өпкөмдү оозума тиштеп, оокат кылып жүргөн бир шордуумун. Жазыгым жок. Коё бердирсеңиз экен...

— Жазыгы жок имиш. Силерге жер керек. Арпа, буудай, чөп керек. Ушундайбы, Доолдак? — деп кайрылды жаалданган Дөкө.

— Ушундай, ушундай...— деди Доолдак башып жерге сала.

— Ушундай болсо, мен силердин энчиңерди беремин!

Олтурган жеринен эңкейиибирээк болуп, Доолдакты үңүлө карап жекирип жаткан манап бир маалда чиренип түзөлө калып, башын көтөрүп босого жактагы Чириктөшкө карады:

— Кана, бу жигитти казыкка керип туруп ийлеп жибергиле!

Үйдүн бурчунда уюткан камырдай болуп сулк уктап жаткан ошол манап тукумунун бир чалы бар эле. Бакылдактан чочуп ойгонуп кетип, иштин жөнүн билгенден соң, сооп издеп калган неме беркилерге айтып калды:

— Койгула! Ансыз деле жакшы-ак болуптур. Доолдак кимче бар эле? Ушу неме кордоого арзыйбы? Болду. Жетишет. Канча кылганы менен адам баласы эмеспи? Коё бергиле! — деди.

Ызасына чыдабай көзүнө жаш алып буулугуп турган Доолдак чыга жөнөдү. Бер жактагы суунун жээгине келип өңгүрөп ыйлады. Ушундан көрө туулбай эле калсам болмок экен деп мөгдөдү. Оюу бир жерге токтобой, көпкө ар нерселерди ойлоп олтурду да, акырында кайратын жыйнап туруп:

— Шашпагыла, акыры силер мөгдөөчү күн да келер! — деп кубуроп сокочуларды көздөй тура жөнөдү. Тегеректеп келип жайын сурагандарга Доолдак болгон ишти айтып берди.

...Доолдак кеткенден кийин Дөкөлөр өз ара сөзгө киришишти.

— Булардын түрү жаман! — деди Чириктөш. — Кармашып жатып өлүшчүдөй болуп калды. Жөн сөз буларга жарашпай турган көрүнөт! Кана, кандай кылабыз?

Бардыгы жарданып, Дөкөнүн оозун тиктешти. Ал бир топко ойлонуп турду да:

— Жаман кулдар көпкөн экен! Эсирген экен кулдар! Чакинин деми буларды ысылаткан экен! Көрө жатаарбыз ошонусун! Чын-чынга келгенде Чаки кимдин камчысын чабыша тургандыгын бул кулдар билише элек турбайбы! «Жаман кулдар кол үзүп, башыбызга ойноду» деп ойлоно түшкөн Дөкө эки жагына өкүм сүйлөдү.

— Алардын муну кылаары бышык болучу. Мейли, бирин-жарым катуу чатак чыгып кетсе, кийинкисине жакшы. Жолубузду ачып алдык! Эми жабыла ат коюп, кутурган кул, бейбаштарды камчы-союлга алып кууп чыккыла! Калганыңар кошулуп жапырт ат койгула. Төрөш иним, сен барасыңбы, же менин жанымда каласыңбы?

Төрөштүн бара турган ниети жок эле. Бир балакет болуп кетпегей эле деп, сактанып турган. Агасынын айтканы, же чын, же сын экенин билбей бир азга күрмөлө түштү.

— Барайынбы, же калайынбы? — деп кайра тегеректегилерден сурады.

— Биз менен барганың туура! Сиз баштап барбасаңыз, бизди тоотобу? — деди Чириктөш.

— Барса, барайын...

— Музда жетелеген торпоктой болуп кетенчиктебей, кыйылбай барып кел, мырза! Мындайда бала карап турчу эмес! Баатырдын тукуму эмессиңби, азыр сен баштабасаң, биз карып калбадыкпы... Сен балаалуу жигит эмессиңби! Элдин сезин азыртан ал! — деди Дөкө. — Эртең аттангыла! Ага чейин жерди айдай беришсин. Акыры бизге калат да...

* * *

Күн кылкылдап батаарына аз калган. Батыш жак кызарып өрттөнүп бараткандай болду.

— Эртең күн ачык болот экен, күн жаабайт окшойт!

Далайды бүтүрөт экенбиз! — деди Доолдак Байтакка. — Эгер күн кызарып батса, энең эркек төрөгөндөй сүйүн! — деген сөз илгеркилерден калбады беле? Кой, жетишет! Бүгүн ушуну менен токтото туралы. Ат-өгүздөрдүн да шайманы кетти. Жаш чөпкө жакшы тоюнбаган унаалар бурала баштады. Өзүбүздүн да дарманыбыз кетип, белибиз майышты. Айдоону эртең уланталы! Ой, туугандар! Унааларды бошоткула! Бүгүнкүгө жетишет! — деп эки жакка кыйкырып калды.

Жигиттер келип кеткенден кийин деле, соко айдаган киши аз болду. Кээ бирөөлөрү унааларын сокодон бошотуп кетүүнүн камында болсо, кээси болгон иштин жөнүн жакшылап түшүнө алышпай бир-экиден соколорунун жанында, бирлери чогулуша калып кызуу сүйлөшүп жатышкан.

— Жакшылык үмүткө колубуз тиери менен суук колдорун салып киришти, ай акыры мунун түбү ийип бербейт ко... Илгери үмүтүбүздү бузуп, омуроого ала баштады, аягы кандай болоор экен? Алар муну менен тынчып жатып калышпастыр. Ат коюп кирип келишээрин кайдан билебиз? — деп, Доолдак өз алдынча кобурай берди.

— Деги, сенин ушул асанкайгың качан калат? Илгери Асанкайгы жерден жер, суудан суу кезип жүрүп өмүрү өткөн экен го. Ыйлап жүрүп өткөн экен го, чиркиниң. Сен да өзүңчө бир аламан кызык кишисиң да. Асанкайгыдан айырмаң деле жок турбайбы? — деди Байтак Доолдакты жактыра бербей, бир чети тамашалап.

Жылмайып турган Доолдак өңү кубула түшүп салабаттуу кишилердин кейпине кирди. Ойлуу туруп Байтакка карады.

— Эй, Баке! Кудайга тобо келтир! Ыйманыңды ойлоп, келмеңди келтир! Асанкайгы деген жарыктык билгиң келсе, тиричиликтин пири болот, пириңе шек келтирип жатасың! Тиричиликтин айланасынан жер кезип, жерден жер сынап жүрүп, ошол бойдон көзү ачык кеткен эмес, ал жарыктык Асанкайгы. Бардык жерге сын берип өткөн да, акыры чаалыгып, «Жийделүү Байсынды» жактырып, ошол жерге токтогон. Дүйнөнүн ар бири өзүнчө Меке деген. Андай билгич болсоң, ушу Сары-Өзөн Чүйдү эмне деп айтканын билесиңби? Билбейсиң! «Колдон келсе, боктөрүп кетчү жер экен, топурагы алтын, жер сырттаны жарыктык Сары-Өзөн Чүй!» деп тамшанган. Мына биз ошол Сары-Өзөн Чүйдүн киндигинде турабыз. Ошол киндик кесип, кир жууган, алтын эмес, алтымыш атабыз өс-

кон жерибизден үмүт кылып турабыз. Мунну кырк уруу кыргыз айтат. Жазгы жакшы үмүт менен минтип, жерибизден тилеп турганыбызда булардын кылган кылыгы...

Доолдактын ушул акыркы сөздөрүнөн улам Байтактын оюна бир нерсе түшө калган окшобойбу: соконун тишин шиш менен тазалап жатып, бырс күлүп жиберип курдашына кайрылды:

— Ой, Доолдагым! Баягы «коонуңду» айтып койчу?

Төрт-беш киши Доолдакты карай калышты. Туш-туштан айттырууга кыйнай беришти.

— Ай, ошону айтпай эле койсом болоор эле, ошону эстеген сайын бу байларыңа тишим кычырап, муштумум түйүлө берет! — деп анан сөзгө кирди Доолдак:

— Ботом, былтыр бир мужук тамыр орусумдан коондун уругун алып, бир топ жерге коон айдадым. Дегеле шумдук чыкты. Киши минсе буту жерге тийчү эмес, ошо коонума. «Басып алды», «Тордомо» коондордон опчактыны тандап туруп жаман атыма арта салып алдым да, жанагы Дөкөгө тартуу кылайын деп жөнөп бердим.

— Аксакал! «Жаманга — сатуу, жакшыга — тартуу!» Бөпөлөп баккан ушу коондорумду тартуу кылып келдим,— деп коондорумду алдына койдум. Манап «капырдын тамагы окшойт» деп туруп эле, бир коонду кармалай калып, жерге «былч» дедире бир урса болобу? Ыя айланайын, эл-журт! Жаным чыгып кете жаздады. Бычак менен кыя кесип жесе, нө болот? Анан жанагы Төрөш деген иниси да, айтор, ар кимиси бирден алып эле «былч» дедире берди! Силерге калп, мага чын: коон «былч» деген сайын мээм «былч» дегенсип жатты. Деги өзүңөр ойлоп көргүлөчү: жай-жайлата түн уйкумдан безип, сылап-сыйпап баккан коонум эле! Коон чоңойгон сайын балдар кубанганынан жер тепкилеп сүйүнүшчү. Аларга да жакшылыктуу бербей, анан этияттап үзүп, буга тартуу кылып апкелгенимди кантейин да, «былч» дедире жерге бир урганын кантейин! «Былч» дедире дагы бирин уруп калганында чыдабай кетти белем? «А-ай!» деп бакырып жибериптирмин!

— Бу ит бергенин кызганып турат! — деди да, тартуу бермек түгүл, шыйракка чаап кууп чыгышты! Ай, булардын несин айтайын! Эмгек, тердин баркын билеби?

Бири күлүп, бири кайгырып, бири муңканып турушкансышты. Байтак ойлуу туруп сүйлөдү:

— А, деги буларга даба жок! Убал да жок! Манаптар өздөрүнөн башка тукумдардын бардыгын эле тексиз кы-

лып чыгарышат экен. Кайдагы санжыраны ойлоп табышынтыр, ботом! Бирөөн жоодон түшүргөн. Дагы бир майда урууну коктудан таап алган. Бироолорду атка учкаштыра келген. Бирин ат кунуна айырбаштаса, бирин байгеге алган, койчу, деги көп. Чыныгы атанын уулу өзүлөрү болуп чыга келишкенин кантесиң? Мен мурун ишенип жүрчү элем: көрсө көбү жалган көрүнөт, тим эле өздөрүнүн ойлоп чыгарышкан былык саясаты экен го, чиркин!

Анан болгон сөзду — Санчы сынчынын сөзүн манаптар кандай бузганын Байтак элге айтып бергенден соң мындай деди:

— Мына, көрүп турасыңар! Ар кимди «кулсунтуп», өздөрү алтын жатын, ак сөөк болуп чыга келишет экен, чиркиндер! Ушу сөөдүрөкторгө ишенген кайран эски кишилердин көзү тим эле ачылбай кеткен турбайбы, манаптардын сасык туманына капталып! Дагы элди бытыратып майда урууга бөлүп таштаганын кантесиң, көрсө! Буларда аёо да жок! — деди терең ишеними менен.

— Ой, тигинде келатышат. Түрлөрү жаман. Колдорунда союлдары бар экен. Кокуй, тездеп ат, шаймандарга камынгыла! — деди бер жактан бирөө кыйкырып.

— Пайгамбардын уулу болсо да, ушулардыкы өтүп кетти! Качанга чейин ушинтип басынып жүрөбүз? Качанга чейин таманында тепселебиз. Шамыян, шаймандарыңарды алып, даярданып тургула! — деди чапчаң Байтак кепичин кармалап.

— Оо, жарыктык, кепич эмес, союл керек!

— Өлбөгөн жерде калабыз!

Мына ушундан кийин букаралардын бардыгы бир жерге тезинен аттап, жоолошуп топтоло беришти.

— Булардын зордугуна чене жок турбайбы! — деп, бири башын чайкагылады. Аны экинчиси коштоду.

— Билип, көрө элек белең?

— Баба дыйканга баталашып койбодук беле? Батабызды бузабызбы? — деген Доолдак эки тизесин чапкылайт.

— Бул жерден талпагыбыз калганча кетпейбиз!

— Окус кол салса, ай баткандай кылабыз!

— Чочунуп, тартынып туруучулар болбосун! Союлга алса жапырт киришелик!

Айыл тыңдары Байтак, Баракбайлардын бардыгы алдына келишти. Ыргай таягын дайыма колунан түшүрбөй алып жүрүүчү Баракбай чогулуп жарданып карап турган элге кайрылды:

— Эркек туулган козуну курмандык үчүн жараткан, эркек туулган баланы намыс үчүн жараткан...

— Эй, Баракбай,— деди ачуусу чукул шашма Байтак. — Ушу сенин акыл-насаатың өтүп кетти. Бул жерде кайдагы намысты айтып жатасың! Биз булар менен намыс талашып жаткан жерибиз жокко! Биз өз энчибизди коргоп жатабыз! Эгерде бир-жарымын жаза тайып кылып койсок да, биз аларга айыптуу боло турган жөнүбүз жок! Жетишет, сокку урса карап тура албайбыз!

— Манапка убал жок! — деди кыргый көз Доолдак. Доолдак качан да болсо, байлар жөнүндө сөз боло калганда ушул жалгыз сөзүн айтып калуучу. Ал муну абдан келиштире үнүн созуп, тамагын киркиретип бекемдей айтаар эле. Анын бул сөзүнөн эч качан келишпей турган кайнаган кек менен кекээр угулуучу. Аны бир гана айтпай, дайыма эки кайталап айтуучу.

— Манапка убал жо-ок!

«Манап-байга дагы эле аздык кылат, буларга чала. Буларга дагы көрсөтүү керек» деген маанидеги Доолдактын сөзү айыл арасына лакаптай тараган.

Анын ушинтип айта турган жөнү бар эле. Мындан беш-алты жыл мурда ал Саз-Булактын күңгөйүнөн жайды жайлата маңгел менен чөп орду. Жакшылап кургатып туруп «эми буюрса, күзүндө кырман бастырып, аштыкты жыйнап-терип алгандан кийин өгүз чийне менен тартып алаармын», деп чабылган чөптөрдү эки жал кылып үйүп салды.

Күздүн күнү кырман бастырып жаткан учур эле. Бир күнү бир бала чуркап келип, Доолдакка кабар айтты:

— Ата, сиздин чөбүңүздү бир киши тарттырып алып жатат...

Доолдак ошол замат чаап барды. Караса Дөкөнүн Чириктөш деген жигити экен. Жалдын үстүнө туруп алып, чөптөрдү төмөн карай шилеп ыргытып жатат.

Энтигип жете келген Доолдак аттан ыргып түштү да:

— Түш азыр, ажалдан мурда өлө элегиңде! — деди жерде туруп. — Бул эмне кылганың, акмак?

— Сен акмак! Баягы жылы биздин байдан бир тебетейлик көрпө албадың беле? Бул — ошонун акысы. Сага мени дал ошо манаптын өзү жиберди!

Ачуусуна чыдабай таноолору кыпчыла түшкөн Доолдак ошол жерде жаткан маңгел орокту алды да, Чириктөштү көздөй жерден туруп шилтеп калды.

— Ме, сага!

Орок зуулдап барып, Чириктөштүн бутуна жабыша калгандай болду.

— Жедиң эле, жедиң!

Жалдын үстүнөн Чириктөш оңко баш атып кулап түштү.

— Чала болду сага!

Ачуусу кайта түшкөн Доолдак, бастырып кетмекчи болуп кайра ойлоно калып эңкейип караса, маңгел толорсуктан тийген экеп. Толорсугун тим эле кылыч менен чапкандай кан диркиреп агып жатат. Кийизди күйгүзүп басып, кан аккан жердин жогору жагын кайыш менен катуу таңып таштагандан кийин гана кан араң токтоду.

— Сойдуң ээ, Доолдак, эми арты кандай болор экен? — деди берки жигит.

Доолдак атын минди да:

— Силерге убал жок! — деп бастырып кетти.

Доолдактын кылган ишин угуп, көргөндөн кийин гана анын агасы адегенде:

— Кутурган итти ырас кылыпсың! — деди. Доолдак аман кутулдум деп калды эле, агасы кун жөнүндө ойлондубу, аны кайта чакырып алып, көк чыбык менен чарчаганча сабады.

— Акылы жок, акмак! Эми кайсы малыңды бересиң? Колуңду сунуп көрчү, малдын түгү урунаар бекен сага? Итке минип жүрүп, байдын жигитин өлүмтүк кылганды ким коюптур, сага!

Баягы толорсугу кесилген Чириктөш алты айдан кийин айыкты. Доолдакты көрө калганда кара чаар жыланды көргөнсүп итиркейи келүүчү. Ага да жөн турбай Доолдак:

— Манапка убал жок! — деп табалап калаар эле.

Анын акыры Доолдакка төө баштаган тогуз кара айып төлөө менен бүттү. Бийликти манап өзү жүргүздү.

Доолдакта ненин малы? Агасы араң дегенде күйүпбышып жүрүп төлөп берип кутулду...

Мына ошол Доолдак жакындап келип калган атчандарды түктүйүп ачуусу менен карап туруп:

— Манапка убал жок! — деп дагы бир кайталады.

— Ой, Доолдак! Колуң кандуу неме элең! Алдагы колуңдагы темирди быякка ыргытсаңчы! — деди Байтак аксакал. — Баягыда агаңа тогуз айып төлөттүң эле, эми баарыбызга айып тарттырып жүрбө! Абайлагыла балдар!

Аңгыча күн кылкылдап батып баратты. Кой-козулар маарап, уйлар мөөрөп жаткан эле.

Ат коюп келгендерди Төрөш мырза баштаган. Башында суусар тебетей, кызыл намыркен өтүк, үстүндө нооту кемсел. Астындагы койтору күлүк аты ойноктоп алдыга жулунат. Коё берсе, тим эле баса кала турган түрү бар. Чымыр туяк, тик бакай, эликтей шымаланган неме экен. Уй куймулчак, катик жамбаш койторунун чакмак эти түрүлүп, кара эти жок какелес ичи илбирстей тартылып, тайгандай шыпылдайт. Келгендер он бешке жакын киши экен. Кээ бирөөнүн колунда чокмор, кээсинде мылтык, найза бар. Көрүнүштөрү эң эле сүрдүү. Бардыгы сурданган. Аянычтудай түрү жок. Өзгөчө мынабу Чириктөш атын теминип, кайра тизгинин жыйып, колундагы чокморун оңтойлоп канын ичине тартат.

Ат тизгинин тык токтотту да, Төрөш башка элди көзүнө албай, түз эле Көңүл букарасынын тыңдары Байтак менен Баракбайга кайрылды:

— Эй, Баракбай, Байтак! Жөнүңөр менен кеткиле! Жерден айланасыңарбы? Жер керек болсо, Чакиңерге барып, жер бөлдүрүп алгыла! Тирүү жүргөнүңөр жыргаганыңар эмеспи! Дагы жер дейт, имиш. Кеткиле, ит эмген кедейлер! Этек-жеңиңерди кестирип туруп, айдап жиберемин!

— Ой, баатыр! Бизде эмне жазык! Ата-бабабыздан берки жерибизди айдап жатабыз го! Же, сенин энчиңе бүткөн жер беле? Сен Ала-Тоону да меники деген турасыңбы? — деди Байтак.

— Кой, айланайын! Аккан суу менен чыккан чөптөн башкага зыяныбыз жок! Тарткыла, атыңардын башын!

— Ажыдаар менен арбашмак экен букаралар!

— Тоосу бийик болсо, эликтин көзү кызыл болот!

— Сен эмне, кудайдын эркеси белең?..

— Былжыраган ит, мен сага кудайыңды таанытамын!

— «Карышкыр койго кыныкса, короодон чыкпайт» деген, муну бир жолу тындым кылайын! — деп ар жактан баягы Доолдак жулунганда, Төрөш аны качырып барып ат менен жөөлөтүп өттү эле, ал өзөрө түшкөнсүп тил-оозсуз көмөлөндү.

— Корсотом мен силерге, ит кулдар! Ала-Тоодон аластап жиберемин! Өктөмсүнгөн жүрөгүңөрдү өрт өчкөндөй басамын!

Күпүлдөгөн Торош ат менен алдындагыларды койдура кетти. Кайра тартчу түрү жок. Бирөөн сулата чапты.

— Силерди... Чүйдүн суусун ичирбейбиз!

— Түбүңөрдү көөлөйбүз!

Атын ойдолотуп, алды жакта турган Баракбайдын Жамангара деген жалгыз эркек баласы бар эле, ошону камчы менен төбөдөн ары тартып жиберди.

Аны көрүп ачуусу келген Баракбай аты менен ыкыс бердирип:

— Жазыксыз баланы эмнеге чабасың? — деп камчысын үйүрдү.

Аңгыча болбой Төрөш алдындагы койторуну жумшак теминип койду эле, ал зыр деген бойдон Баракбайды жандай берди. Төрөш Баракбайдын атын тизгинден алды. Анан атты бура тартып жөнөй берди. Баракбай тизгинин тартып, бошонууга тырмышты.

— Тарт колуңду, тизгинден! Тарт!

Төрөш ага болгон жок, сүйрөй баштады. Аңгыча көзү камчыдан умачтай ачыла түшкөн Баракбайдын баласы Жамангара ошол жерде жаткан айрыны алды да, атасын тизгинден алган Төрөшкө жетип барып, койторуну айры менен санга матыра сайып жиберип туруп калды. Айры тийген койтору мөңкүп кетти эле, Баракбай Төрөштүн колунан бошой калды. Мөңкүгөн койторунун үстүндө жыгылар-жыгылбас болуп бараткан Төрөш чок баскандай бардык үнү менен чыңырды.

— Сойду! Сойду! Кармагыла, иттерди!

Жигиттер жапырт ат коюп, элди камчы-союлга алып сабап кирди.

— Жеп салды...

— Кокуй, кокуй!

— Сойгула, каяшачыл букараларды!

— Кудай берген жанды кудай өзү алат!

— Мына сага!

— Чыргадай сүйрөгүлө, ит кулдарды!

— Букара, бир додо болгула!

Аңгыча Төрөш мөңкүгөн аттан жыгылып калды. Суусар бөрк баштан ыргып кетти. Ага бир топтору жетип барды.

— Манаптын шиши толду!

Кыйкырык, ызы-чуу айлананы жаңыртып жиберди. Туш-тушта «кокуйлаган» кишилер. Тизгинсиз ачуу, кайнаган кекке эрк берилди. Башын баса калып, үч-төртөө көмкөрөсүнөн түшүштү. Сокочулар да тартынбай салгылашышты. Атчандар бир тобун kyyп сабап жүрөт. Сокочулардан да атка мингендери бар. Алар да колуна эмне тийсе, ошону менен качырышты.

— Манапка убал жок!
— Туулмак бир, өлмөк бир! Чап! — деген Баракбайдын айкырыгы чаңкылдап бөтөнчө күчтүү чыгып жатты.
— Эти турмак, табагын таба албагандай кылалык!
— «Кайда барса, Мамайдын көрү!»
— Жулкунуп чыгаар кишиси жок деп турат ко!
— Шилиден чап!
— Мындай болгула! Эки союлдук болбосо. ца, бир союлдук алым бар! Жайлайын!
— Жеди эле, жеди! Айланайындар, жан соога!
Бул үн Төрөштүкү эле.
— Жанынын таттуусун не бересиң?
— Ит жандуу неме го?
— Болду эми, шыбагасын алды!
— Ой, талпак болуп калбадыбы?
— Эй, өлтүрүп албайлы. Жетишет!
— Балээ-жалээсине калбайлы.
— Убал жок!
— Ой! Өлтүрөсүңөрбү?
— Жеди, жеди кокуй!
— Мындай болгулачы! Жөтөлүм кармаган турат!
Байтак бир топ кишилерди ары-бери түртүп, Төрөштүн жанына барды эле, ал сулк жатып калыптыр. Башы шишип чыга түшкөн. Тамыры араң эле кагат.
— Болду эми, Баракбай! Оңбой калыптыр.
Чогулгандар кайта качырышты. Сокочулар канча кылганы менен элүү-алтымыштай киши эле, жасоол жигиттерди тегеректе алып сабап-ургулай баштады. Бир канчалары туруштук бере албай, башын ала качышып, мындай чыга беришти. Бирок, алардан он чактысы — жерде: кээси онтоп, кээси сулк жатышкан эле.
Аңгыча каш карайып калды. Жигиттер ат башын кайра тартып кача башташты. Бирөөнүн аты сылтып, араң эле бараткандай болду. Санына айры матырылган ат алыс узай алган жок. Ошол жерди айланчыктап турганда Байтак барып кармап келди да сокого байлап койду.
Баракбай, Байтактар ачуулары тарап, жигиттер кайра кеткен соң, баятан бери онтоп жаткан Төрөштүн жанына келишти. Тамырын кармап көрүштү эле, какпайт, жүрөгүн тыңшаса өздөрүнүн жүрөгү каккандыктарынан эч нерсе угуша алган жок. Дымын албай тыңшаган бирөө:
— Жүрөгү согуп жатат! — деди. Ары-бери кыймылдатышса, шалак-шалак этет.

— Жабыла сабап муну өлтүрүп алдык, бейм? Эми эмне кылабыз? — деди Байтак.

— Суу! Суу! — деп онтоду Төрөш.

— Оңдурбай салган турбайсыңарбы? Өлүп калбагай эле — деп, коркуп кеткен Байтак эки-үч жигитке Төрөштү көтөртүп алып, арык боюндагы суу жээгине жеткизишти. Суудан жутуп алган Төрөштүн абалы ого бетер кыйындай баштады.

— Ой, жигиттер, Төрөштүн абалы кыйын. Алып кеткиле! Тыякка жеткиргиле! Тийбейбиз, алып кеткиле!— деп кыйкырды. Эки-үч жигит кайра тартып, Төрөшкө айланчыктады...

— «Ачуу арты — өкүнүч» деген ушул. Эми, Баракбай экөөбүздүн башыбызды жутпай булар тынбайт. Манап тукумдары түрүнө келип баш, малыбызды талоон кылаары шексиз. Кой, бул жерде тура берүүдөн пайда жок. Болоор иш болду. Төрөштүн мал болоорун кудай билет. Эми аз да болсо жансоогалап, түн жамына бардыгыбыз төмөн Күдүргө түшөлүк. Төмөнкү жаздоодо мал толдоп жатат. Азыр түп көтөрүлө ошо жакка жөнөсөк, түнү менен жүрүп отуруп, эртең жалган түштө айлыбызга жетип барабыз. Калганын көрө жатаарбыз. Эми корккондо эмне, коркпогондо эмне?! Баары бир болуп калды!—деди Байтак.

Дагы бир аз кеңешип Байтактын сөзүн ылайык көрүштү. Ошону менен бардыгы көк соко, көк өгүздү айдоого таштап, өзүлөрү жоо жалаңдап, ал жерден отуз чакырымдай төмөн жаткан Баймырза жаздоодогу айлына жөнөштү.

Жалпы айылдагы баш көтөргөн кишилер чогулушуп, акыл курушту. Биринин сөзүн бири жулуп алып, адаттагыдай тартышып, тебише сүйлөгөн адамдардын кабактары суз, маанайы басыңкы. Демейде көбүрө-жабыра берүүчү Доолдактын оозунан сөз түшүп, жарга такалып, акылы айран, башы маң болуп турган түрү бар.

— Болору болгондон кийин, минтип шалдайып отура берүүдөн пайда жок! Айтор, бир акылга токтойлук. Кана, эмне кылабыз? — деди Доолдак чыдабай бир маалда.

— Бизде эмненин акылы? Мал куйругунда сандалып жүргөн бизди коюп, мынабу аксакалдардан бирдеме чыкпаса...

— Мен билген төлгөдөн,— деди Баракбай,— эми манап тукуму мал-башыбызды талоон кылабы деп ойлойм. Андыктан, мал-башыбыз менен жапырт төмөнкү Чүйдөн

отуп, Дулат казактарына өтүп кеткенден түзүгү жок? Канча кылса да боордош эл эмеспи: «кел берилеп» койнун ача коюшпаса да, абалыбызды билишсе батырып алууга жарашаар. Ал жакта жер да кенен, бирин-экин малдарыбызга от табылаар...

— Бу акылыңыз болбойт. Бай менен манаптардын кылык-жоругун менден артык көргөнүңөр бу арада жоктур! Ал жакта эмне, жанагы карды салык байлар жок дейсизби? Шылуундардан таза дейсизби, казак талаасын! Жок, алар кайда болсо да бар экендигин, бири-биринен айырмасы аз экендигин мен тентип жүрүп өз көзүм менен көргөмүн. Аларга ишенип кирип барганыңда талоон болдум дей бер! Мал-жаныңарды тартып кетип, өзүңөрдү малай жумшаарында шегим жок! Ачуусу келсе, буларга кармап беришет,— деди Байтак.

Ушинтип отуруп, ары чайкалышты, бери чайкалышты. Ой менен кезбеген жер, барбаган тоо калбады. Бирок кирээрге ийин жоктугу ачык болду. Азыраак урууну манаптар дал ушу жол менен, оңтойлуу жол менен басып жеп келишкендиги белгилүү. Антсе да, ошончо жүз түтүн Көңүлдөн бирди-жарым бай эсептелгендери да жок эмес. Ошондойлордон үч-төртөө бар эле. Чатакты ошолор башташты.

— Биз силер менен кошула албайбыз! — деди алар.— Чатакты чыгарган да, эр өлтүрүп жыландын куйругун баскандар да силерсиңер! Куйрукту кысып жөн жүрүү керек эле. Эми, минтип манаптын кишисин өлтүрүп алып, балээге бизди кошо аралаштыргыңар бар экен. Жок! Биз чатактын үстүндө болгон эмеспиз. Айдоого барган силерсиңер! Өзүңөр жооп бергиле! Ошо айдоого ким катышса, ошолор жооп беришсин! Силер үчүн мал-жандан айрыла албайбыз!

Байтактын ачуусу чындап келди:

— Бизди кармап берип, мындай чыга берет экенсиңер го! Олоң жетпес иттер, силердин бул кылганыңарды жер көтөрөбү? Кудайды карасаңар боло! Жайчылыкта бир эл, бир журт болуп ынтымак-ыражага чакырасыңар! Анан башка күн түшсө, буйтап чыга бергиңер бар экен го? Ой, эл-журт, булардын не кылганы? Оо, кем Байтак!

Байтак чыдабай бирөөн адатынча кепичи менен башка салды:

— Челкектеген ит, деги ушу сеники өтүп кетти!

Байтактын кепичи шалактап ыргый берди.

— Ынтымактан чыккан мерездер!
— Силерди кудай жазалагысы бардыр!
— Кепини күйгөн, иттер, ушуну кылмак! Тигини!
— Ботом, бизди журтка таштап кете бермек экен го?
— Ай, апкел, алдагы кепичти. Тамтыгы чыкты го!

Баягы байлар элдин түрүн көрүп коркуп кетишти. Тим коюшса, тытып жеп жиберүүдөн кайра тартпастыгын көрүп катуу чочушту.

— Булардын ушуну кылаарын билгемин! Букара быякка чык! — Чы-ык, быякка букара! Бөлүн! —деп кыйкырды ачуусу келген Байтак.

— Аа, айтпадым беле, байга убал жок!

— Булар менен кайнаса каныбыз кошулбайт! Кысталышта аңга-жарга түртүп кетүүчү немелер булар! Оо, букара быякка чык, чы-ык быякка! — деп, Байтак чаңкылдады. — Оо, чын кем Байтак белем? Чыккыла быякка, букара!

Букарадан мурун баягы Көңүлдүн «өз» байлары өзүнчө бөлүнүп чыга калды.

— Мына, букара бир дөбө, байлар бир дөбө болдук! Көрүп турасыңар, ким көп экенин! Чындасак буларды союлга албай эле, жапырт качырып таманыбыз менен тепсеп кетпейбизби, кан соргучтарды, журт, оо жу-урт!— деп Байтак камчысын аркы-терки булгалап катуу күлөнүп жатат.

Баягы Көңүл топтун байлары тескери басып кете беришти.

— Оо, иттер! Силер кетсеңер, ээрчий турган киши жок! Жайчылыкта «тууганбыз» деп, малай жумшайсыңар! Киши жалдайсыңар оокат-малыңарга! Башка минтип күн түшүп турса, тескери басып кетет экенсиңер го? Силердики баштатан дайын эмеспи? Оо, журт, булардын кылыгын көрдүңөр го-о! — деди, Баракбай кыйкырып.

Жулунган Байтак тиги букарадан бөлүнүп кеткен байларды атына минип камчыга алып, кайра айдап келейин деди эле, тургандар болушпады.

— Булардын жүзүн көрдүк! Тим койгула, жайынча!

Анан баары жыйылып отуруп, бир бүтүмгө келишти.

— Эң жакын тууганы дегени да, эгер ошолор менен кетчү болсо, дал ушу ак койдой мууздалат! Көпчүлүктүн ынтымагынан чыккан кишини көкө теңир урсун! Өлсөк— бир чуңкурда, тирүү болсок — бир дөбөдө бололук! — дешип туруп, куран кармашып, ак койду мууздашып ба-

талашышты: мал-жанды жаатка таратууга, эгерде манаптар талоонго ала баштаса, салгылашмакка убада беришти.

Ошо түнү жанагы үч бай «Чакинин айлына көчүп кетишти» деп кабар кылышты.

Ошонун эртеси эл кеңешип олтурушуп, Чаки манапка киши чаптырууну туура табышты. Барган киши болгон окуяны айтып жардам сурап, жигит жалаң алып келмей болду. Бирок, ага да Төрөштүн өлгөнүн уктурбаска убада байлашты. Аны укса киши бермек түгүл, кайта Докөнүн таламын талашпасын деп кооптонушту.

Барган киши болгон ишти толугу менен Чакиге айтты. «Бизди сыйлабаса да, сизди сыйлай турган жөнү бар эле го» деди. «Ээсин сыйласаң, итине сөөк сал» дегенди билишпеди. Элдин көзүнчө «ошол чоюлган Чакиңерден маарып кеткениңерди көрөрмүн, жерди силерге ошол берет, ошого баргыла» деп беш жигити менен келип сабап киргенде биз да карап турбай, Төрөшүн баштап сабап коё бердик» — деди. «Жерди таштап, төмөнкү Баймырзадагы жаздоого кеттик. Алар бизди жөн коё турган эмес, малбашыбызды талоон кыла турган, андыктан жигит бериңиз» — деп өтүндү.

Чаки манап жакындагы убадасынан тайсалдай албай ары ойлоп, бери ойлоп олтуруп отуз жигитин чыгарды. Ал өз оюнда Дөкөлөрдүн катылбай тургандыгын билди. «Жерди алган экен, эми тыйылып калат» деп ойлоду. Булардын көңүлүнө калбасын, анын үстүнө өзүмө караштуу эл «букарасына карашпайт экен го» деген айың кылбасын деп ойлоду. Бир четтен «Чаки чындаса Дөкө тукумун да көзгө илбейт экен го деген айың жүрөөр, буларга кыр көрсөтөйүн» деп амалданды.

Жиберген отуз жигити көңүл айлына келип түшүштү. Көңүл букара тобу ал кезде беш атага тарачу. Ар бир атага алты жигит чектелди.

О, манаптын өзү эмес, анын жигити кудайдын эркесиндей болучу. Ач бөрүдөй жалаңдаган жигиттер жоронун эрке баласындай тайраңдашчу. Оюндагысын оттоп, санаасындагыны саап, кыялындагысын кылып жатты. Кой деген кожо, ай деген ожо болбоду.

«Биз силерге милдеттүү конокпуз» дешип, жигиттердин ар бири ар үйлөрдүн төрлөрүндө бутун сунуп чалкалап жата беришти. Күнөкөр болуп калган көңүл букарасы жигиттердин алдына чүйгүн тамактарын коюп, ырыстуу даамдарын жайнатып бөйпөңдөштү.

Жигит түшүргөн ар бир үй күнүгө бирден кой союп,

мейман камында болушту. Жаш козунун этине ысылаган жигиттер жон жатышпай алты бакан, ак чөлмөк, дүмпүлдөк оюндарын куруп таштап, айылдагы келин-кыздардын тынчын алышты. Ошентип, бир жума өттү. Бирок, манап тукумунан али кабар болбоду. Баарынан да Чакинин жигиттеринин кордуктары өтүп кетти. Оюндагысын кылбоого чара жок. Шарт коюп, кетип калган турушат. Антишсе, «арты кандай болоор экен, азырынча жигиттерден айбыгып мал-башты талоон кылбай жатышса керек. Эгерде булардын кетишкенин угушса, бир күнү баса келип талкалай чаап кетишсе, айлабыз не болот» деп чочулашты. Кетиришпейлик десе, ушул жигиттер келгенден берки беш күндүн ичинде жүзгө жакын козу союлуп кеткен экен. Кечээ бирөө үйүндөгү жигиттерге эски эт түгөнө элек деп, жаш мал соё албаган экен, кылдан кыйкым таппай араң турган жигиттер аны камчыга алып аябай сабашты. Аңгыча болбой «көңүл уулу Төрөштү өлтүрүп кетишиптир» деген кабар жете келди.

* * *

...Айылда «Казантүп» аталган жоош киши боло турган. А киши бирөөгө өйдө карап катуу айтпаган, куулукшумдук деген менен иши болбогон, оозуна иш түшсө тараза калыстыгы бар, чачылып сүйлөбөгөн тек өзүнчө жүргөн жай адам. Ушинтип туруп, кээде куудулдугу бар эле. Жашы Чаки менен тең. Бирин-экин кишилердин майда чатактары боло калса, ушу кишини чакыра коюшат. Калыстык айта коюп, эки жакты элдештирип тынынтыра салат. Мартуу баскан катын-калачтарды да эс алдыра коймою бар. Майда ырым-жырымдарга жакын. Мына ушул кишини эл «Казантүп» деп аташат. Минтишкен себеби, ал каерде болбосун от жагылган казандын түбүнөн чыкпай калма адаты бар. Соргок дейин десең, келин-кесектер: «Казантүп акем казанга жакын болгону менен тамакка сугун артпаган ток пейил адам» дешип безилдешти. Анысы да чын: этти убагында аралаштырып, сорпону маалында сапырып... кыскасы, ушу жагынан адис болгон. Ага келиндер да таарынбайт — көнүп калышкан. Дайыма жанына too пиязды ала жүргөн Казантүп казанда кайнап жаткан этке ошондон үч баш салат. Өлчөмү менен кайнаттырып, өлчөмү менен бышыртат. Айтор ушуларданбы, эмнеси болсо да, Казантүп отурган казандагы аштын даамы

бир башкача жакшы. Бирок, майда-батек куурай жагылган казан жакка басып барбайт. Көрсө, жаштайында жалаң гана от жагып жүрүп көнүп калган экен. Өзөктүү отундардын табы жакшы болоорун билип буларга кыныккан себеби да ошондон турбайбы. «Жагылган отко жакын отурсам гана көөнүм ачылат» деп бир жолу айтканын ар кимдер эшиткен. Ошентип жүрүп, өз аты калып «Казантүп» аталып кеткен эле. Чоңураак от жагылган жерге ал чакыртпай барат. Кимдики болбосун от башын ээлеп алып, көндүм иштерин кыла берет. Тыштагы кемегелердин башында отурганда, Казантүптү куйругун шыйпаңдаткан иттердин эч бири ага эч качан үрүп койгонун өзү да, башкалар да уга элек. «Казантүп акем такыбаа чалыш, таза киши, аны ит капмак түгүл, үрбөгөн себеби да ошондон» деп айтышат.

Былтыр жайда ошол Казантүп бир күнү Чакинин эшигинин алдында от жагылып жатканын көрүп келип калган. Үйгө жакыныраак жердеги дөңдүн үстүндө болуш баштап, бир тобу отурушат. «Чакинин көңүлүн сураганы келишкен экен» деп койду ичинен Казантүп. Бир жумадан бери болуш оору эле. «Адегенде үйгө кирип абалын сурайын» деп, салам айта кирип отурду:

— Жакшысызбы?

— Жакшы...

«Сендейди кудай алабы?» деп ойлоно калды эле, аңгыча Чаки:

— Казантүптү аркы кишилердин үстүнө алып бар!— деди бирөөгө.

Жигит эшикке чыгарып, тиги дөңдөгү эл жакка ишаарат кылып коюп, кайра кирип кетти. Дөкө болуп даарат алганы келаткан экен, алдынан чыкканда салам айтты эле, Дөкө Казантүпкө мындай деди:

«Тетиги Чакиге Кулкожокматтын арбагын айтып өпкө чабабыз деп жатыры, «чоңго чоң аяк» дегендей, союлган тайдыкын чабышат экен. «Ким чабат» дегенде, мен сени чабат дейин. Ошондо өпкөнү катуураак чаап, Чакинин эсебин тапкын! Кийин биздикинен бир союш алып кет!»

«Мунун тапкан акылын кара! Мен союшсуз эле сойгону турбаймынбы, колумдан келсе» деген Казантүп элге барып аралашты. Дөңдөгүлөр кымызга кирише баштады. Кезеги келгенде Казантүп өпкөнү кандай чабаарын жакшылап ойлонуп алды.

Аңгыча оору Чакини бир жаман чепкен жаап, обочороок алып келип отургузду далдайтып.

Доңдун ортосундагы Дөкө бакылдады:

— Ой, Казантүп! Сени келин-кесектер такыбаа, таза киши дешет! Колуңду да жеңил дешет! Аркы өпкөнү алып, Чакинин балакет-салакети батыраак чыга тургандай кылып чап!

Ал кезде өпкөнү канчалык катуу чапса, ошончо соон болот дешчү.

— Жакшы болот, болуш! — деп чапанды чечип жиберип, басып барды да, тескерисинче өпкөдөн кармап, таш сала коюп өңгөчү жагынан:

— Ташкарадан тандап ал, бу бечарада эмнең бар! — деп керилип туруп баштан ары салды эле, Чаки «ухх!» деп жиберди.

— Борбукту алсаң боздобойм! Бу бечарада эмнең бар? — деп туруп, дагы тартканда, эки колу менен башын баса калды.

— Колуңузду тартыңыз! Балакети чыксын! — деп кыйкырды Дөкө Чакиге. Кулкожокмат үчүн, ырым-жырымга ишенген үчүн гана айласыздан отурганын Казантүп билип турат.

— Байчубактын баарын ал! Бу бечарада эмнең бар? — деп туруп, дагы салды башка. Башынан ылдый кызыл-ала кан болду өпкөдөн. Бети-көзүн сүрткүлөп араң отургандай түрү бар болуштун...

«Ыйласаң да алам, туйласаң да алам бей-бечаралардын өчүн» дегенсип, Казантүп андан бетер жинденди.

— Түлөбекти түтүнгө ал! Бу бечарда эмнең бар?! — деп салганда, болуштун башы мөндүр сокон аткулак сыңары «шылк» дей түштү. Чыдабай кетти көрүнөт:

— Ээ, кудай албаган атаңдын оозуна чайын, Казантүп! Өлтүрө турган болдуң го?! Молдолордун теспе тарткандай, улам кайта башынан түшкөн, айбаалы! — деп тура берди эле, Дөкө болуш:

— Отура тур, чыдап! Отура тур! Балакет-салакетиң таза чыксын! — деп ар жактан кыйкырып жатат.

Чаки болбой туруп кетти. Өмүрүндө «ых» деп ооруп көрбөгөн неме өпкө чапканды кайдан көрүптүр, анда «ушундай болот экен го» дегенсип калган. Бирок, Казантүптүн максаты башка эле.

«Бу, бечарада эмнең бар?» деген сөздүн мааниси «Бу, болуш сенин бей-бечараларга кылбаганың калдыбы?» — деген ойду туюндуруп жатты билген кишиге. Дал ошонусу үчүн «сабап» жаткандай. Анын үстүнө бир уруу журтту бийлеген жалаң гана манап тукумдарынын аттарын

бирден терип атап, «чоң кудаа, ушуларды неге албайсың?» дегендей кылып жаткандыгы да түшүнүктүү.

Муну менен катар Казантүптү ушунусу үчүн күнөөлөөгө мүмкүн эмес экендиги да белгилүү. Чакини эл «ажы» деше турган. Андыктан, дин жолунда ажы түгүл, ар бир мусулман «Кудаанын кулу, Мухамеддин үмөтү». Кудаа алдында Чаки да бир бечара кул эмеспи? Муну бир деп туралы.

Ал эми: «Неликтен жалаң гана манап тукумдарынын, анын ичинде мен чыккан тукумдун аттарын терип атадың?» — деген суроону тиги коё турган болсо, Казантүптүн бере турган жобу даяр: «Букара да кишиби? Мен сиздин карандай башыңызга бүткүл манап тукумдарын садага чабаар элем, букара садагадан айлансын!» демек. Өзүлөрүнүн сөзү менен өзүнө жооп бермек.

Бирок, анда Казантүптүн максатын байкаган киши аз болду. Угуп-көрүп отургандардын көпчүлүгүнөн сурашса, «опкопу куудулданып дегеле ырас чапты» дешээри бышык эле. Жаман ойду тапкан эмес. Куу Дөкө гана Казантүптүн оюнун төркүнүн билген экен деп, «жаман ооздор» кийин кеп кылып жүрүштү. Көрсө, Дөкө башка бир жерде Казантүптүн өпкө чапканын айтып, Чакини шылдыңга алыптыр:

— Ээ, несин айтасыңар! Кайран Казантүп жанагы бетине даңкан тийбеген Чакини жүн сабагандай сабады, эл көзүнчө өпкө чабымыш болуп. Биротоло уугуп калыптыр. Куурчак оротуп алгансып үйүнөн чыкпай, топко келбей калганы да ошондон дешет...

Бу сөз айланып отуруп, Чакиге жеткен болучу.

* * *

Куну кеткенсиген жамаачылуу боз үйдүн сол капталында бир кишини чалкасынан жаткырып коюшкан. Үстүнө тытык боз жуурканды, баш тактаны өйдөлөтө койдуруптур. Карала жоолук менен башын каштарына чейин таңып салышкан экен. Жаратка кийиз куйкалап туруп баскандыгы кулактарынын түбүндөгү күл аралаш каткан кандардан билинип турат. Көзү жумулуу, андасанда оор дем алып жатты. Өңү жуулган ашкабактай керсары.

Бери жагында Аден молдо, тыягында — жаткан кишинин зайыбы Бурулча отурат. Жетиле элек балдары үйдүн

тышында баштарын салаңдатып, мурдун «шуу» тартып коюп мүңкүрөп жер чукушат.

Үй ичине Байтак, Баракбай, Доолдактар менен үч-төрт катын-калачтар тигинден көздөрүн албай тикирейишет. Зайыбы бир эсе күйөөсүн караса, бир эсе тиги чоң молдодон «бир айла болобу» деп жалооругансыйт. Байтак акырын жылып келип, Адендин жанына чоголой калып, шыбырай сурады.

— Мал боло турганбы?

Молдо обдулуп боз жуурканга колун салып жиберип, буту-колун көрүмүш болду.

— Бардыгы кудайдан... Узун тамыры үзүлө жаздап калыптыр! — Зайыбы буркурай баштады эле:

— Кайрат кылыңыз! — деп колу менен жаңсап токтотту. Нечен жыл жыты сиңишкен зайыбынын кыңылдаган үнүнөнбү, ошо маалда жаткан киши көзүн ачып, эки жакты аянычтуу карай бергенде:

— О, курбум мени таанып жатасыңбы? Мен — Байтакмын! — деди.

— Таанып турам,— деп кыңылдады.

Аден эмнегедир күйпөлөктөй баштады.

— Ай, Байтак! Ушу чапчаңдыгың өтөт да! Тим кой жайына...

— Жок, айтаарын айтып калсын... Неге? — деп тигиникин жактырбай Байтак үнүн катуураак чыгарып сурай берди.

— О, курбум! Узун тамыры үзүлгөн сенин мурда кетээриңди, же кулундай соо биздин мурда кетээрибизди бир алланын өзү билет. Андай болсо да айтаарың болсо айтып кал, керээз-мурасың бар беле?

Бу жаткан киши — Казантүп болучу. Байтактын айтканын түшүнгөнсүп, башын өйдө обдултту. Зайыбы башына жаздыкты өйдөлөтө койдурду. Анан ээгин созуп, эшик жакты каранат. Отургандар бирдеме айтайын деп, айта албай жатканын баамдашса да, эшик жакты эмнеге ишааратап жатканын билише албады.

«Тиги эшикти түрүп койгула!» — деп жатат,— деди зайыбы.

Бирөө «лып» тура калып, эшикти түргөндө Казантүп ошол эшиктен көрүнүп турган Ала-Тоо беттерин бардык күчүн салып уламдан-улам карана берип, көзүнө жаш алды. Дал ошол тоонун бетинде таза абага чайынып, көк жашаң беттеринде оонап жаткан балалык чагын элестеттиби, же жаштайынан козу артынан түшүп, «чой!-чойлоп»

жүргөн кезин элестеттиби, айтор алыска-алыска бүлбүлдөгөн көз жүгүртүп туруп:

— Ала, Ала-Тоо-м! Калдыңбы... — деп барып айнып кеткенсиди. Жым-жырт. Көзүн жуумп, чирене баштады. Кайрадан тынчтана калгансыйт.

— Отту жакшы көрчү эле. От жагып жибергилечи! Көңүлү ачылаар бекен? — деди Байтак. Ошондой кылышты. Жедеп оттун табын алгандыктанбы, чын эле өңү бурулайын деп, кайра көзүн ачты.

— О, курбум! Ким чапты, сени? — деп, Байтак кыйкыра сурады.

Айтууга камданып, обдула берди. Айтып жибербесин деп, кыпылдап турган молдонун шаштысы кетти. Жаздыгын оңдогон киши сыңарында сойлотуп жиберип, башындагы жаратты катуураак укуп жатып:

— Айт! — демиш болду. Балээни айтасыңбы, жараты оорул кеткен неме кайра «шылк» дей түштү.

— Отту чоңураак калай бергиле!

Казантүп кайра оңоло түшпөсүн деген молдо:

— Болду! Көп кыйнабагыла! Тилден калды! Көп топурабай эшикке чыккыла! — деп чыйрала баштады.

Зайыбы, балдары ыраазылыгын сурай баштады. Тиги сүйлөп койбосун деп чочулаган Аден, белиндеги жоолугун чече салды да, Казантүптүн эгинен чалып туруп жоолукту башына байлап жиберди. Өлүм менен өмүрдүн арасында жаткан Казантүп түгүл, соо кишини байласа сүйлөй албагыдай кылып таңды окшойт. Аны ким кой десин! Ким батынып айта алат? Дин жолунда кишини жаны оозунан чыгып кетпесин деп, ошентээри да чын. Ээги шалпыйып түшүп кетпесин деп да ошентет. Аден ушуларды пайдаланды.

— Болду! Ыйман айттырасыңарбы? Топурабай эшикке чыккыла! — деди Аден.

— Кокуй, ыйман айтсын! — дешип тигинин биротоло тилден калганын көргөндөрдүн бир тобу эшикке жөнөлүштү. Мурду, менен оор дем алып жаткан Казантүп оозун ачайын десе, ырп этерге алы жок, байлануу. Көзүн ачмакчы болуп, бүлбүлдөткөндө «тамыры талып биротоло жабылып калсын» деп, көздөрүнүн түбүн укулдатып ушалай баштады. Бирок, Казантүптүн бүлбүлдөгөн сезими бар эле. Ал кечээ капыстан алдындагы ойдуңдан Чакинин чыга калганын... анан ал жигитке «чап итти!» деп буюрганда дөбөттөй күрсүйгөн неме баштан ары тартып кал-

ганын жана да жанталаша бергенде Чакинин өзү өз колу менен тиги жигиттин колундагы таякты жулуп алып:

— «Өпкө чапкан» мына мындай болот! — деп туруп, башка тартып калганда эси оой түшкөнүн туюп жатты. Бир паска бардык күчүн жыйнап туруп:

— Ча... — деп барып токтоду. Аден жоолукту бекемирээк танды. Бу сөздү уккан зайыбы, анын эмне айтайын дегенин түшүнө албады. Негедир Адендин окуган дубалары боюн чымыратып баратты. Коломтодо күйүп жаткан оттун учу көз алдына илингенсиди. Бара-бара баары күүгүмдөп, түпсүз караңгылыкка кирип баратканын болорболбос туйгансыды. Акыры андан-мындан көрүнгөн учкундар жылт берип такыр жок болду.

Аден күпүлдөтө дале окуп жатат.

— О, кайран Казантүп! Жагылган отуң өчтүбү! Казандын түбүндөй караңгы көргө кирдиңби, кайраным чын элe? Отуң өчсө да, чогуң калды-ы, кайраным! — деп, Байтак кыйкырып жибергенде, окүрүктөн айлана чуру-чуу боло түштү...

* * *

— Баары жайындабы? — деп сурады Адендeн Чаки.

— Кудай аз жерден сактады. Сиздин атыңызды атап жибере турган болгондо жоолук менен жаагын бекемирээк таңып таштады элем, ошону менен тып басылды. «Ясийин» окуп жаткан элем. Тобо, жанынын бегин не бересиң? Алдын ала жибергениңиз жакшы болгон экен. Жанынан жылбай, кароолдоп отуруп... бүтүрдүм.

— Эй, Аден, эскертип коёюн, алдагы кызыл тилиң бултактай турган болсо, сууруп коём. Жок колуң кат тааныйт, бу колуңдун шак-шактарын сындырам!» Чаки өлтүрдү» деп, бутуң менен чаңга жазып түшүндүрөм десең — шыйрагыңды чагам!

Адендин жаны чыгып кете жаздады.

— Жок, жок! Бул ишке мен да кириптер болбодумбу?

— Аа, баракелде! Бая эле ошентпейсиңби?

Ушуну менен сөз бүттү. Эшикке чыгышып, тиги дөңдөгү кишилердин чок ортосуна барып отурушту. Андан-мындан кеп салышты. Сөз учугун айлантып отуруп, Чаки Дөкөгө алып келип такады:

— Мынабу букаралардын колунан Төрөштүн ажалы жеткен экен. Ким колдуу болгону да дайынсыз дешет.

Өлтүргөндөр жазасын алаар! Бирок, ортодо эч кимге катылбай этпей жүрүп эле Казантүп өлүп отурат. Адамга зыяны жок бир бечара эле. Дөкөнүн көпкөн жигиттери жайлашыптыр. Мына! Алардан киши өлсө, минтип бизден да киши өлүп отурат! Ырас, ал манап экен. Анан букара экен деп эле жазыксыз бечараны жыга чапканы кандай? Тигилер не кылаар экен? Аялдай туралы. «Казантүптү өлтүрүп кетти» деп акти жазып, мен өзүм кол коюп, мөөрүмдү басамын! Деги ушул ишке мен өзүм киришем! Дөкө эсирди.

— Баракелде! Сизди кудай букаранын багына жараткан эмеспи! — деп калды, бир тыңсынган неме далысын күйшөгүлөп,— бизге кол салганы — сизге тап койгону эмеспи!

Чаки акыл, кеңеш сураштырган болуп, ушуну менен элди таратты.

— Капырай! Бу «доң бөрү» качантан бери букарачыл болуп калган, ыя? — деп, кээси таңыркай бастырышты.

Чынында Казантүп окуясы баягыда Төрөш өлгөн күнү болгон эле. Чаки колдуу болду, негизги максаты — эки жактын чатагын арбытуу. Бирок Казантүп бечара ошону менен дым болду. Дүйнөгө келди да, кетти. Бирок, жамандык жерге жатпайт: ар кимдер Казантүп өлүмүнө Чаки себепкер болду деп күңкүлдөп жүрүштү. Андан не чыкмакчы?

* * *

Төрөштүн өлгөнү анык болуп, Чакинин жиберген жигиттери кеткенден соң, коңул букарларынын билерман карыялары дагы чогулушту. Сүйлөнбөгөн сөз, айтылбаган кеңеш калган жок. Бир даары «жер ооп казакка кирип кетсекпи» дегенди айтышты эле, бир даары «казакка кире качканыбыз уят, намыс жумуш, андан көрү тиги Таластын башындагы Караколдун оозунда бир аз жоочалыштар бар эле, ошо жакка кетсекпи» дешти. Бирок, бир даары «манаптын колу узун: жерге кирсең чачыңан тартат, көккө чыксаң бутуңан кармайт, төрт кыбылабыз түгөл курчоодо турбайбызбы» деп коюшту.

— Манап, манаптыгын кылбай коёбу? Ач койнуңду деп кирип баргыдай, казак байына биздин эмнебиз өттү эле? Бир кишини өлтүрүп кун бере албай калган нукура кул экен деп, казактын азабына дал ошондо калбайбызбы? Мунуңар жарабайт,— деди Баракбай аксакал:

— Ал эми Таласка барсак да, ошону көрөбүз. Бизди күнөкөрлөп буларга кармап берери бышык. Жана жерден да айрылган турабыз. Ата-бабабыз туулуп өскөн жерди кайда таштап кете алабыз? Төгүлсө каныбыз дал ушул жерде төгүлөөр. Манаптар бизди түгөл кырып жибере албастыр!..

Бардыгы жерди тиктеп унчукпай калышты эле, алардын оюн Байтак жыйынтыктагандай болду:

— Эч жакка кете албайбыз. Бая күнкү батадан кайтпайбыз. Малдын кыйласын сөөк-тамыр, тууган-туушкандарга таратып бере туруу керек. Калганын көрө жатаарбыз. Эми, мына минтип, туут да аяктап калды. Бул ээн жерге көп тура бербей, өйдөлөп тоо таяна бергенибиз оң. Эмнеси болсо да, жылда жайлачу Жыламышты таштап, быйылча Туюктун жайылмасына көчөлүк. Козулардын жаагына тамга салып, субай малды жогору чыгаралык. Чакипин жанына көчүп, аны жандай консокпу? Эгерде кол менен келип кала турган болсо, белди чечип, атты агытпай, жарак-жабдык менен кам туралы! Кана, буга кандай дейсиңер?

Байтак тегерегиндегилерге суроолуу карады эле, бир аз ойлоно калышып, бардыгы макулдуктарын билгизишти.

— Мурдакы бата-бата! Андан жануу жок! Кол салышса, колдон каруу кеткенче салгылашабыз! — деди.

— Ушу балакеттен кутулсак, ай туяк ак боз бээни аксарбашыл кылалык! — деди дагы Байтак. Олтургандар чуруулдашып бата кылып жиберишти.

Бардыгынын көңүлдөрү жайланып, бир жаңсыл болушуп, оокат-тиричиликтерине кам уруштү.

Байтак баягы калыбынча эл ичинде бакылдап: «Бир тентегин өлтүрүп коёбуз деп, ата-бабабыздан берки жайлаган жайлоо, салкындаган төрүбүздөн ажырадык. Алар Түзгө илгертен бери эле сугу түшүп жүргөн эле. Мына, эми аларга кудай өзү берип койбодубу! Кайран гана жайлоолор! Чөп сайын малдын кулагы көрүнүп турган жерлер эмеспи!» — деп буркурайт...

— Түз менен Тепши алардын атасынын энчисине берилген бекен? Көп болсо быйылча жайлаар. Эл, журт бар. Акыр аягында бул иш тынгандан кийин мал киндиктүү жерибизди кайра табабыз. Бир жылча жайласа жайлаар. Кимден калган жер эмес! Кыргыз эмес, калмак Коңтаажы деген ушу жерди жактырып, нечен жыл жайлаган экен деп, өзүң бабырачу эмес белең? Анда сен кайда элең? Ысарга кеткенсиң. Муну да өзүң ««Казак кайың

саап, кыргыз Ысар кеткенде» ушундай болгон экен», деп жомок кылуучу эмес белең? — деди Доолдак.

Доолдактын айткан каккысына Байтак чындап эле чычалагандай болду:

— Качантан бери маселдете сүйлөп акылдуу болуп калгансың? «Жерди манап энчисине басып алыптырбы?» деп коёт дагы. Жер эмес, өз башың кимдин энчисинде экендигиңди биле элексиңби? Сени эмес, бүтүндөй бир майда урууларды манаптар балдарына энчилеп бергенин биле элексиңби? Деги, ата-бабаң, өз башың кимдин колунда келатканыңды билбейсиңби?

Доолдак жыгылганын түшүндү да, «койдум» деп кол шилтеп басып кетти.

Көңүл букарасы жаздоодон эрте көчө турган болду. Эрте көчүүгө алар мажбур болушту. Ээн талаада манап тукуму бир түнү баса келип, тыйпыл чаап кетсе кантебиз деген ниетте болушту. Эгер эрте көчүп барса, жогорку Сокулуктун ичиндеги конуш катары тандаган туюктун жайылмасы менен жана анын тегерегиндеги майда жайыттарга башка эл түгүл, Чакинин өзүнүн тукумдарынын малдары түшө элек. Эрте көчүп барып, малды отко тоюндурганыбыз дурус го. Бирок ал жердеги жайлоо чөбү бир айылдын малын качанкы убакка чейин туруштук берип тоюндура алаар экен деп быягынан камалышты. Бир жерге токтобой тандап оттогон мал жарыктык, бара-бара башка бирөөлөрдүн малынын туягы тие элек жайлоолорго кирип кетсе, дагы бир балээге кабылабызбы дегенге барып дагы такалышты. Ал эми, быйыл Чакиге жана башкаларга «чөп ооз», «туяк пул» деп айлын аралай көчүп баратканда ар ким-ар кимдердин бирден мал алып калаары шексиз. Бештен-ондон алса не кыласың? Сөөк-тамырларга болсо анча деле малды чача албадык. Өткөн жылдагыдан кыйыныраак болуп калгандыктан гана, бирин-экин малдарды батыра алды. Болбосо, бирөөнүн малын бирөө батырып багып бере алабы? Ар кимдин өз башына тиешелүү аздыр-көптүр малы бар. Көчүп-конуп жүргөн элдин ар биринин тамагы да, кийими да, кыскасы, бүт тиричилиги жалаң мал менен. Малсыз алардын жашоосу жок. Малдан ажыраган күнү — өлдүм дей бер. Ошондуктан, ар кимдин өз алына, чактысына жараша малдары бар. Ал эми малсыздар малдуулардын малын багат. Анан кантип, бирөөнүн малын батырып багып берет?

Мына, Баракбай кечээ жогорку кайындарына «бир аз коюм бар эле, ошону азырынча багып бере тур, калган-

дары өзүмдө» деп барды эле, алар а деген жерден ойлонбой туруп шар жооп беришти:

«Кой,
Койдун жүргөн жери — той!
Бир мыкты киши кой,
Коё албасаң «кой» дегениңди кой! — деди.

— Сенин коюңду багып бере турган менде күч жок, малдын да малдай балакети болот, шартым да жок».

Башкалар деле баргандарынан ошондой жооп алышты. Ошентип, жонунан алганда мал өз колдорунда кала берди.

Адеп жайлоого көчүп барганда эл дагы, мал дагы тоюнуп, жашара түшкөнсүдү. Бирок, жылына болучу көч мааниси болгон жок. Көчүрүп барып жайланышканда да, бирин-экин, сөөк-тамыр болбосо, башкалары «конуш куттуу болсунду» айтышкан жок.

Байтак, Баракбай аксакалдардын айтуусу боюнча көчүп баргандар, бир-экиден тарап-тарап чачырай конушкан жок. Бири-бирине ыкыстап конушту.

Чачырай конуш үчүн кенен жайыт керек болучу. Ал эми бул жердеги жайыттардын бардыгы ар кайсы урууларга тийиштүү эле. Алар мурдтан эле көңүл букара көчүп келишмек болуптур дегенди угуп, кишилерин чаптырып, жайыттарын коруп жүрүштү.

Чачырай коно албагандыктан, төрт түлүк мал алакандай жайлоону бат эле тукулжуратып жиберди. Мал кайырган жакка токтобой, жер сонундап оттоого бет алып, айланы түгөттү.

Малга бай бирин-экин адамдар Суусамыр жайлап, Балыкты менен Чаар-Таш тарапты бет алалык десе, ал жактан да малдан кол жууп калабызбы деп чочулашты. Анын үстүнө көпчүлүк аларды жибербей коё турган. Тууган -туушканды таштап, ал жакка башты ала качып көчө качып кетүү, чоң осолдукка жатаар эле.

* * *

Төрөштү койгон соң, бүт манап тукуму Дөкөнүн үйүнө чогулушту.

— Кана, баатыр тукуму олтурасыңар. Акыл салышалык? — деди белди чечип манап.

— Таманга басып келген көңүл букаралары төбөбүзгө чыгып, балабызды өлтүрүп олтурат. Заңды бузган адамды заң жолуна берүү керек. Азабын тартсын жазасын алсын. Буларды орустун сотуна берүү керек — деди бири,—

жогорку Кадабай болуштү өлтүргөн Мамырбай тукуму менен соттогондой соттошсун!

— Кайсы Кадабай?

— Күйдүргү Күлчүк чечендин көкүрөк күчүгү Кадабай болуштү айтып жатам. Кадабай күчөгөн манап чыгып, Тоңдуубай баласынын баласы Жапыш болуштү өчөшүп калып Шыбыр айдаткан. Ошондо Кадабай менен түбү туушкан Мамырбай дегени ошо Кадабайды мууздап өлтүргөн. Байтерек барганда өлүгү табылып, Мамырбай өзү баштап, кыйласы Шыбыр айдалган.

— Шыбыр айдалгандар эмне болду? — деди Дөкө сактана.

— Жети жыл жүрүп келишти. Өлгөнү да бар.

— Бирок, булардын бардыгы ачык иш болуп жатпайбы? Биздики жабыгыраак болгону колду тушап турат.

— Бу жабык эмес, көз көрүнөө өлтүрүп олтурат. Өздөрү да танбайт. Ошондуктан, көчө качышпадыбы? Болбосо, алар жерди таштабайт болучу.

— Эмки сөз булардан кун кууп, өч алууда калды.

— Орус сотуна бергенден артыгы жок.

— Анда малдарын азыртан эле талоонго алуу керек.

— Орус сотуна берип, малдарын эски адат менен талоон кылганда, тигилердин иши жеңилдей түшөт. Малды алганды кантип жашырасың? — деди, мурда Шалтаны эскиче чаап чочуп калган Дөкө.

— Төрөштүн каны деп туруп, Баракбайды мууздоо керек.

— Аны мууздаганда каякка барасың? Баракбайдын өзү өлтүргөнүн өз көзүң менен көрбөсөң? Жазыксыз кишибизди өлтүрдү деп, алар карап жатмак беле? Бирөөбүздү союп кетсе, кантебиз? Ак болуп чыкса, уулубузду өлтүргөн киши табылып калса, анда айлабыз не болот? — деди Дөкө. — Өлтүргөн киши анык болгондо го анда бир иш эле...

— Жөн эле кун алсак, кантет?

— Анда Төрөштүн канын кайда алпарабыз?

— Кеңешип кескен бармак оорубайт. Чырактай балабыздан айрылып олтурабыз. Мындай ишке жеңилдиктин кереги жок. Төрөштүн каны кайда кетмек эле? Андан көрө жакшылап ойлонолук. Артын баамдайлык. Өкүттө калгандай болбойлук. Өлтүргөн киши табылып калаар. Жо, табылбаса, анда көңүл букарасы бүтүнү менен күпкор болору бышык. Бардыгын өлчөп, акыл таразасынан өткөргөнүбүз жакшы.

Ары чайкалышты, бери чайкалышты. Бардыгы өз ойлорун айтышкандай болду. Акыры сөз Дөкөгө келип токтоду. Ал ичинен «жанагы сөздөргө караганда орус соту буларды көп болсо беш, он жыл кесип, Сибирге айдайт экен, андан эмне пайда? Андан көрү калың кун алып, көңүлдү экинчи баш көтөргүс кылып тизеге басып малай жумшап, эмки шайлоодо Чакиден бөлүп болуштукту балама алып бергенден жакшысы жок, болору болгондон кийин» деп отурган. Бирок ал оюн ичине кармады. Бардыгын жакшылап таразалап алгандан кийин айтты:

— Болор иш болду. Эми душмандын тамырын казуу гана калды. Биз орус сотуна бербей коё албайбыз. Мейли, алар да күнөкөрдү иликтеп тапканы жакшы. Сотко чакырылып, алар да далай шаймандарынан кетишээр. Кунга анчалык шашпайлык. Кайда качмак эле? Бул кийинкисине да жакшы. Мейли, создугуп тура берсин, биздин да күтүп турганыбыз эп. Ага чейин көңүл букарасы жайлоо, жайыт, кыштоосунан ажырап, өз бет алдынча жүрүп тосоор. Малынан четтеп ажырай баштаар. Жалаң Бишкекке чапкылап жүрүп, атын жиниктирип өлтүрөөр. Күнкор болуп калган көңүлдөн эми ким да болсо, мал ала бербейби? Мына ошондо көңүл өзү эле колго түшүп берет. Мына бул өлтүрдү деп, айласыздан бирөөн жетелеп чыгаар. Ошенткенде, алардан кан да алаарбыз, кун да алаарбыз. Ал эми, азыр бирөөңөр барып Баракбайдын башын кесип келсеңер, чыныгы кылмышкер табылып, ал ак болуп чыкса кантебиз? Кыргыздар өз ара эр өлтүрүшүп тыныптыр деп, орус улугу мындай чыга берээр. А түгүл, «биз сурап жатсак, мыйзамды тоотпой силердин кандай киши өлтүрө турган жөнүңөр бар» деп, өзүбүзгө асылса кантебиз?.. Андан көрү акыл токтотуп, жанагыдай иш кылалы. Азырынча бу иштин башы ачык тургандай болгону жакшы. Кийинкисин көрө жатаарбыз.

Бардыгы бу сөздү эп көрүштү.

...«Мал эңкейсе — чөп үрпөйөт» дешет кыргыздар. Антсе да жердин тардыгы көңүл букарасын абдан тукулжуратты. Башка бирөөлөрдүн жайлоосуна кирүүгө болбостугу маалым. Айыл аксакалдары кеңешип олтуруп, башка айла жок болгондуктан, азыртан эле төмөнкү талаадагы жаздоого түшүүнү чечишти.

Бирок, кыштоону кантмек, кыштын келери да алыс эмес. Дал ушул жерге келгенде акыл түгөндү. Жылдагы кыштоосу Дөкө манаптын колунда. Ошону менен өз кыштоосуна барып кыштоо жөнүндө сөз болбой калды.

Бир жактан малды уурдап кетүү көбөйө берди. Ал аз келгенсип, тергөөчүлөр күн алыстап тынбай чакырчу болду. Ага бара да берип, пара да берип, элдин шайы ооду. Анын үстүнө ага жалгыз-жарымдап баруу коркунучтуу эле. Анткени, манап тукумдарынын жигиттери жана өздөрү да дайыма Бишкекте базарлайт, үзүлбөй каттап турушат. Эгерде бирди-жарым жүргөн көңүл букарасынын кишилери болсо, карактап сабап, а түгүл өлтүрүп кетишээри да ыктымал. Ошондуктан бир кишини чакырса, ошонун жакын туугандарынын беш-алтоо барышат. Минтип олтуруп, оокат шар ага турган эмес.

Мына ушуларга келип такалган соң, айыл аксакалдары кеңешип олтуруп, Чакиге барууну туура табышты. Эмнеси болсо да бардыгы ошол аркылуу бүтмөк. Барып жоп-жайды түшүндүрүп, акыл-кеңеш сурамай болушту. Анын үстүнө пара алган орус соту да «Эгер жарашсаңар, бул ишти жабууга болот» деген.

Кур кол солдоюп бастырып барганыбыз болбостур деп, бир ат жетелетип, Байтак, Баракбай, Доолдактар аттанышты.

* * *

Манаптын үйү тоонун оозундагы бир текчелүү түзөңгө тигилген. Тоонун түбүндөгү бул жер кенен тектирче эле. Дал ошо тектирченин жогору жагында дүпүйгөн калың алма багы бар. Алманын түбүндө татынакай аппак там үй турат. Манап кышында ошол тамда. Жайкысын тамда киши туруучу эмес. Боз үйгө көнүп калган кишилер «там үй кишинин канын соруп алат» экен деп, аны ээн таштоочу. А түгүл, кары-картаң туугандары кышында да, ошол там үйдүн жанына тигилген боз үйдө жашоочу. Үзүк-туурдугунан бери, аппак кылдаган токсон баштуу боз үйү ошол тамдын ылдый жагында жарым чакырым дал тоонун түбүндөгү секичеге тигилген. Жаз чыккандан тартып эле бул жерлер дайыма корукта болучу. Ал жердин чөбүн айбан түгүл, адам басуучу эмес. Чөп көк майсаң болуп бурала чыкканда гана, болуштун боз үйүн ушу жерге тигишчү. Анын окчунураак жагында аппак өргө жана ашканага тигилген боз үйлөр турат.

Дүйүм чөптөр өскөн бул жердеги апаппак жумурткадай боз үйлөр айлананы көркkө болойт. Ким караса да, көзүнүн курту өлө турган.

Атчандар аттарын ошол боз үйлөрдөн жарым чакы-

рымча келген кермеге байлашты. Керме секиченин этеги-не орнотулган. Ошол кермеге жакын манаптын үйүнөн корунгансып, бир жаман алачык турат. Алачыкка нандан башканын баары жамалган экен: ар кандай колго тийген немелер менен эптеп шооналап бүрө берген.

Беркилер Доолдакты ошол үйгө барып, болуштун бар-жоктугун билип келүүсүн өтүндү.

Алчыкка келсе, тырбыйган бир байкуш кемпир жатат. Алдан тайып, айласы кеткен. Кемпирдин көз карашы жалдырап, абдан аянычтуу. Кемпир өлүм алдында жатыптыр. Азырынча тирүү болсо да, тилге келе албай жатат. Оозуна суу тамызгандан кийин азга туруп, жанындагыга көзүн тигип, кубангандай болот. Доолдак аны аяп кетти да, акырын тигилерди сурап үйүндө экендигин билди. Тышка чыкса, кыңшылап улуган куу ит жүгүрүп келди. Иттин жүндөрү самтырап түлөгөн. Кабыргасы терисинин сыртына бүткөндөй кыржаят. Бирдеме шам-шум эттир дегенсип, кыңшылай калып куйругун шыйпаңдатып жалдырайт.

Доолдак кемпирге кайрат айтып, ошо жерден манаптын өз үйүндө экендигин билип келди.

Манап тазалык үчүн деп малды, бирди-жарым кишини үйгө жакын жолотчу эмес. Мал жакын турса кык жытта-нып чымын-чиркей көбөйүп чөп уйпаланат деп, келгендердин аттарын алыстан түшүрүүчү. Келгендер ошо жактан даарат алып, кепичин таштап, колу-бутун жууп-чайып келүүлөрү тийиш. Камчыларын да ээрдин кашына иле кетүүлөрү керек. Үйгө камчы менен кирип келгенди манап жактырчу эмес эле. Бул анын башынан киргизген эрежеси.

Келгендерди үстүнө дароо киргизбей, ошо жерде турган жигиттер мейман үйгө алып кирипти. Меймандарга адегенде сыпайыгерчиликке чай берилүүчү. Анан гана үстүнө алып кирүүчү. Манап келгендерге өз үйүнөн жайында кымыз, кышында күрүч бозо бердирчү. «Курсагы ток кишинин көңүлү куштар болуп, арыз-арманы бошоңдой түшөт» деп ойлоочу эле манап.

Чай ичишип алгандан соң, келгендер манапка салам айтып киришти. Үндөбөгөн неме оң тизесин гана кагып койду. «Мындай өткүлө» деген ишааратты. Кедей-кембагалдардын маңдай теринен бүткөн бул боз үйгө кирген киши кудум гүлдүн ичинде отургандай сезээри да чын өзүн.

Мына эми көптөн күткөн учур келди. Бардыгы жар-

данышып манаптын оозун караshты. Ал топ арасында жалгыз сүйлөп олтурууну жактырчу. Бирок, андан сөз чыгаар эмес. Сүзүүчү бука көздөнүп келгендерди жактырбай, алдыртан ит караш менен карап отурду.

Көңүлдөн келген аксакалдар сөздү эмнеден баштаарды билбей, бир азга мелтирей калышканда, Байтак жөн отурбай күңк этти:

— Үй жакшы эле жасалгаланыптыр! Кут болгусу бардыр!

Кийинки сөз манапка какшыктай туюлду. Түзүн үйрүп жиберип акырая карап, жылаанча ышкырып:

— Иийээ! — деп алды. — Сен менин үйүмдү сынаганы келдиң беле? Жер кезгендеги чарыгыңдын тагы бутуңан бүтөйүн деп калдыбы? — деди кекээрдеп.

Ызаланмак түгүл, бир күлүп алып:

— Чарыктын тагына караганда кишендин тагы кыйын го? Кишендин тагы бүтмөгү кыйын. Сиз деле кезинде бутуңузга кишен түшүп, бир аз болсо да камакта болбодуңуз беле? — деди Байтак.

Чаки түгүл, отургандардын бардыгы, же күлө албай, же сүйлөй албай буулуп, кыйын абалда калышты. Манап Байтакты жутуп жиберчүдөй бир тикирейе карап алып, жаздыкты бери тартып жаздана кетти.

«Колунда да, оозунда да канжары бар ит эмеспи!» — деген манап үндөбөй отурду.

Бир жигит үйдөгүлөргө төөнүн терисинен оймолонуп жасалган кооз көөкөрдөн кымыз куюп отурду. Үйдө дагы беш-алты атка минерлер олтурган экен. Байтак алардын ичинен бир уруунун «жакшысы» кадимки Тананы жакшы билүүчү.

— Ажы, бу кишилерди сөзгө алыңыз! — деди, ошо Тана.

Манап укмаксан болуп үргүлөй отурат. Келгендер да такалып турду. Акыркы манаптын үндөбөсүн билген Тана Байтакка кайрылды:

— «Адамдын аңырганы — жуушаганы» деген. Ии, Байтак, сүйлөй отуруңуз!

Байтак жеңин түрүнүп таштап, сөз айтууга камынды. Бирок, ал чапчаң киши болгондуктан, сөздү алыстан баштап, алыстан кайырганды жаман көрүүчү. Сөздүн ток этер жерин кимдин алдында болбосун жүйөөсүн таап, кертекерте айтып таштоочу. Эч нерседен тартынбай ачык сүйлөөчү Байтак оңдонуп олтура калып сөзгө кирди. Жабыр көргөндүктөрүн бир сыйра айтып өттү да:

— Аа, ажы! Баламды болуш кылам деп түтүн башына журттук катары бир сомдон салык салдың. Болуш болуп калдың. Кошулгула дедиң, түтүн жыйын кошулуп бердик. Тороштүн ажалы жетти, өлүп кетти. «Эр өлтүрүп кундуу болдук, нар өлтүрүп пулдуу болдук» дегендей, биз жаралуу кийик болуп калдык! Мунун айласы не болот? Камалган туюктан алып чыгаар бекен деп, алдыңа келдик. Мен уулумду болуш кылайын деп эр өлтүрбөдүм, сени болуш кылып, сага таянып ушул ишке бардым. Кана, буга кандай дейсиң? — деди.

Манап олтургандарды көзүнүн кыйыгы менен карап, бир топко унчукпай отурду да:

— Ыя, ошондойбу? Чок кармагандын колу күйбөйбү? Силер чок кармап, ошенттиңер. Ажалдуу карга бүркүт менен ойнойт. Чоңго чоң аягыңарды атап ичип жүрбөйсүңөрбү! Дайрадагы жаян туйласа, кантээр элеңер?—деди.

Мындай сөз чыгат деп, күтүшкөн эмес. Олтургандар бир паска буула түшүштү. Айран таң калышты. Бул сөз Байтакка камчы менен салып жибергендей туюлду. Ачуусу сыртына чыгып денеси дүркүрөдү. Калтыраган колу менен кепичин издеп, эки жагындагы жерди сыйпалап жаткандай болду. Бирок кепичи тээ сыртта калган. Эгер болгондо ошону менен керилген манапты беттеп ары «былч» дедире берип калат беле, ким билет? Айтор тигинин кылыгына күйүп кеткен чапчаң Байтак буулугуп туруп:

— Ыя, ошондойбу? Андай болсо, чок кармаган башкасын аябайт, эми түбүнө чейин күйгүзөйүн! Качанга чейин бизди чыргага тарткандай жеп жүрүп өтөсүң? — деди да, тура калып жанындагы бычагын сууруп алып, манапты качырды. Тартынчу түрү жок. Жайлай турган кейптенди.

Манаптын өңү кумсарып, көзү корккон төөдөй алайып, оң колу менен жер таяна эңкейди, сол колу менен маңдайына алаканын тосо коюп:

— Ой, кантет, кантет, кармасаңарчы? — деди.

Ажалы оозуна келе түшкөндөй.

Ошо замат манаптын жанындагы Тана атка минер тура калып Байтактын эки колун каруусунан кармап:

— Ой, аксакал! Бир ачууңузду мага бериңиз! Коюңуз! Коюңуз! — деди.

Манап тура калып, же чыгып кетээрин билбей, же олтураарын билбей шалдайып калды. Байтак бычагын таптап чаңырды:

— Ит экенсиң! Сенин айыңан ушинтпедикпи?! Эми, болуштукту алгандан кийин, өзүнүн манабына тартып, бизди жарга түртмөк экен го! Кайра Дөкөгө болушат! Ой, тобо! Ушу сенден келгенди көрдүм! Кайсы аялуу жаным бар эле? «Ноктолуу башка — бир өлүм!» Түү, бетиң курусун!

Анан демин басып алды да:

— Аттангыла! «Түлөкө өзүнө түтөт» деген лакап чын турбайбы? — деди бакылдаган Байтак.

Манап үн катпай селейип турган бойдон калды. Демейде жүзүнөн нур жанып, күйгүзбөй куурган бадырактай албырган иреңи бир заматта ант ичкендей кубарып, ыйманы качып кеткендей болду.

Байтактар тура калып, текши аттанып, артын карабай жүрүп кетээрде гана ызырынып:

— «Түлөкө өзүнө түтөт» деген макалы Түлөкө ар дайым эсине тутат! — деди, манап өзүнчө күбүрөнүп.

Шалдайып турган бойдон бир оокумда эсин жыя коюп таңдана берип: «менин атыма көлөкө түшүп, канаттууга кактырбас, тумшуктууга чектирбес беделиме доо кетпедиби? Мага деп ичинен көлөкө түшүргөн душмандар: «Бир уруунун алтын түркүгү деп жүргөн Чаки деле, биз өңдөнгөн бир пенде турбайбы?» деп табалашаары бышык. Адам, ушундай да итчилик болот экен ээ, ата-а ушуларды эмне кылсам?.. Атымды кирдетпедиби? Мынабу орустардын закүнү болбогондо өз билгеними кылаар элем, карачы колду тушаганын».

Үнсүз-сөзсүз жан-жөкөрлөрүнүн ортосунда олтуруп, кымыздан аздап таткан манап ушундай ойлорду кулундата берди.

Тана да ичинен табасы кангансып турду. Себеби, Чаки убадасын бузуп, аны да карабай калган.

— Башыңыздын аман калганына түлөө өткөрсөк, кантет? — деди Тана.

— Ыя? Неге какшыктайсың? Табалап турасың го?! Же, кул жебести жесем деп, кулкулдап отурасыңбы? Жиндинин ишине да түлөө өткөрүүчү беле? Байтак Байтак эмей эле, Балтек деген бир кызыл көз жинди, кутурган ит эмеспи? Кутурган иттин үргөнүнө да түлөө өткөрөбү? Кутурган ит асмандагы айга үрөт эмеспи? Андай түлөө кабыл болобу? Не деп...

Ар жагын айтпай, кара мурутун адаттагысындай чыйратып-чыйратып жиберди.

Ошо арада манаптын айткан балбан сөздөрүнөн чочуй

түшкөн Тана «Алдыраар күнү жаздыраар» болуп, байкабастан алды жагына чыйт түкүрүнүп албаспы! Балээге дал ошол жерде калды. Тананын сөзүн көр какшык катары түшүнүп ачуусу бууракандап турган неме, эми анын үйүндө түкүрүнүп, аны тоотпой, кыр көрсөткөнсүп одонолук кылгандыгына ого бетер жиндеңди. Адегенде көзүнүн чаарын чыгара башын булгуп, Тана тарапты кудум комдонгон илбирсче жийиркене тишин ырсайтып бир карап алды да:

— Насили жаман акмак! Көргөнү жаман ит! Бу эмне кылганың? Менин куттуу үйүмдө жаба түкүрүнгөнүң кандай?..

Кара муруттары тикирейип, кыпкызыл оңу жууган чүпүрөктөй бозоро түшүп, жутуп жиберчүдөй Тананы акырая карап «биттин ачуусун сиркеден алатка» жеңдирип:

— Чап! — деп калды. Жоон кол, керек болсо атасын аңга салуучу пукура кызыл көз зулум жигити эки-үч күндөн бери бирөөнү жазалабай булчуңдары бүрүш тарткансып, кумары кыстап, дэпеси жазылбай итиркейи келип жүргөн кези эле. Эми жым дей түштү да, ордунан ыргып туруп Тананы көздөй басты:

— Камчымдын сапары карып тарамыштарым тартылайын деп баратат эле! Кучнаштарым кармап, тырышкансып жүрүүчү! — деп келатып, тигини жондон ары тартып калды. Ал анан эшикти көздөй сүйрөп жөнөдү.

— Коё бер, итти! — деди Чаки.

Камчынын уусуна деңгирей түшкөн Тана бир аздан соң, ызасына чыдабай, босого тараптан кайрылып туруп, тигиге чаңырды:

— Урдум сени! Баарыңды урдум!

* * *

...Кымыздан салкын жутуп, манап терең ойго кетти. «Ушунча жашка келип, адамдан бычак түгүл, каяша-кекээр сөз уккан жан эмес элем. Ит иттигин кылбай койбойт экен го. Баягы жылы бирөө атыма күрүчтөн жем иле койгондо жанында турсам тиши кырс дей түшкөнүн угуп, жембаштыкты өзүнүн башына илдирип жедирдим эле... Жазанын тузун табаармын, саа! Төрүңдө кудук казаармын сенин... Азыр ичи күйүп турган немелер тартынбас... коё туруу керек. Кайда кетмек эле? Бирок мынабу замана эмне болуп баратат? Букара баш көтөрчү

болду. Буга не себеп? Баягы жылы Бетербордон чыккан чоң орттүн эпкини эмесби? Ошондо орус мужуктары падышага каршы көтөрүлдү дешти эле. Жанагы «кара орус» деген мужугу жаман экен өзгөчө. «Казап да өзүбүз, бычак да өзүбүз» болгон илгерки заманыбыз чындап эле булдурап артта калдыбы? Ал убакта букаранын минтип тап бермеги кайда-а? Уруусу менен тыйпыл кылып таштасак да, анда өзүбүз билчи элек... Эми, бир аз оодуктап, кынжылап турганын карабайсыңбы? Илгеркидей чабышып алууга да болбой калды. Падышадан көрө, кокон жакшы беле? Ат-аа, ушу букаранын баш көтөрө бергени жаман болду! Капырай, алдыбыздан дагы бир өрт чыгып кетпегей эле? Баягы заман болгондо, канаке? Чабышып жаткан элди тыйдырып койгону жаман болду, бу букараны чаап алайын десең, жанагы орустун мужуктары да ага болушуп кетиши ыктымал кандай кылуу керек? Ата-а, бир кезегиңерди келтиргиси бардыр...» деп, абдан ойлуу отурду...

Ал букараны кандай кылуунун, кантип жазалоонун камында акыл таразасын өлчөдү.

«Өз башын аябаган — киши башын далдал кылбайбы? Бу жаны күйгөн букаранын азыр аянчу түрү жок: баталашып алган окшобойбу? Баарын кырып жибере албагандан кийин, азырынча тим коё туруу керек» деген чечимге келип оор үшкүрүнүп, эшик тарапка жөнөлдү...

* * *

Коңур салкын күз айы. Керилип жаткан Сары Өзөн Чүй жарыктыкты улуу тоодон туруп караганыңда, теребелдин көпчүлүгү сап-сары болуп, алтын түзгө бөлөнгөн. Өзгөчө күн кыйкая бергенде улуу тоолордун башындагы түбөлүк муз-мөңгүлөр күнгө чагылышып, тээтетиги жакта учу-түбү жок сыяктанып мелтиреп жаткан талаа-түзөңдөрдүн көп жерлерин нуруна бөлөп жаркыратат. Бетеге чөптөр жыш саргайып, алтын кымкап жамынгандай сунулат.

Ата даңкын чыгарып, өз беделин да көтөрүү үчүн бай-манаптар мындай учурда аш бермейи бар, мына ушундай кезде айтылуу байдын бири — аны «Сокур бай» деп коюшчу — атасына аш бермекчи болуп күтүндү...

Салт боюнча адегенде эл арасындагы «жакшыларды» жана агайын-тууган, сөөк-тамыр дегендеринин баш кишилерин чакырып, кеңеш курмайы бар. Сокур бай «ашты

кандай беребиз, атты кандай чабабыз» деген масаалатка эки жылкы союп, тандалган кишилерин чакырып калды. Бирок, башка уруудан болгондуктан, «Баатыр» атанган чоң манапты аш кеңешине чакырышпады. Бир даары «кеңешке алалык, кыйыгына тийип албайлык» деп чыгышты эле, отургандардын ичиндегилерден Тана баштап дагы бир нечеси болушпады.

— Аны чакырганда ашыбызды өз билгениндей бийлеп кетет. Өз ашыбызды өзүбүз бийлейбиз! — деп Тана кашайып болбой туруп алды.

— Аны чакырбасак бир балакет чыгарат. Кеңешке албаганыбыз ажыдаардын куйругун баскан менен тең эмеспи? — деди Чаки.

— Корксоңор, мени кармата бергиле! — деп күпүлдөдү Тана.

— Тана, сен анык Тана экенсиң. Бу сөзүңдү баатырдын кулагы чалып калса, тыгының ыргып кетпегей эле,— деди, эми Чакиге кошомат кылып калган Дөкө. — Жүргөн жериңе өрт салчу элең, арты кандай болор экен?

Ушуну менен «баатыр» кеңешке чакырылбай, аш берүүчүлөр чукул туугандыкка жеңдиришип өзүлөрүнчө чогулушту.

Акыры меймандостук жарашып, бардыгы жайланышкандан кийин, аш ээси тилегин билгизип оюн айтты.

— Ак көз, кара көз туугандар олтурасыңар. Атабыз төөчө кадыры болбосо да, тайча кадыры бар, казак-кыргызга таанылган адам эле. Аш берейин деген тилек кылдым.

— Тилегиң кабыл болсун, балам! — дешти олтургандар бир ооздон.

— Кандай кылып бере турган жөнүңдү айтып көргүн! Мынча чакыргандан кийин кысылып, кымтынбай ачыгын айтканың жакшы.

— «Өлүү кадырын тирүү сыйлабайт» кылбайын деген оюм бар,— деп сакалын сылай бир аз ойлоно калды да, анан чогулгандардын атайы чакырылган кадырлуусу кара жаак чеченге карай калды.

— Аксакал! Акылга кара саба көрөңгө адам элеңиз. Мен сизден салабатка бир сөз сурайын деп турам... Бу Көкөтөйгө Бокмурун деген уулу кылым журтту чакырып аш берген дешет. Көкөтөйдүн байгеси кандай болуп, эмнелер сайган экен?

— Балам, тилегиңди кудай кабыл кылсын! Көкөтөйгө миң кара төө, миң кара кашка бээ сайган экен!

Кулак сүйүнө тургандай бир жакшы кеп айтмакчы киши сыңарында күлүңдөй берген сокур, сылап отурган сакалын уучтай калып, каада аралаштыра баштады:

— Ошондой деңиз!.. Колдон келчү иш экен го. Дурус... Дурус... Мынабу олтурган туугандар болуп жаман эмесниз. Кудая шүгүр! Мал-баш аман-эсен турат. Бул арабызда тай көкүрөк мырза бай, жалаң тончон сасык бай, жалгыз конгон мерез бай, биеткарын сараң байлар болуп, ордолуу манап, кордолуу бай да ушерде. Көп битиребейлик. Чогулуп туруп, бир силкинип койсок кантет? Анда Көкөтөйдөн ашып түшпөйбүзбү? Атагы баарыбызга калбайбы?! — деди чын пейлинен «мына эмесе оюмдагыны айтсам» дегенсип. — Баш байгеге эки миң жылкы чыгаралык. Ак калпак кыргыз биздин алдыбызга чыгып аш бералбай калсын. Баарын чүмкөп салалык. Миң жылкыны мен чыгарайын. Калганын өзүңөр... Өзүмдүн атым баш байгеге илинет деп турам. Ошону менен баш байге өзүбүздө калбайбы?

Мурда, кирген суудай көбүрүп-жабырып бакылдап отурган немелердин аш ээсинин балбан сөзүнөн кийин куйкалары тырыша калды. Алдына адам чыгарбаска жүткүнгөн Чаки тигинин дымагынан чочуп кетти.

— Эй, чактасаң боло? Көкөтөй менен Бокмурун саабалар эмеспи? Кантип дитиң батты? Көкөтөй менен теңешкиң келеби? Көкөтөйдүн арбагы уруп кете электе алдагы жаман оозуңдагы текебериңди аластап оозуңа келме ал!

Андан соң элдин кысылган демдери бошоп, оор жүктү алып таштагандай жеңилдене түшүштү. Малыбыз кантээр экен деп санааркай түшкөн сараң байлар менен мелтиреген мерез байлар чайкалышып орундарынан козголушту. Себеби, салт боюнча «кошумча» деген атка жашынышып, уруу намысына жамынып, алам деген малын алып эле коюучу күчтүүрөөгү. «Кошумча-селбиктин» казыгына байланбаган азоолор, чалпоолорду сүрүп чыгууда.

— Сен айткан мал — акмактын оозунда, байдын колунда эмеспи? А, малың бар экен, өзүң чыгар!

— Мунун дымагын көр! Капырай...

— Адам, алакандан чаң чыгарып, итке мингизмек экен го?

— Ээ, итиң менен куруп кал! Ириген сөздү айтып...

— Деги, чактап айтса боло, тобо!

— Астапурулда! Супаханалда! Бу эмне деген шумдук! Карыдан уска кетип, карадан нарк кетип баратабы дейм!

Көкөтөйдүн ашынан кийин чоң аштарда ат чабылбай калган эле деп айтышчу илгеркилер, чатак чыгат экен деп. А сен эмнеси болсо да, ашка нече дубан ат чаптырган турасың. Ошонун өзү да сабаалардан болбосо да, пендеден өткөндүк эмеспи? — деди, кайрадан жандана түшкөн. Чаки биротоло кырына чыгып. Кызый-кызый сүйлөгөндө эки бакалоору көөп, баса-баса айткандан соң, аш ээсинин жели чыккандай боло түштү.

Тамашаны баягы Тана баштады.

— Кудаанын кудурети! Баарыбызга салык салгысы бар экен, ээ?! — деп жакасын карманып күрсүндү ал.

Анын сөзүн кулагы чала калган аш ээси сокур неме, булардын бети кайтпас түрүн байкап суурдун эркегиндей корс этти.

— Кайдагы салык? Кайсыга доорун жатасың? Менин ашымды бузгуң бар экен ээ, «салык салды» деп!

Доко аш ээсине бакылдады.

— Кайсы салык экенин көрбөй билбей айтып олтурасыңбы? Кайсы салык дейт турбайбы? Билбей турсаң мен айтып берейин: бу салык — сокурдун көзүн чукуп алуучу, бучуктун мурдун чымчып алуучу салык эмеспи?! — деди. — Салык салып да аш берчү беле?

Отургандар кыраан каткы түшүп, үйдү үч көтөрдү.

— Койнуңда кураның жок туруп, кудайдын сөзүн айтасың? Койнуңда аптиек жок туруп, Азырдын [1] сөзүн айтасың? Акыретте кантесиң? — деп ансайын демите берди жүйөөгө салып.

— Анан дагы менин күлүгүм беш байгени алат дегенин кантесиң? «Кул жеймин дейт куйрукту, кудай билет буйрукту» деген сөз бар эмеспи? Ат менен катынга ишенчилик жок! А, башка бир күлүк чыкса, кантебиз? Сен бу элдин катуудан казанын, жумшактан күлүн калтырчу оюң барбы? — деди Чаки жасакерленип. — Байгени күлүк албай, ырыс алат эмеспи?!

— Ой, айланайындар, дегеле койдум! Оозумдан жаңылыптырмын. Мунуңарды койдургулачы? — деп жыгылган аш ээси алаканын жайды.

Бирок, ал баарынан да жанагы Тананын «салык» деген сөзүнө күйүп отурду. ««Салык» дегенди айта коюп, бу жолу да эски адаты боюнча отургандарды иренжитти» деп, балээнин баарын ошондон көрө берди. Тиги да бош келбеген неме эле, тура калып эшикке чыга берээрде.

[1] Азыр — Азретаалы дегени

— Сенин «кошумча» деп отурганың, чынында салык эмеспи? Чычкак улак жок! — деп, аюудай майпаңдай басып жолуна түштү.

— Сен кошпосоң, атамдын ашы өтпөй калат болучу! — деди артынан жөнөтө беркиниси.

Дагы бир сыйра күлүп алган соң, отургандар жайынча кепке өтүшүп, ынтымак сөзүнөн башташты...

— Эй, мырза! Атына олоң жетпеген сенин атаңдын куттуу үйү экен. Бирөөгө ата болсо, бирөөгө ага эле: ийри отурдук, эми түз кеңешип, ыраматылык көрүндө ыраазы болгондой аш берелик.

Ары кетип, бери кетип отуруп, акыры сөз уруу чоңуна барып такалды. Ашка түшкөн «кошумчаны» чынында аш бүткөн соң, ал өзү бийлеп бөлүштүрөт эмеспи? Олжонун башы өзүнө түшөөрүн жакшы билген куйту неме, мындай кезде бир туйтунаарын көрүп турат. Андыктан, камкор кишисинип эзелки каадага салып, өзүнүн куйту амалдарын жылуу-жумшак сөздөр менен чүмбөттөй берди.

— Минтип баш коштуруп, акыл салганың жакшы. А кишинин далай жакшылыгын көргөнбүз. Жанагы Тана куйругун карматпай кетти. Кайыр энди, көпкөндүн жазасы — көптөн! Ала-Тоонун ой-чуңкуру көп. Акыры бир мүдүрүлөөр, анын жазасын кудай бергиси бардыр, ынтымактан чыккан неменин. Кудая шүгүр! Жаман эмеспиз, андыктан малга боор толгоолук кылбайлы. Көпкөндүк да кылбайлы. «Көпсөң — жарылаарсың, толсоң — төгүлөөрсүң». Өлүмгө мактанчылык жок. «Аш берген киши — айыптуу» дешет. Көп элди чакырган турабыз. Тилимди алсаңар, ат жеткен жерге кабар берели. Андыктан, мен билгенден миң үй тигүү керек экен. Үч күн конок алынат. Ар үй отуздан конок алсын! Ар үйгө ар күнү бирден кой союлсун! Ар күнү ар он үйгө бирден жылкы союлсун! Эки элдин букалары түп көтөрө кызмат кылып, отун-суу дайындашсын! Келген элдин колунан жылуу суу кетпесин. Эң арты деген боору такыр кедейге бир кой салык, астапурулда, «кошумча» дегеним: мына ушулар келтирилсин, калгандары малына жараша төлөшөт! Менин эсебим боюнча, эки элдин ар түтүнү он туяктан бир туяк чыгарышат! — деди, Чаки жагалданып.— Айтор, менин дүң эсебим боюнча үч миң кой, беш жүз жылкы болду! Сөөк-тамырдан келчү мал бул эсепке кирген жок. Сыйкы, миңден ашаар мал туягы. Казак агайындар да намыскөй журт эмеспи, бери калганда миң кой менен келишээр... Бирок да, сен өз малыңа таян!

Дагы көпкө талашып жатышып, акыры жанагыга жакын чечимге келишип:

— Ушуга көнбөгөндөрдүн кунаны ат болбосун! — деп турушуп баталашты.

* * *

...Ашка келген эл бакылдап — кара корум. Тыякта тилингени билинбей, калың мал жатат. Төрткүлдүн талаасында чоло жер жок. Өстөн-өстөн чоң арыктарда, озондоп аккан чоң сууну бойлой конгон шыкыраган калың айылдар. Ирээт тигилген аппак боз үйлөр көрүнөт. Даңкайган үйлөрдөн челкейген байлар чыга калып, ар кимдерге камчы үйрөт. Ар бир айылда казандаган эл күүлдөйт. Катарынан казылган кемегелерге асылган берекелүү даш казандардан ырыстын жыты булоолоп, казы-карта, уча, куйрук, жал-жаялар бүлкүлдөйт. Самоорчуларды Бишкектен жыйнаптыр. Мал жыш союулуп, бул өрөөн кан сасыгандай түрү бар.

Уккан кабарга караганда кемеге атын эртең чабыша тургандай. Акыркы суутун кандырган күлүк аттарын кашаача жерлерге минишип жетелеткен саяпкерлер, айылдан тышкары жерлерге — суук көздөрдөн тышкарыраак откo-сууга коюп жүргөн окшобойбу: күлүктү тыштан күзөткөн кишилер көбөйүп баратат дешти.

Кемеге эртең чаба турган болсо да, эл аягы али басыла элек: андан-мындан топтошуп атчан сапырылып келип жаткандар бөтөнчө бүгүн күч. Элдин түрү чакырылгандан алда канча ашып бараткандыктан, аш ээлеринин тапшыруусу боюнча ак чапанчан, ак боз атчан Найманбай акын элге жар айтты:

Эй, алыстан келген туугандар,
Ат куйругун буугандар!
Оо, ат байлаган саяпкер,
Атайлап келген талапкер,
Бөлүнүп мында жатсын дейт!
Кара таман кедейлер,
Жалдырабай кайтсын дейт!
Бетинче келген бечара,
Бет-бетиңен чапкыла!

Жайынча келген жардылар,
Жай-жайыңды тапкыла!
Кудаң болсо, кууп кон!
Таякең болсо, таап кон!
Жээниң болсо, жетип кон!

Илигиң болсо, издеп кон!
Издегениң биз деп кон!..

Ушуга байланыштуу туш-тушту көздөй салпактап тууган издеген кишилер этегин желпилдетип толуп баратат. Анын үстүнө күлүк аты барлар, аттарын байгеге кошкусу келет. Ат багуусуна, таптоосуна жакшы. Көпчүлүк котолоп будуң-чаң болууга мүмкүн. Атты табынан бузуп алуулары да ыктымал. Суук көздөргө чалдыгып, жаман оздордун кебине кароол болуп бере ала турган жери жок: көз далдоосунда болгон дурустур.

Мына ушундай жагдайлар да кээки кишилерди үйрүтобу менен айылдан окчунураак тышка айдайт...

Көңүл букарасынын айлы жанагы аш берген манап тукумунун айлына башка айылдар менен катарлаш жакыныраак жаткан айылдын бири эмесни, башкалардагыдай жанагинтип соок-тамыр, илик-жармак издегендер бу айылдарга да самсып келе баштаган. Бирок, таанышы барбы, жокпу ага карабайт: келет да сиңип кетет. Салт ошол. Аш-тойго келген меймандарды, алар ким болбосун, дал өзүнүн керт башынын меймандарындай көңүлүн алып, бардык жагынан куштарлоо парыз. Алар — «кудайы конок эмес», «милдеттүү конок».

* * *

...Доолдак бирин-экин тиричилиги менен эшик алдында жүргөн. Айылдын төмөнкү этек жагынан топтошкон кишилер көрүндү.

— Кудай урду! — деди Доолдак өзүнчө. — Аш-той бербей эле, балээ берген турбайбы? «Кошумча» дегенине экиден коюбузду бердик. Эми, мына буларыңдын жоо чапчудай түрлөрү бар экен. Кара тажаалдай болуп качырып келаткапын карабайсыңарбы? Же, тиги айылга өтүп кетишээр бекен?

— Жок, буларың кандай болбосун биздин айылга түшүшөт! Камдана берсең да болот! Конок камын кыл! — деди бири.

Аңгыча тигилер дал айылдын четине келишип, бардыгы тизгин жыйып токтой калышты. Жүздөй атчан. Андан-мындап камчысын үйүргөндөр көбөйдү.

— Аа, болору болду! Үй бөлүштүрүп жатышат! — деди Доолдак.

— Ашты ал берсе, чыгымын биз тартсак, батасын ал алса, кошумча, атак-даңкын бүт бойдон шыпырып алса,

каалаган кишисин ортоктош кылса, биз шордуууда эмне калат? Айлыбыз менен ар үй бир-экиден кой кошумча бердик. Эки жүз кой. Буга да болбоду. Отун-суусу мойнубузда болду. Тике туруп кызмат кылуудабыз, жабыла! Же, ага караштуу болсокчу! Кызыкты дал ошондо көрмөк экенбиз. Мынабу Дөкө менен Чаки экөөнүн бирөө аш-той берип калса, тим эле тентип кетмек экенбиз да. Тыякта жаткан немесин минткенден кийин, булар тим эле басып жебейби?

Көңүл айлын ары басынтып, ары кундуу болуп калды дегендей, эч ким ашка чакырган жок. Ашка чакырылбагандык — эски салт боюнча журттан калгандык. Антсе да Байтак, Баракбай, Доолдактар жана башкалары болушуп бармак болушту. Колдон келишинче айылда калган атка жарарлык, союл чабарлык балдардын баарын аттантып алмай болушту. Кандай болуп кетээрин кудай билет... Манап тукумдары жигиттерин шилтеп коюшса, каны кызып, ыза болуп турган немелер бир нечесин өлтүрүп жиберүүлөрү да ыктымал. Ошон үчүн жең ичинен билинбей даярданып барыш жөндүр. Мурда барышпай, аш кызуусунда жөнөштү. Анткени, мурда барганда алда кандай болуп кетет деп күдүктөнүштү.

Булар тойго тамаша көрүп, эт жейли деген жападан жалгыз ниетке гана жетелетип келген эмес. Арты туюк, асты жар булуп камалып турган букаралар эми бир гана жол калды: ал болсо жарашуу жолу деп издеп келишкен. Айтор, ар кандай «жакшыларга» барышса, алардан бир гана жоопту «жарашкыла» деген гана жоопту алгандыгы белгилүү. Ары ойлонушту, бери ойлонушту: эч жылчык жок. Айтор, эмнеси болсо да азырынча «жарашып» болсо да, «элдешип» болсо да баш калкалай туруу керек. Калганын көрө жатаар...

— Туюкка камап турган азуулуу манаптардан келечек үчүн жанды сактап калуу да чоң олжо! — деген болучу Байтак. — Эртеңки күнү бир жакшылыктын ичинен чыккыбыз бардыр! Биздин башыбызга да күн туур! Бөөдө кырылып калгандан не пайда?

Бардык жылчыкты өлчөп көрүшүп, ушу акылга келип токтошкон. Эми, ошентип жарашуу жолун издеп келип отурушат.

— Мен өмүрү булар менен жарашпайм! Тиги дүйнөдө да булардын жакасынан колум кетпес! — деген болучу Доолдак. — Бирок, көпчүлүк экенсиңер, көпкө түкүрбөйүн. Бөөдө кырылып албайлык.

Дилден болбосо да, тилден «жарашабыз» деген Байтактын сөзүн да бир оздон макул табышкан.

Ошентип, жарашуу жолун издеп келишти. «Калыс жакшыларга» салып жарашуу жолун айтышмак. Себеби, бул жыйынга ар тараптан «жакшылардын» бири калбай келет эмеспи? Ылайыктуу акыл сала турган кишилерди дал ушерден таап, дал ушерден сүйлөшүү керек. Бирок, буга данакер болуп бере ала турган ким? Салт боюнча, мындай ишке элдин башын кошуп бере турган жанагы аш ээсинен өтөрү жок. Мына ошого жолугуп болгон ишти айтууга керек. Куур кол баруу болбостур. Байтактар бардыгы жалпы кеңешип отуруп, ак чаамай эти бар жээрде кашка бир жылкыны жылдыра жетелеп алышты...

Той берген тараптын кишилери келген коноктorду дагы эле конок кылып жатышкан экен. Байтактардын барганына кыйла болду. «Кел!» деген киши жок. Өздөрү түшө калып, кирип баруу болбойт, намыс керек. Айтор, Байтактарды конок ала турган кейиптенбейт. Бир убакта бир тобу келишип:

— Эй, Байтак! Келип калыпсыңар! Айлыбыз аралаш, коюбуз короолош! Силер конок болбогула! — деп чакчаңдады.

— А-ай, байлар! — деди Байтак ачууланып. — Азыр болоруң болуп турган эле кезеги! Азыр көп болсо үч-төрт козуң кетээр! Үч-төрт козуга кор болсоң, анда эмне аш берем деп эл чакырдың? Биздин айлыбыз аралаш, коюбуз короолош болгон күндө да, биз конок эле болобуз!

Ошону менен аш берүүчүлөр жагы ары кайрылып, үн-сөзсүз кетип калды. Байтактар туруп калышты. Дагы эле атчан. «Өзүбүзгө жилик тууган Төрөштү өлтүргөн немелерди конок кылабызбы?» дегенсип, тигилердин чыйралып жатмагы да ошондон. Бир жагынан «Букара топту» көп алдында шагын сындырып, кемсинтүү бар! Аны баары көрүп-билип турушат.

Байтактын да, Доолдактын да чындап ачуусу келишти. Дегеле баарынын да тартына турган түрү жок. Бирок тигилердин да карап коё турган кейпи көрүнбөйт. Ошону менен эмнеси болсо да, келген иштерин бүтүрүүгө бел байлашты.

Туш-туштан бакылдаган үндөр...

— Баса, биздин күлүгүбүздү эртеңки ат чабууга кошоор бекен?

— Аа, шордуу! Байгени коюп, кара башыңдын тирүү жүргөнүнө сүйүн!

— «Кедейдин тирүү жүргөнү — башына чоң олжо эмесви!» — деп айтып жүрүшкөнүн угуп эле туруп, анан эмненин башын оорутасың? Дагы байгеге кошулат имиш. Кара башыңды байгеге сайып жиберсе, кантээр элең? Же, булар сайбай жүрүштү беле, биз өңдөнгөндөрдү?

Элден корунуп өгүз минип, кээси жаман тонду кылдыратып четтеп тургандар ушундай сөздү айтышып, муңая сүйлөшүп жатышат...

Байтактар четки чоң үйдү багып турушкан. Тийиштүү кишилер ошондо дешкен болучу. Аларга жолугуп, иштерин бүтүрмөк.

...Бүгүн күн ойдогудай тийип берди. Саргайган чөптөн адам түгүл, малдын да туягы сыйгаланып кетчүдөй түрү бар. Көбүнчө чарык кийгендерге убал болгондой. Басып баратып эле, ыраңга семирген сары аттын түгүндөй жапырылган эрте күздөгү куудураган чөпкө саал эңкейиште тайып кетип, сырак эткендерге күлүп жатышты. Азан-казан кара корум элдин бардыгын жарчы болуп шайланган Найманбай ырчы дарылдап тартипке келтирип жатат... Бүгүнкү тамакты дал түштө талаага тартмай болду деп угулду. Эл көчө-көчө болуп отурду. Аңгыча дарылдаган жоон үн бардыгын кан буугандай токтотту:

Улуулай тартат учаны!
Жайкалта тартат жаяны!
Калдайта тартат казыны!
Кулдуйта тартат куйрукту!
Чубалта тартат чучукту!
Көчүгүн жерге тийгизбей,
Кууп чыккын бучукту!
Чачап кетип этиңе
Макирөө кылып ашыңды
Көрсөтпөсүн кызыкты!

— деп, Найманбай ырчы жар салганда күлбөгөн киши калган жок... Этти ат менен чаап жүрүп тартышты. Ашка кызмат кылгандар гана болбосо, калгандарынын бардыгы жоо жүрүшөт... имгичтерин ар ким өз-өз айлындагы жакырларга бактырып коюшкан алыска. Мындай кезде уурунун да күч алышы баштатан келаткан көнүмүш. Ат багабыз деп, далайлар тамашадан өксүп, арманда болуп жатышты...

Башка тамашалардын кээси бүтүп, эми эл тамактангандан кийин жамбы атышы башталмак. Жамбыны эки узун жыгачтын башына керилген жипке илип байлап коюшкан. Атчан чаап келатып жамбынын жибин үзө атып

түшүрүү керек. Жүзгө жакын мерген чыкты. Найманбай жар айтты:

Э-ээй!..
Жалпак ташты бек баскан,
Жапырак мүйүз теке аткан.
Жалама зоону бек баскан,
Жата карын эчки аткан,
Жазбас мерген болсун де!..

Жапалак үкү булаткан,
Жаздым басып кур аткан,
Жайынча түтүн чураткан,
Жалакор мерген койсун де!..

Оо-оой!..
Оводо кушту төшкө аткан,
Отурган кушту көзгө аткан.
Олчойгон кулжа сулаткан,
Он эки айры бугу аткан,
Ошондой мерген болсун де!..

Очойгон жору жаза аткан,
Окусунан баса аткан,
Оңкодон бирди кылам деп,
Ойго барып таш аткан,
Обу жоктор койсун де!..

Чагатай жайлоо, чак кыштоо,
Чагырмак теке ошондо,
Чактың болсо атып ал!
Чатакташпай бу жерге
Чатыңа басып катып ал!..

Ээ-ээй!..
Булгаары саадак байланган,
Букардын тоосун айланган,
Бута атпас мерген чыккыла!
Саймалуу саадак байланган
Сан-Таштын тоосун айланган,
Саналуу мерген чыккыла!..

Аа-аай!..
Алкымдуудан түлкү аткан,
Азуулуудан бөрү аткан,
Качырып чыккан камандын,
Как маңдайын жара аткан!
Ал суу менен бул суудан,
Далайын атып какшаткан,
Кабыланын башка аткан!
Кадик мерген чыккыла!..

Алты карыш ак жөөкөр,
Аркарды көздөй сундурган,

Аркардын белин сындырган,
Адис мерген чыккыла!..
Жети карыш көк жөөкөр,
Жейренди карай сундурган,
Жейрендин бутун сындырган,
Жетик мерген чыккыла!..

Ушуну менен мергендер иргелип, акыры көп узатпай бири атып түшүрдү...

Андан кийинки тамаша «төө чечмей» эле. Бир чуудалуу көйкөлгөн төөнүн куйругуна коңгуроо, үстүнө кокон кымкап жаап, буйласына шуруларды тагыптыр, аны жетелеп келип, элдин чок ортосундагы чуңкурчага житире казык кагып байлап койду. Муну жылаңач аял басып келип, чечип туруп жетелеп кетиши керек. Төөнүн жанындагы жасалгалуу ат, дагы бир жылаңач эркекке арналса керек...

Челкектеген бай-манаптар төө көрүнгөндө эле ыкшый башташты. Бей-бечаралардын каңырыгы түтөп:

— Аай, кургурдуку, кандай шордуу келип чечип кетээр экен,— дешип өз ара сөз кылып жатышат.

— Малга зарурат элде көп эмеспи, чыкпай коёт дейсиңби? Бир бечара чыгат да, аа шордуу...

Көп узабай ортого бир аял чыкты. Көргөндөр көзүнө ишенишпеди. Себеби, чачы дегеле узун неме экен — согончогуна жеткидей. Ошол узун чачтарынын өрүмүн жазып, тарап таштаптыр. Жан жагы гана болбосо, эти анчалык көрүнбөйт.

— Ой, алдагы адамбы, же албарстыбы? Ушундай да узун чач болот экен, ээ! Барып карагылачы, же аттын куйругун чачына кошуп түбүнөн өрүп алган неме болбосун! — деп бир чоң курсак дарылдады.

Байтак бул аялды жазбай тааныды. Көрсө, бул баягы киши колдуу болуп өлгөн Казантүптүн Бурулча деген жесири экен. Бурулчанын жанына эч ким даай албай койду. «Жылаңач катын көрөбүз», деп эңсеген немелердин көксөөсү сууй түштү. Бурулча шашпай төөгө басып барды.

Отура калып төөнү чечип жатканда, дагы бир жылаңач эркек чыга калып, ага тоскоол болуп чолполонду. Жок, Бурулча болоор эмес, төөнү чечип алып, элди тегерете карап жатып үнүнүн бардыгынча өзүнчө кызык обон менен улам бир жакка ырдап жатты.

Улукмандай карыны,
Азырети Аалыны,

Токтогулдай ырчыны,
Толубайдай сынчыны,
Туул берген бул этим!
Түк уялбайт бу бетим!
Асан кайгы чыгаандар,
Санчы-сынчы кыраандар,
Чыккан дагы бул этим!
Неге уялат бу бетим...
Бетим! Бетим! Бетим!

Көк жал Манас ноёнду
Көкөтөйдөй оёнду,
Алмамбеттей беренди,
Чубак, Сыргак эренди,
. . . . . . . . . .
Жеткилең Бакай көсөмдү,
Жетик Жээрен чеченди,
Тар курсагым кеңейтип,
Таш эмчегим жибитип,
Тапкан дагы бул этим!
Түк уялбайт бул бетим!
Бетим! Бетим! Бетим!

Маңдайлашып жоону алган,
Таңдайлашып доону алган,
Эрлер чыккан бул этим!
Кечпей сууну толкуткан,
Чаппай жоону коркуткан,
Шерлер чыккан бул этим!
Абийири жок наадандар!
Ушундайбы каадандар!..

Хандар чыккан бул этим!
Бектер чыккан бул этим!
Бийлер чыккан бул этим!
Байлар чыккан бул этим!
Карап турсам кылыгын,
Катуу уялат бул бетим!!!
Бетим! Бетим! Бетим!

Ушуларды айтып туруп төөнү жетелеген бойдон жай басып кетти... Кара корум болуп шыкалып, жардангаи эл дес болгонсуп тунжурай калышты...

— Балэ-ээ!..

— Ой, баракелде, шылдың кылабыз дегендердин өзүн шылдың кылбадыбы?..

— Өлчөөсү жок жез таңдай экен го?..

— Бу казак-кыргыздагы ак жоолуктун асты белем? Катындан чыккан нагыз берен деп ушуну айтса болот! Ой, тобоо!

— Бүт кара жемсөөлөрдү чогултуп туруп, эл көзүн-

чо жыгып берген ушул жалгыз катын болду ээ, шумдук!..

Ар кандай сөздөр чыгып жатты. Далайлардын көксоосу сууду. Бурулчанын окуясы далайларды ойго салды. Андан кийин болгон балбан күрөштүн шааниси анча болгон жок. Эң акырында эки аялды күрөштүрүштү эле алар бир-эки серпишкен соң, жулмалашып, тытышып, чачташа кетишкенде араң ажыратышты. Жыккандарга үч сом, жыгылгандардын бетине түкүрүп туруп бир сом акча беришти. «Байлардын бул эмне деген шылдыңы» дешип далайлар иренжип да, кыжырданып да турушту, анын үстүнө жанагы «төө чечмейдин» «тамашасы» далайлардын жүрөгүн дүпөйүл кылган.

Кечинде ар кайсы жерден келген ар кандай аксакал калыстар баш кошушуп масаалат кылышты.

— Чындыгында эле бардыгыбыз энеден төрөлгөнбүз. Кыргыз баба байыртан эле ургаачы затын «Кыздын — кырк чачы улуу» деп урматташчу. Жанагы «төө чечмей» копкон менен эсиргендердин ойлоп чыгарганы экен. Кара калкка эсердин кесири жукпасын... Мындан кийин «төө чечмей» токтотулсун! — дешип туруп баталашты.

...Аштын акыркы күнү ат чабышка даярданган эл бөтөнчө дүүлүгүштү. Акыры ат чубатууга салына турган көрүндү. Ат ээлери саяпкерлери менен бирге, чабылуучу күлүктөрүнө балдарды миндире башташты. Сүмбөдөй тулку бою сыртына жарап, көзү чолпондой жайнаган чакчаңдаган ат, Асыл дегендин Күмүш куйрук күлүгү экен. Чоң байгеге биринчи ирет чабылышы дешти. Буттарына күмүштөн кош билерик салыныптыр. Мойнунда тумары бар. Таластан келген атактуу Карабаш деген саяпкер сынчы мындай туруп алып, ошону сындап жатты. Муз бөйрөк, бели кыска, бирдей сүбө, өркөчү бийик, букта бакай, түпөктөй туу куйруктуу жаныбар экен. Ошого карата «Күмүш куйрук» аталган го.

— Куу мамы ат экен! — деди Карабаш.

— Чындап сынап бериңиз,— деп аны кыстап калышты.

Карабаш жай гана насбайын тартып алып сынай баштады.

— Жайлоонун жалаң ыраңына семиртип кайра кайрыптыр, жарыктыкты. Кийин да ыраң бетеге аралаштырып жем берип, бээнин тунган сүтүнө кандырып, мамыга маалы менен байлаган экен. Эти саал жукараак болсо да, сын-сөөгү жотолуу жылкыныкындай. Ооздугун чайнап кылт эткен жакка ийиктей чимирилип, балтырып туру-

нүп баскан балбандай шымаланып турбайбы? Баракелде! Акыркы суутун кыябына келтире кандырыптыр. Ичи кындырдай жарап, көкүрөгү салынып, чакмак эти түрүлүп, жүнү типтик бирден сайылып калыптыр. Күлүктө да, саяпкерде да айып жоктой, баракелде! Неси болсо да, тулпардын оонаган жеринде туулган жаныбар го! Баш байге болбосо да, экинчи болуп келээри бышыктыр...

Карабаштын «баш байге өзүмдүкү» деп турганы билинди.

— Казак Ногойбай мырзанын атын сындасаңыз! — деп калышты.

Анын күлүгүн барып көрүштү эле, бирок сымбатын киши болжой ала турган эмес экен. Себеби, баштан аяк таптакыр үртүктөп таштаптыр. Муну суук көз көрбөсүн деп атайы ошенткени маалым. Жарыктыктын көзү менен мурду эле көрүнөт. Калган жери чоло жок үртүктөлүү. Аттын үртүгүн элден узап ээндей түшкөндө гана алмак экен. Бирок сынчыга айла жок:

Тайган төш, камыш кулак, ээрди шалк, кулан куйрук экен — деди Карабаш. — Канткен менен жакынга чабар күлүк го, андай болгондо астына ат салбас, байкадыңарбы, чымын учса ээлигип турат — чукулдун аты, туягы да анча чымыр эместей көрүндү: жанараак желдиргенин байкап турсам, чаң болжолумдай көтөрүлө албады, ал эми чыгаан күлүктүн туягы эшектикиндей болуп, жүрүп бергенде чаң коюуланып өйдө көтөрүлөт! Бул Желжээрдесин алтын кымкап менен үртүктөсө да баш байгеден калды, мыктаганда үчтүн соңу болоор! Баса, зараасы да анча тунук көрүнбөйт. Бузугу жок аттын заарасы көз жашындай тунук болот. Мунукунда көзгө илешээр-илешпес боёк бардай, быйыл кыш катуу болбодубу. Көккө бир жумача эртерээк агытылган экен. Карандыс берип туруп, кайтарса болмок экен. Анын үстүнө үртүктөп да коюптур. Соорусун күн жесе болбойт беле?

Акыркы сөздү ошерден аңдып тургандардын бири илип ала коюп Ногойбайга айтып барды. Ошол эле жерден чар учургандай бакылдак угулду:

— Ал, үртүгүн алып таста, акеңдин авзун урайын! Бас байгеден калсаң, шидерге сийгиземин, аягыңан бууп!

Ошону менен саяпкери күлүгүн жетелеп, элден окчун чыкты да, күлүгүндөгү үртүктөрдү алып ыргытып, соорусун күнгө тостурду.

Сүлүктөй-сүлүктөй жараган аттар чубатуудан өтүп жатты...

— Ой, алдагылардан башка балаңар жок беле, атасы куу тердик неме эле, башка бала которуштуруп мингизгиле!

— Өлүмгө башын байлаттырып, ат чаптырганы аз келгенсип, эми айтып турганын карачы! Аттан жыгылып өлсө, кедейдин баласы өлөт да, алардын эмнеси кетиптир! Ал аз келгенсип, эми кемсинтип турганын көр! Андай болсо, өз баласын мингизбейби?

— Кошулган да жакшылардын аттары, чыккан да ошолордуку! Биз шордуу кайсы атыбызды кошобуз, же баягы көк өгүзүңдү кошкон турасыңбы?

— Ар бир айылдагы, журттагы күлүктөрдүн бардыгы маалым эмеспи? Чыгаан күлүктөрдү манаптар тартып алып коёт эмеспи, «ат ээси менен» деп. Анан алар чыкпаганда...

— Тетиги Күмүш куйрукту мыкты деди го, тиги Карабаш сынчы, анда аны эмне алып койбоду ээсинен?

— Аа, кокуй! Аттын күлүгү байге алганда билинет эмеспи? Ал жаңыдан чабылганы үчүн ээсинин колунда турат да. Болбосо, мурда эле уурдатып, же тартып алары бышык болучу.

— Күмүш куйруктун ээси Асыл да оңой эмес, бере коёт дейсиңби?

— Сасыган байың чоң манап үчүн кеппи?

Бир топ кара тамандар ушуларды сүйлөшүп жатышты... Отун алып, от жагып, мал союп, суу ташып, мал багып жүргөндөрүнөн козгошот. Карабаш саяпкер өзү таптаган күлүктү чабандесине жакшылап тапшырды:

— Кудай кесир оздон сактасын де. Атыбызда айып жоктой. Бирок, байтал бээнин баласы эле, туулар замат энеси сүткө көп тойгузбай калып, сүт ордуна бетеге жеп өстү эле, эми жолдон чыгарбай жүргүн! Окустан жолдон чыгарсаң, бетегенин жыты мурдуна кирип, аны чалып алууга чылбырга сүйөнүп кажагайлап, чуркашын кемитпесин. Ошо жагына этиет болгула! Таластын таза суусуна кандырылган, жаныбарым, кудаага тапшырдым! — деп, көкүлүнөн шүйдү атынын.

— Мынабу ойноктогон ат кимдики, ботом? — деди Карабаш.

— Шоңконун кула аты деген ошол болот...

— Шоңконун кула аты болсо, бул он асый болуп, тердиги басып өйкөп салган неме экен. Сөөгү жашып, кулагынан нымшып тер агып, оозунан да, артынан да жел чыккайда анда эмненин каруусу калаар, орто жолго жеткен-

де оозунан кара кан аралаш кара суу кетип чочоюп отуруп берчү жаныбар экен, жарыктык! Туягы тайпаң болуп калган неме турбайбы, жаман саяпкери туланга ашыкча семиртип, этин албай аман эсен бойдон гана алып келген экен, тиги туланга көп жүргөндүктөн туягы тайпаң болуп турбайбы?

Ат ээси муну алысыраак туруп угуп турган эле, адегенде Карабашты «кара оозуңа кан келсин» деп күбүрөп жаткан неме, тиги туяктын жөнүн уккандан кийин, атынын бутун карап алып, алаканын шак койду да саяпкерин камчы менен басып алды.

— Көзүң көр болгон ит, ушуну кантип билбей калдың? Ары жүгүрүп, бери жүгүрүп ат ээси бай неме көрүнөт, акыры бир аздан соң, Карабашка келип жалынып жиберди.

— Айланайын, ушул кемтикти бүтөп бер! Бу куламда жазык жок эле, тетиги очойгон итте бардык күнөө! Бу кулам бирин-экин аш-тойлордо баса калчу эле. Эми, эмне болсо, ошо болсун, ушул туягын бир балээ кылып бер, жолуңду кылайын!

— Сиздин куланын дагы бир миңгиси бар,— деди Карабаш,— жалаң гана ал эмес.

— Ал эмнеси эле, анысын да бүтүрүп бер! Айтканыңызды кылайын!

— Тетиги кирпигин карап көрүңүзчү, өсүп кетиптир! Күлүк жүгүргөндө ошол кирпик бара-бара чарчай баштаган атка тоскоол болот, ар кирпик ага бакандай болуп көрүнө берет чуркап бараткаида, анан ат кажагайлай баштайт! Аны кайчы менен кыркып таштоо керек эле да. Эми, кеч болуп калбадыбы, минтип аттар чубатыла баштады,— деди күйпөлөктөгөн Карабаш тигиге боор ооруп.

— Баш байгесин койдум, тетиги ургандын атынан чыгып берсе эле болду эле, аны менен өзүмчө моорой койгон жерим бар, тогуз карага. Бир эмес, эки семиз жылкы берейин, тигил ит эми кайчыны кайдан табат, туягын кантип оңдойт, андан көрө ушулардын баарын өзүң бүтүр, айланайын!

— Болуптур, жылкыңа камдана бериңиз! Чынында сиздин ат жаман эмес. Сынчынын көзүнө да илинээр күлүк илинет да! Жанагы айтканым — анчейин тамаша. Эми жаныбарды бери апкелиңиз. Чактым жеткенче киришейин.

Саяпкердин жанында ийдиси да, кайчысы да жана

башка аспаптары да бар болучу. Ошолорун даярдай баштады... Туягын ийдилеп, кирпигин серептеди.

Эми, байгени угузаар да кезек келди. Биринчи байге миң жылкы, жабык башы кундуздан келиштириле жасалгаланган жүз баштуу боз үй болду, боз үйдүн алдында соорусуна суу төгүлгүс чаар жорго ат чылк күмүштөлгөн ээр токум, көмөлдүрүк, куюшкан жана башка жабдыгы менен байлануу турат. Ээринин кашында жылан боор өрүлгөн камчы илинүү. Кыскасы, минип кете бермей жаркылдап. Ал эми ээрдин үстүндө болсо, нооту менен тышталган сүлөөсүн ичик менен сүлөөсүн тебетей жатат. Калган байгелер жүздөп, тогуздап сайылыптыр.

Найманбай аш ээлерине кайрылды:

— Бир кемтик кетиптир. «Миң» деген — бир сөз. Тилимди алсаңар, ошонун бир жылкысын алып салгыла! Мына, эми айтып көргүлөчү: «Тогуз жүз токсон тогуз!» Ооз толуучу сөз эмеспи, «миң» дегенге караганда. Ары кулактын да кычуусу канат.

— Баракелде! Жүйөөлүү сөз экен! Эмесе, ошо сөзүң үчүн ошо жылкыны алгын! — деди аш ээси багжаңдап.

Ошону менен Найманбай жар айтты...

Тургандар кеп салып, байгенин жөнүнөн ар кайсыны айтышып далай даамдуу сөздөрдүн жилигин чагышты. Ар кимде ар кандай сөз.

— Ой, баракелде, аземи азем экен!

— Өзүнүн тапканы дейсиңби? Элдин эмгегинен тапканы да!

— Тетиги боз үйдү эки жылдан бери далай бармагы кайкач уздардын колун жоорутуп жасатпадыбы? Эми, аны дагы аты күлүк бай-манаптардын бири алат да, анан ошону менен сөөк-тамыр болуп, жок эле дегенде ымаласы бир болуп калат эмеспи. Анан бири-бири менен алыш-бериш болушуп, укуругу узара берет да...

— Аа, замана, неңди айтайын!..

Аңгыча кара корум котологон элдин баары жарыла берди. Баягы аш кеңешине чакырылбай калган «Баатыр» келиптир дешти. Лөкүйгөн узун бойлуу, капкара, жайкалган кара сакалчан киши. Каздай кайкалай басат, сөөлөт күтүп.

— Өтө сүрдүү экен го! — деди Доолдак. — Мурда байкабай жүрүптүрмүн, сүрү жаман экен!

— Эй, курган! Адамды сүрдүү кылган анын өзү эмес, анын бийлиги, байлыгы болот. Ошонун бийлигин сага берип коёюнчу, алдагы кыргый көзүңдү киши дит

багып карай албай калтаарысын! — деди Байтак. — Башка турмак мен жолой албай калат эмесминби?

— Ошондо мен аюу талпактын үстүндө мындай болуп, куш жаздыкты чыканактап жатканымда сен келип калганда, мен: «Ии, сен кайсы бокочо элең, мындай өт» десем кантээр элең? — деди Доолдак.

— Жок, мындай эле отурам. Сиздин катарыңыздан орун алмак түгүл, сиздин кепичиңиз жаткан жерге отурууга менин даражам жете элек! — дейт болчумун да, анан ошо кепич менен бет талаштыра берип калмакмын!

Экөө күлө беришип, тиги чоң манап жүргөн жерге барышты эле, ал эл алдында баягы аш берген сокур байга карата бакылдап жатыптыр:

— Эй, мырза! Атаң менен жилик тууганбыз го... Ыраматылык атаңа кызмат кылышпасам болобу мындай жерде. Арбагы ыраазы болсун! Чабылуучу аттарыңды мага өткөрүп бер! Башында өзүм туруп, тартип менен өзүм айдаттырайын. Анан кыңк этишкенин көрөйүн! «Кың» дегенинин башы ыргыйт! Бардык эрежени өзүм чыгарам! Арадан ат кошулбасын! Кыскасы, бардыгын тартип менен өткөрөм! Кана, эмне дейсиң? Же атаңдын ашын кемегесине чейин өзүм билем десең, ачыгын айт! Сага ата болсо бизге ага эле го? Же, салттан кетип жалгыз бийлейсиңби?

Аш ээси болсун, башкалар болсун мындай болот экен деп күтүшкөн жок эле. Жүйөө менен баба салтынан кармап турат. Ат айдоочулукту берүү — күлүктөрдүн тагдырын колуна берип, аны менен кошо байгелерди берүү, чоң манап аралашкандын бардыгы анын айтканы менен болот, бардыгын чындыгында ошол чечет эмеспи. Бербейин десе, мурун кеңешке чакырылбай, жөн гана барктуу баш конок катары чакырылган чоң манап, өз жагындагылар менен ашты таштап кетип калуусу да ыктымал. Анда атасы эмес, бир жылдан соң өзүнө аш берилээри ажеп эмес. Кадырлуу конок болгондон кийин, «аш берген киши айыптуу» деген да адат-салт башынан бар. Анын үстүнө чоң манап өзүнүн тийиштүү кошумчалары менен да келген эле, жылкы айдаттырып, каада боюнча. Ошону менен бербеске чарасы не? Чоң манап демите берди. Аш ээси ойлоду: «Атасынын ашында баланчаны ат айдоочу кылыптыр деген атакка калайын» деп. Ал эми манап ойлоду: «Ат айдоочулардын башын сурап алып, Бууруслумду орто жолдон кошуп баш байгени алып, кеңешке чакырбаган эмелерди сызга бир отургузайын» деп.

— Баатыр! Куп, болуптур. Атты өзүңүз айдаттырыңыз!

«Куда кааласа атым чыгат» деп ойлоду чоң манап. Анын «атым чыгат» дегени — буурул атым чыгат дегени. «Кудаа кааласа, атым чыгат» деп ойлоду аш ээси, мунун «атым чыгат» дегени — «баркым көтөрүлүп, даңкым чыгат» дегени эле. Экөө эки башка саясат тутуп, эки башка ойду алдейледи, ичтеринен. Аттар айдалып чоң манап жар айттырып, жүзгө жакын кишини ат айдоочулукка жиберди.

«Аш берээрде мени кеңешке албаганыңар кандай?» деген таарынычты чоң манап келгенден бери аш ээлеринин эч кимисине айткан эмес, тек эч нерсе көрбөгөнбилбеген киши болуп жүрдү. Чыккан жерден эле чүкөнүн сакасын талаша чыккан «лөктүн» аш ээлерин каарына албай жайынча жүргөнүнө бир дары таң калышты.

— Кенендик кылып жатабы? — дешти кээси.

— Жок мында бир мандем бар,— деди бир карыя. — Жагалданышы башкача. Бу, атактын жумушу болуп жатпайбы? Казак-кыргыз чогулган жерде атактын куру кала жаздаганын кечирбестир-ов.

— Дегеле, биз аны кеңешке албаган күндө да, «ашты ошо бериптир» деп жатпайбы, чогулган калың эл. Ошон үчүн гана тизгинин тартып турат окшобойбу? — деди дагы бирөө.

— Кап! Мурда эле чакырбай! Жанагы Тананыкы оттү. Ансыз эле бийлеп кетпедиби, тиги «Лөк!»

Анысы да чын эле. «Лөк» ашка элден мурда эле кырк жигитин ээрчите келген. «Ыраматылыкка мен да кызмат кылышайын» деп бир ооз айткан соң, чоң иштердин баары ошонун колуна өткөн. Казак-кыргыздын чоңдорунун бардыгы кошумчаларын ошого апкелип, ошонун тегерегинде. Ал эми Тана болсо, «лөк» келээри менен качып жоголгонбу, дайны жок.

...Мына аттар келе жатат... Эң ири алдыда эки ат жанаша арыш таштоодо. Чаң менен терден буурул ат кара ат болуп, кара ат буурул болуп, кимдики экендиги билинбейт. Жакындаганда эки ураан угулду.

Баса ат коё беришээрде Буурул аттын кайда экендигин кээ бир чабендестер көрө албады. Кудум ошого окшош дагы бир буурул ат жүргөндүгү да чын. Чынында чоң манап жерди болжоп туруп «Буурулду жолго катыла да, анан аттар орто жолго келгенде эң алдыга коё бергиле» деп тапшырган ат айдоочусуна. Ал эми анын орду-

на окшош Буурул, окшош баланы атайылап ала келип коё бердиртken. «Көпкондун көзүн байлайын» деген. Аттар келе жатканда аябай тердеген экен деп ойлосун деген амал менен чын Буурулдун үстүнө суу чачып туруп коё беришти.

Марага жакындаганда Буурул ат чамгарактап чыга келди. Ага куйрук улаш келген айтылуу Күмүш куйрук жаныбар аяктарын тарткан зымдай үзүлтө таштап, мойнун созуп туруп кишенеп-кишенеп жиберди. Жаныбарга тил гана жетишкен жок!.. Малдан да ушундай чыгаарын өз көздөрү менен көрүштү!..

Чыр чыкты. Күмүш куйруктун ээси жана ал тарабындагылар чоң манапка туталанып жатышты.

— Буурулду жолдон кошушуптур деп жатышат!..

— Баш байге күмүш куйруктуку!

— Күмүш куйруктун эмгеги бар!

Бирок ага чоң манап моюн берчүбү? Акыры чыр создугуп бараткан соң, бардыгы бу жердегилердин кадырлуу аксакал дегенине калыстыкка келишти эле, «калыс» бир гана сөз айтты:

— Тең тууғандык чатагыңарды териштирчү жер эмес бул! Башкасы болсо болоор, бирок баатырдын сулуу менен күлүккө ич тардыгы жок экенин билбейсиңерби? Байге — Буурулдуку!

Бу сөздөн кийин чоң манап Күмүш куйруктун ээси Асылга кайра асылды.

— Акмак! — деди каардануп. — Мени арам тер кылган турсыңбы? Баш байге Күмүш куйуруктуку дегенин кара, былжыраган иттин! Ачуум келсе, Күмүш куйрукту да алып коёмун! Анда кантесиң? Күмүш куйрук менин Көкчө айгырымдын кулуну эмес беле?!.

Муну угуп тургандардын кээси күлүп, кээси бу көз көрүнөө зордукка эмне кылаар айласын табышпай, камчысын сүйрөп томсоргон бойдон туруп калышты...

— Адамдын гана эмес, малдын ак эмгегин жеди го!..

Чоң манап болсо, баш байгеге сайылган бардык мал-мүлктүн бирин калтырбай алды да, Көкчө айгырына минип, аш башталаарда аны кеңешке албаган баягы аш ээлерине карап:

— Ии, туугандар! Мындан кийин мени тааный жүрөөрсүңөр! — деп керней-сурнайын бапылдаттырып айлына жүрүп кетти.

* * *

Аш аяктаган соң, ошо кездин шарты боюнча айыл арасындагы бирин-экин чатактарды тергеп-тескей турган жыйын чогулуучу. Ар айылдын калыс деген аксакал, билермандары баш кошуу менен келерки чоң топко чейинки талаш-тартыштарды ич ара териштирип, ылайыгына жараша чечип коюу — баштатан бар.

Байтак баштаган көңүл букараларынын келиш себеби да ушунда. Төрөштүн окуясы — кечиктирилгис иш. Келерки чоң тойго чейин создуга турган жөнү жок. Ал окуя бир уруунун ичиндеги окуя болгон соң, көп кечиктирилбей бир жаңсыл болгону оң. Манап тукуму чындаса, кандай бүктөйм десе да өзү билет деп кооптонгондор бар. Ошондуктан уруу аксакалдарынын, калыс дегендеринин алдында бул ишти коюу биринчи кезекте айыпкер жактын милдети. Канчалык эртелеп алдын алса, алар үчүн ошончолук жакшы: аздыр-көптүр жеңилдене түшмөк. Жазылбаган заң бар, анын аты — адат. Кээде шарыят да аралашып кетет. Ошого карата иш жүргүзүп, бүтүм чыгаруу эзелден берки көнүмүш.

Мына, Байтактардын келишиндеги башкы максат да ушу. Эл болгон жерде калыс бар. Калыс деген сөздүн чылбырына илээшүүчүлөр да бар. Андайлар ат үстүнөн жем табышат. Эки үзөнгүнү тең тээп, таразаны бирдей басымыш болгон калыс аксакалдардын алдынан өтүү күнөөлүү болуп калган Байтактардын иши эмеспи? Ал үчүн мал керек. Кур аякка бата жүрбөс. Эгер эки үзөнгүнү тең тээп калыстык кылган күндө да, алар айыпкерлер алдына алып келген, же атына атаган малга карата иш жүргүзөт. Ошондо гана ат үстүнөн мойнун созуп туруп: «Аа, акылга келишиптир! Журтчулукка түшүптүр! Кана, жолубузга эмне атаар экен!» дешип, үзөнгүнү ошого жараша тебээрдиги да бышык. Тымызын ой жорушат.

Алдыдагы ой-чуңкурду эсептей туруп кадам таштаган дурус. Болбосо адат жолун сая кууган калыстардын тузагына түшөсүң. Алар үчүн адат жолу, нарк жолу чөнтөгүндөгү насбайдай кеп. Адат деген, нарк деген буйлалаган төөдөй: кайда жетелесе кете берет.

Байтак акыл жарыштырып, мына ушулардын бардыгын өз ара агайын-туугандары менен өлчөп көрүшкөн. Калыстыкка башка айылдын кишилерин тартууну ылайык көрүштү.

Мурдатан кулакдар кылып койгондуктан ошолордун билгич деген адамдарынан он чактысы жыйылды. Алар айтыла турган сөздү да, болгон ишти да жакшы билишет. Бардыгы жайланышты. Байтак, Баракбай, Доолдактар болуп, алардын бет маңдайына чөгөлөй олтурушту. Салт ошол: эң улуусу гана сүйлөө керек. Байтак бетке чаап кыскача сүйлөгөн неме эмеспи, чукулдан кайрып сүйлөмөккө оңдоно отурганда эле:

— Ой, Байтак! Аркы кепичиңди нараак жылдырып койчу, ботом. Дагы бирөөбүздү шалп дедире берип калып жүрбө! — деп бир чечен тамаша кыла берди.

Андан улуураак көрүнөт, бирөө какшык айта берди.

— Байтак, сен кечээ жакында эле кекиликтей тың элең, бүгүнкү жүрүшүң андай эмес ко. Бит сыгарга алың калбай бычылган текече шалдайып калыпсың. Букара алың менен, Байтак атың менен чакчаңдаганды ким коюптур, саа?

Бир тобу табалап күлүп калышты эле:

— Ээ, аксакал! Анын несин айтасың? Чыкканда жакшы эле Күмүш куйруктай чыкты элем, кимге зордук кылбаган эмелер эле аларың? Сиз андай мыкты экенсиз, кечээ не себептен баш байгеден калып, тарттырып жибердиңиз өз энчиңизди? Дагы какшыктап коёсуз! Мен сындуу кара таман букара түгүл, сиздердей чирээндерди да бүктөп коючу эмес беле, аларың! — деди Байтак адеттегисиндей бакылдап.

Сөз тапканга колко жок: бардыгы күлүштү. Көпкө күлүшүп, ар кайсы сөздөрдүн башынан чалып, таман алдынан сөз тапкан Байтакты мактап жатышты. «Күмүш куйрук менен чоң манаптын окуясы көкөйлөрүнө жакшыак баткан экен», деп Байтак ичинен жым дей түштү.

Жымылдашынын себеби да бар эмеспи. Жанагы Күмүш куйрук Бөлөкбайлардын күлүгү, ал эми баягыда чоң манапка алдатып баш байгени алдырып жибергендер, ушу жердеги уруу башчылары эле. Ошону менен бу эки жактын тең чоң манап тукумуна көптөн бери аздыркоптүр ич күптүлүгү бар боло турган. Айтор, оцтоюу келе калган жерлерде ушу жердегилердин ар кимиси манап тукумунан өчүп алып калууга тырышуучу. Алардын сасыгын айтып, эл көзүнчө быкыйын чукууга тап коюшчу. Мына бу жагдайларды билген Байтак, атайы дал ушу кишилерди калыстыкка чакырган.

— Ак көз, кара көз туугандар олтурасыздар,— деп баштады сөзүн Байтак. — Биздин абалды көрбөсөңүздөр

да, билип турасыздар. Жок, билбесеңиздер — айтаарым ушу: биз туюкка капталдык.

Ал анан Байтак айлалары кеткендиктен Чакиге барышса, ал акыл кошмок түгүл, кайта табалагандыгын айтып өттү.

— Чаки түгүл, кудайдын өзүнө да кул керек го? Биз жыргаганыбыздан кайнап турган казанга колубузду матырган жокпуз. Пендечиликтин айынан, карыптыктын айынан ушундай иш болуп калды. Окустук менен манап тукумунун мырзасы жаздым болуп калды биздин колдон. Эзелден айдап келаткан жерибиз эле. Анын үстүнө тиги Чакинин түрткүсү да болду. «Мен турганда кың дей албайт, айдай бергиле жериңерди» дебедиби? Аны бел тутсак, кылган иши — бу. Айтор, ушу Чаки деп жүрүп түрөбүз түгөндү. Букарасын башка тээп, мындай чыга берди. Айлабыз кетти. Барар жерибиз калбады,— деп келатып «жаңылып кеттимби» деген Байтак, а жерин саал оңдой сүйлөдү. — Ооба, сиздерден башка бараар жерибиз калбады. «Жаның ооруса жакшыңа чап» дейт. Акылга келдик. Кана, айтыңыздар! Тептитип жибере турган түрү бар. Набактыга жаап, мал-жаныбызды талоон кылып жибереби дейбиз. Калыстар чыгарып тынынтырсаңар экен. Айыбын да, кунун да төлөйлүк. Ушунун жөнүн табыңыздар! Ал эми сиздердин жолуңуздарды өзүнчө жасайбыз.

Бир азга тым боло түшүштү.

— Булар букара болсо да болок-бөтөн журт эмес, өзүбүздүн эле бир канатыбыз. Киши күчүн убактылуу пайдаланып, анан мындай чыга берүү — Чакинин баштатан берки адаты. Кудая шүгүр, бөлөк-бөтөн эмеспиз. Алдыбызга келгениңер жакшы. Чаки бүтүрө албаган ишти бүтүрүп коюш — ушу отурган аксакал-көксакалдардын колунан келээр. Жанагы айтканыңды көзү туюк адам деле сезип турат. Дөкө манаптын керилип жатышы бекер эмес — бир балээси бар. Болбосо, ушуга чейин силерди жөн койбойт болучу. Жарашканыңар оң. Башка жол жок,— деди бир аксакалы.

Ары кетишип, бери кетишип отуруп, дал ушу акылга келип токтошту эле, аңгыча ошо жердегилердин бирөө Байтакка күтүүсүз жерден жулунду.

— Эй, Байтак! Аңги чалыш кудай урган неме экенсиң! Качан болсо, шымыңды булгап коёсуң да, анан аачып бер деп карап турасың! — деп дагы бир топ балбан сөздөрдүн башын кайсап жибермекчи болуп, обдулуп ба-

рып ачууга жеңдирип мукактана түшкөндө эле, Байтак секирип кетти:

— Ээ, канча жолу аачып берди элең?

Андан-мындан күлкү чыкты.

— Бу жаштайынан сүзөнөөк, эле, эми картайганда үзөнөөк болуптур! — деп чечен жаалданды. — Кичине сыйдалап сүйлөсөң боло! — деп кагып таштады.

Баягы киши ага да болбой бакылдап жатат.

— Ээ, караганга сийген ит буттанган кудай урган, тим отурчу! — деп чечен силкине бергенде, тигинин даражасы төмөнүрөөк көрүнөт, сорпосу сууп, илеби кайта түштү. Көрсө жанагы кишинин бир буту чолок турбайбы.

Дагы далайга кеңешишти. Соңор кууган аңчыдан бетер иштин жүйөөсүн териштирип, акыл жарыштырышты.

Акыры кандай айып, кандай кун болсо да төлөп бермей болушту. Сөз ушуга байланды. Баягы жулунган чолок да бара-бара сорпого жибиткен кайыштай жумшарып калган белем:

— Бу бечараларга да убал болду,— деп калыптыр.

— Букарасын тентиткен жанагы Чакиге бул иш чоң намыс эмеспи? — деп чечен да аны суроолуу карап соорусунан сылай берди эле, тиги чолок суулуктан алып мактап койсо жетекке жүрө берчү неме көрүнөт:

— Калет жок сөз! Бизди бел тутуп кол куушуруп отурган соң алалдыкка жүрөлү! — деп купшуңдай берди.

Калыс кишилер чыгарылып, Дөкө манаптыкына ошо жерден эле атанып кетишти.

— Аттары чатынан суурулуп калыптыр, буларды айдаган биз берүүчү малдын дуусу эмеспи чынында! — деген Байтак тигилердин артынан карап турду...

Кыстаган турмушка жеңдирген Доолдак бир топко ойлуу турду да:

— Манап тукуму менен жарашып тынышабыз дегенибиз, анчейин бир айла кеткендеги иш эмеспи? Тынышкан күндө да түбү жакшылыкка апарбайт. Бөрү менен кой да тынышчу беле? — деди.

Бирок ал өзү да не кыларды билбей турган. Эч жылчык жок, караңгы туманда эле.

Калыс аксакалдар эки жакты тынытыруу үчүн Дөкөнүкүнө баргандан соң, көңүл букарасынын ал жерге качан келе тургандыгын айтышып, киши чаптырабыз дешти. Ошону менен тарашкан Байтактар төмөнкү талаадагы айлын көздөй кетишкен эле. Алдыга түшүш үчүн акча, мал дүнүйө жыйнаш керек болучу.

* * *

Калыстар ыкчам бастырышып, манап тукумунун айлына жете келишти. Бул айыл дал Жыламышка кире турган өрөөндүн оозуна жайланышкан. Бул жерди ал кезде Сары-Коюн деп аташчу. Жер бардык жагынан адамга да, малга да абдан ыңгайлуу. Өрөөндүн чыгыш тарабынан Жыламыштын көк кашка суусу күркүрөп агат. Айылдын көпчүлүгү ошо суунун батыш жагында. Кыдырата тизилген аппак боз үйлөрдүн төбөсү туш-туш тарапта керилген тоолордун төбөсү менен үндөшүп жаткандай. Айылдын тегерегинде бөксө тоолор бар. Ал тоолордун үстү да, коюну да малга жайлуу. Ичи кенен. Айылдын түштүк күн жүрүш тарабында өрөөн, ал бир өзүнчө кооз. Өрөөн не бир түркүн дүйүм чөптөрдүн, кожогат, кызылгат, карагаттардын жапайы өрүктөрдүн мекени. Түз, Тепши, Кызыл-Жар деген чакан жайлоолор бара-бара Ак-Балтыркан, Сары-Күңгөй, Ат-Жайлоо деген жайыттар менен учташ кетет да, акыры Көк-Көлгө барып токтойт. Андан ары ашуу, ашуунун ары жагы Суусамыр. Ал кезде Жыламыш ашуусу ачык боло турган.

Жыламыштын оозунда аябагандай зор жалгыз терек турат. Ал терек тоо жакты караган ар бир кишинин көзүнө дүпүйүп өтө эле сүрдүү. Теректин жөн-жайын ар кимдер ар кандай айтышат. Илгери атка тарткан кермеден өсүп чыгыптыр десе, кээси калмактын элчиси салам айтпай коркута-үркүтө келгенде аны тирүүлөй жерге көмүптүр, ошонун камчы сабынан бүрдөп өскөн болуу керек деп да айтышат.

Манап айлы дал ошо теректин ары жагында жайланышкан. Калыстыкка барган адамдар, ошо жердеги манаптын чоң үйү аталган Дөкөнүн үйүнө түшүштү.

Өлгөнгө куран окулган соң, баргандар адегенде эле улук сөздөн киришкен жок. А күнү конуп калышып, эртеси кечке чейин кеңеш куруп, манап тукумун букара менен тынышууга көндүрүштү. Сөз аяктап, келгендер башка жайчылык аңгемелерге түшүштү эле, аңгыча алар олтурган дөбөчөгө баягы Тана деген чекене бай менен бир жакыр зайып келип учурашып «датыбыз бар» дешип, бийдин алдына чөгөлөштү. Келгендер Тана байды таанышса да, берки зайыпты билишпеди.

Тана мындан мурун ушу манап тукумуна таарынып, Чаки тарапка көчүп кеткен. Баягыда Чаки менен болгон өкүмдөн соң, кайра көчүп келген. Эми таарынып калган бийдин алдына барууга айбыгып жүрүүчү. Антсе

да тиги калыстардын көзүнчө таарынган бий анча катуулабас деген ой менен азыр келип олтурат.

Берки Бурулча деген зайып да ушунча абийирдүү кишилердин көзүнчө даттансам калыстык кылаар деп, Тана менен жетелеше келиптир.

— Бүтүм, бийликти ыкыласыңар менен бересиңерби? — деди, бий.

— Беребиз! Ыклас менен беребиз!

— Андай болсо, бийликтин бийлиги: «Чолпонбайдын чолпон суру, Кулеттин кунан өгүзү, Тайбаланын дасторкону» болсун. Мунун дасторконун Бурулча төлөйт, калганы Тана сенин мойнуңда, эки ишиң бар!

Бийлер бүтүм чыгаргандыгы үчүн ошо даттанып келген адамдардан иштин жагдайына жараша өз акыларын көбүнчө өзүлөрү кесип алуучу. Бий эски эрежеге салып «Чолпон сур» деп отурганы — адетте бир жылкы, же тай. «Кулеттин кунан өгүзү» дегени — бир торпок, «Тайбаланын дасторкону» болсо, бир кой боло турган. Бирок, булар иштин чоң-кичинесине карата өйдө-ылдый боло бере турган.

...Бийдин алдында чөгөлөп, эки дүйнөдө жүзүн көрбөскө ант берген адам шекилдүү Бурулча жакты карабай, тээ алда кайда караган бул Тана а деген жерден эле чү койгон жок. Ыйык көтөргөн малын колмо кол жулдурган кишидей бир паска тунжурай түшүп, кабагын салаңдатыбыраак туруп, мурдунан бир тынып алды да, жеңил үшкүрүктү жиберип коюп датын айтты.

— Бий, аке! Датымды айтайын. Бийлик — сиздики, бүткөрмөк — биздики. Мурдаагы жылы жаман болсом да, тең тууган деген атым бар эмеспи деп, сиз менен merez-мураз айтыша кеткен жерим бар эле. Көрсө, ошондо байкабай сиздин кыйыгыңызга тийип койгон экемин. Ошондон тартып арабыз салкын тарта баштаганын сезгенден кийин, бий акенин ачуусу таркаганча деп Чакиге ыктап көчө кетип, аларды жамааттап калганымды кийин сездим. Ошондон бери аяк баса албай туруп калган элем. Көрсө мен Чакини жамына сиздерден бөлүнүп көчө качкандай болуп калган экенмин... Эми мунун жайы бир башка...

Азыркы датым, мына ошол жерде жүргөндө ар кимдин тепсендисинде калган мынабу катындын жаш баласы менен колума алып курсагын тойгузган элем. Күйөөсү Казантуп анда өз бетинен тентип кеткен эле. Кудая шүгүр, кардын ачырган жокмун. Өзүм менен аралаш, табакташ кылган күндөрүм да болду. Тоё жеген тамактан ба-

ласынын мурдунан май агып калган күндөрү да болду. Жаман катынды аяп, бөпөлөй баштасаң кыргый болуп, кайра өзүңдү качырат экен! Тобо! Баласына багарга козу, өзүнчө саарга эчки бөлүп берген элем. Бакандай болгон кара башыл эчкимди жоготкон болучу. Анысы аз келгенсип, эми менден баласын жетелеп биротоло кетемин деп жулунат. Санда саны, кумда изи жок бботодой боздоп жүргөн жеринен, жылоосунан кармап куттуу үй-жайымды имерчиктеттим эле,— деп жагалдана түшүп, дагы бир топ сөздүн башын кайсап жибермекчи болду эле, аңгыча бий колу менен ишаарат кылды.

— Эй, Тана! Катын-балага көрсөткөн сыпайгерчилигинди коюп, малыңдын жөнүн айт!

Тана бир аз шаша түшсө да, үнүн мурдагы күүсүнөн көтөрүңкүрөөк чыгарды.

— Айтса айтайын, эмесе, менин эчким бу отурган Бурулча эмес, Бурулчанын атасынын кунуна бергис эчки эле. Кыргыз баласына бүткөн күтүрөгөн төрт түлүк ыйык малдын биринен эмес беле, чычаң ата, жарыктыгым! Мал да бүткөн кишиге бүтөт эмеспи! Бүтпөгөн кишинин алдына жылдырып жылкы айдатып, туйлатып кулун байлатып, мөөрөтүп уй, ийрилтип кой, мааратып эчки салып койчу! Опосу болоор бекен? Жок, андай малдын опосу болбойт! Мал деген жарыктык, кудай жылоологон кишиге бүтөт! Кана, буга жугуп кеткени? Менин ырыстуу маңдайыма бүткөн мал, мунун кусурдуу таңдайына кетип отурбайбы? — деп оозун көбүртө бакылдаганда, күрөө тамырлары сүлүктөй-сүлүктөй болуп чыга калып, эки бакалоору кызыган сайын сөздүн ыргагына көбө калып жатты.

— Макул. Ичкен-жеген тамагы кайда кетти? Менден болбодубу? Баарын эсептеңиз. Мына, бу эчким сааса булак эле. Ичи толо улак эле. Терисичи? Териси эгинге кап эле да, мүйүзү бычагыма сап эле. Тогуз карын майы бар эле да, токсон чакмак куруту бар эле. Ушунусу үчүн баласы экөө мага үч жыл кызматта жүрсүн. Үч жылда жыл сайын экиден тууганда тогузду туумак! Арты чебич болмок. Ал эми терисичи? Сүтүчү? Тыбытычы? Мүйүзүчү? Баарын эсептеңиз! — деди да, сол сөөмөйү менен сол таноосун сүртүп койду.

Бий анын дал ушу белгисин күтүп олтурган.

Тананын бу белгиси — иш оңуна көчсө, бийликтин үстүнө ортон колдой дагы бир ирик кошомун дегени. Аны бий айттырбай түшүндү.

— Кана, Тананын айткандарына не дейсиз? — деп ичинен кымындай түшкөн бий Бурулчаны карады.

Бурулча да өлчөөсүн өзүнө түшүрө сүйлөгөн неме эмеспи, баятан бери Тананын айткандарына араң эле чыдап отурган эле, бөйрөгүн таянып алып, илеп менен баштады.

— Жанатан бери бу кишинин айткандары сөөгүмдөн өтүп, чучугума жетти. Бу киши мени иши менен да, сөзү менен да жеп келе жатат. Мээме чай кайнатып, башыма жаңгак чагып жиниктирип өлтүрө турган болду. Калпы чындыктын чылбырына сүйрөлүп жүрөт турбайбы. Саанга деп, бир эчкисин сааттуу күнү алганым чын. Ошондон бери балээге калдым. Тырпымды тышыма чыгарды. Тырдай жылаңачтап сабаган күндөрү да болду. Эчкисин бөрү жеп кеткен эле. Бир эчки деген малы тескери жайылган бай үчүн эмне? Сойсо бир казан эт, сыйырса бир талпак экен! Балам экөөбүз бу кишинин алдында оту менен кирип, күлү менен чыгып кызмат кылып келатабыз. Ошо кызматым кантип бир чебичтик болбосун? Акыры, деги ушунун балакетинен кутулуп, ач кулактан тынч кулак болоюн деп, калдыраган казанымды, терген термечигимди, боотойлогон боомду, туюктан туткучумду, ийриден түпкүчүмдү, күлдүрөгөн жаргылчагымды, соксойгон соку-сокбилегимди, кастарлаган кашыгымды, суналган сузгумду да бердим. Эми, буга да болбойт. «Туура бийде — тууган жок, туугандуу бийде — ыйман жок» дегендей, сизден адилеттик тилеп алдыңызга келип отурам. Адилеттик кылып, балам экөөбүздү бул байдан бошотуп бериңиз! Ушунча убак каруумду казык, башымды токмок кылганча иштеп бергеним да жетишээр! Анан да бу жерде мартсынып коёт. Мунун сараңдыгын ким билбейт?

Бурулча Тананын сараңдыгын кандайча жеткире айтууга сөз таппай туруп, анан ар бир сөздү үнүн кубултуп туруп чаңырды:

— Улактын чыйбыт чүкөсү болсо, анан аны ит кемирсе, анан ал жети жыл жерде жатса, анан аны сызгырса — бирдеме чыкса чыгаар, оо, уу, бирок, бу Танадан чыкпастыгы маалым!

Кыпкызыл болгон Тана не дээрин билбей муунуп тургансыды.

— Сен эмес, бүтүндөй бир элди сөзгө жыккан Бурулча менен жол талашкан сен да бир ит экенсиң — деди бири.

Бий ойлонуп алды да:

— Эй, шордуу — деди Бурулчаны карап. — Макалдата коюп, бийдин адилет бүтүмүнө шек келтиргениңди коюп жүр! Сен Танага кызмат кылсаң, өзүңө кызмат кылган болбойсуңбу? Экөөңөрдүн тең, түбүңөр бир эмеспи? «Жесирдин өңү сарыңкы, жетимдин башы салыңкы» деп темселеп жүргөн жериңерден, бу да биздин бир чүрпө эле го деп, бооруна кыскан Тана аксакалга кайра жармашып, доо коюшуңар кандай? Боор ооруганды боорго тепкен кандай? Ченден чыккандык эмеспи? Казан-аягына аралаш кылып багып-кагып жүргөн экен, эми боор көтөрүп, улактуу эчкисин союп жепсиң. Эчки жарыктык дүркүрөп төлдөйт эмеспи? Эки эчкиң үч жылда тогуз эчки болбойбу? Сүтүн мындай эле коёлу. Тыбытычы! Терисин айтпай эле коёлу! Мүйүзү менен жерге кирсин! Танага шимек болуп бермек беле? Мына ушундай... адам санына кошулгандан кийин, көп айтышыңар жарабайт! Жанагы тогуз эчки үчүн Танага балаң экөөң дагы үч жыл кызмат кылып бересиң, анан башыңар бош! — деди.

Бийликтин өкүмү эки болбойт дегенсип, эски адат боюнча колдогу чырпыкты курч маки менен экиге кесип, тигилердин алдына ыргытты.

— Калыстыктын өзү түгүл, карааны жок турбайбы?! Өлүгүнө ит сийсин! «Көгөөндөн бий койсо, көчүгүңдү оюп жейт» деген чын турбайбы? — деп бир чаңырган Бурулча түкүрүнүп туруп кетти.

Бий баятан бери Чакинин айлына көчүп кетип, кайра келгенине бир жумача өтсө да, ушу күнгө чейин Тана алдына келбегендигин көкүрөгүнө катуу түйүп отурат эле. Эми бий «беттегенин бербеген тоң моюндун кезеги эки келди, муну ушу жердеги эл алдында тушабай туруп жыгып, айып тарттырайын» деген ниет менен ага кайрылды:

— Эй, Тана! Четке чыкпай коё тур! Мындай отурчу! Куйругуңду бурап, мурдуңа чүлүк салчу сөз бар! — деди өзүнө жакыныраак жерди көрсөтүп.

— Илгери Алымбай деген неме болбогон жерден таарына калып, үч бир тууганы менен тууган-туушкан кубалап, Нарынга бармакчы болгондо, «кой» дегенине болбогондо Күйдүргү-Күлчүк чечен:

«Нарынга кетти үч дөө,
Асманда булут барында
Кайрылып келээр үч жөө»

— деген экен. Чечендин оозуна сала бергенби, ошо жылы катуу жут болуп, алар кайра малдарынан ажырашып жөө-жалаңдап келишиптир. Айбын тартып, элине кошулган. Эми сен Чакиге кетип, кайра келдиң. Мал-башың аман экен. Буга кандай дейсиң?

Эл жапырт Тананы карашты. Сөзгө жыгылды го деп түшүнүштү. Бирок Тана бу жолу буйдалган жок.

— Аныңыз чын. Айтканыңызда калет жок, бий аке! «Эки жол айры болсо, иттин башы каңгы болот» экен. Мен Тана элем, тыякка барам деп бычылган өгүз болдум. Эми сизге кайрадан туулуп музоо болуп, сүт ичейин деп келдим!

Олтургандардын бардыгы күлүп калышты.

Бий өзү да күлүп жиберип:

— Деги, сага даба жок экен — деп шалдая калды.

Көңүлү тынган Тана бастыра бере турган болду эле, анан бий токтотту.

— Эй, Тана! Сага тапшыра турган мында бир иш болуп калды. Сенден ылайык киши да жок экен. Жигит-жалаңдардан чаптырганда ишти бузуп албасын деп да кооптонуп отурабыз. Сен төмөнкү көңүл букара тобуна барып кел! Киши чаптырабыз деп айтып койгон элек. Эми, алар келе беришсе болот. Сен башынан тың атка жарыбаган неме элең, азыр да бир кырчаңгыны минип келипсиң. Тыңыраак бир ат мингин да, азыр жөнө! Өзүң баштап алып кел букараларды!

Ошону менен Танага калган сөздөрдү түшүндүрүштү. Тана жөнөй турган болду. Минээрге мингичи, киерге кийими болсо да, Тананын ар дайым самтырап жүрүшү — башынан берки адаты. Жулдары калган жаман тебетей, тытык кемсел менен жаргак шымы бар экен. Эчкинин терисин өңдөмүш болуп туруп, томор боёк менен сарала кылып боёгон шымынын багалегинен бөздүн учу самтырап чыгып турат. Эртең менен жамгыр жааган, андан кийин күн чайыттай ачылып кеткендиктен, жамгырдан суу болгон эчки тери жыртык шымы кургап калыптыр.

— Тетиги чаар атты мин!

Тана атты чечип, минмекке туура тартып ондонуп калды. Сол бутун үзөңгүгө сала берээр замат ат үркүп «ойт» берип кетти эле, Тана байкоосуздан тырак этип жыгылып калды. Бардыгы күлүп жатышат. Кайта барып атты эптеп дагы оңтойлоду. Кулагын тикчийтип, таноосун дердейткен ат Тана жалын кармана бергенде майда калтырап тургандай. Үзөңгүгө бут сала берээрде эле, үр-

күп мындай чыга качат. Көрсө, кулдурап калган жаргак шымдын аласы Тана үзөнгүгө бут салмакчы болуп бутун көтөргөндө калдыр-күлдүр этип, атты үркүтүп жаткан турбайбы? Тана атка мине албай шайы ооду.

— Шымыңды чечип мин! — деп бирөө ар жактан кыйкырды эле, баары каткырышты. Тананын шаштысы кетти.

— Ушунча малың туруп, бир шым кие албаган анык тананын танасы экенсиң! — деген сөздөрдү айтып тигилер жеп баратат.

— Барып катыныңдын дамбалын кийип кел!

Чаар ат мингизе турган эмес. Башка аттын ылайыгы жок. Манаптар өз аттарын мингизип жиберүүдөн намыс кылышат.

«Алдыбызга келишсин деп араң эле турган экен, өз аттарын мингизип жибериптир» дегенди чыгарышат букаралар. Меймандардын атын мингизүүгө болбойт, же жакын арада ат жок. Айтор, эмнеси болсо да манаптар өздөрүнүн малынан ат мингизбейт, таанып калууга ыктымал. Кыргыз баласы жылкыны таануу жагынан жеткен уста эмеспи! Айтор, ушу чаар аттан ылайыктуу ат жок. Тананын үйү болсо алыста, «барып өз жылкыңан минип кете бер» десе.

Айласы кеткен Тана Жыламыштын суусу жакка басып кеткен. Бир аздан, соң шымынын баары сөмтүрөп суу болуп кайта келди.

— Бая эле ошентпейсиңби?

— Мына эми, анык бычылган тана болупсуң!

Тана калың шылдыңга алынып жатты. Бирок, бир жакшы жери, жаргак шым сууга тийгенден кийин калдырабай жибий түшкөн экен, антсе да, Тананы тааный калган ат араң туруп бергендей болду. Үзөңгүгө бутту чебердей коюп, коркуп калган Тана ошо замат көчүгүнө милте тийгендей ыргып шап минди. — Өөх!

* * *

Тана бат эле жетти. Өчүгүп калган чаар атты башкакөзгө койгулап урдуруп, кабарды толугу менен калтырбай айтты: «Манап тукуму тынышууга макулдугун беришти. Кун бүтүмү болсо, ошо жерге силер баргандан кийин чечилет» деди.

Көңүл тобу коргошундай болуп салаңдап төбөдөн басып турган жыш туман таркай түшкөндөй сезишти. «Эм-

не каалаca да, күнүн берип кутулалык, жаныбыздын аман калганы чоң олжо» дешти.

Эми бүткүл көңүл букарасы түрөсү калбай түгөлү менен Дөкөнүн айлына барып, өлгөнгө өкүрүп түшмөй болушту. Салт ошондой.

Айылда бирин-экин мал көздөгөн адамдар менен жүрө албаган кары-картаң, балдардан башкасынын баары ат минишип, кээси жөөлөп жөнөп калышты.

Булар манап тукумунан коркушуп, төмөн түшүп кетишкендиктен, аларга чейин кыйла ыраак. Эртең менен чыгышкан атчандар тынбай жүрүп отурушуп, түш ченде бара турган жер.

Айыл аксакалдары баштап, бардыгы чубап жөнөп калышты. Калган-каткан сөздөрдү жолдон сүйлөшмөй болушту. Адегенде түз эле жол менен, андан кийин өр менен жүрүштү. Тигине Дөкөнүн айлындагы баягы терек дүпүйүп көзгө көрүндү. Атчандар Саз-Булактын тушуна жете келишти. Бир кыйласы ушу жерден аттан түшүшүп, бир азга өрүүн алмак болушту. Бирин-экин сөздөрдү кеңешишти. Жарашка катыша турган кишилерди макулдашып алышты.

Бардыгы кеңешип отурушуп, аттын оозун алыстан коё берип, чын күйгөн кишилердей болуп, алыстан өкүрөлүк дешти.

Айыл көрүнө бергенде эле чапчаң Байтак:

— Кана эмесе, жаштар, баштай бергиле! Биз азыртан өкүрсөк, үнүбүз бүтүп, шайыбыз ооп, айылга тымпыйып барып жүрбөйлүк. Силер үнүңөрдүн барынча, аянбай өкүрө бергиле! Өзгөчө айыл үстүндө жана үйдүн тушунда катуу өкүрүп тургула! Силердин көкүрөгүңөр дартка толгон, көз жашыңар көл боло турган жөнү бар, далай кордукту көрүп, тепсөөдө келе жатабыз. Анын үстүнө ар кимиңер ошо жерге барганда өлгөн ата-эне, тууган-туушканыңарды эстеп, өкүрө бербей жаныңар жокпу? — деди.

Ал бир аздан кийин өрдөштү карай аттардын оозун коё беришип, жер жаңырган чуу менен өкүрүп калышты. Бир сыйра өкүрүп, манаптын үйү тарапты тыңшай калышты эле, дегеле чың эткен үн жок...

Алмак-салмактан кайта киришти. Дагы бир топ жерге барышты.

— Ай, Байтак аксакалдын чапчаңдыгы өтүп кетти го?!.. Эркек каргача чокчоңдойт да турат. Айылга жакындаганда эле өкүрүп барсак эмне болот эле? Атты да, кишини да жиниктирип өлтүрө турган болду го! Айылга

чейип дагы бир чакырым жер бар эмеспи? — деп, кейип келатышат.

Аты жакшылар алдыга кетишип, начарлары барган сайын артка калып, эл суюлуп бириндей баштады. Кээ бирлери беш-алтыдан топтошуп алышкан.

Мына, айылга чукул кирип келишти. Кызык эми башталды. Анткени, алар келе жаткан жер өрдөп эле. Алыстан аттын оозун коё берип өкүрүп калышканда, эртеден бери тынымсыз жүрүп келаткан чабал аттар бат эле чарчап жүрбөй калды. Кээ бири текирең таскак менен келатса, кээ бири араң эле камчыланып бастырып калды. Кээ бири атын жетелеп алып, жөө өкүрүп келатат. Токтой калган ат, же бассачы!

— Ээ-си-ил, бир, кай-раан...

— Ээ-ми бир, кай-даан көрөйүн а...а коо-куй! — деп коюшат да, баспай турган атын жетелеп:

— Чү! Чү-ү! — дейт.

Уят болуша турган. «Аа» лаган үндөр тыяктан да угулуп калгансыды.

Анан мына эмесе деп, кээси аттарын таштап жөөжалаңдап, өкүрө баштaшты. Мынабу жерде келе жаткан Доолдак атын катуу камчыга алып темине келген экен, аты өкүрүп түшүүчү үйгө жакындай бергенде «тарс» жыгылды. Ат өпкөсүн кагып бир аз турду да, оозунан кан аралаша ак көбүк чыгып өлүп кетти. Көрсө, чарчап-чаалыккан ач ат өрдөштө катуу камчыга алганда жинигип кеткен экен. Доолдак өкүргөндү унутуп, атынын жанында чыйпылыктайт. Атты ошо замат мууздап, кан чыгарып жиберүүгө шашышты, адал болсун деп.

— Ай, атың өлсө өлгөндүр, тыякка барбайсыңбы? — дегенде гана бир эсине келип, үйдү көздөй өкүрдү. Доолдак бу жолу атын эстеп катуу өкүрдү.

— Атаны, кокуй! Эми, кайда-ан, минемин, кокуй! — деп жаңылыш өкүрүп жибергени кудай жалгап, башкалардын өкүрүгүнө аралашып билинбей калгандай болду. Өзү муну артынан биле коюп эстеп, ый аралаш күлүп жибере жаздады.

Ар кайсы жерден бирден-экиден эл келе баштады. Алыскы тоодон карап турган киши, «ат чабылып ушу жерге келип жаткан экен» деп ойлоого болоор эле.

Эл келип бүткөн соң, сыртта отургандарга үй ичиндеги катындардын кошогу даана угулуп турду. Алар өтө муңдуу үн менен абдан берилип кошушту. Анткени, мырзаны ушу букаралар өлтүргөн эмеспи!

Энеси окшойт, ботосу өлгөн ингендей солкулдады:

— Кээжим бир белең оңгондой... а...-ии?
Кедей бир белең өлгөндөй... а...ии?
Буулум бир белең оңгондой... а...?
Букара белең өлгөндөй?.. ии..?

Келгендер астыртан күбүрөштү:

— Букаранын өлгөнүн, кедейдин өлгөнүн бит сыккандай көрбөйт турбайбы?

— Биле элек белең?

— Баса, жанагы «Казантүп» бечаранын өлгөнү эмне болду?

— Ай, ай, ай!

Кээси ушуларды айтып шыбыраша калат...

Кошок айтуучулар аза белгиси катары эки элидей чүпүрөк байланышыптыр. Керегe жакка карап сап-сап болуп отурушат.

Мырзаны даана ким өлтүргөнү күдүк. Антсе да, ушу эшикте отургандар экендиги шексиз. Алардын кээсин өкүргөн үндөрүнөн таанып билишкен катындар, жүлүнгө жетчү сөздөр менен кошуп жатышты.

Энеси солкулдап барып токтогондо, кызы кошуп кирди:

Башмагы жок букара,
Батынып кантип чапты экен?!
Кепичи жок букара
Кекенип кантип чапты экен?!
Өтүгү жок букара
Өлтүрө кантип чапты экен?!.

Ал анан кара жамынып, анардай чытыраган кыпкызыл бетке күйгөндүгүнөн беш тырмак салган зайыбы узун кара чачтарын жайып жиберип, бөйрөгүн таяна кошуп жатат:

Орто-Алыштай жер болгон,
Олутуң кимден кем болгон?
О, дүйнө кеткен мырзама
Ордолуу журт жем болгон!

Балбан таштай жер болгон,
Байлыгы кимден кем болгон?
Баатырдан калган мырзама
Башынан булар жем болгон!..

Угуп отургандардын заманасы куурулуп, теребел кайгы-капага толуп кеткендей сус тарата түштү. Ата-бабасынан бери букара болуп келатканын бирден терип сөөгүнөн өткөзүп, жүлүнүнө жеткендей кылып кошуп

жатышат, мурдатан даярданышкан экен. Кемсинген букаралардын жүрөгүнүн башынан түтүн чыгып тургандай түрлөрү бар. Айла жок. Мындай сөздөр аларга жаңылык деле эмес. Илгертен угуп көндүм болуп калышкан. Антсе да, эл көзүнчө көз көрүнөө итаяктай башка тээп кордошу — толтону сууруп баратат... Ызылдаган көгөндүн үнү да, чыйрыйттаган чымчыктын үнү да, кандайдыр муңдуу угулуп, буларга кошулуп жаткандай туюлду.

Баарынан да бүт букараны кемсинтип кошок кошкону жаман болду. Жанагы эчтеке эмес эле, дагы бири андан бетер кемсинте кошуп кирди.

Жоругу жаман букара,
Жоргону кайдан тапты экен?
Жолборсту кайдан чапты экен?
Кара таман букара,
Караны кайдан тапты экен?
Карышкырды кайдан чапты экен?
Итке минген букара,
Ичикти кайдан тапты экен?
Илбирсти кайдан чапты экен?..

«Жарашка» келгендер элден эл кыдырып жүрүшүп тапкан жолборстун терисин ак атанга жаап жетелей келишкен. Калган жорго аттардын ар бирине да бирден илбирстин, карышкырдын, сүлөөсүндүн ж. б. терилерин жаап жетелешип, курларын мойнуна салышып отурушкандыгын бардыгы көрүшкөн.

Ушу кордуктан көрө жарынып өлүүгө даяр тургансып, Байтактын башы жерге кирип, амалсыз кепичин кармалай отурду. Бакең ошондо бир өлбөсө да, өлгөнгө тете болду... Өлөөр өлгөнчө кулагында жаңырып, эсинен чыкпас болду го, чиркин!

...Катындар кошуп бүткөндөн кийин, жалпы көпчүлүккө Найманбай ырчы жубатып, ыр менен көңүл айтты, адамзат жаралгандан берки армандардан козгоп келип, минтип бүтүрдү:

Байтерек учкан куш турмак,
Пайгамбар өткөн сиз турмак!
Боз терек өткөн куш турмак,
Бузурик учкан сиз турмак!
Чар терек учкан куш турмак!
Чалыяр өткөн сиз турмак!
Ошолордун балдары
Ыйлап калган биз турмак!
. . . . . . . . . . . . .

Ошентип, Найманбай андан ары да бир топко сабап жүрүп олтурду. Ый басылып бардыгы жайлангандай болду.

Элден четтерээк бир чыбык менен алышып, жер чукулап терең ойго түшкөн Байтак бир күрсүндү.

— Алмустактан бери эле азуулу зулумдардын заманы болуп келген турбайбы, бу көр дүйнө! Биз шордуунун башына тирүүбүздө эле каран түшкөн турбайбы? Өлгөндө түгүл, тирүүбүздө бул олтурган мыктылардын бирөө оң карап койбойт, анан өлгөндө кишисиңби, итсиңби деп сүйрөп салышат да...

— Аа, балким, мындан кийин эсиңе келээр? — деди бирөө.

— Эмнени айтасың? Оң карамак түгүл, тырпыбызды тышыбызга чыгара чыргадай сүйрөп жеп келе жатканын билбейсиңби? Булардын «Кедей, сенин тирүү жүргөнүң жыргаганың эмеспи!» деген сөзүн унуттуңбу? «Ала-Тоодон аластап жиберейинби?» деп ыраматылыктын жулунганы эсиңде жокпу? Анда сен унутчаак экенсиң. Алар үчүн сен бир макулуксуң да. Анын эмнесин айтып башты оорутасың? — деди, баягы кишиге Байтак.

Бир аз ойлоно калып:

— Койдук! Өлгөндүн үстүнө олтуруп алып, арманыбызды айтышпайлык. Кокус угуп калса, осол болоор. Бизде кайгынын каңырыгы түтөп турбайбы... Биздеги кайгы Ала-Тоодой эмеспи! — деди эсине келе калгандай.

* * *

Молдолор катары менен куран окушуп чыккандан соң, бир азга тым болуп калышты. Бул жерде манап тукумунун белдүү деген адамдары жана бүтүмгө келишкен башка уруу аксакалдары олтурушту.

— Эй, Байтак! Жоого келген кишилердей болуп камчыңды кончуңарга катпай, жайылып олтургула! — деди алардын бири.

Сөздү Байтак баштады:

— Дөкө, ажы! Мырзанын ажалы жетти, өлүп кетти! Ажалга айла жок. Ажал деген каш-кабактын ортосунда экен. Ажалы жетсе, ким өлбөйт? Бир кудайдан башканын баары ажалдуу турбайбы? Мырза биз колдуу болуп калды... Сизге башыбыз тартуу! Кара таман көңүл букара журту тартуу! Кашыктап жыйнаган кара малыбыз тар-

туу! Айыптуу болуп калдык. Айыбын тарталык, кунун төлөйлүк. Элиңизди эл кылып, журтуңузду журт кылып, элчиликке келиңиз, журтчулукка жүрүңүз! Өткөн өттү, кеткен кетти, эми сиз менен жармакташып, таманыңыздын алдында өлбөстүн күнүн көрүп, өчпөстүн отун жагалык!

Манап тунжурап унчуккан жок. Бирок, бий олтургандарды мурдатан эле жактырбай сыртын салган кебетеси бар эле, ошо козголду.

— Жазыксыз жерден бир азаматыбызды өлтүрүп алып, эми кайсы бетиңер менен келип олтурасыңар? Төрөш деген ким эле? Төрөш көжө катык, же камчы саптык бүлөдөн эмес эле го?! Кыргыздын серкесинин көкүрөк күчүгү эмес беле? Куттуу үйдүн туткасы эмес беле? Шумкардын чалгыны, тулпардын туягы эмес беле? Карга каркылдап учуп каз болбойт. Силер манапты өлтүрүп, манап болмокчу экенсиңер да! Андай болбойт!

Кекиреге тойгон текедей бакылдаган бий, дагы бир топ майда сөздөрдүн башын кайсап жиберди да, сөзүнүн аягын:

— Кек кеткенче баш кетсин! — деп бүтүрдү. Бети-түктүйүп, каары кайнап, келгендерди жутуп жибергиси келип турду.

Бийдин сөзүн Дөкө жактады:

— Байтак, согоно болгон текедей мөгдөп калыпсың. Кечээ Төрөштүн башына камчы ойноткондо, эртеңки күндү ойлодуң беле? Киши эмес киши, сөз эмес сөздү сүйлөйт экен! Биз Төрөштүн кунун кыямат калтырбай кысасын алабыз!

Чынында муну кара күчкө опуза менен айткан болду. Күнөөлүүлөрдөн бирөө кың деген жок. Бир аздан кийин чапчаң Байтак бирдеме айтмакчы болуп обдулганда, аны Баракбай этегинен тартып токтотту.

Чапчаң Байтак ага болчубу? Чөгөлөй калып изааттап сөзүн алыстан кыялатып келип, акырында мындай деди:

— «Алдыңа келсе, атаңдын кунун кеч» деген сөз ата-бабадан калган. Теңиринин кулубуз деп алдыңызга келип олтурабыз. Кекти кудай таала кудурет өспөскө жараткан экен. «Кек кууймун» деген сөзүңүздү коюңуз. «Кекилик өз атын өзү чакырат» болуп, анчалык катуулабаңыз. Бу-кара болсо да, көңүл жалгыз эмес экен. Кек кууша бергенден пайда жок,— деп келе жатат эле, ушу сөздөр бийге бычактай тийди. Өзгөчө «Кекилик өз атын өзү чакырат» деген сөзгө күйүп кетти көрүнөт, кумсарган бойдон тура

калды да, Байтактын оң кулагын тартып туруп макисин кезеди:

— Букаранын аксакалы сен болосуң. Сенден баштайын. «Кекилик өз атын өзү чакырат» деп мени табалап, керек болсо биз да чыгабыз дейт турбайбы, кулагыңды кесип салайын!

Олтургандардын бардыгы чочуп кетишти. Эч ким мындай болот деп, ойлогон жок эле. Байтактын кулагын катуу кармады окшойт, ал эңкейе берип айтты:

— Ай, бийим? Мен элдикке келдим. Кулагымды кесе турган жөнүң жок, эми кессең кесе кой: элчи — элдин садагасы, кулак-баштын садагасы. Башымды койсоң болду? Жок, башымды кессең да мейли. Упшуну менен кунуң бүтө турган болсо? Журтумду аман кой! Кудайга да кул керек!

— Ата көрү! Иттин сөзүн кара! Дагы элчи имиш. Сен элчи эмессиң! Сен күнкорсуң? — деди да, берки кишилердин айтканы менен болуп олтура кетти.

— Байтак туура айтат,— деп бири күңк этти.

Үнү кыркыраган чоң тебетейчен калыс сөз салды:

— Алдыңарга келип: «башыбыз тартуу, малыбыз тартуу» деп турган калың элдин мизин сууткандыңар болбойт. Кек кууганда бүтүн көңүлдү кырып салбайсыңар го, же алар мууздаса туруп берүүчү кой беле? Аныңарды койгула! Эл болгонуңар жакшы. Бир киши болсо анда сөз башка эле, көптүн байкоосуз иши болуп калбадыбы, эми көпкө кантип түкүрөсүңөр? Сунулган моюнду да кесчү беле? Кылычтын мизи, найзанын учу жакшылыкка алпарбайт!

Бийдин ачуусу тарап, бир аз жайлана түшкөн түрү бар. Олтургандардын бардыгы сүйлөштү. «Жараш» жөнүнөн келгендер жараш сөзүн айтышты. Айтылбагандай сөз деле калбады окшойт:

Баягы кыркырак чечен сөз түйүнүн чечмеледи.

— Ажал жолу — чилдин арышынан кыска. Ажалсыз пенде жок. Ажал келсе, бардыгыбыз өлөбүз. «Суучунун ажалы — суудан, мергенчиники — тоодон, баатырдыкы — жоодон, жакшыныкы тең тууганда» деген эски сөз бар. Аманат жанга — өлүм ак. Тең тууган болбосо да, булар байкоосуздуктан жаздым кылыптыр. Эми булар «дидар көрүшөлүк, алдына жыгылып, кун төлөп айыптуу болуп, айдаганына көнөлүк» деп келип олтурушат. «Аралжы кирер күчүм жок, айланчыктар кишим жок» дегенинен Ала-Тоодой абийирибиз болбосо да, аксакалыбыз бар

экен, мына ошону сүйрөп алдыңарга баарыбыз келип олтурабыз. Төрөш жалаң силердин балаңар эмес эле, силердин кара чечекейиңерден чыкканы болбосо, ал баарыбыздын балабыз эмес беле? Биз да ошону ойлоп, кабыргабыз кайышты! Бала бешиктен, эр төшөктөн толгонду!

Кызыганда эки бакалоору көөп чыга түштү. Бир аз ойлоно түшкөндөй болду да, андан аркы сөз этегин нускалуу сөздөр менен түрдү.

— Дөкө аксакал! «Кектин — түбү кейишке, ынтымак түбү — өргүшкө!» Силер ынтымакты тандап алып, эл болгула, журт болгула! Кекти суугa салгыла!

Бу сөздөрдүн маанисин баса көрсөтүп бир аз токтоло түштү да, мурдакы сөзүн кыялай жөнөдү.

— Илгери эки уруу жоо болгон экен, бир заманда. Адил деген баатырдын кунун сурап барганда каршы жагы айтыптыр: «Карартып мал бергенче, кызартып жан бергиле!» деп. Анда беркилер айткан: «Карартып мал алганча, эр өлтүрүп кун бергиле!» деп. Ошону менен аягы чоң чатакка айланып, далай жазыксыз кишилердин башы сокур намыс деп жүрүп, анделектей ыргыган. Бирок, эки уруу жарашкан, «бир бабанын балдары экенбиз» деп табышкан. Мындай элдикке мурун келгенде анчалык алаамат болмок эмес. «Семетей канчалык агаласа да, Шыгай элдикке келбеди» дегендей, Дөкө аксакал силердин минткениңер жакшылыкка алпарбайт! Узун куйрук сагызган, кыска куйрук товушкан [1] кандуу калпак кийсе да кыйышпаган туушкан, жакшылыкка алпарбайт, кекти сактап куушкан! Бир кыргыздан чыккансыңар! «Жаралуу кийик жата албайт» болуп, көңүлдөр алдыңарга келиптир, жараңар жазылып, сыныгыңар бүтсүн. Карартып мал алып, кызартып кыз алып, той жегиле! «Оомийин!» — деп алаканын жайганда олтургандардын бардыгы бата кылышты. «Баатырынан бата улук» дегенди ойлогон чечен, көшөргөн манаптарды ушу талуу жерден жыкты.

— Бу өткөн-кеткен сөз башталды. Казантүптү кантебиз? — деди Байтак. — Орто жерден өлүп кетпедиби? Кара башыл киши эле го, букара болсо да!

Тымтырс. Бир аз буулуп турушту.

— Кайдагы бир селсаякты айтчу жер эмес, бул! Аны ким өлтүргөнүн ким билсин? Сөздү булгабай олтур! — дешип Дөкөлөр аны кагып салышты. Айла жок. Не кылат?

---

[1] Товушкан — коён

Кайран Казантүп, ошону менен экинчи сөзгө алынбай, дүйнөдө жашабагансып, житти да кетти!

Көңүл аксакалдары келип, манаптын алдына жыгылышып тизесин кучакташты.

Андан кийин олтургандар Төрөштүн кунун кесишти. Кунду баягы кыркырак чечен кесмей болду. Ал адегенде эски адат сөздөрүнөн далайдын башын чалып келип акырында мындай деди:

— «Жигиттин куну — жүз жылкы, ары — миң жылкы» деген адат сөзү тээ эзелки замандан бери келе жатат. Бу чынбы?

Айткан суроосунун жообун күтүп, Байтактарды карады.

— Ушундай сөз бар экени, ырас,— деди беркилер.

— Чын болсо, узун-кыскасы жок — ошо жүз жылкы. Акчалай төлөсөңөр миң сом. Тиги жараш алдындагы «тизгин тартаарыңар» ага кирбейт. Төрөш деген — шумкардын чалгыны, тулпардын туягы дей турган, насили тектүү, жынжырлуу манап тукумунан эмес беле? Өлөөр эр өлүптүр, эми аны айтып олтурганда бизге тирилип бербейт... Ко-ош! — деп алды.

— Эми, «катындын карасы» деген барбы?

— Бар...

— Бар болсо, Төрөштүн катыны — катындын карасы эмеспи? Мына ошол катындын карасы жесир калып олтурат. «Катындын карасы — кырк жылкы» деген нарк бар эзелден. Бирок, чактыңарды көрүп турабыз. Азыр илгеркидей эмес экен, азыр ошонун жартысын төлөйсүңөр! Буга эмне дейсиңер?

Кыркырак калыстын алдында эки колун куушуруп, чөгөлөй олтурган Байтак менен Баракбайлар айтышты:

— Болсун, төлөйлү.

— Ко-ош! «Кыздын кызылы» деген барбы?

— Бар...

— Андай болсо, Төрөштүн бойго жеткен кызы — кыздын кызылынан экендиги төгүнбү? Эмесе, ошол кыздын кызылы жетим калып олтурат. «Кыздын кызылы — кырк жылкы» дечү эле, ошонун жартысын чыгарасыңар.

— Куп!

Байтактар ушуну менен бүттү го деп отурат эле, калыс чайдан бир ууртап коюп: — Бул Төрөштүн куну болсун! Эми айыбы бар! — деди да, ойлоно калып күңкорлорго үңүлдү.

— Ко-ош! Алдына айыпка жыгылып, кыздын кызы-

лынап бир кыз калыңсыз бересиңер, Төрөштүн уулуна. Жанагы ак атан баштаган бир тогузду да айыпка чыгардык, ага да макулбуз.

Жайлана түшүп сөзүн жыйынтыктап мындай деди:

— Эгерде, буга макул болбосоңор, мал-башыңар талоонго түшөөрү бышык. Антип талоонго алынгандан көрө, Кутуйдун куну болсо да берип кутулуп, тынганыңар жакшы. Болбосо, бул иш Чубактын кунундай чуулгандуу болуп кетиши ыктымал.

Ошенткен «калыс» өзүн да, башкаларды да унуткан жок.

— Акыркы айтаарым: жараш башына бир ат, бир төө. Андан башка да эки ортодо жүргөндөргө бирден ат. Кана, буга макулсуңарбы? Кандайча чачып төлөөрүңөрдү өзүңөргө койдук...

Бүтүм бүтүп, сөз аяктагансып калды. Канча кылганы менен акын жүрөгү сезгич келээри баштатан белгилүү го. «Жараш» ичинде баштатан катышып отурган Найманбай калың кунга капталгандарга кейиген түрдө кайрылды:

Жолуңда жолборс жатарбы?
Жолугарга жолукпай,
Жолуң минтип катарбы?!

Алдыңда арстан жатарбы?
Алышар менен алышпай,
Амалың минтип катарбы?!

Каршыңда кабылан жатарбы,
Каршыгарга каршыкпай,
Кадемиң минтип катарбы?!..

Кээ бирөөлөрүнө бу сөз табалагандай туюлса да, чынында анда кашкайган чындык бар эле. Анысы төгүнбү? Акындын сөзүн оюнда чындыкка чыгарса да, Байтак бирдеме айтмакчы болуп обдула бергенче, Найманбайдын бөтөнчө бир берилүү менен кубулжуп чыккан катуу үнү басып кетти.

— Оо, журт, оо калайык! Бир эл, бир журтпуз! Өлөөр киши өлүптүр! Өлгөндүн куну өзүнө! Эмесе, жанагы катыны менен кызына дегениңер, жанагы кырк жылкыңар ашык болуп жатпайбы? Ушу жагын ойлонгула!

Акын ырын бүтүрүп, манап тукумдарына кайрылды:

— Дүнүйө кимден калбаган? Чунаңдаган куу дүйнөнүн түбүнө ким жетиптир? Ал келет да, кетет. Мал албай — эл алгын! Мал элди таппайт, эл табат малды! Оё бычып койдуңар. Алын көрүп, канын сор! Малын төлөп

кете берсе, түбү жоо болбойбу? Ары имербей, бери имергиле! Болду, башка сөзүм жок! Калыстык сөз ушул. Калыс болом деп, дубана болуп ак урдум!

Найманбайдын айтканында калет жоктой туюлду. Баарынан да дин жолу менен коркутканы жаман болду. Динге ишенгендерге бычак менен ургандай туюлуп, бир даары жакаларын кармана калышты...

Оу, далай сөздөр сүйлөндү. Кеп жууратын чындап уютушту бейм: жети атадан бери айтылып келе жаткан улук сөздөрдүн алтын балыгын сууруп чыгууга дилгирленишип, оозеки тарыхтын чүйгүндүү жерлерине тилин бүлөп жатышты. Ал эми кодура сөздөрдө эсеп жок деңизчи! Кызыгандан кызыды. Сөз тегирмени күүлдөп жаткан жерге чай, кымыз ташып жаткандардын туягы жерде калгандай болдубу?.. Айтор, не бир ширин сөздөрдүн дангеги чагылды. Кароолго илинбөөчү сөздөрдү айтып, баш оорутуучу маңыздар жок мында. Тандалган чечендер! Сөз — сөздү табат! Сөз — сөзгө чиркелишет! Ошентип жатышып, акыры кийинки кырк жылкыны эсептен чыгарышып таштады...

Жүгү жеңилдене түшкөндөй болгон Байтак, калган кундун малын табышка өз жамаатын ээчитип, төмөн талаага жөнөп кетишти. Бүт болбосо да, көпчүлүгүн чукул арада ушу жерге апкелип өткөрүшү керек.

* * *

Баптап жасалгаланган чоң боз үйгө манап тукумунун бир деген кишилери баш кошушту.

Чай ичилип, алдыга кымыз келди. Кыркаар тартып олтурган кишилерди керме сыр аяктар эки-үч сыйрадан кыдырып чыккандан соң, кийинки кеселер жалдырап калды. Дөкө кемер курдун алдына оң колун сойлотуп, сол колун тизенин үстүнө эркин коё берип сөз жөнөттү.

— Кана, болгон ишти угуп-көрүп олтурасыңар. Өлөөр бала өлгөн экен. Артынан кошо барууга жан бөлөктүгүнөн гана карап турабыз. Эми, бу букаралар «суурулган кылыч сиздики, сунулган баш биздики» деп бутубузга жыгылып, «эл кылсаң да, жер кылсаң да өзүң бил, бүтүн бийликти силерге бердик», деп алдыбызга келип жыгылды. «Мындан ары жакшылыгыңарга да, жамандыгыңарга да бир туралык», дейт. «Элиңди эл, журтуңду журт кылып алгын», дейт. Булар букара болсо да өзүнчө

бир журт, жоолай берип акыры ушуга туш болуп олтурабыз. Орус заңы жүрүп, мурдакы бийлик тизгини бир аз тартыла түшкөнүн карабайсыңбы. Ыраматылык атабыздын заманы болгондо гана, буларды баш көтөртпөйт элек. Ал заман келди да кетти. Ал эми кылчайбастыр-ов. Замандын жыргалын атабыз көрүп, анча-мынча мээнетин биз көрүп олтурабыз. Же, мунум төгүнбү? — деп эки жакты тегерете суроолуу карады эле, олтургандардын бир даары:

— Калет жок, чындык.

— Ооба, ошондой,— деп калышты.

Бу жерден сөз түйүнүн мыктап бууп туруп, анан кымыздан кериле бир жутуп жиберип, ымшып чыга түшкөн терин аарчып жатып сөзүн улантты.

— Канча кылган менен манап тукумунан экенбиз: билген кишиге Чаки деле биздин сөзүбүздү сүйлөп «өз — өзөгүнө тартаттык» кылды. «Чок кармагандын колу күйөт, силер чок кармадыңар» дебедиби? Айласы кеткен көңүл киши салып, кун төлөп отурбайбы? Жараш ошону менен гана бүткөн жок. Ата-бабанын эски салты бар экен, көңүлдөн калыңсыз кыз ала турган болдук. Бул бүтүмдө мен жана бул жерде отургандардан эки-үчөө болушту. Ушу жөнүнөн силерге кабарлап жана бөксө жери болсо толтуралык деп отурабыз. Кана, кандай акыл-насаатыңар бар, кийин тең туугандык иретинде токонаалатыңар калбасын. Төрт көзүңөр түгөл, арай көзүңөр чарай олтурасыңар,— деп сөзүн бүтүрдү да, алдындагы аякты бошотуп жиберип, жанында жаткан куш жаздыктарды оңдой карманып чыканактай кетти.

— Баятан бери сөзүңдү кунт коюп угуп олтуруп, ыраазы болдум эле, бирок сөзүңдүн аягы кыз алуу жөнүндө бүткөнүнө жол болсун, — деди оң жак капшытта олтурган эчки сакал кара неме кандайдыр бир жыгачты жанып олтурган калыбында. Ал бир аздан кийин башын өйдө көтөрүп сакалын сербеңдетип, кызып сүйлөй баштады.

— Ыя, айланайын эл-журт, бакандай эрибизге бир кыз алып тынабызбы?

Дөкөнүн кыжыры келе түштү: — Кайдагы Аңыракайды оттоп, Күдүргө түшүп олтурасыз.

Тиги кара неме да оңой тең тууган көрүнбөйт. Сакалын сербеңдетип дегеле ак тикен чайнаган төө кебетеленип маалката сүйлөдү.

— Кепке конок албагандан кийин, бу жерге неликтен биздин башыбызды кошуп олтурасыңар? Букарадан кыз

алып сөөк-тамыр боло турган кайсы жөнүбүз бар, биздин? Кедейдин тирүү жүргөнү жыргаганы эмеспи. Кыз бергенден соң, кайра атадан калган наркка салып, «силерден да кыз алып кайчы куда болуп тынышалы», дешсе кантебиз?

— Аны өз убагында көрө жатаарбыз,— деди бири.

Дөкөнүн чындап ачуусу келди. Ачууланганда колдору калчылдап кете турган жайы бар эле. Дал ошонусу кармады.

— Эй, аксакал. Мен бул жерде акылдашайын деп силерди сөзгө алып олтурам. Ачууга жеңдирбей, оюңузду жайынча айтпайсызбы? — деп эчки сакалды карады эле, эчки сакал жерди карады.

— Деги, койчу, бай болгур. Эмне кылсаң ошо кыл. Мен макулмун. Дегеле мени байлап берсең да мен ыраазымын. Деги айтып калдым да,— деп насыбайын үстөккөбосток түкүрүнө баштады.

— Арбашпай олтургула.

— Жок андай эмес,— деди бер жактан бирөө. — Мунун айтып олтурганында чындык бар. Чаки кайсы кызмат көрсөттү? Ал бир жагынан тектик туугандаштык парыздан кутулайын десе, бир жагынан көңүл букарасын эр өлтүрүүгө тукурду болбоюн деген ниетке жетелетти. Орус өкмөтүнө да, элге да жаман атты болбоюн деп жасап жатат жанагы ишти, жалаң туугандыкка күйгөндүктөн чапкылаган жок ал митаам. Мына, эми ийри олтурдуңар, түз кеңешкиле.

Кымызга кызып алган көрүнөт, бети-башы (кымыз, сорпону көп ичкенден болуу керек) кара көк тарткан жолуу жигит Чириктөш бук этти:

— Кеңешип отуруунун эмне, кереги не? Кана, батаңарды бергиле, мен азыр жигиттеримди баштап, букараны кызыл уук кыламын.

Ачуусу тарап калыбына келе түшкөн Дөкө кайра корс этти.

— Ой, жигит! Сен жөнү жок Ормон опузаңды коё тур...

— Ошол Ормон опуза деген эмне?

Берки аксакал кызымтал жигитке карап:

— Ой, Чириктөш! Улуу киши сүйлөгөндө сөздү ала качып бузбай, шүк олтуруп уккун. Бул жер баланын үйү, бапанын алачыгы эмес, шараптан көбүрөөк шилтеп койгон окшойсуң, күрөө тамырың эле балкылдайт, жоо чапканды коё туруп, уйкунун жоосун чапсаңчы. Же болбосо, аркы Жыламыштын суусуна салкындап басып барып кел-

чи, насыбай аткыча арагың да, жооң да ошерде калсын. Ал эми «Ормон опуза» лакаптын эмне экендигин билгиң келсе, эртең биздикине келип куяңымды үзүп бер, анын жөнүн толук айтып берейин. Ал сөздүн өзүнчө тарыхы бар,— деди бир чал.

— Чириктөш кечээ Бекетке барып келгенден бери эшек оюн салып жүрөт. Анын ойнун коё туруп, мына бу кеңешке өтөлү.

Олтургандар ары чайкалышты, бери чайкалышты. Акыры айылдын эң карысы Дөкөгө айтты:

— Калганын өзүң чеч. Кандай десең, биз макулбуз. Иштин жөнү чындап келгенде улуу-кичүүдө болбойт. Акылда болот. Кичүүдөн улуу билбеген акыл келип чыгаары чын, кээде. Өз акыл өзөктөн чыгат, киши акылы — кишен менен тушоо.

Баятан бери сүйлөбөй, тек жөн гана сейрек чыккан сакалын жумшак ушалап, анда-санда чыйт түкүрүнүп коюп олтурган сексенден ашыбыраак калса да, сөздөн да кала элек «чыр ажы» деген абышка бар эле. Ал эч бирөөнүн сөзүнө катышпай, сыпайы олтургандыгын байкай калган Дөкө ага кайрылды.

— Ажы! Көңүл менен болгон жараш ичинде, татуулашуу ичинде сиз өзүңүз да болдуңуз. Өткөн-кеткен жана болочок иштердин жөн-жүйөөсүн төкпөй-чачпай өз кулагыңыз менен угуп, өз акылыңызды кошуп, сиз да сөз катыштырдыңыз. Ал эми азыр бир ата ичиндеги кеп-кеңеште да олтурасыз. Булар жөнүнөн эмне айтмакчысыз?

Сөз кезеги келээрин сезген кексе чал бая эле баамдап олтурган. Ал ушундай шартта боло турган кыргыз арасындагы бардык ырасым, салттардан билгендерин эстеп, ошолорго азыркы болуп жаткан окуялардын канчалык байланыш, ажырымы бар экендигин ичинен терген-тескеп олтурган эле.

Бир көзүн аса, бир көзүн баса караган неме экен:

— Өсөөрүм калбай, өлөөрүм калды. Төрүмдөн көрүм жакын турат. «Ала көл элек саз болдук, Ала-Тоо элек бас болдук» дегендей аштан да, сөздөн да калып баратам, кыйрымдан ажыраган турам. Токсонду тооруп тоголонуп жумуртка болгон менден эмненин акылы чыксын, балдар,— деп бир топко ойлонуп тура калды.

«Эмнеси болсо да, жакшылык, тынч, бейпилдик жагына жүрөйүн кокус сокур намысты козгоп койсом, жаман айтпай — жакшы жок, эртең көзүм жумулуп кетсе, элдин жаман аттысына калбайын, журтту бүлүнтүп албайын,

какбаш чал өлөөрүндө жаман жорукту баштап кетти деген журт арасында айың калбасын, эгер көзүм жумулуп кетсе, бир капталымда көңүлдүн өкүрүп турганы да жакшы эмеспи» деген кыйды чал өзүнүн өлгөндөн кийинки камын ойлоп, сөздү алыстан кайырды: — Мен билгенден Балыкооз ыр ырдагандан да, кыл тырмагандан да чендe жок, төрт аягын бирдей тыпыраткан чар тарабы тең жорго болучу. Ошо Балыкооздун:

«Бир төөдө — эки өркөч,
Биринен соң — күчү жок.
Бир бээде — эки эмчек,
Биринен соң — сүтү жок»,—

деген даанышман сөзү кулагыма сиңип, көңүлүмө уюп калыптыр. Анын сыңарындай, мырза сага айтаарым,— деди да, аны кылчая берип беките сүйлөдү.— Бу букаралар жүз түтүнчө бар. Ай, балдар. Ошо журттун ээси Дөкө болсо, анын саай турган бээси — мына ошо букара. Алар кайтып үйрүн тапкан экен, сен аны жакшылап имерип ал. Кудай жолуңду ачса, эмки боло турган үч жылдан кийинки шайлоодо ташың оодарып, Чакини жыгып, алдагы турган баланды болуш кыласың. Өзү келген немелерди ары түртпөй, койнуңду ач. Менин тилимди алсаң, ырың-тырыңды коюп, кара өзгөй сокур намысты көмгүлө. Туугандыкка салып былчылдата же да, жата бер! — деди.

Отургандардын баары Дөкөнүн оозун карап калышты.

— Элдин бир капталынан ажыраган турабыз. Кыз алуу керек. Кун алып тыналык десек, баары бир букаралардын ичинде ала көлөкөсү калаары да чын, акыры алар бизге бүлө болуп бербеси да чын. Азыр илгеркидей өзүбүз билген заман жок. Кантсе да, мынабу орустун заңы колу-бутту бир аз тушап турат. Чаап алууга болбойт илгеркидей. Кыргыздын букарасы орустун мужугу менен жакындашып, татуулашып баратат. Букаралар ошол орустардын букарасы менен тамыр болуп, көк соколорун алышты. Окус бир өрт койсок, орустун мужуктары бу биздин букарага жардамга келген турат. Мунун акыры жүрө-жүрө биз үчүн жакшылыкка алып келбесине көзүм жетип тургандай... Эми, бу букаралар: «Берээр кунун берип, жарашып тыныштык. Манаптардын эми бизде акысы жок», деп Чакинин ыгына кирип кетиши да ыктымал. Мындай болгондо даяр жемди колдон алдырган болобуз. Бир жагынан Чакинин кылыгын ойлоп, бир жагынан

букараныкы өтүп, эки кабыргам бирдей кайышып тургандын карачы. Бул экөөн бирдей салмактап көрүп, лекин келечекти ойлоп, менин журтчулукка келейин деген себебим да ушундан болду. Орус соту менен заңына салсак, көп болсо беш-алтоон айдатат экенбиз. Анда кун да жок экен. Анын үстүнө алар беш-алты жылга гана кесишет экен, жанагы сырт манаптарга кол салгандай болуп. Андан не пайда? Андан көрү булардан кун да, кан да алганыбыз жакшы. Ар тушунан аң казып койсок, бу букаралар биздин колго түшпөйбү? Анан малайлыкка салып, буйлалаган төө кыл да кой. Эгер кача көчүшсө, көп болсо бирди-жарымы кетээр. Көбү биздин колдо калат. Канча кылса да нарк, салт деген бар. Буларды жанагыдай бир жагынан кудалык жол менен чүмбөттөп туруп, маладай баскандан артыгы жок. Бу аксакал көрөгөчтүк сөздөрдү айтты, мен бу кишиге да айттым элем, лекин, көпчүлүгүңөр муну макул тапкан олтурасыңар. Мына, мен да макулмун, бир кыз алалык.

— Мына, сөз эмес бекен,— деди баягы чал. — Азыркы элдин шарты, замандын шарты ушундай болуп турат. Сен Чакини бир жыксаң, дал ушу жол менен гана жыгасың. Жүз түтүн букараны түтүн жырып колуңа алсаң, анан Чаки кайда бараар экен? Баягы жылы Чаки каршысын эки кол менен гана жыкпады беле? Таш санай келгенде Чаки улукка пара бере коюп, бир түтүндү экиге ажыратып болуштукту албады беле? Бийликтин иши — бийлик. Анан гана барып чындык. Бийлик кимдин колунда болсо, чындык деп аталган немең ошонун колунда болбойбу? Чындап келгенде: Чечен — чечен эмес, өкүм менен бийлик чечен!..

— Ушуну менен тараշты.

...Дал ушу тапта букара жыйындары да күчөп куйругун үзбөй турду. Байтак айтылуу Камданбек байга карызга акча сурап барып, куру кол кайткан болучу. «Силерге акчаны эки шарт менен берем» деген экен. «Каалаcаңар, бүт айлыңар менен көчүп келип, менин карамагыма өткүлө да кызматымды кылгыла. Жо буга көнбөсөңөр, мен берген пул бир жылдык мөөнөттө жарым эсеге өсөт, ошого көнгүлө. Мага келгениңерден өтөөрү жок, айлыңар менен көчө келип, мага жамынгылачы, акчаны мен төөгө жүктөп барып берейин» деген экен бай. Ары өлчөп, бери өлчөп отуруп, букаралар буга макул болушпады. Айтор, неси болсо да бүт айлы менен мал эсебин алышып, кунун берип кутулушканына корстон болуп

жүргөндөрү да бар. Албетте, мал элге чачып төлөндү. Түтүн башына эмес, мал башынын эсебине карата төлөштү. Малдуураактары көбүрөөк беришти... Антсе да, буларды өндүрүп алыш оңойлукка турбады. «Мал-башыңар талоон болот» деген сөздөн коркпондуктарынан гана батыраак көнүшкөндүгү чын.

Чатак, жаңжал, кейиш наалыштарга сан жетпейт — четтен чыгып турду. Бир катары Байтак баштаган айылдын тыңдарын көр жемеге ала башташты: — «Кунду оё бычып коюшуптур, кудайды карашса боло. Ошого кантип макул болушту?»

— Байтак айылга кыргыйдай тийгени менен тигилердин көзүнчө бөдөнө болуп бөйпөктөйт эмеспи...

Ушундай эле сөздөр. Бөтөнчө Баракбайдын танабында жүргөн букаралар катуу качырышты:

— Сырт бүтүм менен эле өзүңөр бүтүрө бересиңерби? Силердин бу кылыгыңар манаптардыкынан эмне айырмасы бар? Болбосо, журт менен акылдашат элеңер го? Анда бир кеп эле го?

— Андай болгон соң, кундун калганын өзүңөр төлөгүлө. Биз эмнебизди беребиз?

— Коколой башыбызды аласыңарбы?

— Тентитип жибермек болду го...

— Ылаажы калбады, жарга такалдык.

Ушинтип эле бирин-бири сүрөй, наалыгандар барган сайын көбөйдү. Кыйласы «бизге баары бир, эртең эле кетип калабыз, малай менен жалчы, же батырак болуудан башка кайсы жол бар, мындан башка арга калган жок» дегенди четтен айтышат. Бирөөлөрдүн оозун карап, эмне айтса ошону эп көргөндөр да жок эмес.

Түрөсү түгөнүп карайлаганынан не кылаарын билбей дес болуп бет алды делдейгендер, «лам» деп оозун ачпай, кайсы түтүн чыккан үйдү имерчиктешет. Көз учкан бийик белдин алдында жол таба албай туюкка капталган сыңарында, букара журттун куту биротоло учуп кеткен түрү бар...

— Букара деп кыйкырып жүрүп, элдин баарын бөөдө кырып ала турган болду, Байтак бачагар,— деп кыйкырды зоңкулдап, жедеп карылыгы күбүлүп түшүп турган чаар киши: — «Айласыз баатыр каманга чабат» болуп. Манапка кол көтөргөндөн айланат бекен? Мунун атасы жаман неме болучу жаткан уйга каргып мине албаган. Жатындан урган иттин кылаары ушу да. Кайдагы бир букара деген уюшманы таап. Ал тим эле бир жел сөз да.

Же, бизди жемекке ушинтип чапкылаганбы, дейм? Өлө албай жүрүп, дагы минтип эр өлтүргөндү ким коюптур? Же, биз өлтүрдүкпү, ботом, минтип кун төлөгөндөй?.. Өлтүргөндү чыгарып бербейсиңерби, жазыксыз кишилерди кошо күнөөлөп кун төлөттүрбөй. Болбосо, Байтактын башын кармата бербей жаныңар жокпу? Балээсин чогуу тарткыдай, биз эмне элек, ыя айланайын, журт?

Айтор, айтылбаган сөз калбады. Ары, бери кетишип чайпалышты, чайналышты.

Үкүлөрү самсаалаган чоң тебетейчен кузгун сакал бирөөнүн тили бөтөнчө заар экен, үнү да андан калса ачуу немеби, туурадан ошо зоңкулдады:

— «Кум жыйылып таш болбойт, кул жыйылып баш болбойт!» деген сөз — ак сөз! Баары Байтактын кылганы. Байтактын башын кармап берүү керек эле.

Кузгун сакалдын бетине Байтактын кепичи «былч» эле дей түштү:

— Батаны бузган ит. Кулдун жыйылып, манапты өлтүргөнүн көрбөй турасыңбы? Кул жыйылып, баш болоорун мен сага көрсөтөөрмүн!

Кантсе да батаны оозанганда делебеси козголуп, каны кайнап кекти кимден чыгараарын билбей турган кишилердин илеби сууй түштү. «Дал ушу малдай мууздалып калалык» дегендерин эстей калышты. Бирок баарынан да балээни Баракбай куу сакалдын баштаганы жаман болду:

«— Текөөрлүү менен тебишпе, бөтөгөң жарылат» деп айтышчу эле...

— «Канаттуу менен кагышпа, кардың айрылат»,— дегенди жанагы чоң тебетей кошумчалады.

— Ооба,— деди Баракбай. — Анын бириндей минтип, бок-жинибиз чыгып отурат. Жарманын кызуусу менен жоого аттанган экенбиз, кармашкан менен алыбыз жетеби, ал ордолуу немелерге. Бизди күйүк көт нан көптүргөн экен, курсагыбыз тойгон күнү кудайды таанибай... Байтак, сен тарта чап! Көп эле ыргыштаба! Элдин убал-сообу бар. Бекерге тыгының ыргып кетпесин! Жаны ачып, каны кайнап турган немелерге кепичиңди ала чуркабай, жүйөөлүү сөзүңдү ала чуркасаң болбойбу?

Доолдак ортого түшө калып, кер-мур айтышкан аксакалдарды тыйды.

— Болоору болгондон кийин, эми ага кейигенден пайда болчубу? Бири-бириңерден көрө бербей, андан көрү эмки оокат-тиричиликтин жөнүн акылдашалы.

— Менин да айтайын дегеним ошо. Ачык айтайын:

мага жамаатташ, мени менен ымаласы бир агайындар баруучу бир гана жол бар экен: ал дагы эле болсо баягы эле байлар. Алардан күч, унаа, саан алып, баягыдай жалданып, же малай жүрүүдөн башка жол жок экен, караштырып көрдүм. Жылчык жок. Көр чеңгээлине дагы түшпөсөк, башка айла түгөндү.

Не кыларын билбей Баракбай алаканын жайды. Бир катарлары Баракбайды жемеге алышты эле, ал жүйөөлү сөздөр менен моюн бербеди. Чынында анын айтканында, аман калуунун жолу да бар экендиги ырас.

Акыры ага мындай акыл берип да көрүштү:

— Сен андан көрө, өзүңдүн кишилериң менен кыргыздын байына малай жүргөнчө, орустун байына жалданып иште. Канча кылса да, акы берет экен. Биз да эң айла кетсе, ошентебиз да,— деди Доолдак.

Антсе да жакадан алып кыстап турган турмуш мындай жолго шыдыр түшүп кетүүгө мүмкүндүк бербей турду, айылды бытыратпай аман сактап ынтымак, ыража менен кармоонун жолун издешип, бияк жагынан да кыйналып, кысталышты. Кыстала турган жөнү да бар эле...

Себеби, букаранын баары эле бирдей эмес, ала-кула боло турган. Букаранын да букарасы бар. Бирөөнүн колунда мал көбүрөөк болсо, бирөөнүн жалгыз ат, жалаң тондон башка түгү жок. Мындайлар качан да болсо, кара курсактын айынан кайда болсо бастырып кете берүүгө дапдаяр эмеспи? Ким мурун ооз ачса, озунса ошонун көмөчүнө күл тартууга даяр турмак, каруусун казык, башын токмок кылып иштей берүүгө мындайлар баштатан жуук. Малайлык, жалчылык бешенесине жазып койгондой, жетелеген жакка кете берет. Анткени менен мындайлар өзүнчө түтүн эсептелет, үй-бүлөсү бар, өздөрүнчө өмүрө-чөмүрө дегендей кеп. Ошондуктан, алар өзүнчө «түтүн булатып» эл катары эсепке алынганына шүгүрчүлүк кылат. Киренди кирип, бирөөнүн эшигин сагалабаганына ыраазы. Казаны өзүнчө кайнаса болгону. Бир кезде Байтак, баягы байлар өзүнчө бөлүнүп чыкканда кыйкырган эле: «Байдыкы — бир керете да, Байтактыкы — бир керете».

Бу сөз да эл арасына лакап катары небак жайылып кеткен. «Бир керете» дегендин ар кандай мааниси бар. Сөздүн жүйөөсүнө карата мааниси өзгөрө берет. Антсе да, баш мааниси «бай өзүнчө чиренсе, мен да өзүмчө чиренем, өз үйүмдө» дегени, байдын эшигинен оолакмын, өзүмчө үйүм бар дегени.

— Байдыкы — бир кереге да, Байтактыкы — бир кереге...

Байтак муну атайы угуза кыйкырчу.

— Букара мындай чыгып, бир дөбө болгула! Өз керегеңерди көтөргүлө! Оо, боз койдон жоош, көзү туюк журт! Неңди айтайын!

Тиги дөңдө ынак кымызга тоюп, чатырап отурган бай-манаптардын үрөйү учуп, ыктыткааы басыла калчу:

— Оо, шумдук. Кул кутуруп башка чыкканыбы?

— Акыр замандын жышаанасыбы? Суук кабарды айтат. Бүт букараны тууган кылып, бизден жырып кеткиси бар экен го. — Мындай сөздөрдүн далайы айтылат. Бай-лар-манаптар кооптонушат, ата-бабада жок сөздү айткан Байтакка ызырынышат.

— Акаарат кылчу болду. Айбатын кантесиң, чириктин.

Ага Байтак болчубу, өзүнүн адам экенин айкын сезген эркулуң башкаларды да ошого үндөйт, өзүнчө таламын талашып камчысын үйрөт. «Атам замандан бери ушулардын таман астында кул болуп, малай болуп келген биз ит экенбиз, болбосо булар деле биздей эле адамдар эмеспи» дегенди ойлоно калып, өзүнүн жарык дүйнөгө өзүнчө тагдыр менен келгендигин сезип турган Байтак жаман атын өкүрөңдөтүп аркы-терки чабат:

— Байдыкы — бир кереге да, Байтактыкы — бир кереге...

Бу сөз элден элге жайылып, күлкү менен айтылса да, анын мааниси тереңде жаткандыгын ар кимдер баамдай беришет, кандайдыр бир жетине албаган сыймык менен баш көтөрөт.

Анысы чын да.

Бирок, мындан артыкка бара алышпайт, анын жолун да билишпейт, кыргызчылыктан чыгып калабызбы деп кооптонушат, же ынтымактан чыгабызбы, ата салтын бузбайлы дегенге байланып жүрө берет. Эң эле мыкты дегендери белин байлап, өзүнчө түтүн болгонуна корстон. Бирок, өзүнчө түтүн болгондун «түтүн салыгы» бар, «кошумча», «журтчулук» дегендерине да жүрүшү керек. Айласы не? Баарына кайыл. Тапкандарын берип, журт басты болгондугуна ыраазы, катындардан бетер. Ошону менен кара башы жипсиз байланып, байдын тегерегинде жүрө берет. Антсе да түтүн булаткандын тууган-туушкандары, коңшу, колоңдору, өзүнүн ымаласы бар. Айлы бар.

Ал эми кара башынан башка эч нерсеси жоктор да бар эмеспи? Булардын айласы не болот? Аларга баары бир: курсагы тойсо болгону, башка менен жумушу жок. Курсакты кампайтуу да чоң олжо. Анын амалын жакшы билишет. Себеби, айыл болгон соң, күнүгө мал союлбай калбайт: бүгүн биерде, эртең тиерде дегендей. Ошондо кайдан-жайдан келгенин билбейсиң, баягылар казанды ээлешип, кемегенин башында жүргөнүн көрөсүң. Аларга ишаарат гана керек: малды айттырбай соёт, отту айттырбай жагып, этти айттырбай бышырат. Өзүнүн казанындай ээлейт, бардыгын айттырбай кылат. Азыр биерде, анан тиерде, ошентип кыдырып жүрө берет, аны эч ким да өгөйлөбөйт, өөнсүнбөйт, а турмак, кадыресе көнүмүш иштей көрүнөт. Эгер кокус бири жок болуп калса, кемеге көркүнөн кеткенсип:

— Кап, тиги казанды ким тазалайт? Бок-жинди ким артып, ким төгөт, эми? — деген сөздөр чыгат. — А, байкуштун кешигин Балтек жейт экен го.

— Өзүмө тийбеген өзү менен кайнасын,— деп башка үйгө кетип калган неме өзүнчө күбүрөнөт.

Түтүн эсебинде турмак, киши эсебинде жок мындайлар кайсы айылда болсо бар. Буларды кайда алпарып тыкмакчы?

Байтактар мына ушуларды таразага салып, акылдан өткөрүп жатышты.

Антипсе да, азырынча бай-манаптардын көзүн карап турууга мажбур экендиктерин сезишти. Кыйласы «күр» этип, байлардын ыгына кирип да кетишти. Кара жандын айынан ушундай болгондугун эки жак тең сезип турушту. Бир жылчык болгон күнү эле букаралардын чыга бераэрин тигилер да сезип турду. Азыркы букаралардын баш көтөрүп, ойгонуп калгандыгы айкүнөө жумуш болучу...

* * *

...Айылдын бет мандайында бир канча жаман боз үйлөр турат. Өсүмдүгү өлүңкү, жери жансыз, адамдары куучугуй келген бу айылды айыл деп атай турган болсок, ал баягы Байтак баштаган букара кара тамандардын айылы эле. Айылдын тегерегинде өкүргөн өгүздүн, же мөөрөгөн уйдун табышы билинбей кудум бейит сыяктанып, көзгө өтө эле комсоо көрүнөт. Анткени, булар кун төлөй-

бүз деп, колдо бар малынан түгөл ажырап, эки колун мурдуна тыгып, түктүүдөн түгү калбай, ушул манап айлына ыктай көчүп келүүгө мажбур болушкан. Тиги даңкайган аппак үйлөрдөн корунгандай жаман алачыктарын суунун чыгыш өйүзүнө тигишкен. Букара алы менен күчтүүлөргө кол салгандыгы үчүн чиркөөлөнүп, манап тукумдарын өйдө карай албай, элден обочолонуп ошо жакка конушкан. Төбөсү жайлоо, төшү конуш дөөлөтүнө чиренген манап тукуму. Үрпүн тартып, көзүн карашкан малдарынан биротоло тыйпыл боло жаздашкандардын көбү, эми манап тукумунун көзүн карап, эртеден кечке чейин эңкейген карысынан эмгектеген баласына чейин ошолордун кызматында. Эми, манаптардын чеңгээлине биротоло түшүшкөндүгүн чындап билишти.

— Ушундан көрө башка жакка кетелик,— деди Доолдак Байтакка бир күнү.

Узакка кеңешишти...

— Мен мурда эле шаарга кетелик деп айтып жүргөм, шаарга баруу керек. Кызмат табылат. Анда да биз сыяктуу кедейлер көп. Ошолор менен жакындашалык. Байлардан пайда жок,— деди Доолдак.

Ал анан тиричиликтен кеп салышты.

Байтак көпкө тунжурап унчукпай отурду. Нечен жылдан бери көргөн азап-тозокторун көз алдынан чубатып отурган түрү бар...

— Кетсе кетелик,— деди Байтак акыры: — Капыктап жыйганыбызды, минтип чөмүчтөп төгүп жибердик. Адегенде Чакинин журтчулук салыгы деп, түтүн башына бир-эки сомдон пул бердик. Анан Төрөш өлгөндөн кийин парага деп да, башка чыгымга деп да, жыйган-тергенибиздин түрөсүн түгөттүк. Анан кун деп акыркы саапыбыздан айрылдык. Ителгиден корголоогон карга кебетеленип, Чакиге жамынабызбы деп барсак, анын кылганы бул. Акыры кайра буга келсек, жеткен колу чүрүш немелер экен: саанга да мал бере турган түрү жок. Мен булардан алда качан эле түңүлгөм. Жакшылык күтүп болбойт бай-манабыңан. Аны өз башыман өткөрдүм. Бирок, булардын «заман бузулуп кетти» деп үрпөңдөшүндө бир кеп бар. Мына, баягыда Быядүрдүн айтуусуна караганда, айтор бир алаамат болчудай. Тиги түпкү Рассийда мужуктар көтөрүлүп жатат дейт го, падышага каршы. «Алдыбыздан бир өрт чыккан турат» деп, тиги Чакинин наалышы да бекер эмес. Айтор, жан уяда турса, дагы көрө жатаарбыз. Буларды имерчиктегенден пайда жок: андан

көрү сен айткандай бир жакка кетели. Бирок, алыс кетпейбиз, тууган-туушкан деген бар.

— Кайсы тууганды̆н казыгына байланмак элек?

— Бар тууган жаныбызда го? — деди Доолдак.

Байтак ойлуу отуруп, бүт сырын айтты:

— Итинен кык талашкан жүрөгү дүлөй бай-манаптар менен биротоло ит арка болуп тынышканыбыз жакшы. Ат дагы чалгындап оттойт турбайбы? Ошо малча жокпузбу? Эртең таң супа салып атканда төмөнкү Бишкек калаасы жакка жөнөйлү.

Бирок, адегенде байкап, чалып келели. Анан гана ылайыгы келсе, быйылча он чакты үй калаадагы орусту жамына көчөлү. Калган эл бу жердеги мал-башка, аз да болсо айдалган эгин-тегинге көз болсун. Бардыгыбыз жалчы, малай болгондон көрө, ошо жакшы. Бизге да теңирибиздин чачкан таруусу бардыр. Ошону терип жейлик. Чычканга кебек алдырбаган немелерди качанга чейин имерчиктейбиз? Ал жакта орустун мужугу бар. Орус журту кайрымдуу журт деп угабыз. Этек-жеңи жайылган ак көрпө журт деп айтышат. Анын четин өзүбүз да көрүп жүрбөйбүзбү? Мынабу, менин Быйодор тамырым ошо жакка баралы деп жүргөн. Ал өзү уста. Жок дегенде ошого барскан чаап бергенге жарабайбызбы? Биз мына ошол орустун мужуктары менен кол кармашалык. Падышага каршы түп көтөрүлө чыга турган болуп жатышат дейт го, айтымга караганда. Анан ошондой эл оңойбу? Улуу журт турбайбы! Ошону ээрчисек бир жакшылыктан чыгарбыз. Алыс көчкөнүбүз болбойт. Жер сиңип кеткен жети атабыздан, желини сүттүү куу инген энебизден ажырап, кайда бармак элек?

Таң куланээк сала бергенде эле үлп эткен желге куюндай саңырылган чапчаң Байтак Доолдак менен Баракбайды ойготуп жол камына шаштырган.

Жолго чыгышты...

— Букара топ чилдей тарамак болдубу? — деген Доолдак, көзүнө жаш алды.

«Баа» деп жарык дүйнөгө келгенде эле маңдайына жазып койгонбу? Чарасы не?

«Ал жакта суутуп тургандыр! Шөмтүрөп кайра келбесеңер болду!» деген үн, Байтактын кулагына шак дей түштү. Тиги дөңдөн чыкты. Айласы не? Укмаксанга салып, кашаң атын теминди.

Доолдактар көздөп чыккан алды жактагы эңкейиш тартып суналган түптүз талаа багытында мал-жандын

караапы байкалбайт. Тээтиги балык жон тарткан кырдын аягында гана сук жорулар негедир айланып турушуптур. Тарпты көргөнбү? Андан башка бидирек жок, айлана күн нуруна ыксырап талыкшып жаткандай туюлду.

— Капырай! Бүгүн күн чыккандан эле чычаласын кармана чыкты! — деген Доолдак терин аарчына калып ойлуу келатат.

Оо, бир топ жол басышкандай болду. Бекеттин караапы көзгө илинди. Ошонун бери жагында көч келе жаткансыды. — Быйодор болбосун? — деди, Байтак. — Ал баягыдан бери жок.

Федор үй-бүлөсүн таштап, айдоо менен чөп чапканга шайман таап келүүгө шаарга кетип, ошону менен жогору чатактарда болбой калган. Ошондон бери кабар жок эле. Байтак ошону ойлоп санааркай берди.

Жамандыр-жакшыдыр өзүнүн көнүп калган туулган тоосунан ажырап, күнүмдүк тиричиликтин артынан кетип бараткан Байтакка алдыдагы тиричилик чынында эле кандайдыр бир чоочун, кандайдыр бир купуя эмеспи? Көндүм ой-кырынан алыстаган сайын жүрөгү куушурулуп, арманы артып баратканчсыйт. Бир туруп сыртын салып мисирейген заңкайган тоолорду тиктей калса, бир туруп, жаман атын чандырга чаап арт жагында өңкөңдөгөн тууганарына көз чаптырат. Аларды арка тутат, бел тутат. Күч билекте, жан уяда турганда эптеп жансактаарбыз деген ишеним менен жакшы үмүттү ээрчип келатат. Эмнеси болсо да карды салык байлардан, кабыргалуу бийлерден тышкары турсак дейт. Бирок канчалык кайрат кылган менен эзелден көнгөн элинен ажырап, калаа көздөп баратканына кээде ичи ачыша калгансыйт. Кандай күндөргө туш болобуз дегенсип, тымызын санааркайт. Кабыргасы кайышкансып, ичи бук болуп алкымдан алган тиричиликтин жетегинде кетип бараткан Байтакка жашоо супсак тартып, өмүрдүн кереги жоктой сезилип кетти...

Андан калса бою балкып балбылдаган жайкы күн, ошончо күндөн дал ушу күнү өчү бардай так төбөдөн таамай тийип теребелди кууруп бараткандай тызылдатат. Барган сайын жалындуу илебине бүт боюңду чымырата арбай берип, денедеги акыркы ачуу терлерди сыгып жаткансыды. Зыңылдаган баш коргошундай салмактанып, чыкый дуулдап чыкты. Оздун даамы сезилбей өңгөч кургап, денени кан тээп бараткан сыңарында көөдөн куушурулгансыйт. Андан-мындан жеңил дирилдеп каада менен

маалката-маалката жорто калуучу закым желдин куйругу да, терчил денени бир паска серүүндөтө коюп ойт берет.

Тээ-тетигинде бопбоз болуп көңүлсүз бозоруп турган бөксө тоолордун күңгөйлөрүндөгү эрте чыгып, эрте кургаган чырымтал өсүмдүктөр да, өзүнөн өзү тутанып кетчүдөй уламдан-улам куучуюп бараткансыйт. Күн нуруна чагылыша түшкөн каректеги кандайдыр бир жыбыраган шакек сымал закымдар заматта көзгө илээше калып кетип жатты. Ак сымаптай чайкалып саал бозомук тарткан асман бетинде аппак боорлуу чабалекейлер гана тартипсиз зуулдабаса, андан башка көзгө илээшчү нерсе жок. Теребел барган сайын чакчая тартып, көз жеткен жердеги кылаңдар суюлуп баратты. Демейде жаагы тынбас көлчүктүү шалбаадагы бакалардын чардаганынан да кара теке сүзгөнсүп дайын жок. Ыңылдап учкан саратан коңузунун дабышынан башка ың-жың билинбей, айлана бук болгондой томсоруп турат.

Алды жакта кылдырап бараткан бейтааныш адамдын жаман арабасынан чыккан коюу чаң, жалкоо тартып көтөрүлө коюп уюп жатты. Анын артынан илкий бастырган Байтактын кулагына арабадагы аялдын акырын созолонткон арманга, тилекке толгон муңдуу обону илине калды. Жүрөк кылдары берене болуп дирилдеп, сезимди селт эттирди:

Адыр бир, адыр, адыр тоо,
Арсайып турган аска-зоо,
Томсоруп турган жеримди,
Боздотуп байкуш элимди,
Каршыккан жагын сулатып,
Болду го байлар калың жоо!
Көбөйтүп малын жайытта,
Урушпай койсо, не болот?
Журт менен журт жоолашып,
Кагышпай койсо, не болот?
Эзелтен бери кайгылуу,
Замандын койну тар экен!
Өзөгүн өрткө алдырган,
Кедейдин көөнү зар экен!
Көгөрүп жаткан кең асман,
Сурданган бийик Ала-Тоо!
Элиңди куубас койнуңдан,
Көшүлгөн заман бар бекен?!..
Көшүлгөн гана заман бар бекен!..

Кайгы бездерин сыгып алгансып, тып басылды. Жоолугунун учу менен көз жашын сүрттү да, жандай бастырган Байтак тарапка:

— Ушинтип эле куурал ырын ырдап жүрүп өтөбүзбү,

же жыргал ырын ырдаар күн да келээр бекен? Өксүгөн дүйнө, аай! Өзөгүбүздү өрт каптады го? — деп үн катты.

Аялды аяп кеткен Байтак ага кылчая калды да:

— Батаар күндүн да, атаар таңы бардыр! — деп, алдыда суналып жаткан узун жолдун учун карана берип, калаа жакка көз чалдырды...

Анча деле көп узабай Байтактар бет алдындагы көчкө жолугушту. Мына кызык! Эң алдыда чуркап чыкканы Федор экен.

— Салам... Салам! Мына жаңы туугандарды кабыл алгыла! — деди ал энтигип.

Байтактар бу көчтүн жайын түшүнө алышпады. Үстү чатыр менен жабылган арабалары, анда бала-бакыралар менен бирин-серин аялдар. Калгандарынын көбү жөө чубап келатышат. Эркектер атчан. Бирөөнүн жонунда мылтык. Орустар турбайбы!

— Буларды мен ээрчитип келатам. Тиги ичкерки Россиядан келгендер экен. Келгендерине көп болсо да жери жок темселеп калышыптыр. Анан мен, эмнеси болсо да, быякка алып келе жатамын. Калганын жай түшүндүрөм. Кана, кабыл аласыңарбы?

— Ыдырастый! Ыдырастый! Куш, келиңиздер!

Байтактар аттан түшүшө калышты. Тигилер колдорун сунуп, бирдемелерди айтышып, бери басышты. Айтор көрүнүштөрү жүдөө болсо да, өңдөрүндө жакшылыктын жышаанасы бар сындуу.

— Оо, жаңы туугандар турбайбы! Тагдыр буйруп, узун жол үстүнөн кошулдук! Жолубуз шыдыр жана бирге болгусу бардыр! — деди Байтак кучактап учурашып. — Булар да биздей бир шордуулар көрүнөт.

Байтактар кайда кетип бара жатышканын айтышты эле, тигилер бир ооздон турушту:

— Шаарда жумуш жок экен, болсо да бекер. Өнөр жай ишканалары жок турбайбы.

— Болсо, биз эмнеге быякка сандалат элек. Биздей сандалгандар шаарда иш табышпай самсып жүрүшөт, ар кайсысы кулактарга жалданып жатышат. Алар тамагы үчүн, жан өлбөстүн артында жүрүшөт. Бекер ишке кыныккан тигилер оюндагысын иштеп жатышыптыр. Жакында бу жакка темир жол салынат дешет, дагы ишканалар ачылат имиш. Ошондо болбосо, азыр шаарда жумуш жок.

Ушуну менен Байтактар жаңы туугандары менен кошулуп кайра тартышты...

Келгендер орус менен украиндыктар экен. Кыргыздар аларды «жаңы туугандар» деп атап алышты.

Сакал муруту бөтөнчө узун жайдары мүнөз орустун аты — Иван. Тамекисин тартып, келген жөнүнөн түшүндүрүп жатты. Эки ортого Фёдор тилмеч болду.

— Биз быякка жыргаганыбыздан келген жокпуз, кара жанды багуунун айласы да. Мен Воронежден келдим. Кулактар менен помещиктердин азабына чыдай албай көз көрүнгөн жакка даяр элек. Ошо учурда «ашык жерлер» бар, ошо жакка баргандар жыргашат деген сөз тарады. Ар ким Сибирь, казак, кыргыз жерин көздөй жөнөштү. Чынын айтуу керек, мен өкмөттөн ссуда алып жөнөдүм, быякты көздөй үй-бүлөм менен. Катын-бала, төшөнчү, мал-жан менен сапырылып жөнөп калдык. Мал салуучу вагондорго алып келип тыкты! — дегенде эле, бир аял ыйлап барып тыпырап жатып калды. Көрсө бул, ошол Ивандын аялы экен. Араң эс алдырышты.

— Мына, менин бир кызым жолдо калды! Он үч жашар эле... Аялым ошонун күйүтүн катуу тартып, акыры минтип калды. Талма ооруга жолукту, нечен күн жол жүрүп мал-жан, көрпай-жарпай менен аралаш жатып жүрүп акыры бит-куш басып, оорулуу болдук. Кызым да ооруп калды. Мен кызымды жакшы эле көрсөтпөй катып жүрдү элем, бирок билип коюп, «келте оорусу бар экен, башкаларга жугат» деген бойдон чырылдатып туруп, бир станциядан алып калды. Айлабыз не?

Тамекисин бурулдатып, көз жашын сүртүп жиберип, мурдакы сөзүн жөнөтүп жатты:

— Ошону менен быякка келсек, баса «Луговое деген станцияга жеттиңер, мындан ары темир жол жок, каалаган жериңерге өзүңөр баргыла» деп түшүрүп таштапты, ачык асмандын алдында. Анан салпаңдап быякка келсек, «силер эмес, силерден мурда келгендерге ашык жер таап орундаштыра албай жатабыз, эптеп оокатыңарды кылгыла» деп чендерине жолотушпайт. Чынында эле ошондой экен. Далайы батрак болуп, кулактарга кире качышыптыр. Жердин бардыгын кулактар ээлеп алышыптыр!

— Ой, алар бу жерде ээн жердин бөрүсүндөй жойлошот! — деди Доолдак.

Кашы, көзү каралжын келген үнү жоон киши:

— Менин фамилиям Петренко — деп таанышты. — Львов деген шаардан келдим. Бул кишинин көргөнү — меникинин жанында анчейин бир кеп! Мен ссудасы жок эле, бу жакта «ашык жерге туйтунасыңар» дегенинен

башкалар менен бирге былтыр эле келгенмин! «Сага суутуп койду элек! Эй, жапайы!» деп шылдыңдаганын айтпай эле коёюн! — деди да, анан сөгүнүп жиберди... — Бети курусун, бу кулак, төрөлөрдүн. Үч ай талаада сандалдым!.. — Дагы сөгүндү. — Жазбаган арызым калган жок, бирок натыйжа чыкпады. Акыры былтыр кыш түшөөрдө кулакка жалдандым, мага быйыл жер беришпеди... Мына болгон тарых!..

— Бу эмне, улам эле бир сөздү айтып, анан колун силкип калат? — Баракбай Федордон сурады.

— Каргыш айтканы. Байлар кокойүнө тийген да...

Адатынча ийнин күйшөгүлөгөн Баракбай түшүндүрүп жатты.

— Бу жакта ашык жерлер бар деп падышанын төрөлөрү башында эле жаңылышкан — кыргызды эл катары көрбөгөндүктөрүнөн ошентишкен. Болбосо анча деле ашып-ташып кеткен жер жок быякта. Мына, карап көргүлөчү, мисалга тетиги төмөн жакты, бир караганда эч нерсе көрүнбөйт, суналган эле талаа. Чынында ал жер азыр бош көрүнгөнү менен жазында анда мал төлдөйт, жайында жайлоого кеткен мал, ал жерге күзүндө түшөт, кышка чейин ошондо болот. Айдоо жерлердин көпчүлүгү да ошондо. Кыскасы, кыргыз малын жыл мезгилине карата бардык жерлерге кыдырата оттотот! Мал туягы тийбеген жер калбайт. Көчмөн турмуштун ушунусун тиги төрөлөр билбей эле, бош жерлер экен деп түшүнгөн!

Андан кийин жаздоо, жайлоо, күздөө, кыштоо деген кандай боло тургандыгын жерди чийип көрсөтүп түшүндүрүп жатты. Федор которуп берип турду.

— Жерди кызганып жатат деп ойлобогула, чынында ушундай,— деди Байтак да. — Бирок балээнин бардыгы ошо жерлерди ээлеп тургандарда! Аны бөлүштүрүүдө! Жерди малдын санына карай бөлүштүрүү — кимге пайда?! Албетте, малдуу байларга пайда! Ал эми малы жокторго, жер да жок!

Петренконун үнү жоон болгондуктан, ошо жерден эле «дарылдак» деп ат коюп алышты, ошо күйүп-жанып далилдеп жатты, уламдан-улам, кимдир-бирөөлөрдү өзүнчө сөгүп, сөөгүнө өтүп кеткен болуш керек, тим эле жанын сабаган түрү бар.

— Жаңы жерлердин бардыгын мурда келишкендер ээлеп алышыптыр! Болгондо да бир деген мыкты, сугаттуу жерлерди ээлешиптир. «Бизди тоого сүрүп ташташтты» дегениңер да ошондон. Алар бат эле кулак болуп ба-

йып кетишиптир, оокаттын көзүн билген немелер. Анын үстүнө шаймандары да бар. Падыша өкмөтү аларга ссуда да берген, бир нече жылга ирденип алганга салыктан да бошоткон. Ошону ойлошкон, өздөрүнө тирек издешкен. Мына, мен былтыртан бери Тимоха деген кулактын колунда бир жыл чайналдым. Иштебеген ишим калбады. Анан квартирага, жарыкка, отунга ж. б. төлөйм. Ошону менен, минтип чыга бердим бекер иштеп берип.

— Сугат жерлердин бардыгын бай-манаптар аларга арендага сатышып, акчасын өздөрү алышты. Эми булардан кутулуунун бир гана жолу бар. Орусча крестьян болобуз, жер бөлүп бериңиз — деп арыз жазганбыз, ага жооп келе элек. Крестьян болгондо кыргызча «түтүн салык», «журтчулук», «кошумча-селбик» дегендер болбойт жана бай-манаптардын колунан бошойт экенбиз,— деди Байтак. — Кыскасы, орус дыйкандарынын катарындагы укукта болот экенбиз. Муну билген бай-манаптар бизге каршы чыгып жатат. А себеби эмнеде? Себеби, алар жерге деген укугун жоготот, мурдакыдай сатып, же арендага бере албай калат, ал жер дыйкандын колуна өтөт биротоло. Байлар малдарын да мурдакыдай кылып откоро албай калат. Анан баселке болгондо биз бай-манаптардын колунан чыгып, орус бийлигине өтөт экенбиз. Ошону менен, алар ар кандай «журтчулук» менен дагы башка кошумча чыгымдардан биротоло кутулат экенбиз. Падышанын салыгынан да, кыргыздардын ойлоп тапкан салыгы кабыргабызга өтүп баратат. Крестьян болгондо ар ким өзүнчө кетет, мурдакыдай бай-манаптарга түздөн-түз малай, же жалчы, батырак болуудан кутулат, аларды шайлоого да катышпайт, кыскасы таасиринен алыстайт. Мына ошондуктан гана, алар биздин отурукка жин тийгендей каршылык кылып жатышпайбы? Бирок, биз кандайда болсо, өзүбүзчө крестьян болобуз. Силерди кошуп алабыз жана анын жөнүн силерден үйрөнөбүз!

— Жерди кандай кылабыз?

— Бизге тиешелүү мынабу жерлер азырынча толугу менен айдалган жок, айтор таканчыктаар жерибиз азырынча бар. Мына ошолордон пайдалана бергиле! Биздин жер — силердин жер! Жер баарыбызга жетишет! Андан көрү ынтымак керек! Мынабу жерлерди кандай каалаcаңар, ошондой пайдалана бергиле! Анан биз «крестьян болобуз» деген арыздын да жообу келип калаар! Өзүңөр да арыз жаза бергиле! Силерди кантип талаага таштайлы! Силер да биздей бечара экенсиңер, кантип кыйып кетели!

Коюн-колтук алышып, илик-жармаштташып жансактайлы. «Эки жакыр — бир тукур» дегендей бололу. Калганын көрө жатарбыз.

Байтак жаңы тууғандарга ушуларды айтканда тигилер ыраазы болушкандыктарынан көздөрүнө жаш алышты. «Рахмат!» «Рахмат» деген сөздөр кайталана берди.

Анан Байтактар өз абалдарын түшүндүрүп жатышты...

Жаңы туугандар кантсе да кыргыздар мындай кылышат деп күтүшкөн эмес. Чындыгына көздөрү жеткенден кийин, аябай ыраазы болушту. Жаңы келгендер өздөрүнчө чогулушуп сүйлөшүп отурушуп, анан Байтак баштаган кыргыздардын алдына келишти.

— Мына! Бизде беш жүз сом акча бар экен! Ушуну алгыла. Өз жериңерге ортоктош кылганыңарга ыракмат! Бизде эмне болсо, бардыгы силердики! — деди Иван менен Петренко бири-бирине удаа. Байтак акчаны алды да:

— Мен муну өзүм сиңирип жибербейм, бул ушул бардыгыбыздын ортобузга тийиштүү акча болсун. А, балким, айласыздан улуктарды паралоого туура келээр. Кыскасы, эң керек деген жалпы мүлккө гана жумшайбыз! — деди.

— Аа, баракелде! Тиги жаңы тиричиликке жумшайбыз бу акчаны!

Тамактар жакшылап желинип бүтүп, бардыгы ыраазы болушту. Тигилер кыргыздын «бешбармагына» таң калышты. Кыскасы, далай тамашалар айтылып жатты. Бардыгын которуп берүүгө Федордун шайы келбеди. Акырында эмки тиричиликтен сөз салышты.

— Азыр дагы эле болсо, жер айдоого кечтик кылбайт. Арпа айдаса болот. Ал бат бышат,— дешти кыргыздар.

Ошону менен ортоктошуп, эгин айдамай болушту. Бардыгын өлчөп, эсеп менен жүргүзүштү. Биринде жогун, бири бермей болушту.

— Биз азыртан кирпич куюп, жапма там салууга киришебиз. Азырынча барак салуу керек. Бир аз жылга. Анан ар ким өзүнчө там салат. Тиги баракты кийин мал короо кылууга болот. Азыртан бак-дарак, мөмө-жемиш тигүү керек. Мына ошондой болгондо бул жерлер биротоло журт баскан кишиникиндей болгон соң, аны эч кимдин алууга укугу жок болуп калат,— деп айткан кишинин акылын бардыгы туура көрүштү.

— Чынын айтуубуз керек,— деди Иван,— ушу баарыбызда беш мылтык бар экен! Өкмөт бизге жолго акча бербеген менен мылтык берген. «Силер ушу мылтык ме-

нен барсаңар, кыргызды коркутуп жерин ала бересиңер!» — деп муну арзан баа менен саткан. «Анын үстүнө ошо кыргыздар силерге кол салышат, алар биз менен өч», дешкен. Көрсө, бардыгы ушак экен!

— Ал эми кыргыздын байлары болсо, «силер орус болуп кетесиңер», деп бизди кайрап жатышат, силерге каршы тукурушат! — деди Доолдак. — Бу мылтык дал ошондойлордун өзүнө карата атылат! — деди Байтак.

— Ай, аксакал, ай! Ушу шашмалыгыңыздан биротоло жок болуп бүтөбүзбү! Кайдагы бир жамандыкты айтып! Мылтыкты эле түтөттүрүп басып жүрөсүз! — деди Доолдак кейип. Жанатан бери өзү сүйлөбөй бирөөлөрдүн сөздөрүн которуп жаткан Федор айтты.

— Мен, Байтак досумдун «улуктарга пара беребиз» дегенине кошулбайм. Аларга пара түгүл, бака жок! Алар ошентип кыныгып алган!

— Абдан туура! Буларга мылтыктын оозу менен гана сүйлөшүү керек! Тиги ичкерки Рассияда ушундай болуп жатат. Столыпин реакциясы канчалык күчөгөн сайын, падышага каршы көтөрүлүштөр да ошончолук күчөп келген эле. Эми жакында падыша Германия менен согушат деген кабар бар. Ошону менен өлкөнүн ичиндеги көтөрүлүш, чатак, жаңжалдарды баскысы келип жатат падыша. Элди тап күрөшүнөн алаксытып, бүт улуттун башына түшкөн алааматты бетине кармамакчы! Бирок, большевиктер партиясы баштаган күч бар! Ал акыры жеңбей койбойт! Анткени, чындык алар тарапта! Чындыкты жар чакырып, күрөштүн артынан түшкөн кишилер бар! Мына, быйыл «Искра» деген газета чыкты, бу биздей кембагалдардын таламын талашат. Ошонун учкунунан жалын тутанат! Ал падышачылыкты ойрон кылат. Большевиктер ушуну айтат жана ушу күрөшкө үндөйт. Биз кайсы жерде болбойлу, колдон келишинче, ошого кол кабыш кылышыбыз керек! Большевиктер уюмунун бир бутагы Пишпекте жакында эле уюшулуптур. Биз акырындап, ошо менен байланышыбыз керек! — деди Иван.

Бу сөздөрдүн маанисин Федор кыргыздарга жөнөкөйлөтө түшүндүрүп берип жатып чарчагандай болду окшойт, тердеп да кетти.

— Кээсин түшүнбөгөнүм менен түп маанисин ачык туюп турам. Чынында, бул айтылгандар ар кимибиздин жүрөгүбүздө уюп жаткан дарттын дарысы турбайбы? Бу бай-манап, төрө-кулактарга айбаттан өтөөрү жок. Муну көр турмуштун өзү көрсөтпөдүбү?! Булар менен күрөшө

жатып, жан бергенден тазасы жок! «Койчо онтоп өлгөнчө, эчкиче маарап өлгөн артык» деген сөз бар кыргыздарда. Бул акыйкат сөз! Качанга чейин булар бизди малча айдап жүрүп өтөөр экен? Кези келээр бир күнү! «Орус келди — ырыс келди» деген сөз чын экен. Чекесин көрдүк. Улуу журт менен бололук! Көөдөнүнө ыза толуп, шакардай кайнаган кекке уугуп калган Байтак акыл токтото калды да, мурда болбогон кандайдыр бир салмактуулук менен жанындагыларга жүйөө айтып жатты.

— Эл ичи — алтын бешик! Эл менен бололук. Бир жакшылыктын үстүнөн чыгаарбыз. «Эл таянган — төш таянат, мал таянган — жер таянат» дешчү илгертен. Биз мына ошол алтын бешик элибизди аркалайлы. «Төштүгүнөн айрылып, эл жаңыраар! Төшөгүнөн айрылып, жер жаңыраар!» Эзелден ушундай эмеспи! Биз да ушундан тайбайбыз! Мал таянган иттерди ошондо көрө жатаарбыз!

— Туура, сөздүн бабасын айттыңыз! — деп коштоп калышты: — Зулум турмуш кадам сайын тузагын тартты! Бу тузакты үзүп жүрүп өмүр өткөрдүк! Тузагына өздөрү түшөөр күн келээр — деген Байтак асманга көз чаптырды.

— Көгөргөн көк астында баары өзгөрөөр!

...Суйдаңкы тартып кубаңдаган ала булуттар кылкылдап батып бара жаткан жыртык күндүн акыркы алсыз нуруна чагылыша, батыш тарапты кызгылтым шоолага чулгап жиберди. Бара-бара көз жеткен жердин чегинде араң гана кирпигинен илинип турган жылтыраган күндүн чети да асман супурасынан биротоло кулап кетээринде жанатан бери узарып бараткан көлөкөлөрдүн дайны билинбей, бир паста изи сууду. Күндүзгү ысыктын жер бетине сиңген чыйрак деми бир аз тартыла түшкөндөй, билинер-билинбес көтөрүлүп айлананы чайып баратты. Талаа-түзөңдөргө түшкөн тегиз көлөкө, күүгүмгө баш коюп калса да, тээ түштүк күн жүрүш тараптагы заңкайып кыркаар тарткан тоонун кылда башындагы мөңгүлөр, көрүнбөй калган күндүн кыйгач тийген кубаттуу нуруна экиленип, жаркыраган алтын таажысын айгине кылып шөкөттөйт... Андан берки үзүктөй-үзүктөй булут арасынан бирде көрүнө калып, бирде көздөн кайым боло, тизмек менен кыркаар тартып чыгышты көздөй каалгыган канаттуулар бара-бара коюу караңгылыкка сиңип кетти...

Дөңгө чыга калып, Байтак черин жаза бир кыйкырып алды.

— Батаар күндүн да, атаар таңы бардыр!

# БҮТҮМ

*(Новелла)*

Айылдын ортосундагы дөбөчөдө жети-сегиз киши менен мандаш токунуп чирене отурган, бөдөнө куйрук сакалы бар Бердиш деген ушул жердин билерманы аталган карыя, колундагы ичкерээк келген көк чыбыкты сылай кармап кастарлагансыйт. Анткен жөнү: эзелден келе жаткан адат боюнча бирөөнүн ишин карап, бүтүм чыгараардын алдында чыбыктын эки учун даттангандардын колуна карматып туруп, ортосунан өзү кестик менен кыя кесип, ошону менен «бүтүм бүттү» кылат.

Бүтүм акысы унутулбай калсын: чечилген иштин салмагына жараша «баланчадай болсун» дегенди көбүнчө өзү айтат. Адатта бирөөгө «бир тогуз мал» кесе турган болсо, бирин өзүнө ыйгаруучу. Албетте, өзү менен кеңештештабакташ кишилерин да алдыга келген олжого карай, ыроолой жүрүшү парыз. Антсе да, Бердиштин соңку кездерде алкы бузулуп, эч кимди кеңешке албай тебенээк тартып бара жаткандыгы отургандардын бардыгына маалым. Ошо себептен тийиштүү шыбагадан шыпырылып калгандар Бердишке салкын тартып, ыгы эле келген жерден ага чалма сала башташкан.

Азыр анын алдында Байет деген бай менен Кулет жакырдын чатактары чечилгени турат.

Бердиш чыбыгын жети өлчөп, бир кесчүдөй болуп нарыбери салааларынан сойлото отурду да, бир оокумда аны таштап, теспесин алып тарта кетти. Улам тогузду тарткандан кийин бир аз ойлоно калат да, кайра тогуздап отуруп, төрт ирет төрт тогузду тарткандан соң токтоп калды.

Күүгүмдөгү үкү көздөнгөн жыртак чал, баамчыл белем:

— Төрт тогуз мал бүтүм чыгарат өңдөнөт, теспесин тогуздап төрт жолу тартканына караганда,— деди шыбы-

рай берип, жанындагы ашуунун белиндеги өгүз өңдөнүп, энтигип отурган семиз кара кишиге.

— Ичине кирип чыккансып сүйлөйсүң да, тим эле тартып жатпайбы.

Бердиш теспесин чын эле жайлап тартып калыптыр.

— Көрдүңбү, эми теспесин: «алсам — бербесем», «алсам — бербесем» дегендей кылып тартып жатат,— деди жыртак чал.

Тигилердин күбүрөшүп жатканын сак кулак Бердиш баамдай калды окшойт:

— Тек отургула! Силер андай кеңештеш болсоңор, мына бул Байет байдын арыз-муңу бар экен, өнөрүңөрдү ошондо көрсөткүлө! — деп чакчаңдай калды да, анан үнүн басаңдатты:

— Ай, агайындар! Ачык айтайын, менин алдыман бууп, артыман кууп жүргөндөр бар экен. Сары изиме чөп салып, кыя бастырбай тоорушчу болду. Тооруганы ушу, жаман ооздор «Бердиштин пейли бузулду, бийлик бүтүмдүн бийлиги үчүн түшкөн малды жалгыз өзү жечү болду, антип-минтти» деп жүрүшөт окшобойбу. Оо, парпардигер! Чет-жакалардан үзүлбөй келип туруучу кадырлуу мейман-ысмандарды мен тосуп, мен коноктоп, ырым-жырымы менен жөнөтөт экемин: мейман дегениң тамагын байланып, төшөнчүсүн көтөрө жүрбөйт экен, ага мал союу керектир, конок каадасын кылуу парыздар, кур чыгарбай алдына ат тартып, артына чапан жабуу милдеттир. Ал эми биздин айыл-апага караштуулардан чогултулган «журттун журтчулугу» деген түтүн башынан жыйылып алынуучу салыгыңар неминеге жетет? Мына ушуну ойлогула! Мен элдин камын ойлоп чапкылап жүрүп, туягым жерде калгандай болду. Анан муну билбей эле...

Бердиштин сөзүн жанагы күүгүмдөгү үкү өңдөнгөн жыртак чал жулуп кетти:

— Сен мынча неге наалыйсың? Туягың жерде калып, жер таяна албай калсаң, бийлик тизгинин башка бирөөнүн колуна салып бербейсиңби да, калың ичиктин ичинде ымшып жата бербейсиңби куймулчак жеп, ар кимге док урунбай. Сен бирөөгө ат мингизсең, тон кийгизсең, алар да өз кезегинде сенин алдыңа ат тартып, үстүңө тон жаап жүрүшпөйбү? Же, бизге ошентип жатышыптырбы?

Бердиш ачууга жеңдирип, чычалай кетти да, колундагы теспесин ыргытып жиберип, жыртак чалга одураңдады:

— Менин жумушумду териштиргенди коюп, алдагы сакалыңдын битин терип алсаңчы!

— Сакалга асылба, кусуру урат!

Ошо жерде отурган баарынан улуу айыл аксакалы сөзгө аралашмак болуп, колун жаңсап тигилерди тыйыштырды да, салмак менен таштады:

— Сен чычалаба, Бердиш иним, бу киши туура айтат. Сен өзүңдүн бийлигинди бирөөгө колко кылганыңды коюп жүр. «Журт бийлейм» деген киши журт камына чапкылабайбы? Ушунун өзү да ырыс эмеспи? Ырыс деген да илээшкен кишиге илээшет, жугушкан кишиге жугушат турбайбы, же сендей чечен жокпу? Мынабу ынтыккан каранын чечендиги сенден өйдө болбосо — кем эмес, а бирок бу кургак чечен боюнча калды. Ал эми сенин чечендигиң — сенин бийлигиңде. Бийлиги бар кишинин сөзү — эм. А бирок сөзүм «эм» экен деп эле сен адилдиктен кетип барасың! Аны териштирип отурбайлык — угуп да, көрүп да жүрөбүз. Бийликтеги киши эки үзөнгүнү тең теминген калыс болчу эле, ал эми сен колуң малдын түгүнө урунган жакты карай оодарылчы болдуң, ошону менен өз ырысыңды өзүң тепчү болдуң. Ырысты урунган киши урунат, ырыс-таалай дегениң кызарып турган ысык темирдей, аны да кармаган киши кармайт, ырыс менен таалайдын семиздигин адалдан — кой, арамдан — чочко көтөрөт дешчү эле, ошо сөздө калет жокпу деймъ? Сен да бир көр пенде экенсиң, иним. Кудайдын мөөрүн койнуңа катып жүргөнсүп, дегеле көбүрүп-жабырып көөп кеткен белемсиң? Бирөөнүн сакалына асылыш! Сени бирөө ошентсе айыпка жыкмаксың. Же, бийлиги бардыкы билинбейби? Ал анан акыл жарыштырбай, кеңешип этпей эле, бүтүмүңдү бүтүрө берет экенсиң, айыл аксакалдарына акыл салсаң болбойбу, жанагы өзүң айткан күбүр-шыбыр мына ошондон чымырап келатат, ал анан бир күнү ээ-жаа бербей ташыса, не айлаң бар? Болду, болду, башка айтаарым жок, төрүмдөн көрүм жакын турат, калп айтып не кылайын, болду! Акыркы айтаарым: сен ушу жолку бир бийлигинди сынамакка мынабу наарazы болуп жүргөндөрдүн бирөөнө берип, өзүң калыс болуп турсаңчы, анын үстүнө чилдин арышындай кыска, болбогон бир майда жумуш экен! Болду...

Чалдын жемесин угуп, араң отурган Бердиш чок басып алгандай чочуп кетти:

— Кантип майда болсун! Бакандай алгыр тайган өлүп жатса! Байет байдын датын сиз сиркедей көрүп, сыгып

таштаган турасызбы? Байет Байет башы менен минтип ботодой боздоп отурса... Анын төрдөгү башын көргө сүйрөгөн мынабу Кулет эмеспи?

Ошээрде отурган Кулет дегенге жаңсай берди.

— Сенин бүтүмүңдүн чети көрүнүп калды, иним. Кой, нары. Бирөөнүн датын текшерип, тескебей, калыс таразасына салбай жатып эле, эмитен сырт бүтүм чыгарганы калыпсың. Итине ботодой боздосо Байетиңди анда сен өзүң сооротуп алгының! Мен билген Байет болсо ити эмес, атасы өлгөндө көзүнө жаш алганын көргөн эмеспиз... Сен адил болсоң, итти коюп, кишинин ажатын ачып алчы, кутуруп жүрүп талаада өлгөн итти «бакандай эле, бастандай эле» деп кишиге теңебей... Итке да адамдын ушунчалык мээри түшчү беле? Мен ал иттин бакандай экенин кайдан билейин, азуусун ачып, соорусун сылап минип жүрбөсөм...

Отургандар күлүп калышты. Оңтойсуз абалда калган Бердиш не кылаарын билбей, кудум бөдөнөнүн куйругундай болгон сакалын кумсарып кашына кеткенде:

— Кой, болбой калды, бир жолку бийлигиңди башка бирөөгө бер, тиги аксакал туура айтат.

— Оо, байга боло элек! — деди ушу сөзүн дайыма өнөкөт катары айта берүүчү Кулет.

— Ырас, ырас, ошентиңиз! — деген үндөр чыгып калды.

Жанатан бери тигилерди сынап отурган Байет байдын башынын адат болуп калган калтырагы күчөй баштады:

— Эй, журт! Адат-нарктан кетип бараткан белемсиңер! Бердиштей кара кылды как жарган калысты кайдан табасыңар? Бу бүтүмдү да өзү бүтүрүп, өзү чечсин, жайына койгула! Адилдиктен тайса, анан айтпайсыңарбы? Башкаңар бүтүм чыгарганда болуш мөөрүн баспай койсо, кантесиңер? — деп, дагы бир топ сөздүн башын кайсап жиберээринде, араң турган Бердиш сөздүн аягын аялдабады:

— Мына, ушул кудам туура айтты! — деп капысынан айтып калбаспы.

— Ап, баракелде! — Баягы жыртак чал ордунан оңдоно отурду: — Баарыбыз унутуп жаткан турбайбызбы, мына Бердиш өзү айтып отурбайбы: баса, Байет менен Бердиш экөө бел куда болушуп, баталашып коюшпады беле? Куданын ишин куда тергей албайт!

— Оо, байга боло эле-ек! Дүмүрүн казса болор эле! — деди Кулет көндүм сөзүн кайталап.

— «Бутунан мүдүрүлгөн турат, оозунан мүдүрүлгөн турбайт» дешчү эле го, Бердиш аксакал оозунан мүдүрүлдү,— деди бири.

Бердиштин башы мөндүр соккон ат кулактай шылкыя түштү. Бу жолку бүтүмдү бербеске чарасы калбагандай түрдөндү. Ага да макул эле. Бирок, жарга такалып айласыздан берип, намысы кеткенден көрө башка бир шылтоошыноого жамынып, өз эрки менен берсе го, анда кеп башка эле.

Бердиштин бул оюн жанараак айыл аксакалы «чечен» деп атаган семиз кара киши айттырбай тапты да, сыйдалап сөз жууратын уюта баштады:

— Ак көз, кара көз агайын тууган, айыл аксакалдары Бердиш баштап отурасыздар. Ар ишти адилдик менен чечкен жакшы. Андай болсо, мынабу Байеттин ити бакандай иттен экендиги да ырас эле. Же, мен калп айтып жатамбы? — деп, Байетке суроо салды.

— Сөзүңүздө калет жок! — деп шашкан Байет «иш оңолгон турат» дегенсип башын ийкеп, күлүңдөй берди.

— Аа, андай болсо, бу Бердиш кишини эмес, «бакандай» деп, тигил итти айтты го, чынбы Бердиш аксакал?

— Анан эмне!!

— Бири-бирине жанашпаган ишти жула качып, башкага таңуулай бергениңер болбостур. Эмне, иттин да ити бар экендиги калппы? Тиги «Манас» менен «Семетей» жомогундагы Кумайыкты каякка апарабыз? Ит төрөсү Кумайык болсо, ит сырттаны Көкдобулду каякка апарабыз? Же, иттин да «төрөсү болобу» деген турасыңарбы?

— Баракелде, сөз деп ушуну айт! — деп калды Бердиш.

— «Чеченде элдин сөз акысы бар». Кулактын кумарын кандыра бер! — деген Байет бай башын калчылдатып кымыңдай берди эле, берки жыртак чал ага акырая карады:

— Эй, Байет бай! Сен макалдын жартысын жутуп алдыңбы? Болбосо «Байда элдин көз акысы бар» — деген уландысы сага тийген турабы?

— Карган текедей бакылдабай жөн отурчу, чечен сүйлөсүн!

— Мен сүйлөсөм — деди чечен кыраатка салып: — ошол ит төрөсү Кумайыктын баскан изин кучактап, киши сырттаны Акайдын бободой боздогонун ким билбейт?

— Туура! Туура! — деп калышты Бердиш менен Байет экөө жарыша.

— Туура болсо, жанагы өлгөн иттин — ит төрөсү Кумайык эмес экендиги да ырас. Мынабу Байеттин Акай эместиги да ырас. Же, Байеттин итине өкүргөнүн көргөн киши барбы? Жок болсо, анын итинин Кумайык болуп кеткенин ким көрүптүр?

Чечен сөзүн бирден терип Бердишке кайрылды:

— «Таарга таар жамайт, баркутка баркут жамайт» деген сөз бар. Сиз — баркутсуз, баркутка баркут жамоо ылайыктыр, баркутка баркуттай жумуш ылайыктыр. Бу иттин жумушун териштириш сизге ылайыксыздыр.

— Астапурулла! Не дейт? Ой, сен дагы сөзүңө кароол коюп сүйлөсөң боло?! — деген Байет безге сайгандай селт этти.

— Ой, аксакал! Мен сизди эмес, сиздин итиңизди айтып жатам го, айнып калган белемсиз!

— «Баланча деген билерман баланчанын итинин өлгөндүгүн териштирип, баланчадай бүтүм чыгарыптыр» деген сөз эртең эле элге «дуу» этип ушак-айың болуп кетсе, эл аралап кантип бастырабыз? Бу жагын ойлоштуруңуз. Эки жакты тең бирдей ыраазы кыла турган бүтүм чыгара турган болсоңуз, анда бир кеп. Мен ушу жагынан чочуйм. Эртең эле бирөө сүйүнчүлөп айылдан айылды кыдырбасын — «Мына, Бердиш бүтүм» деп.

Чечен «сөзүм бүттү» дегенсип жантая кетти.

Айласы куруган Бердиш бөдөнө куйрук сакалын сылана берип:

— Ушул бүтүмдү өзүңөргө, өз ыктыярым менен бердим. Эмне кылсаңар да, мен макулмун. Өзүңөр чечип, бу балээден мени куткаргылачы! — деди.

Бир аз тынып отурушкандан кийин, баягы жыртак чал:

— Ушул бүтүмдү, ушунча сөз баштап калган экен, мынабу чеченге берсек бейм? — деди эле отургандардын баары бир оздон:

— Бердик, кандай десе да макулбуз! — дешип чуркурашты.

— Бу балээден мени да оолак койгула! Тиги дүйнөгө барганда үңкүр-маңкир периштенин алдында ит сурагы үчүн чоң күрсүдөн баштан ары тарттыра турган алым жок. Эгер макул десе, Байет бай ушул баштан датын унутсун. Жанагы Кулеттин берем деген малын алып, оону менен тынсын! Чубактын кунундай чуулгандуу иш көрүнөт... Астапырылда! Чубактын кунунан да айлансынчы! Башка айтаарым жок — деди чечен.

— Буга кандай дейсиз, Байет бай?

— Оо, мен муну көп ойлондум. «Ээсин сыйласаң итине сөөк сал» дегендин ордуна, бу карасанатай Кулет ошол сырттанымды сулатып отурбайбы, силер чече албасаңар, мен муну башка айылдын калыс топ бийлерине саламын. Мен сырттанымдын кунун доолап алмайынча, мынабу Кулеттин жакасынан тиги дүйнөдө да колум кетпейт! Берейин деген куну — итимдин шыйрагына турбайт. Итим ит төрөсүнөн болучу, ошол үчүн кун берем деп жатпайбы. Мен албай койдум.

— Ой Кулет, деги эмине берейин дедиң эле? Өңгөсүн коюп, ошону айтчы! Калган арыз-муңду ишиң текшерилгенде айтаарсың...

— Мен бу кишиге тогуз кой берейин дедим. Агайынтууган, сөөк-тамырдан жыйнап, эптеп бу балакеттен кутулайын дегем. Ага да болбойт. Мен андан артык бере албайм. Чактым ушу. Мындан артык кокон тыйын жок! Ушундай да нысапсыздык болобу, ботом? Оо, байга боло элек. Дүмүрүн...

Байетти дагы бир жолу кыстап көрүштү. Боло турган түрү жок. Ошону менен иштин башы ачык калып, айыл аксакалдары не кылышаар айласын таба алышпай, кудук түбүндөгү суудай тунжурап турушту.

Жанатан бери ошол жерди аймактап, өзүнчө чүкө ойноп жүргөн Карач дей турган бир бала бар эле, аңгыча ошол сөз сурап калды. Руксат беришти.

— Аталар, мен баарын уктум. Ушул бүтүмдү мага берсеңиздер кантет, мен бүтүрөйүн. Байет атам «башка бийлерге коёмун» деп жатат. Ушунун өзү уятпы дейм. «Баланча айылдын билермандары чогулуп, бир иттин ишин чечише албаптыр» деген айың болсо, баарыңыздарга уят жумуш эмеспи,— деди.

— Баса, чын эле ушуну чече албай бычылган теке кейиптенип, элдин жүзүн кантип караар экенбиз. Берсекпи, ушу балага — деди чечени. Жыртак чал башын чайкады:

— Ай, чүкө ойногон ушу мадырабаш эмнени билсин, биз билбей отурган чатак жумушту.

— А, балким чечсе, чечип кетээр! Акылы курч жаш эмеспи.

— Мен эки жак тең ыраазы боло турган бүтүм чыгарам. Эгер чыгара албасам, эки кулагымды кесип таштагыла,— деди Карач бала.

— Ботом, эмне дейт? Сөзү балбан го!

— Ой, тентек! Сен бүтүм чыгарганда кандай чыгарасың?

— Аны кийин айтам да, баарын алдыңыздарга териштирип туруп. Азыр менин айтаарым ушу — баарыңыздар ыраазы болуп бата бере тургандай бүтүм чыгарам, болбосо кулагым...

Ар кайсы сөздөрдүн башын айтышып акылдаша калышты:

— Ушу балага берсе, берелик. Бала деген периште эмеспи, мунун да билгени бардыр, чечип кетсе ажеп эмес,— деди баягы чечен: «аксакалдары чече албаган ишти балдары чечип кеткен айыл» деген сөзгө калсак, ажеп эмес да. «Айкүрчүл болсо, чыйбыл да болсо — сака кой, акылчы болсо — кичүү да болсо ага кой!»

Карач бала Бердиштин таякелеринин балдарынан боло турган, ага ишенип, кескин сүйлөдү:

— Бердим, мен ушул ишти мынабул Карач балага, кандай чечсе, андай чечсин, мен макулмун. Сен кандай дейсиң, Байет бай?

Бел кудасы Бердишке беш колундай ишенген Байет бай да макулдугун берди.

— Болуптур! Тобокел, мен да макулмун, балам! Өркөнүң өссүн! Баш териң мыкты чыккандай болду эле. Эмне десең — мен мына!

Карач эки колун бийик көтөрүп, элден бата сурады:

— Бергениңиздер чын болсо, менин бүтүмүм бүтүм болсун деп бата берип коюңуздар?

Бардыгы бата кылышты.

— Эмесе, эртең күн шашке болгондо ушул жерге келиңиздер. Азыр күн кечтеп, күүгүм түшүп баратат.

* * *

Айыл ападагылар мал-жанын жайлаштырып, орундарына отураар ченде башка аппак боз үйлөрдөн корунгансып четирээк жакта шүмүрөйгөн боз үйдү көздөй сереңдеген бир караан келе жатты. Айсыз түнкү караңгыда боз үйдүн ичинде жагылган оттун жарыгы анын жыртыктарынын туш тарабынан сыртка жылт-жулт этип көрүнө калып жатты — ээсинин жакырдыгын күбөлөгөнсүйт.

Тиги чабендес бөтөн көздөргө чалдыкпаска жакшы элениеттенип, айылдын туурасындагы колоттон сороктоп чыга калса да, капчыгайдын дал тушуна жайгашкан боз үй-

го түшүш үчүн беш-алты короону аралай барышы керек эле.

Неликтен анткенин ким билсин, кээ бир кишилерге ит дегениң бөтөнчө өч болушат экен: андайлардын карааны көрүнгөндө эле, атайлап бирөөлөр айдактап жаткансып, туш-туштан жабыла качырышып, арсылдап коё беришет.

Эмнесинен жазды болду экен, тиги келаткан Байет бай мына ушундай кокуйлардан экендигине өзү да айран таң. Мына, кайдан-жайдан суурула чыкканын кароого үлгүрүп да болбойт, айтор туш тараптагы арсылдак менен ырылдактар барган сайын көбөйүп, бура бастырбоочудай жулунушат. Демейде, башка тепсең бир «каңк» этип алып, куйругун кыпчыган бойдон өз жолуна түшө берүүчү сүйрөлгөн даңгыттар да мындай учурда буулуккан черин жазып алышчу адеттери барбы, тим эле баса калып тытып ийчүдөй качырышат. Эзелден жабышкан мындай «зоокторго» Байеттин өзү да, аты да быштыкулак болушуп, жедеп дасыгып бүтүшкөн: тооруган иттерди өмгөккө салып дыр коюп, мындай суурулуп чыга берээрде:

— Ай, Карач! Эшикке чыкчы, киши келди көрүнөт, атын ал! Болду болбоду, баягы Байет байдын жүрүшү өңдөнөт, ит талоонго караганда! — деп калды, үй ичинде кобураган бир киши.

Чын экен: Байет бай күлүңдөп салам айтып, жайдарылана төргө чыкты. Мал-жанды сураштыра ар кайсынын башынан кеп сала отуруп, чайланып алган соң, келген жөнүнөн кеп урду:

— Мынабу Бердиш билерман көп чүкөнүн сакасындай болгон киши экендигин билесиң. Чоң кырда жүргөн а киши силердин кара чечекей жээниңер болсо, менин кудай кошкон бел кудам болуп отурат. Ошону менен, мына биз да бири-бирибиз менен чырмалышып, чиркелишкен дегендей болуп отурабыз. Бөлөк-бөтөн эмеспиз. Мени жетелеген мына ушул үмүт болду. Анын үстүнө Бердиш менен да акыл жарыштыра отуруп, сакалым сүйрөп, мына ушул насипке чапкылап келип отурам алдыңызга. Мен бу агайын-тууган арасында атча болбосо да, тайча кадырым бар киши элем, бу жагын да ойлоно улук башымды кичик кылып дегендей, минтип отурбаймынбы? Менин ошо кадырымды жанагы атың өчкөн Кулет дей турган сынган кернейдей болгон суук тумшук карасанатай ит тепсеп отурбайбы. Калган сөздүн жайын уккандырсың, тиги Карач баламдан. Кудамдын таякесине кур барбайын деп, ортон колдой бир жылкыны атап келдим алдыңызга.

Мал кургуруң адамдын боор эти менен тең болот эмеспи! Антсе да мал курусун — мал табылат, бу көңүл табылбайт экен го, чиркин. Ошо көңүл жараша, тиги жылкы эртең эле мамыңызга байланат. Таман казы чыкпаса да, үч эли чыгаарына көзүм жетет. Бирок, бу жылкы менин азырынча жасаган «тизгин тартарым» гана деп билгей... А калганын мага кой. Мынабу Карач мырзага бир тай энчилеп койдум, эртең барып жетелеп кет. Сын сүрөтүнө караганда чапма жорго боло турган түрү бар...

Үйдөгүлөрдүн кунт коюп угуп, көңүлү төшөлүп бара жаткандыгын баамдай, бай кудуңдап жатып койнунан бир тулуп сууруп чыкты:

— Ме, Карач, балам! Алагой: айланайын, атаңдын бергенин. Ушу тулуп толтура чүкө, болгондо да кандай чүкө дебейсиңби: боёлгон чүкөлөр!

Тулупту төгүп жиберди эле: ак, кызыл, көк, жашыл, чүкөлөр жайнап жатып калды.

Сүйүнгөн Карач чүкөлөрдү шилеп алды да, тобу менен өкчөй берип, өзүнчө «упай» ойноп кирди.

— Оо, атакебай! Бу чүкөлөрүңүз тим эле өлчөмдө жок сонун чүкөлөр турбайбы?

— Аа, мырза! Мен сага чүкөлөрдүн падышасын берет эмесминби! Алдагы сакалардын отурушун карачы, кара кашка тынардай болуп! Бардыгына өлчөмү менен коргошун кыты куюлган таман жактарына, анан сөөк менен жиги билинбей кынапталган. Кандай калчасаң да, айланып келип айкүр туруп берет. Керек болсо, мен сага мындай чүкөлөрдөн бир чанач таап берет эмесминби? Балдардын баарын кан какшатып утасың! Азыртан утуп үйрөн, садагаң. Чүкөсүн утканың — өзүн утканың эмеспи! Тели-теңтуштарыңды азыртан маладай басып көндүр, азыртан буйлала! Торпогуңда сүз! Кийинкиңе жакшы. Мына эртең жакшы бүтүм чыгарып кетсең, жаканын өртүндөй «дүр» этип, мыкты чыкканың ошо эмеспи. Анан бий болбогонуңду көрүп алайын. Ал анан... анан келинчекти мен өзүм алып берем сага. Күздүн күнкү боз кыроодогу сумбула жылдыздай жоодураган көгүчкөндөрдөн табат эмесминби, ха... ха... Ыя, атасы, кандай дейсиң?

— Жакшы... жакшы... Эми бу бүтүмдү кандай кессе болот?

— Ээ, айланайын, төрт тогузду кесип берсе эле болду! Батамды берем...

— Ыя, балам, бүтүмдү эл мага бербептир, сага берип-тир. Өзүң айтчы, эмне дейсиң, бу кишинин айтканына?

— Эмне демек элем? Эртең чечип көрөбүз да.

Бала көпкө унчукпай олтуруп алды, чүкө менен алышып. Атасы чыдабай кетти:

— Кимдин оозунан чыкмак эле? Деги сызгырып ичсең да айтчы балам, жарылып кете турган болдук, бу киши да жайланып тынч уктасын.

— Атаке, келме келтирип, оң жамбашыңыздан жата бериңиз! — деди да саканы үч өөп туруп, өкчөп жиберди эле, оңолуп барып айкүрүнөн турду! — Мына, айтпадымбы, иш оңунда деп! Бүтүмдүн саны жанагы сиз айткандай болсун. Кокус оозуңуздан чыгып кетсе, анда...

— Оо, кокуй, Малаке айткан болуп калайын![1] Өзүмдү өзүм көргө түртөт белем?

— Баса, аксакал, жанагы жылкыңызды эртең опо бүтүм болуучу жерге жетелей келиңиз: мен «бийдин бийлигин» көмүскө эмес, көрүнөө аламын! — деди Карач.

— Болду, болду! Ала барам, тилегиңе жет, кагылайын!

* * *

Малынын тилингени билинбей, жаканын жашаңдуу кара сууларын бойлой конгон Байет байдын урук-тууган-дарынын айылдарынан четтең, чекене малдуу кишилер тиги бөксө-бөксөлөргө жайгашкан.

Бүгүн, күн чыккандан эле балбылдады. Бөксөнүн көз уялткан гүлдүү, бүрлүү чөбүнө жайкай жайылып, кашкайган тунук суудан кылт жутуп алып, ылаалап башын ийкеп коюп үлпүлдөгөн бетеге аралаш шордуу чөптүн башын учкай-учкай чалып, ыраак жайыттардан эрингендей көлбүгүп бышкыра, желесин көздөй баса түшүп энтиккенсип чалкайып турган бээлер теребелге шаң киргизгендей. Сазды аралай чамбыл ала болуп, моюн тизеден тиштеше куйругун булактатып оюн салган кунан-тайларынын тунук семирип туйлап жаткан эрмегине маашыр алгандай болуп, Байет бай дегеле куунак келатат. Шор аралаш бетегени оттоп сергип калган буурул аты менен шайбырлай басты-рып, эки этегин коё берип сүлөөсүн тебетейди чыкыйта кондурган Байет, артынан ээрчиген жигитине карды са-лык кашка жылкыны жылдыра жетелетип алыптыр.

---

[1] Малаке деген киши болор-болбоско оозго албас сөздөр менен каргана берген. Ошондон калган ылакап (Ш. Ү.).

Кечээки отургандардын көбү келишкен экен. Аңгыча болбой салам айтышып, чуулдашып дагы бир катар жайынча жүрүшкөн кишилер келип калышты.

— Ботом, тиги коштой келген жылкыны тээп жатат окшойт, нараак байлап койчу,— деди жигитине Байет бай, бу сыпайгерчилигин атайы баса көрсөтүп «ишим оңолсо, ушуну аласыңар» дегендей адатынча башын калчылдатып.

Сары токумдап суутуп жүргөн чоң жал кара айгырды минген Бердиш да келип салам айтканда, саксайып четте айкарасынан жаткан бирөөнүн жаман куур тонунан үркүп, кошкуруп, ээсин араң дегенде түшүрдү.

— Оо, байга боло эле-ек! — деди Кулет да.

— Айгырыңыз табында бейм, талпактан үркүп! — деп бирөө какшыктап калганда, Бердиш күзгү текедей бакылдап коё берди:

— Атаңдын көрү, куу этек кул! Менин жылкым элдин жылкысындай майрык кула жылкы бекен, ыя? Же, мынабу куу таким Кулеттин мингени сындуу иттин кузундусундай сарала жылкы бекен, менин жылкым кара кызыл турна көк, төрт сан кыртыш тобурчак чалыш жылкы го!

Элдин баары кобурашып, тынчтангандан соң:

— Ой, кечээки балаңар кайда, эл жыйылып бүттү! — деп калды Бердиш.

Караса чын эле Карач көрүнбөйт.

— Тетиги жерде чүкө ойноп жүргөн,— деди бири.

— Бу соо балабы, аксакалдарды күттүрүп! Бар, тезинен чакырып кел!

Карач келип, салам айтып туруп калды да, отургандарга суроо салды:

— Кечээки мага берген бүтүмүңөр бүтүмбү, мага бергениңер ыраспы?

— Ырас, ырас!

— Андай болсо, ошого дагы бир бата кылып койгула! — деди Карач убаданы бышыктап. Бата беришти.

— Эмесе, элдин ортосуна Байет менен Кулет келип, ырасмы боюнча чөгөлөй отурушсун!

Айтканындай кылышты.

— Кулет аксакал, сиз Байет байдын итин не себептен өлтүрдүңүз? — деп суроо салып жатты Карач бала.

— Мен жылкыда жүргөн элем, талаада. Түзгө отурайын деп, мындай түшө калсам, бир ит келип эле асыла кетти чочуп кетип колумдагы укурук менен баштан ары эки сал-

ганда таамай тийди көрүнөт, оңкосунан кетти. Адегенде Байеттин Актырмагы экенин билген эмесмин. Бул — бир. Экинчи айтаарым: капыстан коркуп кеткенимен чаап жибердим. Үчүнчү: ээн талаада ит жайынча жүргөн кишини карышкырча качырчу беле, кутурбаса. Анан мына бул иттин, мындан бир жума мурун котур болуп кутурган түлкүнү тиштегенде өзү да ошондон жугушуп, биротоло талаага кутуруп кетип калганын кийин билдим. Ошол ит капкан дагы эки-үч ит кошо кутурганын мынабу отургандардын бардыгы билишет. Билген кишиге мен аны өлтүрүп, сооп кылган экенмин. Анын эмнеси жаман?

— Андай болсо, эмне үчүн ошол кутурган итке тогуз кой берейин дедиңиз Байетке?

— Себеби, бул тайган мыкты алгыр тайган болгонун билебиз. Кийин картайганда Байет аны кууп жиберген, талаага сабап туруп. Акыры кишиге өч болуп, тентий берип, кутуруп кетти. Байет «төрт тогуз кун бергин, болбосо, бийлердин бүтүмүнө саламын» дегенинен коркуп кетип, тогуз кой менен кутулайын дегем. Мен жашайылмет бир байкушмун. «Чегирткенин алын көрүп, канын сор» дейт, андан артыкты теримди тескери сойсоңор да таап бере албайм! — деди Кулет.

— Мага малай болуп келсең, бара-бара кутуласың да,— деп башын калтыратып, Байет бай купшуңдап алды.

— Оо, байга боло эле-ек! Көрдүңөрбү, кулкунун!

— Кана, Байет бай? Бу кишиникин кандай дейсиз?

— «Чегирткеге кылыч көтөрбөйүн» деп, мен бу Кулеттин алын көрүп, дагы аядым, башка киши болгондо кеп башка эле. Бу Кулет бирден санап көрсөттү. Мен да бирден санайын.

— Биринчиси, менин Актырмак деген алгырым, тайган менен иттен жалгашып чыгышкан «Баарын» деген тайган эле...

Экинчиси, энесинин ичинен үрүп түшкөн ит төрөсү болучу...

Үчүнчүсү, тумшугун аарчып, туягын шыпырган кайран алгырым итче ийрилип жатпай, сырттанча узунунан түшүп, түз жатаар эле...

Төртүнчүсү, кызыл манат жабуу жаап, күмүштөгөн көк мончок менен тумар тагып, жагоолуу шумкардай таптап жүргөн «Баарыным» эле...

Бешинчиси, шарият боюнча алгыр тайган, тегирмен, тоок менен бүркүт «жети кендин» бирине кошулат экен. Мен ошол кенимден айрылып олтурам...

Алтынчысы, миң жылда бир туула турган мындай алгыр тайган жолуккан кишиге жолугат, жолу болгон кишиге жолугат дешээрин баарыңар билесиңер. Кумайык ак калпактуу кыргыз баласынан Көбөш дегенге учурап, ошол агытып жүргөн дешет. Көбөш ити өлгөндө оозуна май салдырып, кепиндеп көмдүргөн дейт. Семиз-Бел тарапта итине аш берген деп айтышат. Итимдин көзү тирүүсүндө өрүшүм кеңип, желем узарды...

Жетинчиси, ушу отурган кишилерден менин тайганым бөксөдөн бөрү алып, түздөн түлкү алганын кимиси билбейт? Тетиги суналган түлкү ичик да менин тайганымдын алганы. Алдагы Бердиш кийип отурган карышкыр ичик менин тайганым алган бөрүлөрдүкү. Мынабу силккен сайын кубулган алтай түлкү тебетей да жанагы сырттанымдын таман акысы...

Сегизинчиси, кулжаны кууп, текени терип алчу. Таманы кызыганда бир айылды багуучу. Баса, былтыр Шалтайдын кемпирин жеп кеткен кишичил бөрүнү албады беле! Ал тайган болбогондо жанагы кишичил көк жалың далайды сулатмак. Эрдин куну, эриштин айбына жүрүүчү тайган эле го? Бирок, тетиги, атаңдын көрүнө чайын, чырактын түбүндөгү таргыл мышык көздөнгөн Кулеттин атасынын кунуна бергис тайган эле! «Мага малай бол» десем чычалайт, аны эмне кылам, андан көрү мага бир атым насыбай өөдө эмеспи, жыттап койсом чүчкүртөт!

— Оо, байга боло элек, тигини! — деп калды Кулет.

— Итиңиздин кутуруп кеткени чын беле? Аны картайганда сабап кууп жибергениңиз чын беле?

Байет бай унчуга албай калды. Айгактар Кулеттин айтканын чындыкка чыгарышты.

— Азыр барып көрсөңөр да болот, мойнунда каргысы жок талаада жатат — деди Кулет. — Ошо мактаган сырттанына кылганы ушу!

Байет аргасыз мойнуна алды:

— Кутура баштаган кейпин көргөндө каргысын чыгарып алгам. Ага эмне кереги бар?

— Көзүнө көрүнгөндүн бардыгын алган мыкты тайган болгондугун элдин бардыгы билет,— деди Карач бала. — Бирок, ал картайып керектен чыкканда сабап, каргысын жулуп алып кууп жиберген экенсиз. Каргысын сыйрып алыш — салт боюнча тайганды арамдаткандыкка жатат. Сиз жана Көбөштөй кылбасаңыз да, жок дегенде көөмп коюуга жарабапсыз. Кулет тогуз кой берем дегенде сиз албай коюпсуз. Абдан туура кылган экенсиз...

Бирок, баланын айтканы какшык экендигин элес албаган Байет дегеле күлүңдөп, кулагын түрүп угуп жатты, башы да калчылдабай калыптыр.

— Албаган себебиңиз, өзүңүз айткан шарият боюнча: арамга — адал жүрбөйт да, адалга — арам жүрбөйт эмеспи! — деди Карач.

Байет чочуп кетти. Кулет жымыңдай берди.

— Мен төрт тогуз бүтүм чыгарам,— деди Карач бала үнүн бийиктетип. Эми Кулет шалдайып, оңоло түшкөн Байет бай алкап жиберди:

— Оозуңа май, айланайын!

— Мен чыгарган төрт тогуз бүтүм ушу: тай иттен бир тогуз, кунан иттен бир тогуз, бышты иттен бир тогуз жана асый иттен бир тогуз! Тайганы тайган экен, ошон үчүн чыгардым! Тайган канчалык алгыр болгону менен анын насилин ит дейт! «Суунуку — суута, сүттүкү — сүткө, бектики — бекке, иттики — итке!» деген сөз бар. «Адалга арам жүрбөйт да, арамга адал жүрбөйт» эмеспи? Тигил байланып турган бээни ушул жердегилердин мээнети үчүн союңуздар. Байет бай жашырынып мага алып келип берген түндөкү боёк чүкөлөр менин бүтүм чыгарган акым үчүн мага калсын!

Күлбөгөн киши калган жок. Бир гана Байет бай эмне кылаарын билбей баштарын калчылдатып, аюунун чандыр жүнүндөй сакалын тырмана кетти...

— Оо, Байет! Эми Байит болуп көксөң суудубу?

— «Итти сураган да ит, бербеген да ит» — деп бирөө кыйкырып калды.

Ошондон кийин байдын «Байет» деген аты өчүп «Байит» деген атка конду да калды.

— Оо, Байит байга боло эле-лек! — деди Кулет жагалданып.

Элдин бетин карай албай жүрүп, андан көп узабастан, акыры ит күйүтүнөн Байит оо дүйнө салды...